474
475
476

Аң-сезим الوعي
Ал-Ваъй

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, ражаб, шаъбан, Рамазан 1447-х. – январь, февраль, март 2026-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Трамптын экинчи мөөнөтүндөгү эл аралык система: легитимдүү күчпү же лидерликтин боштугубу?

## Хизб ут-Тахрирдин амири, улуу аалым Ата ибн Халил Абу Раштанын (Аллах аны сактап-колдосун) Халифалык мамлекети кулатылганынын 105 жылдыгына карата билдирүүсү

## Биз тарыхый доордун соңунда жашап жатабызбы же узакка созулган кыйроонун башталышындабы?

## Өзгөрүүдө режимди түп-тамыры менен жоюу

## «Реформа» мектебинин дилеммасы: Исламга каршы светтик вакыйлыкты жамоо аракетиндеги кризис

## Айдын жаңырышын аныктоодогу ихтилаф

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org Subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Трамптын экинчи мөөнөтүндөгү эл аралык система: легитимдүү күчпү же лидерликтин боштугубу? ........... 3

– Хизб ут-Тахрирдин амири, улуу аалым Ата ибн Халил Абу Раштанын (Аллах аны сактап-колдосун) Халифалык мамлекети кулатылганынын 105 жылдыгына карата билдирүүсү ..............37

– Заалим Трамп жана анын эрке баласы яхудий вужуду Иранга жырткычтарча чабуул жасады ..........................................45

– Өзгөрүүдө режимди түп-тамыры менен жоюу ....................49

– «Реформа» мектебинин дилеммасы: исламга каршы светтик вакыйлыкты жамоо аракетиндеги кризис ..............................57

– Биз тарыхый доордун соңунда жашап жатабызбы же узакка созулган кыйроонун башталышындабы?...............................69

– АКШнын 2025-жылдагы Улуттук коопсуздук стратегиясы төмөндөө жана кулоону токтотобу же тескерисинче кулоосун тездетеби?..........................................................................75

– Тогутка сыйынгандар .................................................87

– Үммөттүн келе жаткан жазы… революциядан Халифалыкка карай………………………………………………………………94

– Британия биримдикти кармап турган негиздерди кантип талкалады жана Америка «кан чек аралары» саясаты менен анын жемишин кантип жыйнады…........................................ 100

– Рамазан – ыйман келтирген, хидаят жолуна түшкөн, солих амал кылган жана таква адамга каршы күбө болбойт .................... 106

– Айдын жаңырышын аныктоодогу ихтилаф ..................... 117

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ........................... 161

– ***Куръани Карим сабагында*** ........................................ 173

– ***Бейиш бактары:*** Акыйкатты айтуудагы кайраттуулук.........181

– Улуу сахаба Жарир ибн Абдуллах ал-Бажали (разияллаху анху) ....................................................................................... 189

– ***Соңку сөз:*** Эпштейн, Иран жана соккунун убактысы ....... 191

– Тыңчылыктын масштабы агенттердин саны менен эмес, алардын таасир этүү тереңдиги менен өлчөнөт. ................. 195

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

# ТРАМПТЫН ЭКИНЧИ МӨӨНӨТҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК СИСТЕМА: ЛЕГИТИМДҮҮ КҮЧПҮ ЖЕ ЛИДЕРЛИКТИН БОШТУГУБУ?

Америка президенти Дональд Трамп бийликке кайра келген жылдан тартып эл аралык система эрежелерге жана институттарга негизделген түзүлүштөн чыгып, күчкө таянган келишимдер жана убактылуу альянстар үстөмдүк кылган көрүнүшкө карай түп-тамырынан өзгөрүүдө. Учурдагы Трамп администрациясы Бириккен Улуттар Уюмунун ролун кыскартууга жана "эл аралык мыйзамдуулукту" күч логикасы менен кайра белгилөөгө умтулууда. Бул болсо каржылоону азайтуу, БУУга караштуу уюмдардан чыгуу жана Трамп өзү жетектеген "Тынчтык кеңеши" сыяктуу альтернативдүү уюмдарды түзүү аркылуу ишке ашырылууда. Мунун фонунда АКШнын Европа жана Канададагы салттуу союздаштары арасында каршылык жана өсүп жаткан тынчсыздануу байкалууда. Канада премьер-министринин Вашингтондун саясатына каршы мурун болуп көрбөгөндөй сын айтканы жана эски дүйнөлүк тартиптин аяктаганын жарыялаганы буга мисал. Батыш альянсы Атлантика уюмундагы чыңалуулардан тартып, Батыш лагерин бириктирүү жөндөмүн текшерген Гренландия кризисине чейин камтыган ишеним кризистери жаралып турган шартта олуттуу сыноого кабылды.

Бул макала учурдагы өзгөрүүнүн механизмдерин ачыктайт: эл аралык укук маанисинин төмөндөшүнөн тартып, келишимдик дипломатиянын өсүшүнө жана союздаштарды да тарифтер жана санкциялар менен коркутууга чейинки механизмдерди камтыйт. Анализде таянган негизги тезис – Вашингтон жаңы дүйнөлүк тартипти куруу боюнча стратегиялык планга ээ болуудан көрө, кыска мөөнөттүү көз карашка негизделген эсепсиз, пландалбаган кадамдарды жасап жатканы. АКШнын ички жана тышкы мыйзамдуулугунун жоголушун өзүндө камтыган бул өзгөрүү дүйнөлүк лидерликтин боштугун тездетүүдө. Бул боштукту Кытай жана Россия сыяктуу күчтөр жарым-жартылай толтурууга аракет кылышы мүмкүн.

Бул багыттын эң кооптуу ыктымалдуу натыйжалары экөө. Биринчиси, Батыштын салттуу альянстары дээрлик толук кыйрап, Атлантиканын эки жээги ортосунда туруктуу ажырымдар пайда болот. Бул Европаны жана Канаданы оор тандоо алдында калтырат: баш ийүү же коргонуу жана экономикалык альтернативаларды куруу. Экинчиси, өз ара атаандашкан таасир аймактарына негизделген жана эл аралык мыйзамдуулукта боштуктарды камтыган абдан бөлүнгөн дүйнөлүк система пайда болот. Мында аймактык кагылышуулар жана аскердик чыңалуулар коркунучу жогорулайт, анткени бириктирүүчү жана эффективдүү эл аралык алкак жоголот. Негизинен, БУУ да бириктирүүчү жана эффективдүү алкак болгон эмес. Эки учурда тең, эгер Вашингтон өз ыкмасын кайра карап чыкпаса же башка тараптар тең салмактуу жана туруктуураак тартиптерди түзө албаса, “күч аркылуу үстөмдүк кылуу” дүйнөлүк туруктуулук үчүн, балким АКШнын өзү үчүн да өтө кымбатка түшөт.

**Эрежеге таянган системадан келишимдерге таянган системага карай:**

Дүйнө эрежелерге негизделген системанын аякташына жана күчкө таянган доорго ачык түрдө кирип жатканына күбө болуп жатабыз. Трамп 2025-жылдын башында Ак үйгө кайтып келгенден тартып дүйнө Экинчи дүйнөлүк согуштан бери тааныган эл аралык мыйзамдуулук түшүнүгү түп-тамырынан кайра түзүлүп жатат. Анын муну көрсөткөн чечимдери жана билдирүүлөрү улам-улам жарыяланып жатат. Вашингтон өзүнүн каржылык жана саясий таасирин эл аралык уюмдарга басым көрсөтүү үчүн колдонууда. БУУнун бюджетине бөлүп келген каржы салымдарын кыскартып, Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунан жана башка уюмдардан чыгып кетти. Ошондой эле каржылоонун жана орундардын бош калышы аркылуу БУУга караштуу органдардын ишин токтотуу. Муну менен катар, АКШ администрациясы БУУ алкагынан тышкары параллелдүү уюмдарды түзүү менен коркутту. Алардын эң көрүнүктүүсү 2023-жылдагы Газа согушунан кийин туруктуулукту камсыздоо механизми катары сунушталган “Тынчтык кеңеши” болду. Бирок ал тез эле башка багытка бурулуп, АКШ жалгыз жетектеген, БУУнун Коопсуздук Кеңешине альтернатива катары мүнөз ала баштады. АКШ президенти өзүнүн чыныгы ниеттерин жашырган жок. Ал 2026-жылдын 20-январында ачык эле: “БУУ мага эч качан пайда берген эмес… бул менин кеңешим анын ордун басышы мүмкүн”, - деди. Эксперттер белгилешинче, Трамп бул кеңешти Коопсуздук Кеңешине альтернатива кылып, бирок бир гана АКШга вето укугун берүүнү көздөйт.

Бирок Трамп түзгөн реалдуу уюм кеңири сынга кабылды. “The Guardian” гезити аны “акча төлөп катышкан клуб, аны Трамп өзү башкарат” деп мүнөздөп, бул уюм тынчтыктан көрө анын жеке амбицияларына көбүрөөк кызмат кыларын белгиледи. Европанын негизги өлкөлөрү чакыруу алышканына карабастан уюмга кошулуудан баш тартышты. Британия (анын лидери Россиянын ыктымалдуу катышуусун “кооптуу көрүнүш” деп атаган), ошондой эле Франция, Норвегия, Швеция жана башкалар бул идеяны четке кагышты. Париж ачык түрдө бул кеңеш БУУнун ролун алсыратуу жана мыйзамдуулугун бузуу аракети болушу мүмкүн экенин билдирди. Трамптын жообу катуу болду, ал Франциянын позициясына жооп катары француз шарабы менен шампанына 200% тариф киргизем деп коркутту.

Бул көрүнүш эл аралык мыйзамдуулуктун келечеги тууралуу негизги суроолорду көтөрөт: биз көп тараптуулук жана институттардан алыстап, державалардын логикасына ылайык эл аралык эрежелерди кайра түзүү алдында турабызбы же болуп жаткан абал жөн гана бирдиктүү стратегиялык көрүнүшү жок, импровизациялык кадамдарбы? Бул лидерликтин боштугуна жана атаандаш күчтөр пайдалана турган баш аламандыкка алып келеби? Бул суроо эми теория болбой калды, анын белгилери АКШнын салттуу союздаштарынын жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөрдө жана анын атаандаштарынын бош мейкиндиктерди толтурууга болгон умтулууларында ачык көрүнүп турат.

Бир системадан башкасына өтүүнүн өлчөмдөрүн түшүнүү үчүн төмөнкү пункттар тогуз негизги тарапты ачыктайт. Бул Бириккен Улуттар Уюмунун тагдырынан баштап, Батыш альянстарынын кризиси, Американын күчү артка чегинип жатабы же кайра жайгашып жатабы? деген талашка чейин жетет. Ар бир пункт боюнча каршылаш жүйөлөр салыштырылат. Болуп жаткан кырдаалды жаңы күч тартибине ылайык, реалдуу өтүү деп көргөндөр менен, муну эски системаны так альтернативасыз эле импровизациялык түрдө бузуу деп кооптонгондордун жүйөлөрү талданып, андан соң далилдер негизинде эң ыктымал сценарий артыкчылыкка чыгарылат. Максат жакынкы бир нече жылдагы мүмкүн болгон натыйжаларга стратегиялык баа берүү, ар бир багыттын алгачкы көрсөткүчтөрүн аныктоо менен чечим кабыл алуучулардын алдын ала чара көрүү жана ылайыкташуу жөндөмүн сактап калуу.

**Бириккен Улуттар Уюму жана эл аралык мыйзамдуулукту кайра аныктоо:**

Трамп экинчи мөөнөтүнүн башталышынан тартып эл аралык уюмга т.а. БУУга карата каршы мамилесин карманып, “эл аралык системаны

оңдоо" ураанын көтөрүп чыкты. Муну чектөө жана сүрүп чыгаруу куралдары аркылуу жасады. Иш жүзүндө Вашингтон бул мамилени конкреттүү кадамдарга айлантты: БУУнун бюджетине төлөгөн милдеттүү салымдарын эң төмөнкү чекке чейин кыскартты жана 1,5 миллиард доллардан ашкан карыз төлөмдөрүн төлөбөй койду, бул болсо уюмдун каржылык тартыштыгын күчөттү. Ошондой эле, бир тараптуулук же натыйжасыздык деген шылтоо менен БУУнун негизги уюмдарынан чыкты. Трамп кызматтагы биринчи күнү эле Американын Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунан чыгуу жана аны каржылоону толук токтотуу жөнүндөгү буйрукка кол койду. Мунун артынан АКШнын БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине катышуусу токтотулду (андан ал 2018-жылы да чыккан болчу), буга "Америкага жана (израилге) каршы бир тараптуу мамиле кылып жатат" деген жүйө келтирилди. Мындан тышкары, Газадагы саламаттык сактоо жана билим берүү кызматтарынын эң ири камсыздоочусу болгон Палестина качкындарына жардам берүү агенттигин (UNRWA) каржылоо биротоло токтотулду. Дагы бир символикалык кадам катары администрация Бириккен Улуттар Уюмунун Билим берүү, илим жана маданият уюмунан (ЮНЕСКО) кайрадан чыгарын жарыялап, аны Америка саясатына туура келбеген бөлүп-жаруучу баалуулуктарды жайылтууда деп айыптады. Эл аралык келишимдер жаатында болсо, Вашингтон 2025-жылдын башында Париж климат келишиминен экинчи ирет чыгып, мурунку жамааттык милдеттенмелер эми кагаздагы эле сыя болуп калганын көрсөткөн билдирүү жасады.

**Вашингтон укуктук жана саясий чектөөлөрдүн алкагында иш жүзүндө эмнелерди аткара алат?**

Укуктук жактан караганда, Америка Кошмо Штаттары Бириккен Улуттар Уюмун "таратууга" же анын ролун расмий түрдө токтотууга кудуретсиз. Бирок, ал аны иш жүзүндө алсыратуу үчүн олуттуу таасирге ээ. Каржылоону кыскартуу жана Коопсуздук Кеңешиндеги туруктуу мүчө катары орунду ээлөө Америка үчүн уюмдун чечимдерди ишке ашыруу же жаңы тынчтыкты сактоо операцияларын баштоо жөндөмүн шал кылууга мүмкүнчүлүк берет. Чынында эле айрым механизмдер атайылап бөгөттөлгөнүнө күбө болдук: Вашингтондун каршы болушунан улам БУУдагы айрым жетекчилердин дайындалышы кечикти, Жакынкы Чыгыш маселелеринде вето кеңири колдонулду, ошондой эле "натыйжалуулук" деген ураан алдында Башкы катчылыктын ыйгарым укуктарын кыскартууга багытталган административдик "реформалар" илгерилетилди.

Ошол эле учурда, АКШ администрациясынын акыркы чекке чейин баруу мүмкүнчүлүгүн чектеген саясий факторлор да бар. Ички

деңгээлде Конгресс алсыз болсо да Американын эл аралык уюмдар системасынан толук чыгып кетишине тынчсызданусун билдирди, анткени бул Кытай менен Россияга эл аралык аянтчаларда таасирин дагы да күчөтүүгө жол ачышы мүмкүн. Тышкы деңгээлде болсо, сүйлөшүү дипломатиясынын дагы эле ролу бар. Трамптын көптөгөн курч билдирүүлөрү кысым көрсөтүү үчүн колдонулуп, андан кийин сүйлөшүү келишимдери алкагында жумшартылып же артка тартылган. Мисалы, 2025-жылы Вашингтон Дүйнөлүк соода уюмун түп-тамырынан кайра түзүү же талаштарды чечүү системасы өзгөрбөсө андан чыгуу менен коркуткан, бирок акырында уюмдун ишин убактылуу токтотуп, башка өлкөлөрдү реформалар боюнча сүйлөшүүгө түртүүгө токтолгон. Башкача айтканда, “ролду токтотуу” тууралуу айрым билдирүүлөр түздөн-түз ишке ашыруу эмес, пайда алуу үчүн жүргүзүлгөн сүйлөшүү тактикасы болуп саналат.

Ошого карабастан, жалпы багытты четке кагууга болбойт: тарыхый үстөм күч эл аралык укукту жана көп тараптуу институттарды коргоодон баш тарткан учурда алардын мыйзамдуулугу болуп көрбөгөн деңгээлде алсыроодо.

АКШнын улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси бул өзгөрүүнү ачык билдирип мындай деди: «Эл аралык укук биздин коопсуздугубузду камсыздабайт, аны биздин күчүбүз жана өзүбүз тандаган альянстар камсыз кылат». Бул сөз азыркы администрациянын логикасын так жыйынтыктайт: эрежелер жана институттар системасынан келишимдер жана күчтөр тең салмактуулугуна негизделген системага өтүү. Ушуга байланыштуу негизги суроо коюлат: эгер АКШ бул ролдон четтесе, дүйнө “макулдашылган мыйзамдуулуктун” эң аз дегенде бир деңгээлин сактап кала алабы? Же “күчтүү таңуулайт, алсыз моюн сунат” деген иш жүзүндөгү мыйзамдуулукка толук кайтуу болобу? Бул суроолордун жооптору жарым-жартылай башка эл аралык тараптардын жүрүм-турумуна, айрыкча АКШнын салттуу союздаштарына байланыштуу…

**Батыш альянстары сыноо астында: союздаштардын шектенүү менен кайра жайгашуусу**

Трамптын экинчи мөөнөтүнүн биринчи жылы Атлантика союзунун өз ара ишеним дубалындагы жаракалар менен мүнөздөлдү. Вашингтон союздаштар менен мамилелерди накта соода логикасы аркылуу (“коопсуздук акча акысына”, “альянска толук берилгендик акысына”) кайрадан белгилөөгө аракет кылды. Европа өлкөлөрү жана Канада өздөрүнө карата вужудий коркунуч алдында турганын көрдү. Алар АКШнын жаңы стратегиясына ылайыкташып, басымдарга жана кемсинтүүлөргө чыдоо же Америка үстөлүндөгү курмандык болбоо

үчүн стратегиялык көз карандысыздыкты курууга аракет кылууну тандоо астында калышты. Бул контекстте Батыш альянсынын учурдагы абалын чагылдырган эки бурулуш окуя өзгөчө көзгө урунат: 2026-жылдагы Давостогу Канада премьер-министринин сөзү жана Вашингтон менен анын союздаштарынын ортосундагы Гренландия кризиси.

**Союздаштардын күзгүсү: Канаданын Давостогу билдирүүсү**

Дипломатиялык практикада сейрек кездешкен көрүнүш катары Канада премьер-министри Марк Карни 2026-жылдын январында Давостогу Дүйнөлүк экономикалык форумдун трибунасынан АКШнын жүрүм-турумун кыйыр да, ачык да түрдө катуу сынга алды. Карни ачык эле "эрежелерге негизделген дүйнөлүк тартип бүттү" деп билдирди. Ал "орто күчтөрдү" (Канада, Скандинавия өлкөлөрү, балким айрым Азия мамлекеттери сыяктуу орто деңгээлдеги мамлекеттерди) улуу державалардын басымынан коргонуу үчүн биригүүгө чакырды. Анын сөзү менен айтканда: «Эрежелер сени коргобой калганда, сен өзүңдү коргошуң керек. Орто мамлекеттер биргелешип аракет кылбаса, алар сүйлөшүү үстөлүндө эмес, тамак тизмесинде калат».

Бул кайраттуу билдирүү залда катуу кол чабуулар жана ордунан туруп урмат көрсөтүү менен коштолду, бул Давос форумунда сейрек кездешкен көрүнүш. Бул көпчүлүктүн альтернативалуу лидерликке же Америка үнүн тең салмактай турган союздаштардын үнүнө муктаж экенин көрсөттү. Карнинин позициясы теориялык гана эмес, иш жүзүндөгү кадамдар менен да коштолду. Канада экономикасынын АКШга болгон көз карандылыгын азайтуу үчүн Кытай менен соода келишимдерин түзүү жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү менен өнөктөштүктөрдү кеңейтүү аракеттерин баштады. Ал муну Канада Америка саясатындагы туруксуздуктарга даяр болуу максатында "соода, энергетика жана башка тармактарда стратегиялык өз алдынчалыкты курууга умтулууда" деп түшүндүрдү.

Бул ачык позиция Трамп тарабынан катуу ачууланган реакция жаратты. Ал дароо жооп берип: «Канада АКШнын кең пейилдиги астында жашап жатканын унутпашы керек… кийинки жолу бизге ыраазычылык билдиришиң керек, Марк», - деп Карниге түз кайрылды. Муну менен эле чектелбей, Трамп түндүк союздашын андан ары да козутту: бул сөздөн бир күн мурун ал жасалма интеллект аркылуу түзүлгөн сүрөттү жарыялап, анда Канада менен Гренландия АКШнын желегине оролуп турганы көрсөтүлгөн. Бул "Канада аймактарын кошуп алуу" идеясына ишарат кылган өтө провокациялык белги болду.

АКШ президентинин мындай болуп көрбөгөн жүрүм-туруму Канада коомун солкулдатты. Сурамжылоолор эл арасында тынчсыздануу жана

наразычылыктын өскөнүн көрсөттү. АКШны ишенимдүү өнөктөш деп эсептегендердин саны азайды, канадалыктар айрым Америка товарларын бойкоттой баштады жана АКШга сапарлар да байкаларлык түрдө кыскарды. Ошого карабастан, Оттава Вашингтон менен дипломатиялык байланыштын жибин үзбөөгө аракет кылды. Карни катуу билдирүүсүнө карабай, соода сүйлөшүүлөрүн кайра жандандыруу максатында айрым кадамдарын жумшартууга аргасыз болду (мисалы, Вашингтондун ачуулануусун жараткан санарип кызматтарына салык сунушун артка кайтарды жана Трампты мазактаган канадалык жарыя үчүн кечирим сурады).

Бул союздаштардын маневр жасоо мүмкүнчүлүгү чектелүү экенин көрсөтөт. Алар эки оттун ортосунда калышты – АКШнын күч логикасына толук баш ийүү (Карни эскерткендей, бул аларга коопсуздук эмес, тескерисинче эксплуатациялык коркунуч алып келет) же Вашингтон менен экономикалык жана коопсуздук кагылышына баруу, анын акыбетин көтөрүү мүмкүнчүлүгү ар кимде ар түрдүү.

Карнинин Давостогу сөзү жөн гана өзүнчө окуя эмес, ал айрым союздаштар арасында эсептелген “каршылык тенденциясынын” өсүп жатканын чагылдырат. Европа тарабында да – ыкмасы айырмаланганы менен – көптөгөн лидерлер Канада сыяктуу эле АКШга сокур көз карандылык кооптуу болуп калганын сезишүүдө. Европалык дипломаттардын бири мындай деген: “Бул эми Вашингтон менен убактылуу пикир келишпестик эмес, биз баалуулуктар жана кызыкчылыктар жаатында жолдун айрылышында турабыз. Аймактык келечегибизди өзүбүз камсыз кылышыбыз керек”. Бул позиция кийин ачык-айкын кадамдарга айланды, бирок ага чейин Батыш лагеринде, балким, акыркы чекит койгон окуяга т.а. Гренландия кризисине токтолуу зарыл.

**Гренландия: Альянстын жаракасын сынаган чекит**

Бул кризистин тамыры 2019-жылга барып такалат. Ал кезде Дональд Трамп Арктикадагы стратегиялык мааниси жана ресурстары үчүн Гренландияны сатып алууга кызыкдар экенин билдирген. Ал кезде Дания бул сунушту шылдың менен четке каккан. Бирок “оор тамаша” болуп көрүнгөн нерсе 2025–2026-жылдары Батыш лагериндеги курч геосаясий кризиске айланды. Бийликке кайтып келгенден кийин Трамп бул теманы кайрадан көтөрүп, бул жолу кыйла курч чакырык менен чыкты. Ал аралды сатуу же өткөрүп берүү боюнча сүйлөшүүлөрдү талап кылды, ал тургай келишим болбосо “башка жолдор да бар” деп кыйытты. 2026-жылдын башында ал басымды күчөтүп, Данияга жана айрым Европа өлкөлөрүнө каршы баскычтуу бажы тарифтерин жарыялады – башында 10%, андан кийин бир нече ай ичинде 25%га

чейин жеткирди. Ошондой эле, ал Truth Social платформасында “аралга толук ээлик кылуу” талабын билдиргендей мааниде билдирүү жасады.

Мурда болуп көрбөгөн кырдаал: АКШ президентинин НАТОнун алкагындагы кичине союздашка суверенитет маселеси боюнча басым көрсөтүшү үч багыттагы жооптордун калыптанышына алып келди:

Биринчиси: дипломатиялык багыт. АКШ–Дания–Гренландия жумушчу тобу түзүлүп, 2026-жылдын 14-январында Вашингтондо Арктикадагы улуттук коопсуздук маселелерин – суверенитетке тийбестен – талкуулады. Бирок, ачык билдирүүлөрдөгү айырмачылык шектенүүнү күчөттү. Копенгаген “падышалыктын бүтүндүгүн коргоо” тууралуу айтса, Вашингтон бул топту “аралды АКШнын ээлигине өткөрүү” маселесин талкуулаган механизм катары көрсөттү. Бул пикир келишпестик техникалык эмес, саясий-суверендик мүнөздө экенин айгинеледи.

Экинчиси: АКШнын ички багыты. Конгресс ыктымалдуу аскерий авантюраны алдын алуу үчүн ыкчам аракет кылып, НАТОдогу союздашка каршы аскерий аракеттерди каржылоого тыюу салган мыйзам долбоорлорун көтөрдү. Бул, анын ичинде Гренландияны коргогон Дания же Европа күчтөрүнө каршы аракеттерге да тиешелүү. Бул багыт Америка элитасынын ичинде бөлүнүү бар экенин көрсөтөт: айрымдары Трамптын ыкмасын узак мөөнөттүү кесепеттерге алып барчу тобокелчилик катары көрүшөт, ал АКШнын аброюна жана альянстарына зыян жеткириши мүмкүн.

Үчүнчүсү: Европанын Американын баскынчылыгын токтотуу багыты. Дания аралдагы аскерий аракеттерин күчөтүп, машыгууларды жарыялады. Европанын бир катар өлкөлөрү да Гренландияга символикалык түрдө аскерий бөлүктөрүн жөнөтүп, алдын ала токтотуу сигналы катары аракет кылышты. Бул күчтөр чектелүү болсо да, алардын болушу АКШнын мүмкүн болгон кадамдарынын баасын жогорулатат жана кырдаалды “Данияга басым көрсөтүүдөн” НАТОнун ичинде түз саясий/символдук каршылык коркунучуна айлантат. Атлантикалык кеңеш белгилегендей, “баасыз басып алуу” сценарийи барган сайын ишке ашышы кыйын болууда. Европалыктар билдирүүнү курчутуудан качып, “Арктика коопсуздугун күчөтүү” деген жумшак формулировка менен чектелишти, бирок Вашингтонго карата “токтотуу” түшүнүгүнүн өзү эле ишеним деңгээлинин болуп көрбөгөндөй төмөндөшүн көрсөтөт.

Бул кризис Батыш альянсын акыркы сыноого салды. НАТОго мүчө мамлекеттин аймагын коргоо үчүн кагылышуу ыктымалы тууралуу ойлонуунун өзү эле өтө кооптуу белги. Стивен Вертхайм белгилегендей, Гренландияны кошуп алуу аракети Атлантикадагы

мамилелерге гана эмес, Европанын ичинде да жарака жаратышы мүмкүн. АКШнын коргоосуна көбүрөөк көз каранды мамлекеттер Трампты "жумшартуу" үчүн кандайдыр бир багынууга барууга түртүүсү мүмкүн, ал эми башкалар бул маселени суверенитет боюнча "кызыл сызык" деп көрүшөт. Бул болсо Европада "кандай баа болсо да Вашингтон менен байланышта болуу" менен "кандай баа болсо да Европа суверенитети" ортосунда бөлүнүү коркунучун жаратат.

Муну менен катар, европалыктар башка зыяндарды да көрүштү: топтолгон кемсинтүүлөр жана пикир келишпестиктер, кемсинткен соода басымдары, Ак үйдө Владимир Зеленскийдин басынтылган көрүнүшү, ири маселелер боюнча коопсуздук координациясынын кыскарышы. Ошого карабастан, Европа белгилүү бир деңгээлде биримдик көрсөтүп, сабак алды. Аларга "бөлүп-жаруу" аракеттерине каршы туруу, Британия менен Европанын жакындашуусу, жаңы коопсуздук келишимдери кирет. Демек, азырынча коркунуч аларды бөлгөндөн көрө көбүрөөк бириктирди.

Бирок эскертүү сакталууда. Эгер, Америка "калканы" алсырай берсе же душмандык мүнөзгө өтсө, Европа ичиндеги жашыруун карама-каршылыктар ачыкка чыгышы мүмкүн. Жон Миршаймер да ушуга көңүл бурат. Ошондуктан, Европа прагматикалык багытты калыптандырууда б.а. дипломатия аркылуу убакыт утуп, ошол эле учурда өз күчүн бекемдөөдө. Бул коргонуу чыгымдарын көбөйтүүнү, аскердик жана технологиялык өнөр жайды өнүктүрүүнү, маанилүү жеткирүү чынжырларындагы көз карандылыкты азайтууну жана стратегиялык өз алдынчалыкты кеңейтүүнү (энергетика, микрочиптер, маанилүү минералдар, төлөм системаларын) камтыйт.

Жыйынтыктап айтканда, Батыш альянсы 2026-жылга чарчаган абалда кирди, бирок али сынган жок. Европа болсо бул басымды өз мүмкүнчүлүгүн кайра курууга түрткү катары пайдаланууга аракет кылууда. Негизги стратегиялык суроо ачык бойдон калууда: эгер АКШ ушул багытта кете берсе, Европа, Канада жана Япония лидерлик боштугун толуктай алабы же технологиялык жана аскердик ажырым – мамиле канчалык начарлабасын – аларды кайра эле Вашингтонго байлап турабы?

**Москва–Пекин–Украина: каршылык приоритеттери жана багыттарды кайра түзүү**

АКШ альянстарды кайра түзүү жана ага болгон көз карандылыктын баасын жогорулатуу менен алек болуп жатканда, Дональд Трамп администрациясы бири-бирине жакындашкан эки атаандаш Россия жана Кытай менен кантип иш алып барат? Ал экөө менен тең каршылыкты ачык кармайбы же бирин экинчисинен артык көрөбү? Бул

боюнча баалоолор эки багытка бөлүнөт. Биринчиси, Москвага жакындашуу же ага жеңилдик берүү аркылуу Россия–Кытай жакындашуусун бузуу аракети. Экинчиси, узак мөөнөттө негизги атаандаш катары Кытайга көңүл буруу үчүн Украина жүгүн жеңилдетүү. Украина маселеси Москва, Пекин жана Вашингтондун кызыкчылыктары кесилишкен негизги сахна болгондуктан, ошол жактагы согуштун жүрүшү приоритеттерди кайра түзүүнүн логикасын түшүнүүгө жардам берет.

**Украина тез келишим менен реалдуу кайра жайгашуунун ортосунда**

Трамп 2025-жылдын январында Ак үйгө кайтып келип, согушту тез бүтүрүүнү убада кылган, бул Киевде жана Европа борборлорунда тынчсыздануу жараткан. Чынында эле алгачкы жумаларда басым белгилери байкалды: түз аскерий жардамды кыскартуу жана ачык айтылбаса да баштапкы шарттар менен ок атышууну токтотууга түртүү. Чыңалуу 2025-жылдын 28-февралында Ак үйдө Владимир Зеленский менен болгон жолугушууда эң жогорку чекке жетти. Ачыкка чыккан маалыматтарга ылайык, сунушталган “тынчтык формуласы” Украина аймагынын болжол менен 20%ынан баш тартууну камтып, анын акысына согушту токтотуу сунушталган. Киев жана Европа муну “баш ийүү тынчтыгы” катары кабыл алышты, айрыкча 2025-жылдын августунда Анкорижде өткөн Трамп–Путин саммитинен кийин мүмкүн болгон келишим тууралуу сөздөр күчөдү.

Бирок “тез келишим” аракети бир нече чечүүчү себептерден улам ишке ашпай калды. Биринчиси, Москванын катуу позициясы: Путин максималдуу талаптарынан (Украинаны куралсыздандыруу, режимди өзгөртүү, аймактарды кошуп алууну таануу, санкцияларды алып салуу) баш тарткан жок. Бул болсо келишимди Трамп администрациясынын ичинде да кабыл алууга мүмкүн эмес кылды. Экинчиси, союздаштар жана Украина тараптан басым: Европа Вашингтондун Киевден баш тартуусун токтотууга аракет кылып, ок атышууну токтотуу шартында НАТОнун альтернативалуу коопсуздук кепилдиктерин талкуулоону сунуш кылды, “адилетсиз тынчтык келечектеги чоң согушка жол ачат” деп эскертти. Үчүнчүсү, АКШнын ички саясий эсептери: Американын саясий маанайы, анын ичинде кеңири республикалык чөйрө да Россиянын пайдасына толук бурулушту кабыл алууга даяр эмес болчу, бул Ак үйдүн маневр мүмкүнчүлүгүн чектеди.

Москвадан көңүл калуудан «ортолук тең салмакка» чейин. 2025-жылдын акырына карата Трамп дилемма алдында калды: тез тынчтык ишке ашкан жок, бирок согушту да көз жаздымда калтыруу мүмкүн эмес болду. Эң башкысы, Москва Пекинден алыстаган жок,

тескерисинче, Си Цзиньпин менен кезектеги саммиттер аркылуу «чексиз өнөктөштүктү» бекемдеди. Бул биринчи гипотезаны (Украинаны «берүү» аркылуу Москваны өзүнө тартуу) алсыратты жана багытты өзгөртүүгө түрттү. Кайра жайгашуунун белгилери көрүндү. 2025-жылдын сентябрында Россияга карата катуураак билдирүүлөр, чалгындоо колдоосунун өсүшү жана Киевге сапаттуу мүмкүнчүлүктөрдү этият түрдө берүү маселесинин каралышы тууралуу маалыматтар тарады. Бул Украинага болгон "сүйүүдөн" эмес, АКШнын бекер артка чегингендей көрүнбөшү жана Россияны Кытайдын кучагына андан ары түртүп жибербөө үчүн жасалды. 2026-жылдын башында Америка саясаты «ортолук формуласына» токтоду: колдоо токтогон жок, бирок чексиз да болбоду, Киевге ок-дары жана абадан коргонуу каражаттары жайыраак темпте берилет, жардам катуу шарттарга байланыштырылат, ал эми НАТОго мүчөлүк иш жүзүндө күн тартибинен чыгарылды. Максат Украинанын кулашына жол бербөө, бирок согушту кеңейтчү эскалациядан качуу.

**Башкы приоритет: Москва–Пекин пунктун чоң жеңилдиктерсиз токтотуу.** Жалпы логика мындай: Вашингтон Россия–Кытай жакындашуусун токтотууну каалайт, бирок Россияга ири стратегиялык жеңилдиктерди бербейт. Ошондуктан ал тең салмактуулукту издеди. Россиянын чечүүчү жеңишине жол бербеген жана Киевди сактап турган жетиштүү колдоо, ошол эле учурда согуштун нугун кескин өзгөртүп жиберчү же Россиянын аймагына сокку уруу жана кагылышууну кеңейтүү коркунучун ачкан кадамдардан карморуу. Москвага берилген кыйыр белги: "сени кулатуу максаты жок, бирок күч менен баарын ала албайсың". Ал эми Кытай бул кризистин узарышынан тактикалык пайда көрдү б.а. Батыш ресурстарын алсыратат жана көңүлүн бөлөт, ошол эле учурда Россия–Кытай жакындашуусун Вашингтонго каршы кош кысымга айлантат. Ошондуктан Американын стратегиясы Россия фронтун мүмкүн болушунча "тынч/тоңдурулган" абалга келтирип, узак мөөнөттүү негизги приоритет катары Кытайга көңүл бурууга умтулат. Иш жүзүндө бул Украина жүгүн көбүрөөк Европага өткөрүп берүүнү билдирет. Европанын куралдантуусу жана каржылоосу өсөт, ал эми АКШнын колдоосу "тамчылатып" берилип, кулоону алдын алат, бирок процессти толук өзү жетектебейт.

**Украина боюнча жакынкы эки жылдагы сценарийлер жана алардын алгачкы көрсөткүчтөрү**

Биринчи, Россиянын жетишкендиктерин бекемдеген келишим. Бул сценарийде Россия кеңири аймактарда көзөмөлүн сактап калат, анын акысына ок атышуу токтойт жана Украинага НАТОдон тышкаркы көп тараптуу коопсуздук кепилдиктери берилет, балким акыркы макам

тууралуу сүйлөшүү кийинчерээк уланат. Анын белгилери, улуттук коопсуздук деңгээлинде АКШ–Россия сүйлөшүүлөрүнүн күчөшү, Киевге ок атышууну токтотуу үчүн Батыштын катуу басымы, санкцияларды жарым-жартылай жеңилдетүү белгилери. Натыйжасы, Москва менен Пекин үчүн ийгилик (Батыш артка чегинди деген баяндоо), Украина жана Европа үчүн жоготуу, ошондой эле эл аралык укук үчүн кооптуу прецедент.

Экинчи, төмөн интенсивдүүлүктөгү жаңжал же узакка созулган чарчатуу. Бул жерде чечүүчү келишим да, толук кыйроо да болбойт: үзгүлтүктүү согуш уланып, Батыштын колдоосу Россиянын алга жылышына жол бербейт, ошол эле маалда эки тарап тең улам алсырайт. Анын белгилери: жардамдын уланышы, бирок акыркы жеңилүүгө мажбурлай турган кысымдын жоктугу, Москванын компромисске даяр эместиги, АКШнын түз кагылышууга барбаган, бирок катуу риторикасы. Натыйжасы, Кытай салыштырмалуу көбүрөөк утат, анткени Россиянын ага көз карандылыгы тереңдейт жана Батыштын көңүлү байланып калат, бирок чарчатуу наркын баары төлөйт.

Үчүнчү, күчтөр тең салмагынын кескин өзгөрүшү же кеңири эскалация. Бул күтүүсүз бурулуш болушу мүмкүн: сапаттуу мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен Украинанын ири ийгилиги же туңгуюкту бузуу үчүн Россиянын стратегиялык эскалациясы кооптуу варианттарга чейин жетиши ыктымал. Анын белгилери, оюн эрежелерин өзгөртө турган көлөмдөгү сапаттуу курал жеткирүү же жогорку таасирлүү куралдар боюнча Россиянын адаттан тыш коркутуу аракеттери. Бул эң аз ыктымал, бирок эң кооптуу сценарий. Ал Вашингтонду чечкиндүү жооп берүүгө мажбурлап, жаңжалды кеңири каршылыкка айландырышы мүмкүн.

Жалпы жыйынтык, Вашингтон приоритеттерди кайра түзүүгө аракет кылууда, бирок эки тузакка түшпөөгө умтулат: бир жагынан Европада чоң согуш чыгып кетпеши керек, экинчи жагынан Москва–Пекин огун күчөтө турган бекер орус жеңишине жол берилбеши керек. Ошондуктан эң ыктымал саясат “муздак тең салмакты” сактоо. Б.а. башкарылып турган жаңжал, жеңиш үчүн эмес, алдын алуу үчүн жетиштүү болгон чектелген колдоо жана эсептерди өзгөртө турган олуттуу бурулуш болмоюнча, Кытайды токтотууну узак мөөнөттүү стратегиялык артыкчылык катары сактоо.

**Акыркы “өсүп чыгуубу” же империялык төмөндөөбү? АКШ үстөмдүгүнүн келечеги тууралуу талаш**

Трамп администрациясынын учурдагы саясаты адистер арасында АКШнын тарыхый ролу боюнча кызуу талашты жаратууда. Көрүнүп турган нерсе, акыркы күчтүн ашыкча көрсөтүлүшүбү? башкача

айтканда, кулоонун алдында турган империянын акыркы күчүн ашыра пайдалануу стадиясыбы? Же тескерисинче, бул улуу державанын өз жүгүн азайтып, кызыкчылыктарын топтоп, багытын рационалдуу кайра түзүү аркылуу үстөмдүгүн жаңы шарттарда узартуу аракетиби? Бул жерде эки карршы көз караш каралып, андан соң кайсынысы чындыкка жакын экени бааланат.

**Империялык төмөндөө гипотезасы: мыйзамдуулуктун жоголушу жана альянстардын алсыроосу**

Бул көз карашты кармангандар Трамптын тышкы саясаты "жылаңач империализмди" ачык көрсөткөнүн, бул болсо АКШ глобалдык таасиринин батыраак төмөндөшүнө алып келерин айтышат. Карнеги институтунун тарыхчысы Стивен Вертхайм белгилегендей, Трамп мурунку лидерлер колдонгон демократия жана адам укуктары сыяктуу идеологиялык негиздердерден да баш тартып, өз аракеттерин түз эле "мунай алуу" же таза материалдык кызыкчылыктар менен түшүндүрө баштады. Мындай тактикалык "ачыктык" стратегиялык чоң жоготууга айланат, анткени АКШ дүйнө алдында "ахлакый мыйзамдуулугун" толугу менен жоготот.

Натыйжада, мисалы, Кытай өзүн АКШга салыштырмалуу "жоопкерчиликтүү күч" катары көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк алат жана өзүнүн таасирин эл аралык укукка көбүрөөк урматтоо менен негиздегендей кылып түшүндүрө алат. Ошондой эле Трамп стандарттарды абдан төмөндөттү, эми Москва менен Пекин көп нерсе кылбай эле, көпчүлүктүн көзүндө Вашингтонго караганда "азыраак жаман" болуп көрүнүшү мүмкүн. Мыйзамдуулуктун жана образдын мындай жемирилиши империялык төмөндөөнүн классикалык белгиси болуп эсептелет. Үстөмдүк кылган күч башкалардын ыктыярдуу макулдугун жана ишенимин жоготуп, толук түрдө мажбурлоого таянууга өтөт.

Дагы бир жагы, альянстардын алсыроосу жана союздаштарды алыстатуу. Акыркы эки жылдагы фактылар АКШнын дүйнө боюнча альянстарына болгон ишенимге жарака кетиргенин көрсөтөт. Европада айрым расмийлер Вашингтон менен болгон мамилени "кемсинткен көз карандылык" деп мүнөздөй баштады. Канада өз союздашы болгон коңшусунан баскынчылык коркунучун сезүүдө. Азиядагы өлкөлөр Трамптын Ким Чен Ынга жакындашуусунан кийин аларды көңүл сыртында калтыруусуна таң калышууда. Бул жагдай АКШнын негизги кубатын арттырып келген альянстар тармагынын алсырап жатканын билдирет. Кансыз согуш маалында белгилүү стратег "АКШнын альянстары – анын империялары" деп айткан, башкача айтканда, Америка тартиби түздөн-түз оккупацияга эмес, мамлекеттердин

ыктыярдуу макулдугуна негизделген. Эгер бул альянстар АКШ лидерлигине болгон ишенимин жоготуп, өз алдынча болууга же башка өнөктөштөрдү издөөгө мажбур болсо, бул ачык-айкын төмөндөө белгиси болот.

Бул процесс акырындап жүрүп баруада. Мисалы, Япония менен Австралия АКШнын туруксуздугунан кооптонуп, Индия жана Британия менен коопсуздук кызматташтыгын кеңейтүүдө. Салттуу түрдө АКШга жакын болгон Сауд Арабиясы жана БАЭ да Кытай жана Россия менен курал жана мунай келишимдерин активдештирип жатышат. Анткени Вашингтондун “калканы” мурункудай ишенимдүү эмес. Бул көрүнүштөр 1945-жылдан кийин үстөмдүк кылган “Pax Americana” (америкалык тартип) акырындап бузулуп бара жатканын көрсөтөт жана жаңы система калыптанганга чейин боштук жана баш аламандык мезгили келиши мүмкүн.

Мындан тышкары, лидерликтин баасы жана ички чарчоо маселеси бар. Айрымдар Трамп өлкөнүн күчүн бекемдебестен, тескерисинче алсыратууда деп эсептешет. “Америка биринчи” деген ураандарга карабастан, анын башкаруусу доорунда АКШ бюджеттик тартыштыгын же карызын азайткан жок, тескерисинче мамлекеттик карыз рекорддук деңгээлге жетти. 2024-жылдын акырында федералдык карыз 36 триллион доллардан ашты (ИДПнын болжол менен 140%ы), ал эми жылдык таңкыстык 1,8 триллион долларга жетти. Бул тарыхый жактан туруктуу эмес көрсөткүчтөр. Трамп салыктарды кыскартуу жана коопсуздук менен миграцияга чыгымдарды көбөйтүү аркылуу бул тартыштыкты андан ары тереңдетүүдө. АКШ техникалык жактан доллар басып чыгарып өзүн каржылай алганы менен, ашыкча колдонуу инвесторлордун ишенимине доо кетирип, узак мөөнөттө доллардын позициясын алсыратышы мүмкүн.

Мындан тышкары, коомдогу терең бөлүнүү күчөдү: шайлоолорго ишенимдин солгундашы, маданий жана этникалык ажырымдар ички кризисти тереңдетип, АКШнын “жумшак күчүн” алсыратууда жана тышкы чакырыктарга көңүл бурууну кыйындатууда. Тарыхта көптөгөн империялар дал ушундай ички каржылык жана социалдык кризистер күчөгөндө кулаган. Айрым байкоочулар АКШны Рим менен салыштырып “акыркы доордогу республика” фазасына кирди деп кооптонушат. Сыртынан аскерий жактан күчтүү көрүнгөнү менен, ичинен институттар алсырап, карама-каршылыктар күчөгөн абал жаралууда.

Кыскача айтканда, төмөндөө логикасы мындай дейт: АКШнын азыркы “өсүп чыгышы” т.а. күч көрсөтүү жана талаптарды таңуулоосу күчтүн эмес, алсыздыктын белгиси. Бул ынандыруу жана макулдашуу

аркылуу жетишүү мүмкүнчүлүгү азайгандан кийин, күч менен натыйжа алууга аракет болуп эсептелет. Акыбетте, бул саясат мамлекеттердин АКШнын лидерлигинен алыстоосун тездетип, боштук жаратат, аны башка күчтөр же баш аламандык толтурушу мүмкүн. Бул көз караштын тарапкерлери эгер азыркы багыт уланса, жакынкы он жыл ичинде чыныгы көп уюлдуу дүйнө тартиби калыптанышы мүмкүн деп эсептешет: Азияда Кытай жетектеген тең салмак, аймактык деңгээлде Россия, ошондой эле европалык блоктор жана башкалар пайда болуп, АКШ өз аймагына көбүрөөк чектелип калат. Белгилүү салыштырууда айтылгандай: “жаңы Рим ичинен өрттөнүп, өз провинциялары берилгендигин жоготуп жатат”.

**Рационалдуу кайра жайгашуу гипотезасы: жүктү азайтуу жана үстөмдүктүн жаңы шарттары**

Башка бир топ эксперттер тескери пикирде: Трамп жасап жаткан иштер сыртынан баш аламан көрүнгөнү менен АКШнын дүйнөлүк ролун оңдоо боюнча кечиккен стратегиялык түзөтүү болушу мүмкүн. Бул көз карашка ылайык, АКШ ондогон жылдар бою дүйнөлүк тартиптин негизги жүгүн көтөрүп келген (союздаштарды коргоо, институттарды каржылоо, деңиз жолдорун камсыз кылуу ж.б.), бул анын экономикасына жана коомдук жыргалчылыгына зыян келтирген. Эми бул чыгымдарды адилет бөлүштүрүүнүн мезгили келди. Бул перспективадан караганда, Трамптын ыкмасы орой жана дипломатиялык эмес болушу мүмкүн, бирок ал башкалар жетише албаган натыйжаларды берди. Эң көрүнүктүү мисал – НАТОнун коргонуу чыгымдарынын олуттуу өсүшү. Европа узак убакыт бою аскердик чыгымдарын көбөйтүүнү кечеңдетип келген, ал эми Трамп ачык түрдө НАТОдон чыгуу коркунучун коюп, союздаштарды көбүрөөк төлөөгө мажбур кылды. Натыйжада, 2025-жылдагы саммитте союздаштар чыгымдарды ИДПнын 5%ына чейин көбөйтүүгө макул болушту. Бул аналитиктер тарабынан тарыхый жетишкендик катары бааланды жана дал Трамптын адаттан тыш ыкмасынын натыйжасы болду.

Ошондой эле, соода тармагында Трамп Кытайга каршы катуу тарифтерди киргизип, азиялык өнөктөштөргө АКШ акыры Кытайдын зыяндуу соода практикаларына каршы олуттуу чара көрүп жатканын көрсөттү.

Ал тургай, Латын Америкасында да Трамп 2025-жылдын башында Венесуэлада Мадуро режимин кулатуу үчүн аскерий операция жүргүзгөндө (бул анын мурунку ураандарына карама-каршы келсе да) айрым стратегтер муну Монро доктринасынын кайра жанданышы жана АКШнын Батыш жарым шардагы үстөмдүгүн бекемдөө аракети катары

баалашты. Алар “Донро доктринасы” (Дональд + Монро) тууралуу мындай дешет: Трамптын улутчулдугу менен классикалык Монро принциптеринин айкалышы, башкача айтканда, АКШ күчүн өз аймагында топтоо жана ал жактан тышкы таасирлерди сүрүп чыгаруу, алыскы жана азыраак пайда алып келген милдеттенмелерден салыштырмалуу баш тартуу.

Бул багытты жактагандар айрым фронттордон чыгуу артка чегинүү эмес, ресурстарды кайра бөлүштүрүү болуп эсептелет дешет. Мисалы, Жакынкы Чыгыштагы (Сирия, Афганистан) вужудун кыскартуу жана ал жакта “мамлекет куруу” саясатынан баш тартуу АКШга өз күчүн кайра калыптандырууга же аны улуу державалар ортосундагы атаандаштыкка бурууга мүмкүнчүлүк берди. Ошондой эле, союздаштарды “тарбиялоо” оор болсо да мамилелерди жетилген деңгээлге алып келди, анда ар бир тарап өз үлүшүн төлөйт. Башкача айтканда, Трамп администрациясы “альянс келишимин” өзгөртүүдө: мурун АКШ коопсуздукту дээрлик акысыз камсыздаса, эми мамиле “төлөм акысына кызматка” айланууда. Бул орой көрүнүшү мүмкүн, бирок ички жактан туруктуураак, Америка коому эми “дүйнөлүк полиция” ролун бекер аткарууну кабыл албай калды. Эгер, Германия же Япония сыяктуу бай өлкөлөр өз коргонуу жоопкерчилигин көбүрөөк көтөрсө, бул АКШ экономикасына жүктү азайтып, альянстарды сактап калат, бирок ийкемдүү альянстар, союздаштардын көбүрөөк каржылык салымы аркылуу жаңы формада болот.

Тарыхый көз караштан алганда, айрымдар Трампты Римдин акыркы доорундагы башчыларга салыштырышат. Алар ашыкча кеңейүүдөн көрө чегинүү жана күчтү кайра уюштуруу зарылдыгын түшүнгөн. Алардын оюу боюнча, эгер АКШ мурункудай багытта кете берсе, убакыт анын пайдасына иштебейт. Кытай көтөрүлүп, узак мөөнөттүү атаандаштыкта АКШ экономикасын чарчатып жатат. Ошондуктан прагматизм кайра жайгашууну талап кылат: негизги коркунучка (Кытайга) көңүл буруу, керек болсо башка фронттордо (мисалы, Украинада) идеалдуу эмес келишимдерге баруу жана стратегиялык терендикти камсыз кылуу (Батыш жарым шары, ошондуктан Трамп бул аймакта кытай же орус таасирине катуу каршы).

Бул логика дүйнөнү “таасир аймактарына” бөлүнгөн система катары көрүүгө алып келет. Айрымдар муну сөзсүз кырсык деп эсептебейт, тескерисинче, глобалдаштырууну жана баалуулуктарды баарына таңуулоого караганда туруктуураак реалдуулук болушу мүмкүн дешет. Алар Карл Шмитттин теориясына таянышат: табигый тартип – ар бир улуу держава өз аймагын жетектеп, күчтөр бири-бирин тең салмакта кармап турат. Бул логика боюнча, Трамп иш жүзүндө дүйнөлүк

системаны аймактык блокторго бөлүүдө: Америка эки Американы (Түндүк жана Түштүк Америка), Россия жакын Евразияны, Кытай Чыгыш Азияны, ал эми Европа өзүн (АКШга жакын өнөктөш катары) жетектейт. Бул система орой көрүнгөнү менен, ар бир күч өз аймагындагы тартипке көңүл буруп, бардык жерде жалпы кагылышуунун ордуна белгилүү бир деңгээлде туруктуулук алып келиши мүмкүн.

Трамп бул теорияны ачык түшүндүрбөсө да, анын жүрүм-туруму аны чагылдырат. Мисалы, ал АКШнын мурунку президенти Жеймс Полкко (XIX кылымда Мексика менен согушуп, Американын аймагын кеңейткен) ачык суктануусун билдирип, анын сүрөтүн Ак үйдөгү кабинетине илип койгон. Бул символикалык белги боюнча, Трамп өзүн идеалдуу дүйнөлүк тартип куруучудан көрө, “арткы короодо” (Латын Америкасында) таасирин кеңейтүүчү лидер катары көрөт. Ошол эле учурда, ал алыскы согуштарга же “идеалисттик миссияларга” кызыкпагандай көрүнөт, мисалы, Тайвань маселесине карата салыштырмалуу солгун позициясы. Башкача айтканда, ал 100% реалисттик ыкманы колдонууда: үстөмдүк кыла ала турган аймактарда (Батыш жарым шары) активдүү болуу, ал эми башкалардын күчтүү аймактарында (Чыгыш Европа, Тайвань) ашыкча алдан таюудан качуу жана керек жерде келишимдерге баруу (мисалы, Түндүк Корея же Иран менен көмүскө сүйлөшүүлөр).

Бул көз караш боюнча, азыркы саясаттар кыска мөөнөттө абройго зыян келтирсе да АКШнын үстөмдүгүн узарта алат. Анткени бул аны дүйнөнүн бардык жүгүн көтөрүүдөн бошотуп, жеңилирээк жана ийкемдүү кылат. Эң негизгиси, ал атаандаштарга АКШнын “кызыл сызыктарын” так көрсөтөт. Мисалы, Трамп эки Америкадагы Кытай таасирине каршы жасаган кадамдар аркылуу (Кытай компанияларын долбоорлордон четтетүү, Куба жана Венесуэлага катуу сигнал берүү) Пекинге “бул менин аймагым” деген билдирүү жөнөттү. Ошол эле учурда, ал Түштүк Кытай деңизинде түздөн-түз каршылыктан амалий түрдө качты (көп сөздөр айтылды, бирок катуу аракеттер жок), бул “ал сенин аймагың” деген кыйыр белги катары түшүнүлүшү мүмкүн. Эгер мындай унчукпай макулдашылган бөлүштүрүү улана берсе, глобалдык кагылышуу коркунучу да азайышы мүмкүн, анткени таасир аймактарын расмий келишим болбосо да, өз ара таануу пайдалуу болот.

Кыскасы, кайра жайгашуу логикасы Трампты классикалык изоляционист эмес деп эсептейт. Ал дүйнөдөн толук чыгып кетпейт, бирок улуттук кызыкчылыктарды кайра аныктайт. Ал керек болсо универсалдуу баалуулуктар тууралуу риториканы азайтса да, АКШнын ички күчүн (экономика, өз алдынчалыкты) бекемдөөнү каалайт. Бул,

алардын пикири боюнча, АКШны узак мөөнөттүү атаандаштыкка жакшыраак даярдайт. Акырында, АКШ дагы эле эң күчтүү аскерий держава бойдон калат жана Евразияда да вужудун сактайт (Азиядагы альянстар жана НАТО аркылуу, жаңы шарттар менен болсо да). Андан тышкары, анын технологиялык жана каржылык артыкчылыктары (доллар) азырынча олуттуу жабыркаган жок. Ошондуктан бул мезгилди айрымдар “эс алуу жана кайра уюшуу” фазасы катары көрүшөт. Ал АКШга Кытайдын өсүшүнө каршы узак убакыт туруштук берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мунун далили катары алар: “Бардык талаш-тартыштарга карабастан, АКШ стратегиялык аймактардан толук чыгып кеткен жок т.а. Европадан же Чыгыш Азиядан аскерлерин алып кеткен жок, тескерисинче айрым жерлерде күчөттү (мисалы, Гуамда бомбалоочу учактарды көбөйтүү, Польшада кайра жайгашуу ж.б.)”, - дешет. Демек, Вашингтондогу “терең мамлекет” Трамптын саясаттарын тең салмактап, болгону аны жаңы шарттарга ылайыкташтырып салттуу үстөмдүктүн негиздерин сактап калууга аракет кылууда.

**Жыйынтык жана вакыйлыкты текшерүү**

Бүгүнкү күндө бул эки гипотезанын кайсынысы туура экенин так аныктоо кыйын, балким экөө тең кандайдыр бир деңгээлде туура. Бирок, жалпы сүрөттү чогуу караганда, Трамп администрациясынын азыркы ыкмасы ири, жакшы ойлонулган стратегиядан көрө кыска мөөнөттүү импровизацияга жакыныраак, бул акырында АКШнын империялык позициясына пайдадан көрө көбүрөөк зыян алып келет. Туура, Трамп тактикалык жетишкендиктерге жетишти (союздаштардан каржылоо, Кытайга соода басымы), бирок бул жетишкендиктер артка кайтарылышы мүмкүн. Анткени, алар туруктуу жаңы тартипке ишендирүү аркылуу эмес, коркутуу жана басым аркылуу алынган. Мисалы, Трамп саясий сахнадан кеткенде эмне болот? Көпчүлүк бул милдеттенмелер жоголот, анткени союздаштар чыгымдарды өз кызыкчылыгы үчүн эмес, андан корккондуктан же ага жагалдануу үчүн көбөйтүшкөн. Ал эми, Кытай басым жеңилдегенде кайра кеңейүүгө аракет кылат. Демек, жетишилген нерселер туруктуулукка ээ эмес, анткени алар институционалдык макулдашууларга же биргелешкен көз карашка негизделген эмес.

Ошондой эле азырынча АКШнын тышкы жүгү чындап азайганын көргөн жокпуз: америкалык аскерлер дагы эле ондогон өлкөлөрдө жайгашкан, укуктук коргонуу милдеттенмелери өзгөргөн жок (АКШ дагы эле расмий келишимдер аркылуу ондогон өлкөлөрдү коргоого милдеттүү). Ооба, Трамп айрым кыскартууларга барды (Украина, Жакынкы Чыгыш), бирок күчтөрдү жана түзүмдөрдү, балким, аларды сактап, анын ордуна эмне алаарын көрүү үчүн ошол бойдон калтырды.

Бул импровизация идеясын бекемдейт: ал конкреттүү учурга же түзүлмөкчү болгон келишимге жараша артка чегинүү менен аралашуунун ортосунда термелип жатат. Биз карама-каршылыктарды көрдүк: мурунку президенттерди кийлигишкени үчүн сындаганына карабастан, Венесуэлада орой аскерий кийлигишүү, Иранга сокку уруудан акыркы мүнөттө баш тартуу, Сириянын түндүгүнөн тез чыгып кетип, кийин мунай үчүн кайра күчтөрдү кайтаруу. Мындай туруксуз аракеттер АКШнын мамлекеттик ишмер катары ишенимдүүлүгүн алсыратат жана аны маанайга жараша аракет кылган оюнчуга айлантат. Ошентип, Трампты колдогондор айткандай, жаңы дүйнөлүк тартипти түзүү боюнча узак мөөнөттүү план түзүү мүмкүнчүлүгү жоголот.

Ушунун негизинде, ар бир гипотезаны текшерүүгө болот:

Биринчи, төмөндөөнү текшерүү. Эгер, империялык төмөндөө гипотезасы туура болсо, анда таасирдин кыйрашын символдоштурган бурулуш окуяны көрөбүз. Мисалы, АКШнын альянстан же аймактан күтүүсүз жана башаламан чыгып кетиши (1971-жылы Британиянын “Суэц каналынан чыгышы” сыяктуу), же согушта жеңилүү, же ички жактан алсыраткан экономикалык кризис. Мисалы, эгер Япония жана Түштүк Корея келечекте Кытай менен өз алдынча коопсуздук келишимин түзсө (алар АКШга ишенбей калса), бул чоң төмөндөө белгиси болот. Же эгер доллар күтүүсүз кулап, карыз саясатынын натыйжасында юань/евронун пайдасына өз ордун жоготсо, бул АКШ күчүнүн негиздерине сокку болот.

Экинчи, кайра жайгашууну текшерүү. Эгер, күчтү бекемдөө гипотезасы туура болсо, анда каршылык театрларында туруктуулукту көрүшүбүз керек (Украина согушу салыштырмалуу кабыл алынуучу шарттар менен аякташы, Тайвань жаңжалынын чыкпашы), альянстардын жаңы каржылык шарттар менен сакталышы жана АКШнын кымбатка түшкөн кийлигишүүлөрдөн качуусу. Мисалы, эгер 2028-жылга чейин АКШ чоң согушка кирбесе, (Европанын каржылоосу жогорулап) НАТО альянсы сакталып калса, Кытай АКШнын тынч, бирок натыйжалуу тоскоолдугунан улам Тайванга басып кирбесе, анда Трамптын стратегиясы “күчтү сактап, чарчоодон качты” деп айтууга болот. Ошондой эле, ийгиликтин көрсөткүчү – АКШнын экономикалык көрсөткүчтөрүнүн салыштырмалуу жакшырышы (соода тартыштыгынын азайышы, өндүрүш инвестицияларынын көбөйүшү), бул анын ички багытка көңүл бурушу жемишин бергенин билдирет.

Азырынча алгачкы белгилер тынчсыздандырган аралаш көрүнүштү көрсөтөт: альянстар толук кыйраган жок (мисалы, Гренландияда тоскоолдук эң жаман сценарийди алдын алды), бирок ишеним болуп көрбөгөндөй деңгээлде төмөндөдү. Кытай жана Россия сыяктуу

атаандаштар толук жеңишке жеткен жок, бирок алардын жакындашуусу тереңдеди. АКШнын ичинде толук кыйроо жок, бирок бөлүнүү, инфляция жана карыз күчөп жатат. Демек, биз, балким, өткөөл жана туруксуз этаптабыз, анын жыйынтыгы тарых "жаңы Римдин" башаламандыкта кулашына жакындап калабы же ал үстөмдүгүн жаңы формада улантуунун жолун табабы, ошону аныктайт.

**Импровизация жана туруктуу көз караштын жоктугу: аткаруудагы ажырым жана белгисиздик коркунучтары**

Ири ураандарга карабастан, байкоочулар Трамп администрациясы көп учурда кийинки кадам тууралуу так эмес, түшүнүксүз чоң чечимдерди кабыл алып жатканын белгилешет. Бул болсо чечим менен анын натыйжасы ортосунда аткаруу ажырымын жаратат. Мындай импровизациялык ыкма туруктуу белгисиздик абалын түзүп, АКШнын экономикалык кубаты да саясий чечимдерден пайда ала албай калат.

Мисалы, 2025-жылы Трамп сегиз Европа өлкөсүнүн импортторуна кеңири бажы тарифтерин киргизерин жарыялаганда, "эртең эмне болот? Эгер, европалыктар жооп кайтарса эмне болот? Бул америкалык компанияларга кандай таасир кылат?" деген суроолорго жооп болгон эмес. Чынында эле рыноктордо башаламандык жаралып, саясаттын багыты такталмайынча көптөгөн инвестициялар айлап токтоп калды. Андан кийин Трамп айрым жеңилдиктердин акысына тарифтердин бир бөлүгүн артка кайтарды. Бирок, зыян буга чейин эле болгон: европалык компаниялар АКШ рыногунан диверсификацияланып, Азияга инвестиция кыла башташты, ал эми америкалык компаниялар Европанын жооп чараларынан улам рыноктогу үлүштөрүн жоготконуна даттанышты. Башкача айтканда, саясий чечим туруктуу экономикалык пайда алып келбестен, сокку жаратты, андан кийин абал дээрлик мурунку калыбына кайтып келди, бирок ишеним жоголду.

Ошондой эле, Венесуэла маселесинде Трамп Мадурону тез арада аскерий жол менен кулатууга жетишти, бирок андан кийин эмне болду? Режимден кийинки мезгилди башкаруу боюнча макулдашылган план болгон эмес. Натыйжада, Венесуэла куралдуу топтордун ортосундагы башаламандыкка жана бийлик талашына батты, ал эми АКШ кийин узак мөөнөттүү стабилдештирүү миссиясын жөнөтүүгө аргасыз болду, башкача айтканда, өзү качкысы келген аралашууга кайра кайтып келди. Кызыгы, убада кылынган пайдалар (Венесуэла мунайы) да ишке ашкан жок. Туруктуулуктун жоктугу мунай өндүрүшүнүн олуттуу өсүшүнө же америкалык компаниялардын андан пайда көрүшүнө жол бербеди. Бул эгерде комплекстүү көз караш болбосо, аскерий күч өзүнөн өзү экономикалык же стратегиялык натыйжага айланбай турганын айкын көрсөтөт.

Анын ири соода келишимдери да, мисалы, 2025-жылы Европага таңуулаган адилетсиз “Тренбери” келишими кыска мөөнөттүү жеңиштердей көрүндү. Чынында америкалык компаниялар дароо айрым соода артыкчылыктарын алышты, бирок бул кандай максатта болот? Бул келишим туруктуу эмес деп бааланды, анткени ал Европанын узак убакыт кабыл албай турган таңуулоолоруна негизделген. Чынында эле Европа мамлекеттери аны айланып өтүүнүн юридикалык жолдорун издей башташты (кемчиликтерди колдонуу же Дүйнөлүк Соода уюму иштебей турса да, ага кайрылуу), балким, Трамп кеткенден кийин анын таасири да жоголот. Башкача айтканда, Трамп “балыкты алды, бирок көлдү өлтүрдү”! Кыска мөөнөттө пайда көрдү, бирок узак мөөнөттүү мамилеге жана бизнес үчүн маанилүү болгон ишенимге зыян келтирди.

Саясий экономика көз карашынан алганда, эксперттер Трамптын туруксуз ыкмасынан улам америкалык жана эл аралык жеке сектордун этияттыгын белгилешет. Табиятына ылайык инвестиция белгисиздикти жактырбайт. Ал эми, Трамп аны көбөйтүп жатат: бүгүн союздаш өлкөнү санкция менен коркутса, эртең стратегиялык атаандаш менен келишим түзүүнү издеп калат. Мисалы, АКШнын энергетика сектору (Россияга каршы санкциялардан кийин мүмкүнчүлүктөр пайда болгонуна карабастан) күтүлгөндөй активдүү болгон жок, анткени саясатты күтүүсүз өзгөртүп жибериши же жаңы жаңжалга алып кириши мүмкүн деген коркунуч бар. Уолл-стрит өкмөттүн өсүп жаткан карызынан кооптонууда, бирок кырдаал качан жарыларын билбейт. Бир ири банкир мындай деди: “Салыктарды кыскартуунун артында рынок өсүп жатат, бирок анын артында өсүп жаткан карыз тоосу турат. Ал эми, Ак үй жеткирүү чынжырларын бузган геосаясий күрөштөр менен алек. Азыр эч ким он жылдык пландарды түзбөйт”. Саясий чечим менен экономикалык аракеттин ортосундагы бул ажырым – азыркы ыкманын эң чоң коркунучтарынын бири, анткени ал АКШнын дүйнөлүк экономикадагы негизги артыкчылыгы болгон ишеним жана туруктуулук факторун жоготууда.

Мындан тышкары, Трамптын жеке импровизация фактору бар: ал күтүүсүз кадамдарды жактырат, кызматкерлерди тез алмаштырат жана эксперттерге ишенбейт. Ал бир жылда төрт коргоо министрин алмаштырды! Тышкы иштер мекемеси тажрыйбалуу дипломаттардан ажырады. Мындай профессионалдуу кадрлардын жетишсиздиги айрым чечимдер жетиштүү талдоосуз кабыл алынышына алып келди. Кээде мамлекеттик институттар эсептелбеген кадамдардын кесепеттерин “жамап-жасоого” аргасыз болушту. Бул ыкма туруктуу стратегия түзө албайт. АКШнын тышкы саясаты адатта узак мөөнөттүү пландоого негизделчү (мисалы, СССРге карата стратегия сабыр менен курулган).

Азыр болсо баары күнүмдүк жана учурдагы чечимдерге айланды. Ошондуктан Трамптын максаты Кытайга көңүл буруу болсо да, пландоонун жоктугу аны Европада же Жакынкы Чыгышта күтүүсүз кризиске тартып кетиши мүмкүн.

Бул жагынан Иран жана Венесуэла мисал болот. Ал басымды күчөттү, бирок элдик көтөрүлүштөр чыкканда аны кантип пайдаланууну билген жок. Ирандагы нааразылыктарды сөз жүзүндө колдоду, бирок оппозицияга реалдуу жардам бербеди же байланыш түзгөн жок, натыйжада режим сакталды. Венесуэлада Мадуро кулагандан кийин калыбына келтирүү планы болгон жок, ошондуктан абал начарлап кетти. Жыйынтыгында Иран да өзгөргөн жок, Венесуэла да оңолгон жок. Ал эми, Россия менен Кытай көмүскө түрдө ал жакта таасирин күчөтүп жатты, АКШ болсо курулай жеңиш сөздөрү менен алек болду.

Венесуэла муну дагы даана көрсөтөт. Трамп Кытайга каршы ресурстарды топтоо үчүн Мадуро маселесин тез чечем деп ойлогон. Бирок, операциядан кийинки план жок болгондуктан, Венесуэла жаңы туруксуздук очогуна айланып, туруктуу ресурстарды талап кылды (гуманитардык жардам, коопсуздукту сактоо үчүн аралашуу), бул таптакыр тескери натыйжа болду. Андан да жаманы, бул дүйнөлүк мунай рыногунда белгисиздик жаратты. Сунуш көбөйүүнүн ордуна, башаламандык себептүү убактылуу азайып, баалар көтөрүлдү жана бул АКШнын экономикасына да терс таасир тийгизди (күйүүчү май кымбаттады). Бул жерде саясий импровизация экономикалык жана стратегиялык жактан тескери натыйжа бергенин көрөбүз.

Жыйынтыгында, биринчи кадамдан соң кийинки кадамдын жоктугу Вашингтондун көптөгөн аракеттерин чоң стратегияга шайкеш келбеген жөн гана реакцияларга айлантууда. Бул боштукту башка күчтөр пайдалана алат. Мисалы, Кытай узак мөөнөттүү стратегияга таянат, Азия жана Африкада 20 жылга эсептелген инфраструктуралык демилгелерди (Бир алкак – бир жол) куруууда, ал эми Америка өзгөрмө билдирүүлөр менен алек. Кытай компаниялары сабырдуу мамлекеттик колдоого таянып ондогон жылдарга пландап жатышса, америкалык компаниялар Вашингтон менен Пекин ортосунда багыт таба албай жатышат. Эгер бул ыкма улана берсе, АКШнын экономикалык таасири туруктуураак атаандаштардын пайдасына акырындык менен азая берет.

Кыскача айтканда, туруктуу көз карашка таянбаган күч биринчи кезекте анын ээси үчүн коркунуч болот. Балким, Канада премьер-министри Карни “күчтүү болуу жетишсиз, аны кантип колдоноруңду билишиң керек. Болбосо башкалар өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн кайра жайгашышат” деп ушул нерсени айткан. Чындыгында, жаңы

түзүлүштөрдүн белгилери байкалды: орто күчтөр ортосундагы альянстар түзүлдү, айрым соодаларда доллар үстөмдүгүн айланып өтүү үчүн улуттук валюталарды колдонуу көбөйдү жана АКШны айланып өткөн соода келишимдери түзүлдү. Булардын баары дүйнө АКШнын “ойгонуп, план түзүшүн” күтпөстөн, эң жаман сценарийге даярданып, өз алдынча аракет кыла баштаганын көрсөтөт.

**АКШнын ички чектөөлөрү: стратегиялык туруктуулук үчүн структуралык туңгуюк**

АКШнын тышкы саясатын ички факторлордон бөлүп карай албайбыз, анткени алар ар кандай узак мөөнөттүү стратегияга структуралык чектөө коёт. Бүгүнкү АКШ өсүп жаткан мамлекеттик карыз жана бюджеттик тартыштык, терең саясий жана коомдук бөлүнүү, институттарга болгон ишенимдин солгундашы, ошондой эле 2020-жылдагы нааразылыктардан бери уланып келе жаткан социалдык-сакофий чыңалуулар менен мүнөздөлөт. Бул факторлор тышкы авантюраларды же жөн гана узак мөөнөттүү стратегиялык сабырдуулукту сактоону кыйындатат.

**Карыз жана таңкыстыктын жүгү:** федералдык карыз экономикага салыштырмалуу тарыхый деңгээлге жетти (ИДПнын 130%ынан ашты). 2025-жылы эле саясаттар келечектеги карызга болжол менен 1,5 триллион доллар кошту. Бул карызды тейлөө (пайыз төлөө) федералдык чыгымдардын эң чоң беренелеринин бирине айланганын билдирет, ал эми пайыздык чендердин дагы өсүшү же инвесторлордун ишениминин төмөндөшү каржылык кризиске алып келип, өкмөттү коргонуу жана тышкы чыгымдарын мажбурлап кыскартууга түртүшү мүмкүн. Конгресс 2025-жылы “бир чоң кооз чек” мыйзамы аркылуу карыз чегин 41 триллион долларга көтөрдү, бирок бул көйгөйдү чечүү эмес, жөн гана жылдыруу болду. Жылына болжол менен 900 миллиард доллар болгон аскерий чыгымдарды сактоо, ошол эле учурда салык кирешелерин азайтуу келерки он жылда туруксуздукту пайда кылат. Тарыхта карыз кризистери көп учурда улуу державаларды “тышкы изин кыскартууга” мажбур кылган. Мисалы, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Британия өз империясын кармоо чыгымы каржылык мүмкүнчүлүгүнөн ашып кеткенин түшүнүп, андан баш тарткан. Эгер, Вашингтон карызды ушундай темпте көбөйтүүнү улантса, ал өзүнүн аскерий катышуусун жөн гана каржылык жактан көтөрө албагандыктан, кайсы администрация болбосун, чет өлкөлөрдөгү базаларын кыскартууга аргасыз болушу мүмкүн.

**Саясий бөлүнүү**: Америкада негизги маселелер боюнча, анын ичинде тышкы саясатта республикачылар менен демократтар ортосунда курч бөлүнүүлөр пайда болду. Европа менен мамиле, НАТОго карата

позиция, Кытай менен соода, аскерий кийлигишүүлөр сыяктуу темалар улуттук консенсустун ордуна тескерисинче ички талашка айланды. Бул бөлүнүү туруктуу стратегия кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт, ар бир шайлоо 180 градуска бурулушту билдириши мүмкүн. Чынында эле башка өлкөлөр бул көрүнүштү байкап турушат: саясаттар Обамадан Трампка, андан Байденге, анан кайра Трампка кандай өзгөргөнүн көрүштү. Көптөгөн союздаштар мындай суроо бере башташты: эгер АКШнын милдеттенмелери төрт жыл сайын өзгөрсө, алардын баасы кандай болот? Трамптын өз командасынын ичинде да бөлүнүүлөр бар (салттуу саясатка жакын топ менен ашынган “Америка биринчи” агымы). Мындай чөйрөдө Вашингтондо узак мөөнөттүү пландоо дээрлик мүмкүн эмес, анткени ар кандай стратегия саясий өзгөрүү менен жокко чыгарылышы мүмкүн. Бир европалык расмий мындай деп эскерткен: “Тышкы саясат Америкада ички күрөштүн сахнасына айланды, биз бүгүн коюлган кол эртең сакталарына ишене албайбыз”. Ошондуктан өлкөлөр кошумча камсыздандыруу жолдорун издей башташты: Европа Индия жана Бразилия менен жакындашууда, Жакынкы Чыгыш чыгышка багыт алууда ж.б. Бул өзүнөн өзү АКШнын узак мөөнөттүү альянстарды жетектөө мүмкүнчүлүгүн алсыратат.

**Институттарга болгон ишенимдин төмөндөшү:** бүгүнкү АКШнын ички өзгөчөлүктөрүнүн бири – коомчулуктун башкаруу институттарына болгон ишениминин азайганын билдирет. Конгресс, сот системасы, медиа, ал тургай армия жана чалгын кызматтары да бөлүнүүгө туш болду. Бул абал жетекчиликтин элди татаал саясаттардын айланасында бириктирүү мүмкүнчүлүгүн чектейт. Мисалы, эгер Кытайга каршы туруу үчүн экономикалык курмандык же аскерий мобилизация талап кылынса, Америка коому даяр болобу? Көптөгөн сурамжылоолор көрсөткөндөй, америкалыктар үчүн приоритет – ички маселелер (инфляция, миграция, кылмыштуулук), ал эми “Тайванды коргоо” же “Украинаны колдоо” чектелген деңгээлде гана маанилүү. Трамп дал ушундай “чексиз согуштардан” чарчаган коомдук маанайдын негизинде жеңишке жеткен. Демек, салттуу глобалдык лидерлик ролуна кайтуу аракети коомдук кайдыгерликке же каршылыкка туш болот. Эксперттер Кытайдын кеңейүү коркунучун эскерткенде да, жөнөкөй жаран көбүнчө күйүүчү майдын баасына көбүрөөк көңүл бурат. Эгер, ички абал жакшырбаса, бул демократиялык чектөө убакыт өткөн сайын күчөйт. Мындай шартта чечим кабыл алуучулар ким болбосун, саясий жактан чектелет. Мисалы, алар АКШ флотунун Түштүк Кытай деңизине жакын туруктуу болушунун маанисин түшүнүшү мүмкүн, бирок жоготуулар көбөйсө же кандайдыр бир окуя болсо, ички сын күчөйт. Бул сценарий АКШнын 1970-жылдардагы Вьетнам согушунан кийинки абалын эске

салат, ал учурда коомдук басым күчөп, глобалдык ролду кыскартууга түрткөн.

**Социалдык жана сакофий чыңалуулар:** АКШ терең демографиялык жана сакофий өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүүдө (азчылыктардын көбөйүшү, иденттүүлүк кыймылдарынын өсүшү, аборт жана курал маселелери боюнча бөлүнүү ж.б.). Бул маселелер саясий көңүлдүн жана күчтүн чоң бөлүгүн алып, көп учурда тышкы саясатты экинчи планга жылдырат. Ошондой эле, алар ички туруксуздук коркунучун жаратат, миллиондогон адамдар катышкан нааразылык акциялары жана саясий зомбулук учурлары (мисалы, 2021-жылдагы Капитолийге кол салуу) буга далил. Ички чоң кризис жаралса, бардык күч бир нече жыл бою ички маселелерге бурулушу мүмкүн, бул аралыкта дүйнөлүк лидерликте боштук пайда болот. Чынында эле АКШнын союздаштары Вашингтондогу саясий тирешүүлөрдү көрүп тынчсызданышкан. Алардын бири: “Кантип биз коопсуздугубузду шайлоонун мыйзамдуулугун жетекчилеринин жарымы таанЫбаган мамлекетке ишенип тапшырабыз?”, - деп айткан. Бул кабыл алуудагы алсыздык АКШнын жумшак күчүнө зыян келтирет жана Кытай, Россия сыяктуу күчтөр муну өз системаларын “туруктуураак жана натыйжалуураак” деп көрсөтүү үчүн пайдаланышы мүмкүн.

Бул чектөөлөрдүн стратегияга тийгизген таасири айкын: алар АКШнын тышкы аракеттеринин демин кыскартат. Вашингтон эми жаңы Маршалл планы сыяктуу долбоорлорго же узак “кансыз согушка” ондогон жылдар бою милдеттенме алууга мүмкүнчүлүккө ээ эмес. Ички кысымды басаңдатуу үчүн тез натыйжалар керек. Бул Трамптын тез жеңишке умтулушун түшүндүрөт (Украина үчүн 24 саат, Иран үчүн бир нече ай…), ал ички коом күтпөй турганын билет. Бирок азыркы чакырыктар татаал жана узакка созулган мүнөзгө ээ, ошондуктан шашылыш чечимдер ийгиликсиздикке же абалды андан бетер оорлоткон жарым-жартылай чечимдерге алып келиши мүмкүн. Бул чыныгы туңгуюк: ички басым тез чечим талап кылат, ал эми тез чечимдер жаңы көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн.

Бул чектөөлөр узак мөөнөттүү альянстарды башкарууга да таасир кылат. Альянстарды сактоо айрым компромистерди жана өз ара түшүнүшүүнү талап кылат, ал эми популисттик чөйрөдө бул кыйын. Мисалы, америкалыктардын кеңири бөлүгү НАТОну колдоону улантуу үчүн, алар НАТО өздөрүнө пайда алып келерине ишениши керек. Трамп көпчүлүктү НАТО “жүк” экенине ынандырды. Президент алмашса да, бул ишенимди кайра өзгөртүү кыйын болушу мүмкүн, анткени бул түшүнүк бекем орноп калды. Ошентип, ички чектөөлөр тышкы саясатта туруктуу өзгөрүүгө айланат: изоляцияга же жок дегенде улуттук

өзүмчүлдүккө ыктоо – ким бийликте болбосун – күчтүү фактор бойдон калат.

Ушунун негизинде, АКШнын стратегиялык туруктуулугу күмөн алдында. Ооба, Америка кыска мөөнөттүү кризисти же согушту жеңүүгө жетишерлик күчкө ээ. Бирок ал дагы он же жыйырма жыл бою дүйнөлүк тартипти камсыздай алабы? Бул үчүн саясий жана экономикалык чыдамкайлык талап кылынат, ал болсо алсырап жатат. Балким, Вашингтон ички чектөөлөрдү жеңип, позициясын сактап калуу үчүн союздаштар менен көбүрөөк бөлүшүлгөн, өзү үчүн азыраак чыгымдуу болгон жаңы лидерлик моделине муктаж. Бул жерде мүмкүнчүлүк да бар, эгер АКШ система жоопкерчилигин союздаштарына кабыл алына тургандай бөлүштүрө алса (мисалы, Европа өз аймагын өзү коргосо, Булуң өлкөлөрү өз туруктуулугун каржыласа, Япония жана Австралия Кытайды токтотууга катышса), анда ал ички алсыздыгын күчтүү альянстар менен компенсациялай алат. Ал эми азыркыдай саясат уланса т.а. кийлигишүү менен артка чегинүүнүн ортосунда термелсе, анын күчү натыйжасыздыкта жоголот жана башкалар пайда көрөт. Чынында, дал ушундай көрүнүш Трамп администрациясында байкалууда. Акырында, АКШнын ички абалы карыздары жана бөлүнүүлөрү менен ар кандай "империялык сапардын" күйүүчү майы сыяктуу түгөнөт. Көрсөткүч болсо кызыл чекке жакындап баратат. Эгер агып жаткан жерлер оңдолуп, жаңы "күйүүчү май" (инфраструктурага, билимге инвестиция, саясий ынтымакка) берилбесе, сапар кандай багытта болбосун токтоого аргасыз болот.

**2030-жылга чейинки ыктымалдуу сценарийлер**

Жогорудагы маалыматтардын негизинде, жакынкы беш жыл ичинде (болжол менен 2030-жылга чейин) эл аралык системанын тагдыры боюнча үч же төрт негизги сценарийди элестетүүгө болот. Ар бир сценарийди азыктандырган кыймылдаткычтары, анын алгачкы көрсөткүчтөрү жана ар кайсы тараптарга тийгизе турган таасирлери бар:

Жогорудагы маалыматтардын негизинде, 2030-жылга чейин эл аралык системанын тагдыры боюнча үч негизги багытты элестетүүгө болот. Бул сценарийлер "пайгамбарлык" эмес, мүмкүнчүлүктөрдүн карталары болуп, ар бирин азыктандырган кыймылдаткычтары, анын багытын көрсөткөн эрте белгилери жана Европа, Россия, Кытай, Жакынкы Чыгыш жана дүйнөлүк экономика үчүн ар башка натыйжалары бар. Мында уткан жана утулган тараптар да ар башкача бөлүштүрүлөт.

**Биринчи, Американын күчкө таянган системаны куруу сценарийи: катуу шарттардагы өзгөртүлгөн бир уюлдуулук**

Бул сценарий Вашингтон түз басым көрсөтүү услубу аркылуу эл аралык системаны өз пайдасына кайра жөнгө сала алат деген божомолго негизделет: тарифтер, санкциялар, союздаштарга коргонуу жана каржылык шарттарды таңуулоо, ошол эле учурда ага реалдуу атаандаша ала турган дүйнөлүк альтернатива жок болот. Бул жердеги негизги кыймылдаткыч – трампчыл багыттын толук бир саясий цикл бою (2025–2029) уланышы, жетиштүү ички колдоонун болушу, союздаштардын басым алдында тартипке баш ийиши жана Кытай менен Россияны бириктирген натыйжалуу каршы фронттун калыптанбай калышы. Бул сценарийдин белгилери союздаштар ачык түрдө чыгымдарды көбөйтүүгө же жаңы америкалык тартиптерди бекемдеген келишимдерге макул болгондо эрте көрүнө баштайт (алар жүздү сактаган кыйшык формаларда болсо да). Ошондой эле, Пекин менен Москва өз жакындашуусун америкалык эрежелерди бузууга жөндөмдүү дүйнөлүк токтотуу блогуна айландыра албай калганда байкалат. Тескерисинче, алардын ортосунда ажырым же функционалдык алыстоо пайда болуп, бирдиктүү фронт катары аракет кылуу мүмкүнчүлүгүн чектеши мүмкүн. Ал эми, натыйжалар төмөнкүчө көрүнөт: Европа Америка калканы алдында калат, бирок чечим кабыл алуудагы коргонуу жана каржылык өз алдынчалыгына таасир кылган катуураак шарттар менен болот, ошондой эле саясий маневр мейкиндиги азаят. Россия болсо токтотуу менен жарым-жартылай келишимдердин айкалышы аркылуу чектелет, анын таасири белгилүү чекке чейин “тоңдурулушу” мүмкүн (мисалы, Украинада), анын акысына санкциялардын бир аз жеңилдеши же толук мыйзамдаштырбастан иш жүзүндөгү абалдын таанылышы мүмкүн. Кытай болсо узак мөөнөттүү соода/технологиялык кармашты улантат, бирок аскерий коркунучтарды азайтууну артык көрөт, кеңири кагылышуудан качуу үчүн Американын “оюн эрежелеринин” айрымдарын кабыл алышы да мүмкүн. Жакынкы Чыгышта болсо коопсуздук тартиптери түзүрөөк мүнөзгө өтүп, Вашингтон өзү же аймактык союздаштар аркылуу (мисалы, колонизатор вужуд жана Булуң өлкөлөрү) ири маселелерде тез жана басымчыл чечимдерди алып барат. Дүйнөлүк экономика болсо доллардын борбордук ролуна, бирок кыйла чектөөчү формада таянууну улантат, санкция куралдары жана каржылык системалар (мисалы, которуу жана каржылоо тармактары) кыйла көрүнүктүү куралга айланат. Бул сценарийде эң чоң утуш өз үстөмдүгүн жаңы шарттар менен бекемдегени үчүн АКШда болот, ошондой эле союздаш өлкөлөрдөгү аны ээрчиген элиталарда жана америкалык коргонуу өнөр жайы сыяктуу тармактарда чоң пайда колго алынат. Ал эми, утулгандар – маневр мүмкүнчүлүгү кыскарган орто

мамлекеттер, Европа Биримдигинин айрым суверендүүлүк көрүнүштөрү жана Вашингтонго “каршылык көрсөткөн” деп атаган басымга кабылышы мүмкүн болгон өлкөлөр болот.

**Экинчи, “көп уюлдуулук жана мыйзамдуулук боштугу” сценарийи: лидерлик боштугу жана аймактык блоктордун атаандаштыгы**

Бул сценарий боюнча, Вашингтон Кансыз согуштан кийинки өзү жетектеген системаны сактап кала албай, анын ордунда бир гана альтернативдүү уюл эмес, атаандаш блоктор жана аймактык альянстар пайда болот. Мында эл аралык институттар жана мыйзамдуулук ченемдери барган сайын алсырайт. Анын негизги кыймылдаткычы – салттуу альянстардын бир бөлүгүнүн кыйрашы (бул НАТОнун ичинде суверенитет/коопсуздук өңдүү чоң кризистин натыйжасы болушу мүмкүн), буга кошумча Америка ичиндеги экономикалык же саясий басымдардын күчөшү Вашингтондун тышкы кийлигишүү жөндөмүн чектейт, ошол эле учурда Пекин–Москва огунун күчөшү жана БРИКС+ сыяктуу альтернативдүү түзүмдөрдүн кеңейиши менен коштолот. Бул жердеги алгачкы көрсөткүчтөр даана жана кооптуураак: АКШнын ири келишимдерден бир тараптуу чыгышы же аларды мазмунсуз кылып салышы, Европанын НАТОдон тышкары толук өз алдынча коргонуу саясатын ачык жарыялоосу же Вашингтон атаандаштарынын ортосунда расмий коопсуздук келишимдеринин пайда болушу (мисалы, кытай–орус коргонуу альянсы же ага каршы турган аймактык тараптар менен кеңейтилген коопсуздук тартиптери). Мүмкүн болгон натыйжалар төмөнкүчө бөлүштүрүлөт: Европа ичинен бөлүнүшү мүмкүн, бир бөлүгү Россия менен келишим түзүүгө умтулса, экинчиси өз алдынча куралдануу жарышына барат, Америка калканынын жоктугу биримдиктин баасын көтөрүп, жашыруун карама-каршылыктарды ачыкка чыгарат. Ал эми, Россия Батыштын токтотуу күчү төмөндөгөн шартта өзүнүн жакын чөйрөсүндө аймактык пайда көрөт жана натыйжалуу жамааттык жооптон коркпостон таасирин кеңейтиши мүмкүн.

Кытай болсо Азияда коопсуздук-экономикалык кепил берүүчү катары өзгөчөлөнүп чыгат, өз аймагында, балким сезимтал маселелерде да жагдайларды таңуулоо мүмкүнчүлүгү өсөт, ошондой эле өз демилгелерин Батыштын тартибине альтернатива болгон чатыр катары кеңейтет. Жакынкы Чыгыш болсо аймактык күчтөрдүн (Иран, Түркия, Сауд Арабиясы жана колонизатор вужуд) ортосунда таасир бөлүштүрүү аянтына айланат. Мында Кытай менен Россиянын көлөмү чоңураак экономикалык жана коопсуздук оюнчулар катары кирет, ал эми Американын салмагы азаят. Дүйнөлүк экономика болсо

салыштырмалуу бөлүнүүгө бет алат: параллелдүү соода жана акча блоктору, валюталар жана технологиялар боюнча атаандаштык, ошондой эле салттуу глобалдашуу институттарынын натыйжалуулугу төмөндөйт. Бул сценарийде негизги утуш Кытайга тиет, анткени боштуктун чоң бөлүгүн толтурууга эң жөндөмдүү ошол. Россия да аймактык деңгээлде утат, бирок Кытайга салыштырмалуу кичирээк бойдон калат. Ошондой эле "дүйнөлүк полициянын" жоктугунан пайдаланган ар кайсы өлкөлөрдөгү улутчул күчтөр да пайда көрөт. Ал эми, утулгандар – Америка Кошмо Штаттары (макамын жоготкону үчүн), Батыш Европа (кепил берүүчүдөн жана биримдиктен айрылганы үчүн) жана өздөрүн коргой турган натыйжалуу эл аралык укук жок болгондуктан таасир талашынын жаңжалдарында көбүрөөк алсыз болуп калган майда мамлекеттер.

**Үчүнчү, "жаңы күчтөр тең салмактуулугу" сценарийи: улуу державалардын келишими жана таасир бөлүштүрүү**

Бул сценарийде улуу державалар т.а. Америка, Россия жана Кытай чоң согушту болтурбоо үчүн жашыруун түшүнүшүүгө келип, таасир аймактарын бөлүшүп, атаандаштыкты көзөмөлдөнгөн чектерде кармайт. Анын кыймылдаткычы – бири-бирин толук четтетүү мүмкүн эместигин өз ара түшүнүү, ошондой эле көшөгө артындагы сүйлөшүүлөргө түрткү берген, көбүрөөк прагматикалык (же жок дегенде реалисттик) лидерликтин пайда болушу жана дүйнөлүк экономикалык басымдардын өсүшү, бул ачык куралдануу жарышын көтөрө алгыс кылат. Алгачкы көрсөткүчтөргө улуу державалар лидерлеринин үч тараптуу саммиттери же кезектешкен эки тараптуу саммиттердин сериясы кирет, ошондой эле ар бир тараптын кызыкчылыктарын жана таасир аймактарын кыйыр тааныган билдирүүлөр же документтер, ошондой эле атайын жумшартылган риторика болот: Вашингтондун Кытай системасына каршы идеологиялык чабуулду азайтышы, Пекиндин америкалык альянстар менен ачык кагылышуудан качуусу, балким, "жазылбаган" кызыл сызыктар боюнча түшүнүшүүлөр жүзөгө ашат.

Бул сценарийдин натыйжалары татаалыраак: Европа дүйнөлүк чыңалуулардын азайышынан б.а. салыштырмалуу экономикалык жана коопсуздук туруктуулугунан пайда көрүшү мүмкүн, бирок ал экинчи даражадагы тарапка айланып, даяр болгон макулдашуулар тууралуу кийин гана кабардар болот, башкача айтканда, саясий өз алдынчалык жоголот, бирок азыраак туруксуз чөйрөдө калышы ыктымал. Россия өзүнүн жакын аймагындагы абалынын таанылышынан утуш алат, бирок Пекин жана Вашингтон алдында кичүү өнөктөш бойдон калат, ал эми анын таасири улуу державалардын ортосундагы макулдашууга көз

каранды болуп калат. Кытай аскерий мүдүрүлүүгө жол бербеген макулдашуулардын алкагында Азияда лидерлик кылуу үчүн кеңири мейкиндикке ээ болот, бирок дүйнөлүк кеңейүүнү чектөө же белгилүү сызыктарды сактоо милдеттенмелерин алышы мүмкүн. Жакынкы Чыгыш болсо улуу державалардын өкүлдөрүнүн кагылышуусун алдын алган макулдашуулар менен башкарылышы мүмкүн: Булуңда америкалык таасир, айрым чекиттерде орус таасири, ал эми Кытай кеңири экономикалык катышуучу катары “кагылышпоонун эрежелери” менен башкарылат. Дүйнөлүк экономика болсо глобалдашуу нугун улантат, бирок жаңы чектөөлөр менен: сооданын жаңыланган эрежелери, балким, эл аралык институттарды күчтөр тең салмагын чагылдыруу үчүн формалдуу реформалоо (технология, киберкоопсуздук жана куралдануу боюнча жаңы стандарттар). Бул сценарийде уткан тараптар – үч улуу держава (кымбат согуштан качып, таасирди бөлүшкөнү үчүн) жана толук бир тарапка кошулбастан туруктуулуктан пайда көргөн айрым орто нейтралдуу мамлекеттер. Ал эми утулгандар – идеологиялык долбоорлордун ээлери (анткени саясат принциптерди кармануудан күчкө таянуу келишимине айланат) жана улуу державалардын атаандаштыгын эки тараптан тең пайда алуу үчүн колдонгон мамлекеттер, анткени алардын “эки уюл ортосунда соодалашуу” мүмкүнчүлүгү азаят.

**Кыскача жыйынтык**

Биринчи сценарий Вашингтон бир уюлдуулукту “бекемдөөдө” ийгиликке жетет дегенди билдирет. Экинчиси, калкан системасынын ыдырашы жана эрежелерсиз боштук менен баш аламандыктын пайда болушу. Үчүнчүсү, атаандаштыкты “улуу державалардын келишими” аркылуу рационалдаштырып, согуш коркунучун азайтуу, бирок экинчи даражадагы тараптардын ролун алсыратуу. Бул сценарийлер өз-өзүнчө көрүнгөнү менен, чынында бири башталып, андан соң башкасына өтүшү мүмкүн. Бул бурулуш альянстардын ичинде суверенитет кризиси, АКШдагы экономикалык шок же Азиядагы чыңалуу чекити сыяктуу окуяларга жараша болот. Бул сценарийлер толук өз алдынча жана шарттуу эмес, биз алардын аралаш формасын же убакыт боюнча биринин артынан бири келгенин көрүшүбүз мүмкүн. Мисалы, бир мезгилде экинчи сценарий (боштук) болуп, андан соң баш аламандык коркунучу туруктуулукту калыбына келтирүү үчүн үчүнчү сценарийге (улуу державалар келишими) түртүшү мүмкүн. Негизгиси – алгачкы белгилер: чечим кабыл алуучулар жана саясатты түзүүчүлөр өнүгүүлөрдү байкоого тийиш, Пекин–Москва альянсы жаракаларсыз тереңдеп жатабы? Батыш союздаштары көбүрөөк өз алдынчалыкка өтүп

жатабы? Же 2027-жылы, мисалы, администрация өзгөрсө, кайра Америкага жакындайбы? Ушулар кайсы жол тандаларын көрсөтөт.

Албетте, аймактык оюнчулар (орто державалар жана “глобалдык түштүк” блоктору) да белгилүү бир багыттын басымдуулугуна таасир кылат. Алар айрым боштуктарды толтурушу же белгилүү бир лагерге кошулушу мүмкүн. Мисалы, Индия, Бразилия жана Түштүк Африка көп уюлдуу тартипти жактаган блок түзсө, бул көп уюлдуу дүйнө сценарийин тездетиши мүмкүн. Ал эми, ар бири ар башка күчкө кошулса (Индия АКШга, Бразилия нейтралдуу болсо ж.б.), анда улуу державалардын тең салмагы бекемделет. Жогорудагы сценарийлер орто мөөнөттү (5–10 жыл) камтыйт. Ал эми, узак мөөнөттө (2030-жылдан кийин) башка факторлор да кирет (технологиялык чоң өзгөрүүлөр, климаттык олуттуу өзгөрүүлөр, улуу державалардын биринин ички кыйроо ыктымалдыгы ж.б.), алар таптакыр башка системанын калыптанышына алып келиши мүмкүн. Бирок, азыркы көз караште булар эң ыктымалдуу багыттар болуп саналат.

**Жыйынтык: импровизация менен көз караштын ортосунда… боштукту ким толтурат?**

Жыйынтыктап айтканда, Трамп доорундагы Вашингтондо жаңы дүйнөлүк тартипти куруу боюнча комплекстүү көз караш жетишсиз. Ал келечекти системалуу пландоодон көрө учурдагы күчкө таянып аракет кылууда. Ал эски системанын айрым бөлүктөрүн (эл аралык институттардын мыйзамдуулугун жана салттуу альянстарды) бузду же алсыратты, бирок алардын ордуна туруктуу жана ырааттуу модель сунуштай алган жок. Натыйжада дүйнөнү суроолор каптады: “Тынчтык кеңеши” сыяктуу уюмдар жаңы системанын негизи болобу же убактылуу көрүнүшпү? “Келишимдер системасы” Атлантика аралык туруктуу эрежеге айланабы же жөн гана баш аламан өткөөл этаппы? Азырынча экинчи вариант көбүрөөк ыктымалдуу көрүнөт. Анткени, учурдагы АКШ администрациясынын көптөгөн демилгелери туруктуу институттардан көрө убактылуу жеке долбоорлорго окшош.

Ошол эле учурда, ыктымалдуу боштук бир нече багытта кеңейүүдө. Биринчиси, мыйзамдуулук жана эрежелердеги боштук. Эгер, БУУ мурункудай натыйжалуу таяныч болбой калса, эл аралык чечимдерди мыйзамдаштыра турган башка күчкө муктаждык жаралат. Бул жерде координацияланган орто мамлекеттер (мисалы, Канада премьер-министри Карни чакырган “орто күчтөр” блогу) же аймактык уюмдар (мисалы, Европа Биримдиги соода жана экология стандарттарында чоң роль ойноого аракет кылууда) көбүрөөк роль ойношу мүмкүн.

Экинчиси, коопсуздук лидерлигиндеги боштук. Американын кепилдигине ишенимдин азайышы Германия, Япония, балким, Булуң

өлкөлөрү сыяктуу мамлекеттерди өз алдынча куралданууну күчөтүүгө түртүшү мүмкүн. Бул эки жактуу натыйжа берет, бир жагынан коргонуу күчөйт, экинчи жагынан жаңы аймактык куралдануу жарышын башташы мүмкүн.

Үчүнчүсү, баалуулуктардагы боштук. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки тартип "жерди күч менен басып алббоо" жана "адам укуктарын урматтоо" сыяктуу принциптерге негизделген. Бул принциптер олуттуу сокку алды (мисалы, Украина аймактарын басып алуу катуу жоопсуз калганы, кыйноо жана жамааттык санкциялардын кайра колдонулушу). Эгер бул баалуулуктарды кайра көтөрө турган тарап чыкпаса, алар унутта калып, кийин башка, балким демократиялык эмес күчтөр өз баалуулуктарын сунушташы мүмкүн. Бул эң кооптуу идеологиялык боштук болуп саналат.

Бул боштукту ким толтура алат? Күтүлгөн жооп: Кытай күчтүү талапкер, бирок анын ыкмасы баскычтуу жана экономикага негизделген. Россия аймактык деңгээлде аракет кылууда, бирок анын экономикалык алсыздыгы жана обочолонушу дүйнөлүк деңгээлде мүмкүнчүлүгүн чектейт. Европа Бириммдигинде материалдык жана баалуулук мүмкүнчүлүктөрү бар, бирок саясий жана аскерий биримдиги чабал, ошондуктан лидерлик ролун аткаруу кыйын. Индия жана Бразилия сыяктуу башка аймактык күчтөр өз аймактарында чоңураак ролду ойношот жана көп тараптуу тартипте тең салмактоочу күч болушу мүмкүн, бирок азырынча дүйнөлүк системаны жетектөөгө даяр эмес.

Ошол эле учурда, Вашингтондо өзүн кайра оңдоо мүмкүнчүлүгү да бар. Лидерлик же ыкма өзгөрүп, өзү пайда кылган боштуктарды толтурууга аракет кылышы мүмкүн. Мисалы, жакынкы жылдары БУУну четке кагуунун ордуна реформалоо боюнча Америка демилгелерин көрүшүбүз мүмкүн же соода жана климат боюнча көп тараптуу келишимдерди адилеттүүрөөк шарттар менен жандандыруу аракети болушу мүмкүн. Бул үчүн күчтү чектей билген жана аны башкалар менен акылмандык менен колдонгон стратегиялык көз караш керек, ал азыр жок.

Генри Киссинжерден бүгүнкү Америка лидерлиги менен анын доорундагы лидерликтин ортосундагы айырма тууралуу сурашканда, ал мындай деп жооп берген: "Биз каражаттар боюнча талашсак да, кайда бараткаңыбызды билчүбүз, азыр болсо багыт да, каражат да түшүнүксүз". Дүйнө "доорлор ортосундагы" мезгилди башынан өткөрүүдө: эски система ыдырап жатат, жаңысы болсо али жарала элек. Мындай шартта импровизацияланган аракеттер кээде аракетсиздиктен да кооптуу, анткени алар картаны аралаштырып, бирок альтернатива

сунуштабайт. Бул өтмө башаламандыкта ким аз жоготуу менен чыгып, мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана алса, ошол келечектеги системада өз ордун аныктайт.

Жыйынтыктап айтканда, эл аралык мыйзамдуулук азыр күч жана келишимдер негизинде кайра калыптанууда. Эгер дүйнөлүк күчтөр жалпы кабыл алынган жаңы эрежелерди түзүүгө шашылбаса, анда убактылуу "жылаңач күч" менен толтурулган боштук пайда болот, бирок ал туруктуу боло албайт. Тарыхый күч эшиктерди ачышы мүмкүн, бирок жалгыз өзү туруктуу тартип түзө албастыгы тууралуу сабак берет. Вашингтон, эгер кулап жаткан империялардын тагдырынан качкысы келсе, өз кызыкчылыктарын башкалардын кызыкчылыктары менен айкалыштырган жаңы мыйзамдуу алкак түзүшү керек. Болбосо, бул боштукту башкалар сөзсүз толтурат жана Америка өзү түзбөгөн системада четте калат.

**Колдонулган булактар:**

Тышкы мамилелер кеңеши (CFR), "Трамптын дүйнөлүк тартиби: Экинчи дүйнөлүк согушка чейинки мезгилге кайтуу", автору Бен Стайл – 15-январь 2026-жыл.

Брукингс – Карен Донфрид жана башкалар, "2025-жылкы улуттук коопсуздук стратегиясынын анализи: Батыш жарым шарына бурулуш жана эл аралык укуктун артка чегиниши" – декабрь 2025-жыл.

Reuters – Мария Чинг, "Давостогу Карнинин сөзү ишенимди солкулдатты: канадалыктар Трамптын чабуулдары шартында премьер-министринин айланасына бирикти" – 22-январь 2026-жыл.

Бириккен Улуттар Уюму – пресс-релиз, "Коопсуздук Кеңеши Газага колдоо алкагын бекитти: Тынчтык кеңешинин планына алдын ала колдоо" – 17-ноябрь 2025-жыл.

Wikipedia (англисче), "Тынчтык кеңеши – Board of Peace" – акыркы жаңылоо, 21-январь 2026-жыл.

Роберт Шуман фонду – Максим Лефевр, "Европалыктар жана Трамп: кемсинтүүбү же натыйжалуулукпу?" – саясий баяндама, №804 – 30-сентябрь 2025-жыл.

Атлантикалык кеңеш – Даниэл Фрид, "Гренландиядагы кырсыктын алдын алуу: НАТО кантип катастрофадан качып, күчтөнүп чыгат" – 17-январь 2026-жыл.

Карнеги тынчтык фонду – Стивен Вертхайм, "Трамптын жылаңач империализми: союздаштар америкалык мажбурлоого туш болууда" – 21-январь 2026-жыл.

Стратегиялык жана эл аралык изилдөөлөр борбору (CSIS) – Хизер Конли, "АКШнын эл аралык уюмдардан чыгышы: кесепеттери" – 7-январь 2025-жыл.

Тышкы мамилелер кеңеши – Мариэль Фаррагамо жана Диана Рой, “АКШ БУУну канча каржылайт?” – 25-сентябрь 2025-жыл.

Bloomberg – отчет, “Трамп администрациясынын БУУга альтернатива издөөсү: Тынчтык кеңеши БУУнун ордун басабы?” – ноябрь 2025-жыл.

Le Monde (французча), “Трамптын Тынчтык кеңеши: БУУнун атаандашы тууралуу төрт суроо” – 21-январь 2026-жыл.

Reuters – Адриан Вагнер, “Карни: эски тартип аяктады… орто мамлекеттер өздөрүн коргошу керек” – 20-январь 2026-жыл.

The Guardian, “Трамп Европага тарифтер менен коркутууда: Франция жооп берүүгө даярданып, анын кеңешин БУУга каршы аракет деп баалады” – 18-январь 2026-жыл.

Foreign Policy журналы – Камерон Абади жана Адам Туз, “АКШ карыз кризисине туш болобу? Трамптын каржы саясатынын таасири” – 12-март 2025-жыл. ❑

**Бисмиллахир Рохманир Рохим**

# ХИЗБ УТ-ТАХРИРДИН АМИРИ, УЛУУ ААЛЫМ АТА ИБН ХАЛИЛ АБУ РАШТАНЫН (АЛЛАХ АНЫ САКТАП-КОЛДОСУН) ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИ КУЛАТЫЛГАНЫНЫН 105 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА БИЛДИРҮҮСҮ

Аллахка мактоо, Аллахтын Элчисине, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана аны ээрчигендерге салам-салават болсун.

Андан кийин Аллахтын уруксаты менен жихаддын, адилеттүүлүктүн жана ихсандын, адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөтүнө... Аллах аны нусрат жана күч-кубат менен азиз кылсын. Рошид Халифалыкты тикелөө аркылуу Исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн даават жүгүн көтөргөндөргө кайрылам. ИншаАллах, биз аларды такыбаа, таза, нуру чачыраган, берекелүү адамдар деп эсептейбиз.

Дал ушундай күндөрдө, мындан жүз беш жыл мурун, 1342-хижрий жылдын Ражаб айынын аягына, 1924-жылдын март айынын башына туура келген күнү Британиянын жетекчилигиндеги колонизатор кафирлер араб жана түрк чыккынчылары менен кызматташып, Халифалык мамлекетин жок кылууга жетишкен. Замандын кылмышкери Мустафа Кемал Халифалыкты жоюу менен ачык куфрду жарыялап, халифаны Стамбулда курчоого алып, ошол күндүн таңында аны шаардан чыгарган. Ушундайча мусулман өлкөлөрүндө коркунучтуу жер титирөө болду — алардын азиздигинин булагы жана Роббисинин ыраазычылыгы болгон Халифалык жок кылынды. Үммөткө Аллахтын Элчисинин ﷺ Убада ибн ас-Самит (Аллах андан ыраазы болсун) аркылуу келген, мутафакун алайх хадисинде айтылгандай, кылыч менен каршы туруусу фарз эле:

«وَأَنْ لَا نُنَازِعَ الْأَمْرَ أَهْلَهُ إِلَّا أَنْ تَرَوْا كُفْرًا بَوَاحًا عِنْدَكُمْ مِنَ اللَّهِ فِيهِ بُرْهَانٌ»

**«…Ишти ээсинен** (бийлик ээсинен) **талашпоого байъат берүүбүздү айтып: «Эгер ачык куфрду көрсөңөр жана силерде бул жөнүндө Аллахтан ачык далил болсо гана мүмкүн» деди.**

Бирок Үммөт бул иште кемчилик кетирди. Ошол кылмышкерди жана анын жардамчыларын түп-тамыры менен солкулдатып, аларды жеңип, шерменде кылуучу аракетти жасабады. Тескерисинче, Халифалыктан ажыроонун жер титирөөсү уланды. Андан соң мусулман өлкөлөрүнө колонизатор кафирлердин үстөмдүгү орноду. Алар өлкөлөрдү бөлүп-жарып, болжол менен 55 бөлүккө чейин майдалады!

Андан кийин мусулман өлкөлөрүндөгү рувайбиза башчылар бул жер титирөөгө дагы бир мүшкүлдү кошту. Алар Аллах берекелүү кылган жерди т.а. Аллахтын Элчисинин ﷺ Исра жана Мирааж сапары болгон

жерди яхудийлердин басып алышына бөгөт коюшкан жок. Андан ары дагы төмөн даражаларга түшүштү… алар эч нерседен баш тартпастан, яхудий вужуду менен нормалдашууга шашылышты! Айрымдары бул нормалдашуу кылмышын көшөгөнүн артында жасады, айрымдары болсо аны күндүзү жана түн ичинде ачык жасады! Ошентип, алардын баары кылмышка ашыгышты, башынан бутуна чейин малынган кордукту таптакыр эске алышкан жок.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللَّهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

***«Жакында мындай кылмышкерлерге кылып өткөн айла-амалдары себептүү Аллахтын алдында кордук жана катуу азап жетет».*** (Анъам: 124).

Халифалык силердин маңдайыңардан түшүп кеткенден кийин мусулмандардын абалы ушундай болду. Бүгүн силердин үстүңөрдө Трамп деген тагуттун буйругу менен башкарган рувайбиза башчылар турат. Буйрук жада калса Газа Хашимде да, бардык берекелүү жерде да аткарылууда. Анткени Трамп 2025-жылдын сентябрь айында Сауд Арабиясын, БАЭни, Катарды, Египетти, Иорданияны, Түркияны, Индонезияны жана Пакистанды камтыган жыйынга төрагалык кылды. Бул жыйын Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын жыйындарынын алкагында өтүп, аны «эң маанилүү жыйын» деп атады. Андан соң Трамп аларга 20 пункттан турган планын сунуштады же таңуулады. Ал пландын беренелери Газаны Трамп менен яхудий вужуду ырахат ала турган бакчага айлантуу үчүн Газанын жоголушун, ага камкордук орнотууну жана аны колониялаштырууну ачык айтып турду!

Андан кийин Сиси Кинана жеринде Трампты жана анын каргыш тийген планын салтанат менен белгиледи… Бул болсо Газа Хашимди башкара турган «тынчтык кеңеши» деп аталган колониялык кеңешти таңуулаган Коопсуздук Кеңешинин 2803-резолюциясына даярдык эле. Андан соң Трамп 2026-жылдын башында Газада өзү төрагалык кылган бул кеңештин мүчөлөрүн жарыялай турганын билдирди.

«Аль-Жазира» анын сөзүн да келтирди: «Трамп сектордо туруктуулук күчтөрүн жетектөө үчүн америкалык генералды дайындашы ыктымал». (Аль-Жазира, 11/12/25). Демек, Трамп Газадагы башкаруу кеңешин да, коопсуздук күчүн да көзөмөлдөйт!

Андан кийин анын атайын өкүлү Виткоф 2025-жылы 19-декабрда Майамиде «ортомчулук» өлкөлөрү болгон Түркия, Египет жана Катар менен жолугуп, экинчи баскычты алдыга жылдыруу үчүн туруктуулук күчтөрүн жайгаштыруу, Хамасты куралсыздандыруу жана мунун иш жүзүндөгү кадамдарын талкуулады!

Кийин Трамп Флоридада Нетаньяху менен жолугуп, мындай деди: «Жыйын абдан жемиштүү болду». Ал журналисттерге кошумчалап: «Сүйлөшүүлөрдө Хамас кыймылын куралсыздандыруу маселеси каралды, бул үчүн аларга кыска мөөнөт берилет, талап аткарылбаса оор кесепеттер болорун», - эскертти». (BBC, 30/12/25).

Бул сөздөрдү яхудий түзүмүн Газага каршы адамдарды да, бак-дарактарды да, тоо-таш, жерди да жабыркаткан мыкаачы согушта эң оор, оордон да оор куралдар менен камсыздап жаткан Трамп айтып жатат! Трамп мунун баарын мусулман өлкөлөрүндөгү башчылардын көз алдында айтып-жасап жатат. Алар берекелүү жерди азат кылууга унчукпай, аны бычактап койгондой болушту, тескерисинче, Трамптын жыйырма пунктуна кол чаап беришти!

Андан соң бул башчылар бычак сайган жалгыз гана Палестинаны эмес, алар өздөрү башкарган өлкөлөрдү да кафир колонизаторлордун, айрыкча Американын кызыкчылыгы үчүн сатышты. Түштүк Судан Түндүгүнөн ажыратылды, эми Дарфур да ошол эле жолдо бара жатат. Ливия да ушундай кагылышуу артынан эки мамлекетке бөлүнүүдө. Йемен түндүк жана түштүккө, түштүк болсо кайрадан бөлүктөргө бөлүнүп жатат.

Ал эми «жаңы Сирия» Американын койнуна ташталып, мурунку тагут режиминин шабихаларын жана анын кол алдындагыларын бошотуп жатат, ошол эле учурда Халифалыкка чакырып жүргөн Хизб ут-Тахрирдин жигиттерин түрмөлөрдө калтырып, аларды он жылга чейин соттоп жатышат.

Рувайбизалар муну менен эле токтоп калган жок. Алар Ислам жерлеринин башка аймактарында да багынып беришти же өздөрүн тапшырышты: Кашмирди мушрик индустар басып алды, Россия Чеченстанды жана Борбор Азиядагы башка мусулман жерлерин кошуп алды, Чыгыш Тимор Индонезиядан жулуп алынды, көп жылдар бою мусулмандардын чеби болуп келген Кипрдин басымдуу бөлүгүн бүгүн Греция көзөмөлдөп калды.

Мьянмада рохинжа мусулмандары кыргынга учурап жатышат, алар Бангладешке качып барганда да режим аларды кысып, душманга каршы согушта жардам бербеди. Анан Кытай жырткычтарды да тарыхта калтырган мыкаачылыгы менен Чыгыш Түркстанды эзип жатат. Ал эми мусулман жерлериндеги учурдагы режимдер мүрзөлөрдөй унчукпай турат. Сүйлөсө, Кытайдын мусулмандарга кылган зулумдугун «ички маселе» деп гана аташат!

﴿كَبُرَتْ كَلِمَةً تَخْرُجُ مِنْ أَفْوَاهِهِمْ إِنْ يَقُولُونَ إِلَّا كَذِبًا﴾

***«Алардын ооздорунан чыккан сөз — оор сөз. Алар жалаң жалган сүйлөшөт».*** (Кахф: 5).

Эй, мусулман армияларындагы жоокерлер!

Силерден мурун өткөн Ислам аскерлеринин жолун улантып, Күчтүү жана Азиз Аллахтын фарзын аткарууга т.а. Палестинаны жана Газа Хашимди Аллах жолундагы жихад менен, Исламдын туу чокусу болгон амал менен ишке ашырууга кудуретиңер жетпейби?! Андан соң өз түп тамырынан ажыратылган чыгышта да, батышта да кафир колонизаторлор басып алган мусулмандардын ар бир сөөм жерин кайтарып алып, кафирлерди өз уюгуна чейин куул барууга кудуретиңер жетпейби?! Кудуретиңер жетпейби? Жок, чындыгында Аллахтын уруксаты менен силер кудуреттүүсүңөр! Анткени силер Ислам Үммөтүнүн уулдарысыңар. Ал Үммөт Аллахтын Элчисинин ﷺ Үммөтү, мухажирлер менен ансарлардын Үммөтү, рашид халифалардын жана алардан кийинки халифалардын Үммөтү!

Силер Византия падышасы келишимди бузуп, мусулмандарга кол салганда: «Жообум укканың эмес, көргөнүң болот» деп жооп берген Рашиддин урпактарысыңар жана дал ошондой болгон. Силер зулумга учураган аял «Оо, Мутасим!» деп кыйкырганда, ага жардам берүү үчүн үлкөн армия алып чыккан Мутасимдин урпактарысыңар.

Андан тышкары, силер 583-хижрий жылдын 27-Ражабында, 1187-жылдын 2-октябрында кресттүүлөрдү жеңген, Акса мечитин алардын ыпластыгынан тазалаган Насир Салахуддиндин урпактарысыңар. Силер Мухаммад Фатихтин урпактарысыңар, Аллах аны жаш амир катары урматтап, Константинополду фатх кылгандыгы үчүн Аллахтын Элчиси ﷺ тарабынан мактоого арзыган:

«فَلَنِعْمَ الْأَمِيرُ أَمِيرُهَا، وَلَنِعْمَ الْجَيْشُ ذَلِكَ الْجَيْشُ»

**«Анын амири кандай гана сонун амир, анын кошууну кандай гана сонун кошуун!».**

Ал шаардын ачылышы анын колу менен болду, Аллах ага ырайым кылып, береке берди. Бул 857-хижрий жылы, миладий 1453-жылы болчу.

Силер халифа Салим IIIнүн урпактарысыңар. Анын доорунда Америка Кошмо Штаттары Алжирде кармалган туткундарын бошотуу жана Атлантика океаны менен Жер Ортолук деңизде Усманий флот тарабынан тоскоолдукка учурабастан жүрүүгө уруксат алуу үчүн, Алжирдеги анын валийине жыл сайын 642 миң долларлык алтын, мындан тышкары 12 миң усманий алтын лира төлөп турган. Ошол учурда Америка тарыхында биринчи жолу өз тилинен башка тилде — Усманий мамлекетинин тилинде — келишимге кол коюуга мажбур болду. Бул 1210-хижрий жылдын Сафар айынын 21де, башкача айтканда, миладий 1795-жылдын 5-сентябрында болгон.

Силер халифа Абдулхамиддин урпактарысыңар. Ал Стамбулга Франциянын элчисин чакырып, аны атайылап аскердик кийимде кабыл алган. Андан соң Аллахтын Элчиси ﷺ тууралуу жалаа жабылган спектаклди токтотпосо, дүйнөнү төңкөрүп салаарын айтып, мындай деп коркуткан: «Мен — мусулмандардын халифасымын… Эгер ал спектакль токтотулбаса, силердин дүйнөңөрдү үстүңөргө оодарып салам!». Франция буга моюн сунуп, спектаклди токтоткон. Бул 1307-хижрий, миладий 1890-жыл эле.

Силер яхудийлер мамлекеттик казынага сунуштаган миллиондогон алтындарга азгырылбаган, ошондой эле Палестинага отурукташууга уруксат берүү үчүн ага каршы уюштурулган эл аралык кысымдардан коркпогон ошол халифанын урпактарысыңар. Ал өзүнүн белгилүү сөзүн мындай деп айткан: «Денемдин кескилениши — Палестинанын Халифалык мамлекетинен кесилип алынганын көргөндөн көрө жеңилирээк». Ал алысты көрө билгендигин көрсөтүп, дагы мындай деген: «Яхудийлер миллиондорун өздөрүндө калтыра беришсин… Эгер бир күнү Халифалык мамлекети кулап калса, анда алар Палестинаны акысыз эле алышат». Дал ошондой болду!

Эй, мусулмандар! Эй, мусулман жерлериндеги аскерлер!

Эгер, Халифалык кайра орносо, ата-бабаларыңар кандай азиз болсо, силер да ошондой азиз болуп кайтып келесиңер. Анткени алардын иш-аракеттери алардын азиздигин жана Аллахтын эң улуу ыраазычылыгын айкын көрсөтүп турат. Алар Халифалыкты тикелеп, аны сактап калышты, ошондуктан азиз болушту, үстөмдүк кылышты жана Роббисинин ыраазычылыгына жетишти. Силер алардын урпактарысыңар. Анда алар ээрчиген акыйкатка келгиле да, аны ээрчигиле. Алар жасаган азиздикти кайрадан жараткыла! Халифалыкты кайра орноткула жана аны сактагыла!

Мына, Хизб ут-Тахрир силердин араңарда, ага жардам бергиле. Анткени ал күнү-түнү рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайра баштоо үчүн иш алып барууда. Бул улуу иште Үммөттүн алдына чыгып, аны жетектеп жатат. Халифалыкка чакырган даааваты менен кафир колонизаторлордун уйкусун бузуп жатат. Анда Халифалык тикеленгенде кандай болот?! Кафир колонизаторлор Тынч океанынын четинен — Индонезия менен Малайзиядан тартып, Атлантика жээктерине — Марокко менен Андалуска чейин чийип кеткен чек араларды жана тосмолорду жойсо кандай болот?! Ошондо мусулмандар мурункудай эле бир Үммөт, бир мамлекет болуп кайтып келишет. Исламды жана мусулмандарды азиз кылган, куфрду жана кафирлерди кор кылган рошид Халифалык менен кайтышат. Ал Исламдын жана мусулмандардын жерлерин кафир колонизаторлордун

колунан кайра кайтарып алып, аларды өз өлкөлөрүнүн уюгуна чейин кууп барат. Дүйнөнү кайрадан нурга бөлөйт. Ошол күнү акыйкат өз ордун табат, жалган жок болот.

﴿وَقُلْ جَاءَ الْحَقُّ وَزَهَقَ الْبَاطِلُ إِنَّ الْبَاطِلَ كَانَ زَهُوقاً﴾

***«Дагы айткын: «Акыйкат келди** (тактап айтканда Ислам келди) **жана батыл** (куфр) **өчүп - жоголду. Себеби батыл — жоголуучу нерсе».*** (Исра: 81).

Айтылышы мүмкүн, Халифалык мунун баарын кыла алабы? Жеңишти жаратып, жеңилүүнү кайтара алабы? Мусулман жерлерин кафир колонизаторлордон бошотуп гана тим болбостон, аларды өз уюгуна чейин кууп бара алабы? Ооба! Бул тууралуу Роббибиз, Аллах Таала айтат:

﴿إِنْ تَنْصُرُوا اللَّهَ يَنْصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ﴾

***«Эй, момундар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат».*** (Мухаммад: 7).

Аллахтын акыйкат нусраты Анын өкүмдөрүн турмушка ашырган Ислам мамлекетин тикелөө менен гана болот. Ал тикеленсе, Аллах ага нусратын бекемдейт жана азиз кылат, достору урматтайт, душмандары коркот. Муну Аллахтын Элчиси ﷺ да айткан:

«الْإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

**«Чындыгында, Имам — калкан, анын артында туруп согушулат жана аны менен корголот».**

Демек, халифа жана Халифалык — калкан, башкача айтканда, коргонуу. Кимде коргонуу болсо, ал иншаАллах акырында жеңишке жетет. Анын жери жоголбойт, душмандары ага жакындай албайт.

Муну Халифалыктын тарыхы да ырастап турат: Византия кайда, анын асасы кайда? Мадаиндер кайда, Кисралар кайда? Анан чыгыштан батышка, океандан океанга чейин созулган ошол аймактарда «Аллаху Акбар» деп үн салган ким эле? Ислам мамлекети, Исламдын аскерлери жана Исламдын адилеттиги эмес беле?! Эгер ал кезде Халифалык чыгышта да, батышта да эки океандын ары жагында да жер бар экенин билгенде, Аллахка даават кылуу үчүн алардын толкундарына да сүңгүп кирмек.

Дагы айтылышы мүмкүн, Хизб ут-Тахрирдин Халифалыктан башка «товары» жок, кайсы жерге барбасын, кайсы жерден кетпесин Халифалыктан башкасын сүйлөбөйт, андан башканы билбейт, андан башкага ынанбайт… Биз айтабыз: ооба, Халифалык — бул товар да, иш дагы. Ал азиздик жана коргонуу, ал дин менен дүйнөнүн сакчысы, ал негиз жана чечим, аны менен өкүмдөр жүргүзүлөт, жазалар колдонулат, фатхтар ишке ашат жана кайра баштан акыйкат менен көтөрүлөт. Дал

Халифалык үчүн мусулмандар Аллахтын Элчисин ﷺ даярдап, жерге коюу ишинин улуулугуна жана маанилүүлүгүнө карабай, ага киришүүдөн мурда аракет кылышкан. Мунун баары Халифалыктын улуулугу жана мааниси үчүн болду. Улуу сахабалар Халифалык менен алектенүүнү ошол чоң фарздан т.а. Аллахтын Элчисин ﷺ жерге берүүнү даярдоодон да артык көрүшкөн.

Эй, мусулмандар! Эй, мусулман жерлериндеги аскерлер!

Халифалыкты тикелөө — мусулмандардын тагдыр чечүүчү маселеси. Биз Аллахтын нусратына, Исламдын жана мусулмандардын азиздигине, жихад кылуучу рошид Халифалыктын кайра кайтышына, Палестинаны басып алган яхудий вужудун жок кылууга жана Константинопол фатх кылынып, Истамбул деген даруль Ислам болгондой эле, Римдин фатх болушуна да ишенебиз. Кафирлер менен мунафыктар:

﴾إِذْ يَقُولُ الْمُنَافِقُونَ وَالَّذِينَ فِي قُلُوبِهِمْ مَرَضٌ غَرَّ هَؤُلَاءِ دِينُهُمْ﴿

***«Ошондо мунафыктар жана дилдеринде оору-мараз болгон кишилер: «Аларды** (мусулмандарды) **диндери алдап жиберди дешти»*** (Анфал: 49), - деп айтышса да, биздин ишеничибиз бекем. Анткени мусулмандарга боло турган бул нусрат Аллах Тааланын убадасында:

﴾وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ﴿

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга жер жүзүнө халифа – орун басар кылууну убада кылды».*** (Нур: 55).

Жана биз жашап жаткан жабыр көрсөтүүчү падышалык доорунан кийин Аллахтын Элчисинин ﷺ сүйүнчүсү бар:

«ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ ثُمَّ سَكَتَ»

**«Кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах аны көтөрүүнү каалаганда көтөрөт. Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** Ушуну айтып бүтүп унчукпай калды». (Ахмаддын Муснады).

Демек, Халифалык иншаАллах сөзсүз кайтып келет. Бирок, анын орношу үчүн олуттуу, тынымсыз эмгек керек. Анткени Азиз жана Даанышман Аллахтын сүннөттүнө ылайык асмандан периштелер түшүп, биз кыймылсыз олтуруп турганда бизге Халифалыкты орнотуп бербейт. Аллах Тааланын убадасын жана Аллахтын Элчисинин ﷺ сүйүнчүсүн ишке ашырбайт. Тескерисинче, биз чын ниет, ыклас, аракет жана тырышчаактык менен иш кылганда периштелер жардамга түшөт… Андан соң Аллах бизге нусратты, эки дүйнөдөгү жеңишти, улуу жеңишти берет.

Хизб ут-Тахрир бул үчүн жан үрөп иштеп жатат жана анын жакын арада орношуна сүйүнүп турат. Андыктан шашылгыла, эй, мусулмандар! Шашылгыла, эй, күч-кубат ээлери! Дааватка жана нусратка кошулгула! Партия менен бирге Халифалыкты тикелөөгө шашкыла, аны сырттан гана көрүү менен чектелбегиле! Анткени нусрат иншаАллах жакын:

﴿إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْراً﴾

***«Албетте Аллах өзү** (каалаган) **ишине жетүүчү Зат** (Анын каалоосуна каршы туруучу эч ким жок)**. Чындыгында Аллах бардык нерсе үчүн ченем-өлчөө кылып койгон** (тактап айтканда, турмушта көрүнө турган ар-бир жакшы-жаман окуя же кубулуш Жалгыз Алла каалаган-белгилеген убакыт жана өлчөөдө пайда болот)**»*.** (Талак: 3).

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллах жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат.** (Аллах) **Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси».*** (Рум: 4–5).

Акыркы дубабыз: ааламдардын Роббиси Аллахка мактоо болсун. Силерге тынчтык, Аллахтын ырайымы жана берекеси болсун.

Хижрий 1447-жыл, Ражаб.

Миладий 2026-жыл, 2-январь.

Силерди сүйгөн бир тууганыңар Ата ибн Халил Абу Рушта. ❑

# ЗААЛИМ ТРАМП ЖАНА АНЫН ЭРКЕ БАЛАСЫ ЯХУДИЙ ВУЖУДУ ИРАНГА ЖЫРТКЫЧТАРЧА ЧАБУУЛ ЖАСАДЫ

Америка жана яхудий вужуду ишемби күнү Иранга каршы кеңири биргелешкен чабуул жасады. Борбор калаа Тегеранда жана Кум, Исфахан, Керманшах, Караж сыяктуу бир катар шаарларда жарылуулар угулду. АКШ президенти Дональд Трамп Иранга чабуул башталганын жарыялап: «Бир аз мурун Иранда кеңири масштабдагы согуштук операцияларды баштадык», - деди. Ал эми “израилдик” 12-канал: “Иран өкмөтүнө таандык ондогон буталарга сокку урулду», - деп билдирди. (Аль-Жазира, 28/2/26).

Трамп текебер билдирүүлөрүндө Америка жана анын армиясы дүйнөдөгү эң күчтүү армия экенин, Иранга өзөктүк куралга жана ракеталарга ээ болууга жол бербей турганын айтты. Анын эрке баласы Нетаньяху да кожоюну Трамптын изи менен ушундай эле билдирүүлөрдү жасады. Ал эми, Иран тараптан Ирандын тышкы иштер министри Аббас Аракчи: «Өлкөбүз мыйзамдуу коргонуу укугу алкагында өзүнүн аскерий мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, өзүн коргойт», - деди. (Аль-Жазира, 28/2/26). Иран яхудий вужудуна жана Перс булуңундагы Америка базаларына ракеталарды атты.

Ушундайча яхудий вужудунун учактары жана Америка учактары кургактан, деңизден жана абадан Ирандагы аскерий базаларга жана мамлекеттик борборлорго чабуул жасады. Соккулардын көбү борбор калаага, мамлекеттик мекемелерге, жетекчилер турган жайга жана президенттин имаратына багытталды. Алгачкы билдирүүлөрүндө бул чабуулдар төрт күндөн он күнгө чейин уланары, ал тургай Ирандын өзөктүк жана ракеталык куралдарын толук куралсыздандырууга жеткенге чейин ачык чабуулдарга айланышы мүмкүн экени айтылды. (израиль) булактары чабуулдардын биринчи этабы төрт күнгө созулушу мүмкүн экенин, муну өткөн жайда т.а. 2025-жылдын июль айында жүргүзүлгөн 12 күндүк согуштун уландысы катары баалашты. Ал эми америкалык булак учурдагы АКШнын аскерий кампаниясы болжол менен 10 күнгө созулушу мүмкүн экенин билдирди. «CBS телеканалына шилтеме кылып «Аль-Арабия», 28/2/26).

Эй, мусулмандар!

Бул жырткыч чабуул Иран Америка орбитасында айланып турган учурда ишке ашырылды. Иран Америкага Ирактагы жана Афганистандагы согушунда, ошондой эле аймактын көп бөлүгүндө кызмат көрсөткөн. Америка болсо ага карата ракета жана өзөктүк курал маселесин көтөргөн эмес. Тескерисинче, Обама 2015-жылы Европа мамлекеттеринин катышуусу менен Иранга 3,67% деңгээлде өзөктүк

энергияны байытууга уруксат берген келишим түзгөн. Ошол жылдары Иран Түркия сыяктуу эле ошол орбитада жүрүп келген.

Ал эми залим Трамп келгенде, Иран ага толук баш ийген, айтканын айткандай кылган, каалаганын аткарган көз каранды мамлекет болушун каалады. Ал башында Маскаттагы болжол менен беш раундга созулган сүйлөшүүлөр аркылуу алдоо жолун колдонду. Андан кийин Трамп жана яхудий вужуду тарабынан «он эки күндүк чабуулдар» деп аталган соккулар жасалды. Чынында да ушундай болду. Трамп Ирандын үч өзөктүк объектисин бутага алганын жарыялап, Америка соккусу ийгиликтүү болгонун билдирди. Ал Фордоу, Натанз жана Исфахандагы өзөктүк мекемелер бутага алынганын айтып, Иранды тынчтыкка келип согушту токтотууга чакырды. Өз кезегинде АКШнын коргоо министри Берт Хегсет Американын соккусу Ирандын өзөктүк амбицияларын жок кылганын билдирди. (BBC, 22/06/25).

Бирок, бул чабуулдар Иранды орбитада айланган мамлекеттен толук көз каранды мамлекетке өзгөртүүгө жеткен жок. Тескерисинче, аз болсо да орбитадан бошонуу тууралуу үндөр чыга баштады. Ошондуктан Америка кайрадан сүйлөшүүлөр аркылуу айла-амал кылууга кайтып, ошол эле маселелерге б.а. Ирандын ракета жана өзөктүк куралдарын куралсыздандырууга көңүл бурду. Биринчи жолу беш раунддан кийин чабуул жасалгандай эле, бул жолу да үч раунддан кийин чабуул болду.

Эй, мусулмандар!

Мусулман өлкөлөрүндөгү башчылар кафирлерге берилгендиктин коркунучун түшүнүшпөйт. Ал бул дүйнөдө кордук, акыретте оор азап экенин аңдашпайт:

﴿الَّذِينَ يَتَّخِذُونَ الْكَافِرِينَ أَوْلِيَاءَ مِنْ دُونِ الْمُؤْمِنِينَ أَيَبْتَغُونَ عِنْدَهُمُ الْعِزَّةَ فَإِنَّ الْعِزَّةَ لِلَّهِ جَمِيعاً﴾

***«Алар момундарды коюп, кафирлерди дос тутушат, эмне, алар ошол кафирлердин жанынан күч-кубат издешеби?!*** *(Убара болушат!)*. ***Анткени бардык күч-кубат Аллахка таандык».*** (Ниса: 139).

Алар кафир мамлекеттер үчүн эң биринчи өздөрүнүн кызыкчылыктары маанилүү экенин, алар күнү-түнү Исламга жана мусулмандарга душмандык сактаарын түшүнүшпөйт. Эгер алар таасир астында же аларга кызмат кылган бир мамлекетке ыраазы болуп көрүнсө, бул аларга жакшылыкты каалаганынан эмес, ичинде жамандык сактап, аны кийин ачык көрсөтүшү үчүн кылышат.

Эгер, бул башчылар — АКШнын огунда айлангандар болобу же түздөн-түз кызмат кылгандар болобу — Америка өз кызыкчылыгы талап кылганда аларды жок кылуудан тартынбастыгын түшүнүшсө, тарыхтагы окуялардан сабак алышмак. Анткени канчалаган малайлар өз милдети бүткөндөн кийин кулатылган. Эгер, алар акылдуу болгондо

кафирлерди данектин кабыгын түкүргөндөй четке кагышмак, бирок алар дүлөй, тилсиз жана сокур, алар кайра кайтышпайт.

Алардын колонизатор кафирлерге болгон берилгендиги ушунчалык деңгээлге жеткендиктен, алардын кайсы бир өлкөсүнө кол салынса, башкалары жардамга да келбейт. Болгону алардын «мыктысы» өлгөндөр менен жарадарларды санап коюу менен чектелет. Иранга каршы чабуулда болуп жаткан көрүнүш да ушундай.

Эй, мусулмандар!

Силердин иззатыңар өз мамлекетиңер – Халифалык мамлекетинин кайра кайтышында. Чынында, өз элине калп айтпаган жетекчи болгон Хизб ут-Тахрир Аллахтын уруксаты менен исламий жашоону кайра баштоо үчүн Халифалык мамлекетин тикелөө жолунда олуттуу жана ыкластуу иш алып барууга өзүн арнады. Ал чындыгында өз элине калп айтпаган жетекчи, анын тазалыгы айкын, анын тазалыгын көтөрө албагандар андан алыс болушат. Биз аны ушундай деп эсептейбиз жана аны менен бирге иштеп жаткан бардык жигиттерди да олуттуу аракет кылган, тырышчаак, ыкластуу амал кылган адамдар деп билебиз. Алар Аллахтын уруксаты менен акыретти дүйнөдөн да артык көрүп умтулушат. Алар күнү-түнү тынымсыз аракет кылып, Аллахтын убадасы жана Пайгамбарыбыз ﷺ берген сүйүнчүсү алардын колдору аркылуу ишке ашышын үмүт кылышат. Бул Аллах үчүн кыйын эмес.

Мына ушул нерсе Үммөттү куткарат, ага кайра иззат берет, күч-кубатын арттырат жана душмандарын ага кол салуудан мурун миң жолу ойлонууга мажбур кылат. Бул Халифалык мамлекетинин кайра кайтышы менен гана ишке ашат. Ошондо жер жүзү анын жакшылыгы жана адилеттиги менен нурланат. Халифалык мурда кайсарлар менен кисролордун текеберлигин жок кылгандай эле, алардын жолун жолдогон зөөкүр Трамп жана ага окшогон колонизатор кафирлердин текеберлигин да жок кылат.

Ал эми яхудий вужуду болсо өзүнчө эсепке алынарлык күч эмес. Ал тууралуу Аллах Таала айткан:

﴿لَنْ يَضُرُّوكُمْ إِلَّا أَذًى وَإِنْ يُقَاتِلُوكُمْ يُوَلُّوكُمُ الْأَدْبَارَ ثُمَّ لَا يُنْصَرُونَ﴾

***«Алар силерге азар берүүдөн башка эч кандай зыян жеткире алышпайт. Эгер силер менен согушса, аркаларына карап качышат. Кийин аларга** (эч ким тарабынан)* ***жардам берилбейт».*** (Али Имран: 111).

Ал мусулмандарга өз алдынча туруштук бере албайт, анткени ал кафирлердин колдоосу болбосо, согушууга жарактуу эмес. Бул тууралуу Кудуреттүү Аллах айткан:

﴿ضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ الذِّلَّةُ أَيْنَ مَا ثُقِفُوا إِلَّا بِحَبْلٍ مِنَ اللَّهِ وَحَبْلٍ مِنَ النَّاسِ﴾

***«Эгер, алар Аллахтын жана адамдардын коргоосунда болушпаса, албетте аларга каерде болушпасын, кор-зарлык жазылып коюлду».*** (Али Имран: 112).

Алар Аллахтын арканын үзүштү, эми аларга адамдардын арканы гана калды, ал Америка, Европа жана мусулман өлкөлөрүндөгү саткын башчылар. Бул башчылар яхудий вужудунун жырткыч чабуулуна каршы эч нерсе кылышпайт.

Демек, бүгүнкү күндө маселе мусулман өлкөлөрүндө түзүлгөн режимдерде. Алардын башчылары Ислам жана мусулмандардын душманы болгон колонизатор кафирлерге берилген. Ошондуктан мусулмандардын чоң кайгысы өз башчыларында. Алар Аллахка берилгендин ордуна, кафир колонизаторлорго баш ийип, алардын буйругун аткарып, тыюусун кабыл алышат. Алар Аллахтын өкүмдөрүн орнотуп, Анын жолунда жихад кылуунун, Пайгамбарыбыз ﷺга ээрчүүнүн ордуна ушундай кылышууда. Ошондо Ислам жана мусулмандар иззатка жетип, куфр жана кафирлер кор болот. Аллах Таала айткан:

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллах жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси».*** (Рум: 4–5). ❑

# ӨЗГӨРҮҮДӨ РЕЖИМДИ ТҮП-ТАМЫРЫ МЕНЕН ЖОЮУ

**Устаз Исам аш-Шейх Ганим**

Көркөм сөздөргө карабастан, башкаруу же бийлик же мамлекет эң оболу бийликтин каалаганын ишке ашыруучу, атаандашы жок үстөм жана мажбурлоочу күчкө ээ болууну талап кылат. Ар бир үммөттө башкаруу анын чыныгы коргоочусу болгон үммөт аркылуу гана бекем болот. Башкаруунун бекемдиги үммөт өз пикирлери жана максаттарынан канчалык деңгээлде алыстаса, ошончолук даражада алсырай берет. Биздин өлкөлөрдө 1924-жылдан кийин бийлик Курандан толугу менен ажырап кеткен. Башкача айтканда, Куран бир өрөөндө, бийлик башка өрөөндө калды. Ал тургай ал Куранга түздөн-түз каршы келип, душманга айланды. Башкаруу режимдери бул чындыкты жашырууга аракет кылышат, бирок окуялардын көп учурларында ачыкка чыккан бул чындыкты жашыруу кыйын.

Башкаруу же бийлик кандай түрдө болбосун, акыры белгилүү бир багытка жана белгилүү саясий ыктоолорго бириккен адамдар тобу аркылуу көрүнөт. Алар белгилүү бир тарикат негизинде уюшуп, топтолуп, акыры бийликке айланышат, башкача айтканда жетекчилерге, башчыларга, таасирдүү жана салмактуу адамдарга айланышат. Ушундай абалга жеткен соң, алардын бийлиги алардын уюшуу жана топтолуу тарикатына айланып, бутактарын улам кеңейтип, үммөттү толук көзөмөлгө алууга умтулат. Башкача айтканда, жетекчилик жана башкарууда ага эч ким атаандаш болбошу үчүн жана анын башкаруусуна эч ким тоскоол болбошу үчүн аракет кылат. Максаты үммөттү өзү белгилеген багытка жетелөө жана ошол багытты алардын түзүлүшүнүн ажырагыс бөлүгүнө айлантуу.

Эгер коом адамдар жана алардын өз ара мамилелери десек, анда ошол мамилелердин башында турган бийлик адамдарга пикирлерди сиңирип, ошол пикирге ишендирүүнү каалайт. Ошондо үммөт ишеним-ыйтикад жагынан бийликтин үммөтүнө айланат. Ошондой эле ал үммөттүн жүрөгүндө мекен, мекенчилдик, калк, улутчулдук сыяктуу туйгуларды жаратып, аларды сиңирүүгө аракет кылат. Ошондо үммөт бийлик кайсы тарапка оосо, ошол тарапка ооп турат. Бул башкаруунун уланышын камсыз кылуу жана үммөттүн өзү бул бийликти коргой

турган абалга жетиши үчүн жасалат. Башкача айтканда, башкаруу режими өзүнүн пикирий деңгээлине жараша мүмкүн болушунча үммөттү өз ишенимдерине ынандырып, өзү кайсы жакка оосо ошол жакка оодурууга аракет кылат.

Биздин өлкөлөрдө бийлик үммөткө батыштык секулярдык багытты таңуулап жаткандыктан, бул секулярдык багыт мекенчилдик, улутчулдук, социалисттик же башка кандай гана кабыкка оролбосун, үммөттүн пикирлерине жана майилдерине каршы келет. Үммөттүн аң-сезими канчалык жогору болсо жана өзгөрүү үчүн иш алып барган аң-сезимдүү кыймылдар канчалык күчтүү болсо, үммөт менен бийлик ортосундагы карама-каршылык да ошончолук даражада ачыкка чыга берет. Бүгүнкү Ислам үммөтү таптакыр бул бийликтин коргоочусу эмес, тескерисинче, ага каршы туруп, анын кара күнүн күтүп турат. «Араб жазы» учурунда элдер өзгөрүү үчүн көтөрүлгөндө, бийлик өз кожоюндары берген жардам аркылуу элге каршы күч менен жооп берди. Натыйжада үммөт менен бийликтин ортосундагы ажырым дагы да тереңдеди. Бийлик болсо айланып өтүү, алдоо, бурмалоо жана зомбулук аркылуу гана өзүн сактап калган, эч кимге чындап өкүлчүлүк кылбаган бөтөн бир түзүлүшкө айланды.

Өлкөлөрүбүздөгү ар бир режимдин өз ара айырмачылыктарынын деталдарын, башкаруу системасынын кандайча түзүлгөнүн, анын жергиликтүү шарттарын жана бул түзүлүшкө таасир эткен эл аралык жиптерди түшүнгөнүбүз менен, бул жерде убактысын кийинкиге калтырып, бир гана жалпы мүнөздөмө менен чектелебиз жана айтабыз: бул бийликтин же башкаруунун адамдары – өз бийлигин сактап калуу үчүн түн уйкусунан кечкен мамлекеттик адамдардын тобу. Анткени алар үчүн ар түрдүү кызыкчылыктар бар: жетекчилик жана башчылык ырахаты, көп сандагы адамдарды өз багытына мажбурлап ээрчитүү ырахаты, ошондой эле Батыш аларга жүктөгөн көзөмөл жана сакчылык милдетин аткарууда ийгиликке жетүү ырахаты. Бул милдет Ислам менен күрөшүү, аны бийликке келтирбөө жана Батыштын таасирин сактоо. Ошондой эле бул “кароолчулар” сактап калууну каалаган эң чоң сыйлык же акы бар, ал каржылык жана бийлик бузукулугуна чөмүлүү жана бул өтмө дүйнөнүн ырахаттары менен жашоо.

Эгер күтүлгөн өзгөрүү жүз берсе, анда бул бийлик өзүнө таянып турат деп ойлогон күчтүү бир катмар ага каршы чыгып, кырдаалды бир заматта өзгөртөт. Эгер бул катмар алгачкы күндөрдө жаңы абалды бекемдөөгө жетишип, эски бийликтин башка күчтөрдү топтоп, мурдагы абалга кайтарууга жол бербесе, анда эски бийлик жеңилген болот жана Ислам жаңы бийлик катары бекемделе баштайт. Мындай учурда жаңы бийликтин эң шашылыш милдети эски бийликтен дароо арылуу болот.

Эски бийликтин мүмкүнчүлүктөрүн кыймылсыз абалга келтирүү автоматтык жана өзүнөн-өзү боло турган иш деп ойлогон адам жаңылат. Тескерисинче, бул өтө татаал милдет. Эгер ал туура аткарылбаса, кулатылган бийликтин калдыктары кайрадан биригиши мүмкүн. Ошондуктан дароо жана шашылыш чаралар көрүлүшү зарыл. Анын эң төмөнкү деңгээли кулатылган режимдин жан-жөкөрлөрүн катуу көзөмөлгө алып, кандай гана аракет болбосун анын алдын алып, аны башында эле жок кылууга жөндөмдүү болушу керек. Бирок суроо туулат: кулатылган режимдин кайсы жан-жөкөрлөрү толук көзөмөлгө алынышы керек? Алар кандай катмарларга бөлүнөт?

Бул макала режим өкүлдөрүн эки бөлүккө бөлүүнү сунуштайт: биринчиси – режимдин адамдары, экинчиси – алардын жардамчылары. Ошондой эле саясий режимдин калың сөңгөгү бар жана ар түрдүү бутактарга бөлүнгөн даракка окшош. Бул бутактардын айрымдары күчтүү, айрымдары алсыз, ошондой эле анын майда бутактары жана тамырлары бар. Ушуга негизделип, биз режим дарагындагы ар бир бөлүк менен катмарга мүнөздөмө берип, алардын коркунуч деңгээлин түшүндүрөбүз, ошондой эле аларга каршы көрүлө турган чараларды жана алардын убакыт чегин баяндайбыз.

Ал эми сөңгөк болсо – бул режимдин өзөгүн түзгөн, анын негизин түзгөн адамдар. Булар режимсиз жашай алышпайт. Эгер режим куласа, алар кайра аны калыбына келтирүүнүн жолдорун табуу үчүн чогулуп, кеңешишет. Башкача айтканда, булар режимдин саясий чөйрөсүндөгү эң бекем, эң туруктуу өзөк болуп саналат. Бул адамдардын тизмеги, алгачкы мууну жок болуп, кийинки муунга өтсө да, өзүнүн секулярдык багытында жана Исламга болгон душмандыгында өзгөрүүсүз калып, муундан муунга жашыруун түрдө өтүп келет, Батыш менен байланышы

барбы же жокпу – айырмасы жок. Демек, бул катмар өз алдынча аракет кылууга, катарларын кайра уюштурууга жөндөмдүү. Бул күчтүү адамдар тобу режимдин өзү болуп эсептелет жана биздин өлкөлөрдө Батыштын таасир жүргүзүүсү жана кеңейиши үчүн негизги таяныч болуп саналат.

Булардын саны ар бир өлкөгө жараша айырмаланат: кичине өлкөлөрдө, мисалы Ливия же Йеменде жүзгө жакын, ал эми чоң өлкөлөрдө, мисалы Мисир же Пакистанда миңге чейин жетет. Бул адамдар режимдин башка өкүлдөрү жана саясий чөйрөсү таянган негизги тирек болуп эсептелет. Алар бардык бутактар үчүн негизги таяныч жана чечим чыгаруучу борбор болуп саналат. Алардын күчү, акылы жана салмагы ушунчалык күчтүү болгондуктан, керек болсо Батыш менен байланышпай эле режимди коргоо үчүн өз алдынча аракет кыла алышат. Алар ар бир режимдеги күч борборлорун түзүшөт. Мына ушулар менен өзгөрүүнүн алгачкы сааттарында катуу мамиле кылуу зарыл жана алардын басымдуу бөлүгү менен иш алып баруу өзгөрүүнүн алгачкы үч күнүндө аякташы керек. Ал эми режим дарагынын бутактары – бул биринчи бөлүктөгү адамдар тарабынан режимди сактоо үчүн кызматтарга коюлган адамдар. Мисалы, коопсуздук түзүмдөрүнүн жетекчилери, министрлер, валий же губернаторлор жана ушуга окшогондор. Негизи булардын кызматтары режим кулаганда бүтүп, өзү да кулашы керек, башкача айтканда алар кызматкерлер. Бирок режим өкүлдөрү менен узак убакыт иштеши жана алардын жашоосу менен кызыкчылыктары режимге байланганы себептүү, алар режимдин ажырагыс бөлүгүнө айланып калышкан. Бул адамдар биринчи бөлүктөгү, башкача айтканда «сөңгөк» болгон режим адамдарынын каалаган белгиси менен абалды мурдагысына кайтарууну үмүт кылып, жаңы режимге каршы аракет кыла алышат. Алар өз алдынча иш алып барышпайт, күчтүү режим адамдарынын көрсөтмөсү менен гана аракет кылышат, өздөрү өз алдынча каршы иш-чараларды пландаштырууга батына алышпайт, алар жогоруга көз каранды. Бирок бул алардын коркунучун азайтпайт.

Эгер бул катмардагы адамдарды режим өкүлдөрү Батышка алып чыгып, аларга секуляризмди үйрөтүп, аны жайылтуу жана сактоо үчүн өз министрликтери жана мекемелери аркылуу уюштурса, анда бул катмардагы күчтүү бутак менен алсыз бутакты айырмалоонун

эң негизги белгиси алардын Батыш менен байланышы болот. Ошондуктан өзгөрүү үчүн иш алып баргандар азыркы режимдеги Батыш менен байланышкан бардык борборлорду так билиши зарыл. Батыш сөзсүз түрдө армия жетекчилери жана коопсуздук түзүмдөрү менен байланышта болот. Бул байланыш борбор шаар менен гана чектелбестен, облустарга да жетет. Ошондой эле ал билим берүү сыяктуу негизги эмес министрликтер менен да байланышып, өзүнүн секулярдык фикратын жайылтуу жана аны Исламга каршы тоскоолдук кылуу үчүн колдонот. Демек, көңүл буруу зарыл болбогон алсыз бутактар – Батыш менен байланышы жоктор. Бул ар бир өлкөгө жараша айырмаланат, мисалы вакфтар, айыл чарба, транспорт жана байланыш сыяктуу министрликтер. Батыштын мындай алсыз бутактар менен байланышы техникалык же кесиптик колдоо гана болсо, анда аны да эске албоого болот, анткени Батыштын таасири өлкөлөрүбүздө кеңири жайылган. Башкача айтканда, жөн гана кызматкер бойдон калган алсыз тарап менен режимге жабышып, анын бир бөлүгүнө айланган негизги кызматкерди айырмалоо зарыл.

Бул күчтүү бутактарды түзгөн адамдар – борбордогу негизги жетекчилер жана алардын айланасындагылар, ошондой эле облустардагы жана райондордогу жетекчилер жана алардын айланасындагылар. Булар менен да дароо иш алып баруу зарыл: өзгөрүүнүн биринчи жумасында алардын башчыларынан баштап, андан кийинкилерине өтүп, экинчи ай башталганга чейин алардын үстүнөн толук көзөмөл орнотулушу керек. Мындай адамдар Мисир, Саудия же Ирак сыяктуу өлкөлөрдө он миңден кем болбойт. Ал эми режим дарагынын майда бутактары өтө көп сандагы адамдар: төмөн даражалуу офицерлер, коопсуздук кызматкерлеринин катардагы кызматкерлери жана кулатылган режимдин башка кызматкерлери. Булардын мааниси чоң эмес жана алардан кандайдыр бир коркунуч пайда болгонго чейин алар менен иш алып барууну кечиктирсе болот. Негизинен булар жөн гана кызматкерлер. Башкача айтканда, эгер кайсы бир уюм аларга мурдагы мамлекеттик айлыгынан жогору айлык же жакшыраак иш шарттарын сунуштаса, алар мурунку режимден баш тартышат. Бирок үммөт аларды көбүнчө режимдин негизги тиреги катары көрөт, анткени алар кызматтык милдети боюнча коопсуздук кызматкерлери катары элдин кыймылдарына каршы турушат жана

режимди коргошот. Жалпысынан булар коркунучтуу эмес, булар бийликтин өзү эмес, болгону анын жардамчылары. Бирок аларды кайрадан колдонууга жол бербөө үчүн узак мөөнөттүү жана катуу көзөмөлдө кармоо зарыл. Бул жардамчылар үммөт жана анын жаңы бийлигине тынчылык кылуу үчүн «очок» болуп кала беришет жана Батыш үчүн Ислам өлкөлөрүндө сатып алууга эң арзан товар болуп саналат. Алардын айрымдары үммөттүн күч-кубаты көрүнгөндө өзгөрөт, ал эми башкалары көп жылдар бою көнүп калган жаман чөйрөсүн сагынып, ага кайра кайтууну каалай беришет.

Бийликтин жан-жөкөрлөрүнүн акыркы бөлүгү – биз «тамырлар» деп атаган бөлүк калды. Бул бөлүк үммөт ичинде кеңири жайылган, башкача айтканда бардык шаарларда жана айыл-кыштактарда бар болушу – анын эң чоң коркунучу. Алардын айрымдары таптакыр мамлекеттик кызматкер болбошу мүмкүн, өзүнүн башка иштери бар, бирок ошого карабастан бийликти жан аябастан коргойт, бул анын ага болгон ишенимин билдирет.

Аларды кантип таануу боюнча мындай сунуш кылынат: алар бийликти коргоо үчүн өз ыктыяры менен чыгып, эч ким тапшырма бербесе да аны жактап, жардамга шашкан адамдар. Бул алардын кызматынан же кирешесинен ажырап калгандыктан эмес, тескерисинче, режим алардын ишенимдерин жана багыттарын чагылдырып тургандыктан ушундай кылышат. Эл бул «тамырларды» тааныйт жана аларды коомдогу режимдин акыркы өкүлдөрү, башкача айтканда режимдин борбордук күчүнө жакын турган катмар катары көрөт.

Болжол менен бул катмар үммөттүн миңден экисин түзөт, бул сан аймакка жараша бир аз көбөйүп же азайышы мүмкүн. Бул адамдар коркунучтуу жана Исламга жана анын башкаруусуна душман болгондор. Анткени алардын мүнөзү алар намаз окуп, орозо кармашса да, секулярдык же улуттук негизде калыптанып, тамырлашып кеткен. Алар Исламды саясатка кийлигишүүгө укугу жок дин катары көрүшөт. Аларды ар түрдүү исламий топторго карата катуу душмандык мамилесинен таанууга болот. Режим өкүлдөрү үммөт ичинде таасир жүргүзүүдө дал ушул катмарга таянышат, алар мамлекеттик кызматкер болбосо да, андан пайда көрбөсө да, ал тургай оппозицияда болсо да. Анткени ар бир режимдин өзүнө окшош, ошол эле табияттагы оппозициясы болот.

Эгер абал өзгөрүп, тескери шамал соксо, булар Исламды бийликтен кулатуу үчүн ыктыярчылардын алдыңкы сабында турушат. Ошондуктан алар менен да иш алып баруу зарыл. Өзгөрүү башталган алгачкы үч айдын ичинде аларды аныктап, катуу көзөмөлгө алуу керек, ар кандай аракетти башында эле басуу харыл. Ушундай иш алып баруу бул катмарга карата эң аз чара болуп эсептелет. Исламды колдонуу жана анын коомго жайылышы ийгиликтүү болушу үчүн, бул катмардагы адамдардын коомдогу абрую же таасири сакталбашы керек. Ошондуктан Ислам бекемделип, анын өкүлдөрү көрүнгөнгө чейин, ал тургай эң алыскы айылдарда да, аларга кандайдыр бир коомдук иштерди жүргүзүүгө кескин түрдө тыюу салуу зарыл.

Бул макала Батышка көз каранды бийликтин «рак» сыяктуу көрүнүшүн, башкача айтканда анын жетекчилерин, башчыларын жана мамлекет менен коомдогу салмактуу, таасирдүү адамдарын түп-тамырынан жоюу үчүн ушундай кадамдардан баштоону сунуштайт. Ошондой эле өзгөрүү башталаары менен секуляризм «рагынын» да толук жоюлушун, бул кара катмарлар кайрадан жанданып, жаңы Ислам бийлигине каршы чыгышы мүмкүн болгон күл астындагы чок болуп калбашын талап кылат.

Жогоруда айтылган үч катмардагы бийлик өкүлдөрү Аллахтын дининин үстөм болушуна тоскоол болгон бекем тосмо экендигин так жана даана түшүнүү керек. Алар биздин өлкөлөрдө Батыштын алдыңкы катардагы өкүлдөрү, «Лаа илааха иллаАллах» сөзүнүн үстөм болушуна жол бербөө үчүн күнү-түнү аракет кылган негизги күч. Ошондуктан Аллахтын сөзү үстөм болушу үчүн бул негизги күч менен дароо жана чечкиндүү түрдө иш алып баруу зарыл. Анын «сөңгөгү» менен дароо, күчтүү бутактары менен ыкчам иш алып баруу, тамырларын болсо кечиктирбей жулуп салуу керек. «Баргыла, силер боштондукка чыгарылдыңар» деген пикирге таянуу бул жерде туура эмес, анткени зомбулукка негизделген, үммөттү басмырлап, ага куфрду таңуулаган жана Исламдын үстөм болушуна тоскоол болгон бийлик менен мындай мамиле кылуу туура эмес.

Бул бийликтин өкүлдөрү жогорудагы катмарлары менен үммөттүн бир бөлүгү эмес, алар Исламдын душмандары жана Исламга каршы күрөштө кафирлер менен бирге биринчи катарда турган адамдар. Ошондуктан аларга жумшак мамиле кылууга

болбойт. Мисирде Абдельфаттах ас-Сисинин Мухаммад Мурсиге кылган катуу мамилесин көрдүңөр, дагы башка мисалдарды да көрдүңөр. Ошондуктан, аларга карата катуу жана өзгөчө өкүмдөр колдонулушу керек. Мындай мамиле кандай ишке ашырылаары тууралуу сөздөрдөн көрө, болгон окуяларды баяндап берген жаңылыктар жакшыраак түшүндүрүп берет.

﴿وَيَقُولُونَ مَتَىٰ هُوَ ۖ قُلْ عَسَىٰٓ أَن يَكُونَ قَرِيبًا﴾

***«Али алар «Ал качан болот?» деп (сурашат). Балким жакында болоор», деп айткын!»*** (Исра: 51). ❑

# «РЕФОРМА» МЕКТЕБИНИН ДИЛЕММАСЫ: ИСЛАМГА КАРШЫ СВЕТТИК ВАКЫЙЛЫКТЫ ЖАМОО АРАКЕТИНДЕГИ КРИЗИС

**Профессор Мунажи Мухаммад**

Өткөн кылымдын акырында исламий пикирге жана исламий сакофатка каршы пикирий жана аң-сезим согушу кооптуу нукка өттү. Батыш исламий мабданы жок кылуу мүмкүн эмес экенин түшүнгөндөн кийин, ислам түшүнүктөрүн бузуу аракеттерин тездетти. Максаты – өзүнүн секулярдык пикиринин жыйынтыктарын исламий пикир катары таңуулоо. Муну менен кайра жанданган жана активдүүлүгүн кайтарып алган исламий пикирге каршы туруу.

Бул бузуу аракеттеринин эң кооптуу куралдарынын бири катары философиялык жана секулярдык чөйрөдө «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо деген түшүнүк киргизилди. Ушунун менен бирге билим тармагына жана ислам менен болгон пикирий күрөш майданына билим миналары коюлуп, пикирий жана сакофий көйгөй эгилди. Натыйжада, анын таасири астында ислам уулдары арасында бурмаланган аң-сезимдер, ушул философияга негизделген пикирий аракет жана мектеп, ошондой эле анын жыйынтыктарына ылайык «реформачыл» деп аталган саясий иш-аракет пайда болду.

Биз бүгүн светтик куфр системасы секулярдык пикир куралдары менен, ошол эле секулярдык системанын ичинде «оңдоого» аракет кылганына күбө болуудабыз. Мындай пикирий-сакофий аракетке жана саясий кыймылга туш болуп турганыбыз ачуу чындык. Бул аракет үч чоң көйгөйдү өзүндө камтыйт: оңдолушу мүмкүн болбогон нерсени оңдоо аракети, өзгөртүлүшү керек болгон нерсени сактап калуу жана секулярдык куфр эрежелери менен ошол эле секулярдык капастын ичинде ой жүгүртүү. Натыйжада секуляризм кайрадан система, режимдер, пикир жана ой жүгүртүү катары кайра өндүрүлүүдө. Бул пикирий аракет жана саясий кыймылдын айлампасы бүгүн да уланып, ар кайсы убакта «реформа» деген ат менен банкрот болгон секулярдык системаны кайра айлантуу үчүн колдонулууда.

Бул «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо деп аталган долбоорду, ошондой эле анын негизинде пайда болгон реформачыл кыймылдарды изилдеген эмгек. Анда ушул билим берүү мектебинин кризиске учураган үлгүлөрү ачыкталат.

- Биринчи: манхаж жана ыкма.

Ислам өлкөлөрүндө «реформа» идеясы Батыштын секулярдык сакофий баскынчылыгынын куралы катары өсүп чыккан. Анын уругу –

батыштык ориентализм болуп, ал исламий жашоонун негиздерине сокку урууга, шариат өкүмдөрүн бурмалоого, секулярдык пикирдин үрөөнүн себүүгө жана «реформа» деген ат менен секулярдык сакофатты жана Батыш цивилизациясын кабыл алуу үчүн жол ачууга негизделген. Бул «реформа»га жамынган баскынчылык ыкмаларынын бири болуп саналат. Батыш ориенталисттик мектеби айрым мусулмандарды жана христиандарды өз кучагына алып, аларды исламий жашоону бузуу үчүн алдыңкы катарга кое алды. Алар исламий пикирге жана сакофатка күмөн салуу, исламга зыян жеткирген ориенталисттердин күмөнүн жайылтуу жана батыштык секулярдык пикирдин уулуу идеяларын кооздоп көрсөтүү менен алектеништи.

Ориентализмдин үрөөнүнөн жана секуляризмдин мусулман өлкөлөрүнө жана алардын аң-сезимине жасаган баскынчылыгынан келип чыккан алгачкы жаман мөмөлөрдүн катарында: азхарлык Рифаа ат-Тахтави, Афгани жана анын шакирти Мухаммад Абдух, ошондой эле Рашид Рида бар. Алардын бардык пикирий жана саясий аракеттери мусулмандардын жашоосун секулярлаштырууга багытталган эле. Бул болсо мусулмандардын артта калган абалын «оңдоо» деген ат менен, Батыштын секулярдык пикирий жана саясий системасынан, анын цивилизациясы менен маданиятынан пайдалануу аркылуу ишке ашырылмак.

Ал эми секулярдык система өз өлкөлөрүндө жана өзгөчө мусулман өлкөлөрүндө кыйраткыч түрдө ийгиликсиздикке учурап, хазарий банкротко кабылды. Ислам негизиндеги өзгөрүү шамалдарынын согушу, өз пикиратын жана тарикатын бириктирген долбоору аркылуу туура жол табуусу, таза жана анык ислам долбоорун көтөргөн аң-сезимдүү жана ихлас жигиттердин пайда болушу менен абал өзгөрдү. Мунун натыйжасында, колонизаторлордун курал жана каражат катары аларга кызмат кылган режимдер аркылуу жүргүзүлгөн жумшак сакофий баскынчылык абалы, катаал цивилизациялык согушка жана өтө курч пикирий жана аң-сезим согушуна өттү. Бул согуш исламий пикирдин күчүнө жана үстөмдүгүнө каршы айлакер, ыплас ыкмалар менен жүргүзүлүп, «реформа» деген аталыш астында, бирок мазмуну мурдагыдан да жашыруун, уулуу, кыйратуучу жана бузук мүнөзгө айланды.

Секулярдык сакофий ийгиликсиздик жана Батыш цивилизациясынын кыйроого учурашы, ошондой эле исламий пикирдин кайрадан үстөмдүккө жетип, жеңишке жетүүсүнүн алдында Батыш түздөн-түз исламга чабуул кылуунун ордуна, бурмалоо, жасалмалоо жана жасалма айкалыштырууну пикирий жана аң-сезим согушунун куралы катары колдонду. Башкача айтканда, исламий түшүнүктөрдү бурмалап, аларды

Батыштын секуляризми менен шайкеш келгидей кылып кайра түзүп чыгуу, ошондой эле секулярдык түшүнүктөрдү исламий кабык менен боёп, аларды кайрадан кабыл алынышына жетишүү үчүн жасалмалоо жана айкалыштыруу менен алек болду.

Батыш өзүнүн секулярдык сакофий баскынчылыгында жаңы услубду жана сакофий-хазарий согушунда жаңы куралды ойлоп тапты. Бул «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо деп аталды. Бул секулярдык уулуу түшүнүктөрдү өткөрүү үчүн психологиялык тоскоолдуктарды бузууга багытталган кооз ураандар эле. Бул термин биринчи жолу өткөн кылымдын 1980-жылдарында пикирий талаада пайда болуп, кийинчерээк өзүнчө пикирий аракетке, жаңы «реформачыл» мектепке жана (секулярдык) реформанын экинчи толкунуна айланды.

«Реформа» (секулярдык сакофий баскынчылык) – бул башка манхаж жана ыкма. Анын мааниси секуляризмди «исламдаштыруу» аркылуу ишке ашыруу. Бул ачык-айкын сакофий бурмалоо жана Батыштын секулярдык пикири исламий пикирден жана исламий сакофаттан тамыр алган деген жалган доомат. Чынында болсо, бул – ислам уулдарын алдоо жана адаштыруу аркылуу Батыштын секуляризмин кайрадан сакофий баскынчылык катары таңуулоо процесси. Ошол эле учурда бул нерсе «ижтихад», «жаңылануу» жана заманбап маселелерге жооп берген исламий пикирди жаратуу катары көрсөтүлөт.

Пикиратты бузуу:

«Билимди исламдаштыруу» долбоору өзүнүн ичинде исламдаштырыла турган кандайдыр бир билим бар экенин алдын ала болжолдойт. Демек, сөз исламий билим тууралуу эмес, анткени андай болсо «исламдаштыруу» тууралуу сөз кылуу маанисиз болуп калат. Ошондуктан сөз анык түрдө исламдын билим аймагынан тышкаркы билим тууралуу болуп жатат. Батыштын секулярдык системасы жана анын сакофаты биздин жашообузда үстөмдүк кылып тургандыктан, исламдаштырууга тийиш болгон билим дал ошол Батыштын секулярдык билими болуп саналат. Бул жерде «исламдаштыруу» – Батыштын өзүнүн кыйроого учураган, ийгиликсиз секулярдык продуктусун кайра жандандырып, айлантууга багытталган долбоору жана планы. «Билимди исламдаштыруу» тактап айтканда, мазмуну жана маңызы өзгөрбөгөн, секулярдык сакофий өзөктү сактап, анын үстүнө исламий терминологиялык кабык жабуу дегенди билдирет.

«Билимди исламдаштыруу» долбооруна катышкан адамдардын бири – Вашингтондогу Эл аралык исламий пикир институтунун жетекчиси жана Түндүк Америка фыкх кеңешинин төрагасы Таха Жабир ал-Алвани «Исламий пикирди реформалоо: мүмкүнчүлүктөр жана

тоскоолдуктар» аттуу изилдөөсүндө бул долбоордун манхажы жана ыкмасы тууралуу айтып, анын чыныгы маңызына токтолот. Ал «долбоордун максаты Батыштын эскирген, начар абалга келген секулярдык философиясын жана пикирин исламий пикир жана сакофат менен азыктандырып «жандандыруу» экенин баяндайт. Максат аны кайрадан даярдап, исламий пикирий жана сакофий талаада жайылтуу, аны «исламий пикирди жаратуу, түзүү жана жаңылоо» катары көрсөтүү, артта калуу абалынан чыгуу жана бузулган абалды оңдоо болуп саналат.

Ал мындай дейт: «Ошондуктан Эл аралык исламий пикир институту өз мойнуна алган жана жайылтууга аракет кылган маселе пикир манхаждарын реформалоо жана билимдин исламийлигин (аныктоо) болду. Бул бүгүн күч менен өзүн таңуулап жаткан маселелердин бири болуп саналат жана институттун көз карашында заманбап, интегралдуу исламий цивилизациялык долбоордун эң маанилүү негиздеринин бири болуп эсептелет. Ал Батыш цивилизациялык долбооруна альтернатива катары сунушталат. Анткени бул долбоор менен болгон ар кандай өз ара аракеттенүүдө ал биздин үммөттү чоң кыйынчылыктарга дуушар кылды. Себеби ал үммөттүн акыйдасына каршы келет, анын психологиялык жана коомдук теңдемин эске албайт жана анын тарыхый цивилизациялык инсандыгын көз жаздымда калтырат».

Андан соң бул долбоор ар кандай «исламдаштыруу» жамынчылары менен жамынганына карабастан, өзүнүн жийиркеничтүү батыштык секулярдык жүзүн ачык көрсөтөт. Вашингтондогу исламий пикир институтунун жетекчиси Таха Жабир ал-Алвани мындай дейт: «Бул долбоордун көз карашында, ар кандай исламий оңолуу жана жогорулоо мусулмандардын пикир манхаждарын оңдоодон башталат, ошондой эле исламий сакофий тутумду куруу (башкача айтканда, пикир дүйнөсүн оңдоо жана тазалоо) аркылуу исламий асылдыкка жетишүү, цивилизациялык көз карашты тууралоо жана асылдыкты өзүнө сиңире алган, заманбаптыкты өздөштүрүп, аны менен айкалыштыра алган акылды калыптандыруу максат кылынат. Бул экөөсүн бириктирип, заманбап, интегралдуу исламий цивилизациялык долбоорду түзүү көздөлөт, ал пикир кризисинен жана анын элестеринен, манхаж каталарынан жана алардын бурулуштарынан арылган болушу керек… Айрыкча исламий пикир манхаждарын оңдоо жана билимди исламдаштыруу маселеси маанилүүлүгүнө жана кооптуулугуна карабастан, жетиштүү көңүлгө алынган жок жана мусулмандардын жашоосунда таасирдүү деңгээлге жеткен жок. Албетте, аракеттер болгон, бирок алар жеке аракеттерден ашкан эмес».

Демек, «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо деген «реформа» маселесинин кыскача маңызы жана максаты – мусулмандар четке каккан Батыш секуляризмин кайра сиңирүү, аны исламий «даам» менен аралаштырып, кайра кабыл алына тургандай кылып көрсөтүү. Бул нерсени Вашингтондогу исламий пикир институтунун жетекчиси «негизди алуу, модернизмди өздөштүрүү жана экөөсүн бириктирүү» деп атаган.

Өткөн кылымдын аягында Батыш жарыялаган пикир жана аң-сезим согушу менен бирге, ал адаштыруунун жаңы ыкмаларын жана механизмдерин ойлоп тапты. Алар секуляризмди ичинен, эрежелерин кошуп сындоо идеясына таянды, мунун максаты анын эскирген түзүлүшүн кайра оңдоо жана мусулман өлкөлөрүндө ушул идеяга негизделген мектептерди көчүрүп чыгаруу болду.

Ушундайча «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо мектебинин «реформачылары» Батыштын секулярдык пикирин сындоочулар катары көрсөтүлдү. Бирок алардын сыны секуляризмди жокко чыгаруу же андан арылуу эмес, тескерисинче, Батыштын секулярдык философиясында пайда болгон аракеттин уландысы жана аны ээрчүү болду. Бул аракеттин максаты секуляризмдин олуттуу кемчиликтерин жана кризистерин оңдоого аракет кылуу эле. Анткени ал курч жана бузгунчу сакофий бурулушка кирип, акырында баалуулуктардан жана ахлактан ажыраган толук нигилизмге (бардык ахлакый баалуулуктардан баш тартууга) жеткен.

Секуляризмге карата алгачкы сын-пикирлер таза батыштык болгон жана Франкфурт мектебинен башталган. Бул XX кылымдын башында Германияда пайда болгон батыштык секулярдык философиялык-сакофий аракет болуп саналат. Ал Биринчи дүйнөлүк согуштун соккусунан жана Батыш секуляризминин адамзат маселесин чечүүдөгү чоң ийгиликсиздигинен кийин пайда болгон. Бул ийгиликсиздик Батыштын өзүнүн чоң согушунда жырткычтардан да ашкан ырайымсыздыкка түшүп кетиши менен айкын көрүнгөн. Бул аракет өзгөчө 1923-жылы Франкфурт университетиндеги Коомдук изилдөөлөр институтунда өнүккөн. Андан соң Британия менен Америкада секулярдык модернизмди жана анын кыйратуучу натыйжаларын сындоочу теориялар көбөйүп тараган.

Франкфурт мектеби секуляризмди жокко чыгарууну максат кылган эмес, бирок аны өзүнүн ичинде жана өз куралдары менен катуу сынга алган, ошол эле учурда анын философиялык жана аклий маанисин жогору баалаган. Мектеп толугу менен инсаний жана ахлакый баалуулуктардан ажырап калган кургак, механикалык, материалисттик секулярдык акылды сынга алган. Бул сындын максаты адамзат

маселесин чечүүдө материалдык жана техникалык илимдердин алсыздыгын, секуляризмдин ийгиликсиздигин жана банкроттугун жоюуга аракет кылуу болгон. Бул болсо секулярдык системага айрым инсаний жана ахлакый баалуулуктарды кошуу аркылуу анын өлүк денесине жан киргизүү, анын кемчиликтерин, ийгиликсиздигин жана сакофий-цивилизациялык банкроттугун жоюу максатында жасалган.

Батыштын секулярдык пикирий борборлору бул секулярдык куралдарды ислам өлкөлөрүндө сакофий, цивилизациялык жана саясий жактан ийгиликсиздикке учураган секулярдык долбоорду кайра жандандыруу үчүн колдонушкан. Ошондой эле бул долбоорду билим берүү программалары, университеттик материалдар, изилдөөлөр жана диссертациялар аркылуу жайылтышкан. Натыйжада, «мусулман акылын оңдоо» деген доомат менен сахнага чыккан аракет пайда болду. Алар: «оңдоо мусулмандарды артта калуу, токтоп калуу, пикирий жалкоолук жана сокур ээрчүүдөн куткарат, аларды ойгонууга, пикирий өсүүгө, жаратмандыкка жеткирүү максатын көздөйт» деп айтышкан. Бирок алар ошол эле секулярдык куралдарга таянып, Батыштын секулярдык пикирин, айрыкча саясий пикирин «тазалоо» жана ага руханий жана ахлакый баалуулуктарды кошуу максатын гана көздөшөт.

Бул Франкфурт мектебинин исламий чөйрөдөгү көчүрмөсү. Бул чөйрөдө руханий жана ахлакый баалуулуктар исламдан алынышы керек болгон. Башкача айтканда, бул система жана түзүм секулярдык бойдон калат, бирок анын башчысы, мисалы Режеп Таййип Эрдоган, намаз окуйт, Куранды кооз үн менен окуйт, зынаа кылбайт, арак ичпейт жана адепсиздикке барбайт. Бирок ошол эле учурда ал мусулмандарды секулярдык куфр мыйзамдар менен башкарат: рибаны жана кумарды мыйзамдаштырат, капиталисттик компаниялардын мусулмандардын байлыктарына ээ болушун мыйзамдаштырат, зынаа, бузукулук, адепсиздик, хилват, ачык-чачыктык жана бузуку искусствону мыйзамдаштырат. Анын армиясы Американын кресттүү колонизатордук согуштарына катышат, Батыштын Коопсуздук кеңешине жана БУУсуна кирет, ошондой эле Батыштын эл аралык тартибине баш ийип, Газа, Мьянма жана Чыгыш Түркстандагы мазлум мусулмандарга жардам бербейт.

Демек, бул реформа аракети секуляризмди сынга алат, кээ бир учурларда катуу эле сынга алат. Бирок аны жокко чыгаруу, кулатуу жана андан толук арылуу үчүн эмес, мусулман өлкөлөрүндөгү уулуу секулярдык билим берүү программалары аркылуу сиңирилген түшүнүктөрдүн негизинде өзүнүн дооматына ылайык «исламдаштыруу» үчүн кылат. Бул аракет секуляризмден баш тартпайт жана албетте исламий нерсени да негиздебейт. Тескерисинче, бул –

исламий кийим кийген секуляризм. Ал кийим анын кафир секулярдык маңызын жашыруу үчүн гана колдонулган.

• Экинчи: абал жана үлгү.

Бул философияга ылайык «реформачыл» инсандык үлгүлөр жана «билимди исламдаштыруу» менен исламий пикирди секулярдык механизмдер аркылуу жаңылоо долбооруна катышкан адамдар Батыштын пикир жана аң-сезим согушундагы куралы болуп, ислам уулдарын кайра секулярлаштырууга кызмат кылышат. Ниети жакшы болгондор болобу (ушул багытта атайын билим берүү аркылуу «билимди исламдаштыруу» философиясынын түшүнүктөрү менен күчтүү калыптандырылып, сакофий жана пикирий бурмалоого учураган катмар) же Батыштын долбооруна, анын исламга жана үммөтүнө каршы цивилизациялык согушуна жалданма түрдө аралашкан жаман топ болобу, жыйынтык бирдей. Бул жаңылоо алардын исламын жана ыйманын ичинен бошотуп, аларды уулуу секулярдык түшүнүктөр менен толтуруу аркылуу ишке ашат.

Бул үлгүлөр исламга Батыштын секулярдык пикири жана анын философиялык эрежелери аркылуу карашат. Алардын исламга болгон көз карашы усулий-фыкхий, шаръий көз караш эмес, секулярдык-философиялык көз караш. Алардын «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо тууралуу түшүнүгү пикирий жеңилүүнү жана сакофий кемсинүүнү камтыйт. Бул аларды исламий эмес билимди «исламдаштыруу» аркылуу исламий билим «сурап алууга» мажбур кылат.

Андан да жаманы, алардын ичинде ислам заманбап маселелерди чече албайт деген жаман айыптоо жашырылган, ошондой эле исламий пикир менен исламий сакофат артта калган деген жалган түшүнүк бар. Алар өздөрүнүн билимдеги алсыздыгын исламга, анын пикирине жана сакофатына оодарышат. Чынында болсо, эгер алар «өнүгүүдөн артта калуу» эмне экенин түшүнүшсө, маселе өздөрүнүн акылдарында экенин аңдашмак. Алардын акылдары исламдын пикири жана сакофатынын деңгээлине жетпегендиктен, анын эрежелери, усулдары жана өлчөмдөрү менен калыптанган эмес. Бул болсо алардын акылдары секуляризмдин философиясынан, пикиринин жана сакофатынын ыпластыгынан тазаланмайынча мүмкүн эмес.

Ошондо гана мындай акылдар жетилип, алардын жемиши усул илиминин улуу аалымдары жана мужтахид факихтер болуп чыгат. Алар таза вахий булагынан бардык жашоо маселелерин чечүүчү фыкхты истинбат кылып чыгышат, о.э. үммөттү жана бүт адамзатты Батыштын секулярдык системасынын кыйратуучу кризистеринин караңгылыгынан куткарат.

Бүгүнкүдөй силердин пикирий төмөндүккө түшүп калганыңарга жана банкрот болгон, ийгиликсиз секулярдык теорияларды кайра-кайра кайталап, жеңилүү философиясын «философиялаштырып» жатканыңардай болбойт. Секулярдык акыл жана анын «аклиясы» адамзат маселесин чечүүдө өтө оор ийгиликсиздикке учурады. Ошондуктан анын оорулуу, тукумсуз аклиясын ээрчүүнү токтотуу керек. Силер секулярдык аклия вирусуна чалдыкканыңар ачык көрүнүп калды. Силерде өкүм чыгаруучу жана эң жогорку бийлик – бул акыл. Исламды болсо ошол акылга ылайык даяр «пикирий формаларына» айлантып, анын түшүнүктөрүн ошол акылга жараша тафсир кыласыңар. Натыйжада бул оорулуу акыл өзүнүн «аклий усулдарын», «аклий фыкхын», «аклий тафсирин» жана «аклий тилин» чыгарат (мисалы «билимди исламдаштыруу», «исламий пикирди жаңылоо», «шариат максаттарын мыйзам чыгаруу булагы кылуу», «жамааттык ижтихад», «нусустарды жана тилди заманбап моделде окуу», «вакыйлык фыкхы», «теӊ салмак жана натыйжа фыкхы» ж.б.).

Бул үлгүлөр секуляризмдин негизги принцибин т.а. акылды өздөрүнө негиз жана билим булагы кылып алышкан. Алар өздөрүн модернизмден жана секуляризмден тазабыз, аны сынга алабыз деп айтышса да, чындыгында анын пикирий эрежелерине баш ийип, билим чыгарууда акылды негиз кылышат. Куранды эң жогорку булак деп айткан күндө да, иш жүзүндө өздөрүнүн оорулуу акылын чыныгы жогорку булак кылып алышкан. Алар акылын тартипке салуучу усулий шаръий эрежелерди жана жашоого тиешелүү шаръий өкүмдөрдү фыкх катары истинбат кылышпайт. Тескерисинче, алар «исламий пикир кемчиликтерге толгон жана заманга ылайык келбей калган» деген секулярдык ориенталисттик уу божомолго таянышат. Ошондуктан аны «оңдоо» үчүн сырттан философиялык жана сакофий көз караштарды кошуу керек деп эсептешет.

Андан соң алар Батыштын секулярдык сакофий системасынан философиялык, пикирий жана сакофий түшүнүктөрдү алып келишет, анткени бул алардын өз акылынан чыккан продукт. Башкача айтканда, «жаңы нерсе чыгаруу» болсо, ал секулярдык акылдан чыгат, ал эми ислам болсо ошол секулярдык продуктуга руханий жана ахлакый «даам» берүү үчүн гана колдонулат.

Бул акылга негизделген булак Куранды өзүнүн билим булактарынын бири деп эсептеп, аны эң жогоркусу деп айтса да, анын жанында башка секулярдык булактарды да коёт. Алардын ичинде секулярдык гуманитардык илимдер бар (психология, социология, педагогика ж.б.), жана чындыгында аларды жашоо мыйзамдары үчүн негизги практикалык булак деп эсептешет (конституция, мыйзамдар,

демократия, адам укуктары, рынок экономикасы, эл аралык укук ж.б.). Ал эми Курандын ролу ушул системаларга руханий жана ахлакый өң берүү гана.

Бул бузгунчу жана тукумсуз мектептин пикиринде «реформа» бул мусулмандын ахлагын оңдоо жана жеке ибадаттар аркылуу руханий баалуулуктарын жогорулатуу. Мунун максаты секулярдык жашоону «жакшыртуу» жана мусулманды «тарбиялоо» болуп эсептелет. Ошентип ал секулярдык системанын ичинде жашап, анын мыйзамдарына баш ийет жана бул система анын пикирлерин, туйгуларын жана каалоолорун башкарат.

Бул «реформачылар» секуляризмди куфр деп көрүшпөйт, турмуштан жана саясаттан бөлүү акыйдасын куфр деп эсептешпейт, демократиясын куфр дебейт, адам укуктарын куфр дебейт, эркиндиктерин куфр дебейт, рынок экономикасын куфр дебейт, колонизаторлугун куфр дебейт… Тескерисинче, алар аны «инсаний пикирий ижтихад», «инсаний сакофат» жана «инсаний цивилизация» катары көрүшөт. Алар секуляризмди башкаларга уруксат берилгендей эле өздөрүнө да уруксат деп эсептешет жана аны башка ар кандай адамдык аракет сыяктуу айрым кемчиликтери бар нерсе катары карашат. Алардын оорулуу түшүнүгүндө секуляризм теориялык жактан аны сакофат деп айткан күндө да, иш жүзүндө өндүрүш жана илим сыяктуу тармактардын бири катары кабыл алышат. Алар «сакофат – дин» экенин түшүнүшпөйт. Секуляризмдин куфр акыйдасынын негизи болгон исламды жашоодон четтетүү маселесин алар толук пикирий жана сакофий сокурлук менен көрбөй калган.

«Билимди исламдаштыруу» долбоорунун алдыңкы өкүлдөрү: мисалы Исмаил Ражи ал-Фаруки (АКШда жашаган, өткөн кылымдын 1980-жылдарында бул идеянын алгачкы теоретиктеринин бири, Бейруттагы Америка университетинде, андан соң АКШдагы Индиана университетинде философияны окуп, Гарвард университетинен докторлук даража алган), ошондой эле Сайид Мухаммад Накиб ал-Аттас (Малайзия, Канададагы Макгилл университетинде, андан кийин Лондондо окуган), жана да Таха Абдуррахман, Мухаммад Амара жана Таха Жабир ал-Алвани. Алардын баарын бириктирген бир эле көз караш, башкача айтканда секулярдык көз караш бар. Алар динди теория жүзүндө жогору койгондой көрүнсө да, аны жашоо маселелерин чечүүгө жетишсиз деп эсептешет.

Ошого жараша, коомдук маселелер жана жашоо мыйзамдары үчүн секулярдык билимдер (гуманитардык жана социалдык илимдер) сөзсүз керек деп эсептешет. Андан кийин аларды «исламдаштыруу» долбоору аркылуу исламий руханий жана ахлакый баалуулуктар менен

«коздоп», ошону менен «өнүгүү жолуна чыгуу» жана артта калуудан кутулуу максатын көздөшөт.

Бул бири-бирине карама-каршы келген эки сакофий системаны айкалыштырууга болгон үмүтсүз жана алсыз аракет. Биринчисинин билим булагы – илахий вахий, ал эми экинчисинин негизи – адам тарабынан коюлган, вахийге каршы жана душман болгон система. Демек, бул карама-каршылыктарды зордоп бириктирүүгө аракет кылган жасалма сакофий аралашма т.а. исламий руханий жана ахлакый баалуулуктардын айрымдарын алып, аларды секулярдык материалисттик системалар менен аралаштыруу болуп эсептелет. Бул системалардын философиясы ошол исламий баалуулуктарга каршы чыгып, аларды четке кагат.

Бул мектептин бүгүнкү шакирттеринин бири – Наиф бин Нахар (Катар). Ал дээрлик биринчи теоретик Исмаил Ражи ал-Фаруки жана Сайид Мухаммад Накиб ал-Аттастын идеяларынын көчүрмөсү сыяктуу болуп, айрыкча Батыштын «социалдык илимдерин исламдаштыруу» маселесинде алардын көз караштарын кайталап келет. Ал «Социалдык илимдерде интерактивдүү ылайыкташуу» деген китебинде мындай дейт: «Социалдык илимдерди – сокурларча Батыш моделдерин туурабай – жергиликтүү сакофий жана коомдук шарттарга ылайыкташтыруу зарыл». Бул жердеги «ылайыкташтыруу» сакофий мааниде – аны мусулмандардын сакофий-саясий системасына киргизүү, билим берүүдө окутулуучу материалга айлантуу жана жашоо системаларынын булагы кылуу дегенди билдирет.

Ал демократия тууралуу «батыш демократиясы» адам укуктары менен жеке эркиндиктерди алдыга жылдырган менен, «жамааттык укуктарды» жана «социалдык адилеттикти» эске албай койгон, ошонун айынан коомдук теңсиздиктер жана бөлүнүүлөр пайда болгон деп эсептейт. Ошондуктан ал «социалдык адилеттик», «теңдик» жана «жамааттык жоопкерчилик» эске алынган «исламий демократия моделин» иштеп чыгуу керек дейт. Демек, ал демократия философиясы куфр экенин сынга албайт. Тескерисинче, аны биздин жашообуз үчүн башкаруу системасы катары кабыл алып, анын айрым «жетишпеген» жактарын секулярдык пикирдин куралдары менен «оңдоп», андан кийин аны «исламий демократия» деген ат менен кайра сунуш кылууну көздөйт.

Мунун баары «билимди исламдаштыруу», исламий пикирди жаңылоо жана ушулардын негизиндеги «реформа» мектебинин айрым үлгүлөрү. Бул үлгүлөр мусулман өлкөлөрүнө колонизаторлуктан кийин орногон секулярдык мектеп тарабынан чыгарылган. Ал мектеп билим берүү системасын исламды турмуштан бөлүү философиясынын

негизинде түзгөн. Ошондуктан бул акылдар жана пикирий үлгүлөр Батыштын секулярдык долбооруна каршы эмес, анын бир бөлүгү болуп калыптанган. Анткени секулярдык мектеп ага каршы чыгып, анын философиясын жана жашоо тартибин кыйратуучу таза исламий акылдарды эч качан өнүктүрбөйт.

Пикирий акылсыздык жана сакофий жеңил ойлуулук – жакшы ниет менен жамынган болсо да – үлгүлөргө эмоция менен карап, аларды исламий курулуштагы «таштар» катары көрүүдө жатат. Чынында болсо, алар кыйратуучу куралдар. Алардын жакшы же жаман ниетинин айырмасы жок. Алардын билбестигине да шылтоо жок, ошондой эле биз үчүн аларга жакшы ойдо болуп, ишенип калууга да шылтоо жок. Маселе – таза ислам жана толук ыйман маселеси. Ал бир тамчы да куфрду кабыл албайт. Бул маселе, чынында, катуу эсеп-кысап күнү тууралуу:

﴿فَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٍ خَيۡرٗا يَرَهُۥ ٧ وَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ شَرّٗا يَرَهُۥ ٨﴾

***«Демек, ким*** *(дүйнө тирүүлүгүндө)* ***бир кымындай жакшылык кылса*** *(Кыямат Күнүндө)* ***ошону көрөт. Ким бир кымынча жамандык кылса аны да көрөт!»*** (Зилзала: 7–8).

Жыйынтыктап айтканда, Ислам уулдарынын уктап жаткан акылын ойготуу жана исламын, ыйманын кайра жандандыруу үчүн аларга пикирий силкинүү жана сакофий сокку керек. Анткени «билимди исламдаштыруу» жана исламий пикирди жаңылоо мектебинин коркунучу – бул чындыгында өтө татаал жана жашыруун секулярлаштыруу процесси. Ал мусулмандардын аң-сезимине, ал тургай терең катмарларына чейин кирип кетет. Бул процесс исламий сакофаттын балдай таттуу сөздөрүн көп колдонуу, исламий туйгуга толгон пикирий риториканы жаадыруу менен коштолот. Бирок ошол эле учурда ичинде өтө тыгыз, жашыруун жана уулуу секулярдык эрежелер камтылган болуп, алар аңдоо жана түшүнүү процессин башкарууга кызмат кылат. Натыйжада, акылдар жана ой жүгүртүү исламий түшүнүктөргө эмес, дал ошол жашыруун секулярдык эрежелерге ылайык калыптанат.

Бул мектеп билимде жогорку бийликти акылга берди. Ошондуктан бул жерде усул илиминин аалымына да, мужтахид факихке да орун жок. Тескерисинче, алар усул менен фыкхты «тоңуп калуу», «эскиге жабышуу» деп эсептешет. Алар үчүн маселе акылга негизделген «ойчул» жана «философ» менен гана чектелет. Натыйжада акылга ашыкча ыйык маани берип, иш жүзүндө вахийди четке кагышат, ал эми сөз түрүндө Куран менен вахийдин жогору экенин айтышат.

Алар түшүнгөн «жаңылоо» жаңы маселелерде фыкхий ижтихад кылуу же заман көйгөйлөрүн чечкен шаръий өкүмдөрдү истинбат

кылуу эмес. Тескерисинче, «реформа», «билимди исламдаштыруу» жана «исламий пикирди жаңылоо» деген нерсе – Батыш секуляризминин жамаачысын исламий кийим менен жаптырып, аны кайра «жандандыруу» жана бир кылымдан ашык убакыттан бери үстүбүздө турган секулярдык сакофий, цивилизациялык жана саясий үстөмдүктө колдонуу болуп эсептелет.

Бул куфрду «оңдоого» болгон үмүтсүз аракет. Куфр жокко чыгарылып, түп-тамыры менен жулунуп жок кылынышы керектиги, аны менен келишүүгө да, бирге жашоого да болбойт экени ислам жана ыйман негиздеринен белгилүү. Ислам менен секулярдык куфр бир жерде чогуу боло албайт, бир адамдын жүрөгүндө да, айрыкча мусулмандын жүрөгүндө бирге болбойт.

Аллах Таала айтты:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡكَٰفِرُونَ ١ لَآ أَعۡبُدُ مَا تَعۡبُدُونَ ٢ وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ٣ وَلَآ أَنَا۠ عَابِدٞ مَّا عَبَدتُّمۡ ٤
وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ٥ لَكُمۡ دِينُكُمۡ وَلِيَ دِينِ ٦﴾

***«Айткын: «Эй кафирлер! Мен силер ибадат кылып жаткан нерселерге ибадат кылбаймын. Жана силер да мен ибадат кылган*** *(Аллахка)* ***ибадат кылуучу эмессиңер. Мен силер ибадат кылган нерсеге ибадат кылуучу эмесмин. Жана силер да мен ибадат кылган*** *(Аллахка)* ***ибадат кылуучу эмессиңер. Силердин диниңер өзүңөр үчүн, менин диним өзүм үчүн!»*** (Кафирун:1–6). ❑

# БИЗ ТАРЫХЫЙ ДООРДУН СОҢУНДА ЖАШАП ЖАТАБЫЗБЫ ЖЕ УЗАККА СОЗУЛГАН КЫЙРООНУН БАШТАЛЫШЫНДАБЫ?

**Устаз Набил Абдулкарим**

Ири тарыхый өзгөрүүлөр расмий билдирүү же чечүүчү бир учур аркылуу жарыялоо табиятына ээ эмес. Тескерисинче, көбүнчө башкарылбаган, түшүнүлбөй басаңдатылган кризистердин натыйжасында ачыкка чыгат. Инфляциялык басымдар карыздардын тең салмаксыздыгы менен коштолуп, экономикалык дефицит саясий катаалдык жана коомдук ыдыроо менен коштолууда. Дүйнө туш болуп жаткан нерсе адаттагы экономикалык айлануунун логикасынан ашып, эл аралык система түзүмдүк жактан алсырап жок болууга карай баратат.

Чечим кабыл алуу борборлорунан, базарлардан жана геосаясий кагылыштардан келип жаткан белгилер оңдоо этабына гана ишара кылбайт. Ал белгилер – салыштырмалуу болсо да тең салмактуулукту кармап тура алган – система башка вакыйлыкка өтүп жатканын көрсөтөт. Ал вакыйлыкта кризисти башкаруу пландоодон мурда турат, эрежелерди өзгөчө учурлар алмаштырат жана институттардын ордуна реакциялар келген тынч эмес абал турат. Мындай шартта туруктуулук жөнүндө сөз кылуу өзүн-өзү алдоо болуп калат жана кыйроо күтүлбөгөн окуя эмес, акырын сойлоп келе жаткан ыктымалдыкка айланат.

Ошондуктан учурдагы абалдын табияты тууралуу суроо пессимизмден эмес, зарыл болгон саясий эскертүүдөн жана адамга татыктуу жаңы күндү алдын ала көрө билүүдөн улам коюлууда. Дүйнө өзүнүн куралдарын жана мыйзамдуулугун түгөтүп бүткөн тарыхый доордун соңун көрүп жатабы же чындап эле узакка созулган кыйроо жолуна кирип, анын баасы катышуучулар жарыялаган ниеттерине эмес, анын тереңдигин түшүнүү жөндөмүнө жараша аныкталабы?

Бул суроону этибарга албоо жоопту кечиктирбейт, тескерисинче, аны кийинчерээк андан да катуураак жана көзөмөлдөөгө азыраак мүмкүн болгон чындык менен бетме-бет калтырат.

Биз жашап жаткан жашоону тарыхый доордун аягы катары элестетүүгө болот, аны саясий же экономикалык чөйрөнүн убактылуу кризиси катары эмес, дүйнөнү ондогон жылдар бою башкарган моделдин кыйрашы катары түшүнүү керек. Анткени системалар бир эле аскердик жактан жеңилгенде гана кулабайт, тескерисинче, өздөрү жараткан вакыйлыкты түшүнө албай калганда же өзүнүн ажырагыс

бөлүгүнө айланган кризистерге чечим сунуштай албай калганда кулайт.

Доор соңуна жакындап калгандыгынын эң көрүнүктүү белгилеринин бири Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин калыптанган либералдык эл аралык системанын легитимдүүлүгүнүн алсырашы. Бул система Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык валюта фонду жана Дүйнөлүк банк сыяктуу институттарга таянып, кагылыштарды жана өнүгүүнү адилеттүү башкаркан механизмдерди камсыз кылышы керек эле. Бирок акыркы он жылдыктар бул система глобалдык башкаруу алкагынан көрө күчтөрдүн тең салмагына жараша иштеген куралга айланганын көрсөттү. Бул системада эрежелер алсыздарга колдонулат, ири державалардын кызыкчылыктарына каршы келген учурда токтоп калат.

Эл аралык макулдашуусуз башталган согуштар жана кандайдыр бир укуктук макулдашууга таянбастан киргизилген санкциялар бул системанын легитимсиздигин, болгону анын калдыгын керектеп жатканын айгинелейт.

Саясий жактан доордун аякташы улуттук мамлекеттин кризисинде көрүнөт. Мурун туруктуулуктун жана социалдык адилеттүүлүктүн кепили катары көрсөтүлгөн мамлекет азыр ичинен алсыраган, глобалдык рыноктордун өзгөрүшүнөн, ал тургай өз чек арасынан тышкары кабыл алынган чечимдерден өз жарандарын коргой албай калды.

Бүгүн ири мамлекеттер да дүйнөлүк жеткирүү чынжырларына же бир нече күндүн ичинде жазалай ала турган каржы базарларына көз каранды абалда калышууда. Бул саясий суверенитет социалдык жоопкерчиликке шайкеш келбей калганын билдирет, бул болсо башкаруу логикасындагы кооптуу тең салмаксыздык болуп саналат. Ири державалар деңгээлинде болсо, тартипке салынган атаандаштык ачык кагылышка айланып жатканы доор аякташынын дагы бир белгиси болуп эсептелет.

Мисалы, АКШ менен Кытай ортосундагы тиреш жөн гана соода же технологиялык таасир үчүн эмес, эрежелерди белгилөө үчүн жүрүүдө. Аларды ким түзөт? Аларды бузууга ким укуктуу? Мындай мүнөздөгү тиреш туруктуу системага таандык эмес экенин, тескерисинче, система жаңы тең салмактын белгилери калыптана элек өткөөл мезгилде экенин көрсөтөт.

Буга узак мөөнөттүү экономикалык туруктуулук тууралуу иллюзиянын кыйроосун да кошууга болот. Карызга, акча массасын кеңейтүүгө жана кризистерди каржылык инструменттер аркылуу кийинкиге жылдырууга негизделген модел өзүнүн чегине жетти.

Бүгүн инфляция мурдагыдай өзгөчө көрүнүш эмес, кризистердин чыгымын коомдорго өткөрүп берүүнүн жарыяланбаган саясий куралына айланды. Акча-кредит саясаты экономикалык адилеттүүлүктү камсыздоонун ордуна коомдук наарazылыкты башкаруунун каражатына айланды. Бул техникалык эмес, тарыхый туңгуюкка кирүү экенин көрсөтөт.

Андан да кооптуусу бул өзгөрүүлөр саясий элиталар келечек тууралуу ишенимдүү жооп бере албаган шартта болуп жатат. Өсүү этаптарында элиталар өнүгүүнү, жыргалчылыкты же коопсуздукту убада кыла алышчу, бүгүн болсо саясий багыт негизинен жоготууларды башкарууга, сабыр кылууга чакырык жасоого жана андан да жаманынан эскертүүгө айланып калды. Элиталар убада бере албай, коркутуу менен гана чектелгенде, алар өкүл болгон доордун соңуна жакындап калганын кыйыр түрдө моюнга алышат.

Ошондуктан биз жашап жаткан вакыйлыкты тарыхый доордун аягы катары кароо пессимизмге эмес, узакка созулган түзүмдүк алсырап, жок болуунун саясий изилдөөсүнө негизделет. Биз бир системанын алдында турабыз: ал мурунку эрежелер менен өзүн кайра түптөй албай калды жана өз карама-каршылыктарын күч колдонбостон же өзгөчө чараларга кайрылбастан жөнгө сала албайт. Ушунун дал өзү доор аягынын белгиси, анткени бул катуу кулаган бир учур эмес, тарикат менен улантуу мүмкүнчүлүгүн жоготкон мезгил.

Узакка созулган кыйроо үстөмдүк кылган күч аны моюнга алууга же башка этапка өтүүнү башкарууга жөндөмсүз болгондо, дал ушундай формада көрүнөт. Азыркы доордо кыйроолор бир жолку жалпы кулоо катары эмес, акырындык менен алсырап-жок болгон узак процессте көрүнөт. Анда түзүмдөр сырткы көрүнүштө иштеп тургандай сезилет, бирок иш жүзүндө өндүрүү, башкаруу жана легитимдүүлүк жөндөмүн жоготот.

Узакка созулган кыйроо абалынын бир нече белгилери бар:

Биринчи белги:

Өзгөчө көрүнүштөр эрежеге айланат, арты-артынан келген кризистер чечилүү перспективасы жок башкарылат. Инфляция жаңы реалдуулукка, карыз зарылдыкка, согуштар тобокелчиликти башкарууга айланат.

Мындай шартта тең салмаксыздык оңдолушу керек болгон кемчилик катары эмес, ар дайым жашоого туура келген маселе катары каралат. Бул кыйроонун эң кооптуу баскычы, анткени ал саясатты өзгөртүүчү функциясынан ажырап, аны жоготууларды башкаруу менен гана чектейт.

Экинчи белги:

Саясий маанинин алсырашы. Демократия коомдук мазмуну жок процедурага, суверенитет куралдары жок ураанга, өнүгүү адамдардын жашоосуна таасир этпеген сандарга айланат. Маани жоголгондо элдик нааразычылык күчөйт, бирок ал альтернатива долбоору катары эмес, учурдагы системага бүдөмүк каршылык катары көрүнөт. Мындай шартта популизм чечим катары эмес, элиталарга жана институттарга болгон ишенимдин жоголушунун кошумча белгиси катары өсөт.

Үчүнчү белги:

Экономиканын аскерлешүүсү жана рыноктордун саясатташуусу. Бүгүн согуштар саясаттын уландысы болбой калды, тескерисинче рыноктор өзү күрөш талаасына айланды: санкциялар, валюта согуштары, саясатташкан жеткирүү чынжырлары жана курал катары колдонулган технологиялар.

Экономика менен коопсуздуктун мындай аралашуусу эл аралык система бөлүү жана жөнгө салуу механизмдерин жоготконун көрсөтөт жана күрөш жалпы мүнөзгө ээ болуп, бирок чечүүчү эмес, узакка созулган төмөн интенсивдүүлүккө өтөт.

Тарых үзгүлтүксүз кыйроо сызыгы менен жүрбөйт. Узакка созулган кыйроолор ар дайым мамилелерди кайра уюштурган жаңы мабданын пайда болушуна муктаждык жаратат, ал сөзсүз түрдө адилеттүү болушу шарт эмес. Бул жерде жаңы мабда пайда болобу же жокпу деген суроо эмес, кайсы мабда жана ким тарабынан пайда болот деген суроо турат.

Бул жерде үч ыктымал бар:

Биринчи ыктымал:

Бир күчтүн үстөмдүгүнө эмес, ири регионалдык күчтөрдүн тең салмагына негизделген катаал көп полярдуу система пайда болушу мүмкүн. Мындай учурда эл аралык мамилелер глобалдык баалуулуктардын логикасы менен эмес, ортоктош кызыкчылыктар жана минималдуу туруктуулук логикасы менен башкарылат. Бул вариант жалпы башаламандыкты чектеши мүмкүн, бирок таасир аймактарын бекемдеп, көп сандаган тоңдурулган кагылыштарды сактап калуу коркунучун алып келет жана дүйнөнү жалпы жарылуусуз эле туруктуу чыңалуу абалында калтырат.

Экинчи ыктымал:

Чексиз глобалдашуунун ордуна экономикалык суверенитет идеясынын өсүшү. Башкача айтканда, мамлекеттер өз өндүрүшүн, азык-түлүгүн жана энергиясын коргоого кайтып келиши жана дүйнөлүк базарларга болгон көз карандылыгын кыскартуусу. Бул мүмкүнчүлүк мамлекеттердин ички тең салмагын калыбына келтириши мүмкүн, бирок, ошол эле учурда бирдиктүү дүйнөлүк

рынок тууралуу иллюзияны жоготуп, жаңы кызматташтык алкактары менен жөнгө салынбаса, ресурстар үчүн курч атаандаштыкка жол ачат.

Негизи, биринчи жана экинчи ыктымалдар азыр биз жашап жаткан вакыйлыктын башталышына окшош жана капитализмди жаңы формаларда кайра түзүү болушу мүмкүн.

Үчүнчү ыктымал:

Экономиканы жөн гана сандарга эмес, адамга кайра байлаган инсаний өнүгүү мабдасынын пайда болушу.

Үстөмдүк кылган моделдер кыйрап жаткан шартта Ислам мабдасы сахнага чыгууга жөндөмдүү жалгыз мабда болуп саналат. Бирок, бир чечүүчү шарт менен: ал жөн гана иденттүүлүк урааны же күрөш куралы катары эмес, жашоо, башкаруу жана адилеттик тарикаты катары көтөрүлүп, колдонулушу керек.

Мына ушул жерде мен аны азыркы дүйнөлүк системанын негизги ийгиликсиздиктерине альтернатива катары карайм.

Ислам мабдасы экономиканы жашоого болгон көз караштан бөлбөйт, адамдын өзүн жана байлыктын бөлүштүрүлүшүн эске алган шаръий өкүмдөр менен жөнгө салат жана байлыкты сокур топтолуу мыйзамына таштап койбойт. Ал рибаны, монополияны жана бүгүн мамлекеттер менен коомдорду муунтуп жаткан капитализмдин бардык куралдарын арам кылат, социалдык катмарлардын ортосундагы ажырымды кыскартууга жана жакырчылыкты түп-тамырынан жоюуга аракет кылат.

Саясий маңызы жагынан алганда, ал диктатураны да, популисттик башаламандыкты да кабыл алган башкарууну негиз кылбайт, тескерисинче, башкаруучунун жоопкерчилигин, адилеттиктин борборун жана жалпы кызыкчылыктын артыкчылыгын негиз кылат. Бул бүгүн дүйнөдө жетишпей жаткан нерсе. Мындан тышкары, ал адамдардын Роббиси тарабынан адамзаттын бакыты үчүн негизделген роббаний тарикат болуп саналат.

Ошондуктан Ислам мабдасы заманбап дүйнөнүн кризисине эң күчтүү чечим болуп саналат.

Жыйынтыгында дүйнө акыркы сааттарын жашап жаткан жок жана жакынкы анык кутулуунун босогосунда да турган жок, тескерисинче тарыхый боштук этабынан өтүп жатат. Бул этапта альтернативалар калыптануусунан озуп чыккан кыйроо жүрүп жатат. Мындай учурларда кризис идеялардын жоктугунда эмес, идеяларды долбоорго, баалуулуктарды институттарга, адилеттикти турмуштук практикага айландырууга эрки жеткендердин жоктугуна байланыштуу болот.

Ислам мабдасы бардык сфераларда сейрек кездешкен тең салмактуулукту камтыган идеология жана дүйнөнүн бүгүнкү

суроолоруна даяр жооп катары эмес, өзүнүн тарыхый шарттарын күтүп турган цивилизациялык горизонт катары сунушталууда. Күчтөрдүн басымына туруштук бере алган практикалык үлгүдө ишке ашыра турган адамдар табылбаса, анда теориянын тууралыгы жетишсиз, абстракттуу адилеттик өзү эле үстөмдүк кыла албайт.

Бул жерде Хизб ут-Тахрир өзүнүн долбоору жана аны ишке ашыра алган түзүмү менен суурулуп чыкканы көрүнөт. Биз Ислам өлкөлөрүндө өкүм сүрүп жаткан бул куфр системасынын шартында ар бир мусулманды ушул партия менен бирге жүрүүнү ылдамдатууга чакырабыз. Ал өзүнүн нурун төккөн көз карашы жана тынымсыз аракеттери менен Ислам мамлекетинин курулушу үчүн бардык нерсени даярдап койгон жана Үммөттүн уулдарын жетектеп, алардын негизги ишин т.а. Ислам жашоосун кайра баштоону тагдырий маселеге айландырууга жетелейт. Натыйжада алар Даруль-Исламды курушат, мусулман өлкөлөрүн бириктиришет жана бир халифасы бар бир Үммөт түшүнүгүн көтөрүп чыгышат жана Пайгамбарынын ﷺ ушул сөзүн чын ыйман, аң-сезим жана түшүнүк менен кайталашат:

«يا عمّ، واللهِ لو وضعوا الشمسَ في يميني، والقمرَ في يساري على أن أتركَ هذا الأمر حتى يُظهرَه الله أو أهلِكَ فيه، ما تركتُه».

**«О, абам! Аллахка ант, эгерде алар күндү оң колума, айды сол колума коюп, бул ишти ташта деп талап кылышса да, Аллах аны үстөм кылмайынча же мен ушул жолдо курман болмоюнча, мен аны таштабаймын».** ❑

# АКШНЫН 2025-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК КООПСУЗДУК СТРАТЕГИЯСЫ ТӨМӨНДӨӨ ЖАНА КУЛООНУ ТОКТОТОБУ ЖЕ ТЕСКЕРИСИНЧЕ КУЛООСУН ТЕЗДЕТЕБИ?

**Профессор Наср Абу Ибрахим**

2025-жылдын 5-декабрында Трамп АКШ Конгрессине сунушталган Американын жаңы Улуттук коопсуздук стратегиясынын документин коомчулукка жарыялады. Ага көз жүгүрткөн адам анын маңызы жана негиздери мурунку стратегиялардан айырмаланбаганын көрөт. Болгону ыкмаларында, айлакерликтин деңгээлинде же президенттин (ал Демократиялык же Республикалык партиядан болобу) жеке мүнөзүнүн үстөмдүгүндө гана айырмачылык бар.

Трамптын мүнөзүндө ашыкча текебердик, бийликке болгон ашкере кумар, өзүн көрсөтүүнү сүйүү, акылмандыктын жетишсиздиги, ички тирештерге кирүү жана атаандаштарды четтетүү, ошондой эле өзгөчө бийликке мас болуу абалы байкалат. Ал «Америка биринчи» жана «күч аркылуу тынчтык» сыяктуу ачык ураандар аркылуу АКШнын дүйнөлүк лидерлигин сактоону жана Америка башынан өткөрүп жаткан төмөндөөнү токтотууну максат кылат. Ал тургай союздаштарын да эч тартынбастан кемсинтүүгө чейин барат. Муну Трамп өзүнүн стратегиялык документинде ачык билдирип, мындай дейт: «Бул стратегия бардык ушул артыкчылыктарды жана башка мүмкүнчүлүктөрдү бириктирип, Американын күчүн жана үстөмдүгүн бекемдөөгө, өлкөбүздү мурун болуп көрбөгөндөй улуу кылууга багытталган».

2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясы боюнча документ ушунун негизинде америкалык баалуулуктарды ишке ашыруудагы максаттарды жана артыкчылыктарды ирээтке келтирет жана АКШнын дүйнөлүк лидерлигин сактоого жана үстөмдүгүн бекемдөөгө негизделген саясаттын негизги багыттарын аныктайт. Бул стратегияны АКШ Конгрессине, демек коомчулукка жарыялоонун максаты жаңы администрациянын көз карашына ылайык коркунучтардын артыкчылыктарын аныктоо жана улуттук кызыкчылыктарды камсыз кылган максаттарды коюу болуп саналат. Бул болсо АКШнын дүйнөлүк лидерлигин жана үстөмдүгүн камсыз кылууга багытталган.

Трамп «Америка биринчи » жана «Американы кайрадан улуу кылуу!» деген ураандарды көтөрүү менен максаттарды ишке ашыруудагы артыкчылыктарда жана АКШнын дүйнөлүк лидерлигин сактап, үстөмдүгүн бекемдеген, ошондой эле АКШга тең келе турган

кандай гана күч болбосун, анын пайда болушуна жол бербеген америкалык кызыкчылыктарды аныктоодо өзгөрүү жасады.

Бул документ мурдагы стратегиялардан америкалык кызыкчылыктарды аныктоодо айырмаланат. Мурунку стратегиялар бул кызыкчылыктарды өнөктөштүк, баалуулуктар жана эл аралык система деген сөз менен ороп көрсөтсө, 2025-жылдагы документ мындай кагазга ороону таштап, анын ордуна ачык-айкын пайдага негизделген түз кайрылууну колдонот.

Бул жерде биз 2025-жылдагы АКШнын жаңы Улуттук коопсуздук стратегиясында камтылган негизги маселелерге токтолобуз. Бул стратегия 2026-жылдагы АКШнын коргонуу стратегиясынын негизи болуп, ушул январь айында жарыяланган.

Андагы негизги пункттар:

1- Толук аскердик үстөмдүк.

Күчтүү жана заманбап өзөктүк кармоону сактоо, «алтын күмбөздү» жана башка аскердик күчтөрдү куруу аркылуу Американы коргоо, армиянын даярдыгын камсыз кылуу, бекем кибер коргонуу түзүү, Америка аймагына сокку урууга жөндөмдүү исламий террорчуларды куугунтуктап, нейтралдаштыруу.

2- Чек араларды коргоо жана мигранттар агымын көзөмөлдөө.

Аны эң төмөн деңгээлге түшүрүү, айрыкча Исламий аймактардан келгендердин санын азайтуу. Бул Америка коомунун түзүлүшүнө (мейли ак расага же жалпы америкалык жашоо образына болсун) коркунуч жаралбашы үчүн кылынат.

АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясында «Жапырт миграция доорунун аягы» деген аталыш алдында мындай делет: «Жапырт масштабдагы миграция доору бүттү. Ар бир мамлекет өз аймагына кимдерди киргизерин, алардын санын жана кайдан келгенин аныктайт, бул сөзсүз ошол улуттун келечегин аныктайт. Ар бир мамлекет өзүн эгемендүү деп эсептесе, өз келечегин аныктоого укуктуу жана милдеттүү».

3- Америкалык руханий жана сакофий жандануу.

Улуттук сыймык тууралуу риториканы кайра жайылтуу, салттуу үй-бүлөнү бекем кармануу жана сырттан кирген либералдык баалуулуктарды четке кагуу.

4- Американын коргонуу өнөр жай базасын кайра куруу.

Бул кеңири улуттук өнөр жай жандануусунун бир бөлүгү болуп саналат.

Стратегия глобалдашуу жана эркин соода идеяларын карманууну жаңылыштык деп эсептейт, анткени бул америкалык орто катмарды жана өнөр жай базасын алсыратып келген.

Бул АКШ өзү Дүйнөлүк соода уюму жана эркин соода саясаттары аркылуу түзгөн глобалдашуу доорунун аякташын билдирет. Анын ордуна протекционизмге өтүп, башка мамлекеттер менен тышкы кызыкчылыктардан көрө улуттук экономиканы артыкчылыкка коюу каралат.

5- Экономикалык үстөмдүк.

Экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу, тең салмактуу соода жүргүзүү, жеткирүү чынжырларына жана маанилүү ресурстарга жетүүнү кепилдөө, өнөр жай базасын, анын ичинде коргонуу өнөр жайын жандандыруу, энергия үстөмдүгүн камсыз кылуу, финансылык сектордогу жана улуттук валютадагы (доллар) америкалык үстөмдүктү коргоо жана кеңейтүү, ошондой эле технологиялык лидерликти, айрыкча жасалма интеллект жана алдыңкы технологиялар тармагындагы үстөмдуктү туруктуу сактоо.

АКШ бүгүнкү күндө күрөш энергия булактарына үстөмдүк кылуу, өнөр жай жана технологиялык мүмкүнчүлүктөр, ошондой эле инновация потенциалы айланасында жүрүп жатат деп эсептейт.

6- Батыш жарым шарында америкалык кызыкчылыктарды бекем коргоо.

Бул маанилүү аймактарга, айрыкча Панама каналына, Америка булуңуна жана Гренландияга аскердик жана соода жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу аркылуу ишке ашырылат.

АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясы Батыш жарым шар аймагына чоң көңүл бурарын көрсөттү жана аны «АКШга гана таандык аймак» катары карайт. Бул төмөнкү аракеттер аркылуу жүзөгө ашырылат:

1823-жылдагы Монро доктринасын Трамптык версияда кайра жандандыруу, башкача айтканда Атлантика океанынын эки жээги ортосунда тосмо коюп, Европанын Түштүк жарым шарда таасирге ээ болушуна жол бербөө.

Кытай менен Россияны Батыш мейкиндиги ичинде аскердик жайгашуудан же стратегиялык объектилерди көзөмөлдөп алуусунан толук четтетүү.

Экономикалык таасирди бажы тарифтери жана стимулдар аркылуу кеңейтүү, зарыл болгон учурда аскердик күчтү колдонуу.

Ушунун негизинде Трамп Канадага АКШга кошулуп, 51-штат болууну сунуш кылды жана Панамага Кытай менен болгон келишимдерди жокко чыгаруу боюнча коркутуу жасады, натыйжада Панама аларды жокко чыгарды. Ошондой эле ал 2026-жылдын 3-январында Венесуэлага кол салып, борбору Каракасты бомбалап, президенти Мадурону жана анын жубайын камакка алды. Бул

аракеттерден жийиркеничтүү салттуу колонизаторлуктун сасык жыты жыттанат. Ал Батыш жарым шарына карата мындай мамилени Монро доктринасын толуктаган «Трамп доктринасы» деп атады. Ал тургай Трамп НАТОнун мүчөсү болгон Данияга таандык Гренландияны да тартып алуу менен коркутканга чейин барды.

7- Исламий идеологиялык коркунучка каршы туруу.

Бул дүйнөлүк деңгээлде да, АКШнын ичинде да жүргүзүлөт. АКШнын Улуттук чалгындоо кызматынын директору Тулси Габбард 2025-жылдын 21-декабрында мындай деген: «Бул Исламий идеология биздин эркиндигибизге түздөн-түз коркунуч туудурат, анткени ал өз маңызы боюнча дүйнөлүк Халифат орнотууну көздөгөн саясий идеология».

Трамп Жакынкы Чыгыш боюнча стратегиясында мындай деп белгилейт: «Аймактын терроризм очогуна айланышына жол бербөө». Алардын жаман түшүнүгүндө бул Ислам жана Исламий башкаруу. Муну 2026-жылдагы АКШнын коргонуу стратегиясы да ачык билдирген. Анда мындай деп айтылат: «Министрликтин (АКШнын согуш министрлиги) Африкадагы артыкчылыктуу багыты Исламий террорчулардын регионалдык коопсуз башпаанектерди пайдаланып, Америка аймагына кол салуусуна жол бербөө… Ошол эле учурда биз союздаштарды жана өнөктөштөрдү башка террордук уюмдарды алсыратуу жана жок кылуу аракеттерин жетектөөгө мүмкүнчүлүк берүүгө умтулабыз».

Бул алардын көз карашында коркунуч Исламда экенин билдирет. Анткени бул аймактын калкы мусулмандар болуп, өз мамлекетин курууга, өлкөлөрүн Америка жана Батыш үстөмдүгүнөн бошотууга, алардын колдоосундагы режимдерди кулатууга жана яхудий түзүмүн жок кылууга умтулушат.

8- Жакынкы Чыгышты Америка үстөмдүгү астында кармоо.

Душман мамлекеттердин анын байлыктарын жана деңиз жолдорун көзөмөлдөп алышына, энергия жеткирүүлөрүнө коркунуч жаратышына же аймактын Америка кызыкчылыктарына же АКШ аймагына каршы терроризмдин очогу же булагы болуп калышына жол бербөө, ошондой эле яхудий түзүмүнүн коопсуздугун камсыз кылуу.

АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясында мындай делет: «Биз душман күчтөр Жакынкы Чыгышты, анын мунай жана газ корлорун, ошондой эле алар өткөн негизги өтмөктөрдү көзөмөлдөп алышына жол бербөөнү каалайбыз, ошол эле учурда бизди бул аймакта чоң чыгымдарга батырган “түбөлүк согуштардан” качууга аракет кылабыз».

«Ошондой эле бизде “Авраам келишимдерин” аймактагы башка мамлекеттерге жана Ислам дүйнөсүндөгү башка өлкөлөргө кеңейтүү боюнча да ачык-айкын кызыкчылык бар».

АКШ өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн Жакынкы Чыгыштагы диктатордук режимдер, айрыкча Булуң өлкөлөрү менен өнөктөштүгүн ачык жарыялайт жана америкалык кызыкчылыктарга кызмат кылып турган шартта демократиялык баалуулуктарды күч менен таңуулоодон баш тартат же болбосо “улут куруу” деп атаган ийгиликсиз согуштарды жүргүзбөөгө аракет кылат. Ошол эле учурда бул мамлекеттер менен идеологиялык жана аскердик деңгээлдеги коркунучтарга каршы туруу каралат.

2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясында мындай деп айтылат: «Жакынкы Чыгыштагы өнөктөштөр экстремизмге каршы күрөшүүгө өз милдеттенмесин аткарып жатканын көрсөтүп жатышат, америкалык саясат бул тенденциянын улануусун колдоого тийиш. Бул үчүн бул мамлекеттерди, айрыкча Булуң монархияларын өз салттарынан жана тарыхый башкаруу формаларынан баш тартууга мажбурлоо сыяктуу акылсыз америкалык тажрыйбадан баш тартуу талап кылынат. Биз реформаларды сырттан таңуулоого умтулбастан, аларды табигый түрдө пайда болгондо колдоп, баалашыбыз керек. Жакынкы Чыгыш менен натыйжалуу мамиленин ачкычы аймакты, анын жетекчилерин жана мамлекеттерин кандай болсо ошондой кабыл алуу жана орток кызыкчылыктар багытында кызматташуу».

“Ошондой эле ал биздин жашоо образды күч менен таңуулоону зарыл деп эсептебейт жана дүйнөдөгү бардык көйгөйлөрдү чечүүгө умтулбайт” — АКШнын 2026-жылдагы коргонуу стратегиясы.

Ошондуктан АКШ Жакынкы Чыгыш аймагын толук көзөмөлдөөнү каалайт, анткени бул эл аралык инвестициялардын булагы жана багыты болуп саналат, мунай жана газдан да кеңири тармактарды камтыйт, анын ичинде өзөктүк энергия, жасалма интеллект жана коргонуу технологиялары бар. Ошондой эле башка экономикалык кызыкчылыктарды бекемдейт (жеткирүү чынжырларын камсыз кылуу болобу же дүйнөнүн башка аймактарында, мисалы Африкада достук жана ачык рынокторду өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү болобу, айырмасы жок).

Ошондой эле Вашингтон регионалдык өнөктөштөрдү, анын ичинде яхудий түзүмүн жана аймактагы союздаштарын өзүлөрүнүн аймактык коопсуздугун башкарууда көбүрөөк жоопкерчилик алууга түртөт. Бул Вашингтонго өз ресурстарын башка стратегиялык чакырыктарга

багыттоого мүмкүндүк берет жана АКШ узак мөөнөттүү аскердик милдеттенмелер ага жүктөлүп калбоосу үчүн шарт түзөт.

9- Европанын эркиндигин жана коопсуздугун сактоо менен бирге, Европа цивилизациясынын өзүнө болгон ишенимин жана Батыштын иденттүүлүгүн калыбына келтирүү.

«Американын көз карашында Европа мигранттардын айынан келип чыккан идеологиялык трансформация коркунучунан улам цивилизациялык жактан жок болуп кетүү коркунучуна туш болууда. Бул тобокелдиктер НАТО альянсынын ыдырап кетүүсүнө алып келиши мүмкүн.

АКШнын 2025-жылдагы Улуттук коопсуздук стратегиясында мындай деп айтылат: “Бул экономикалык төмөндөө мүмкүн болгон цивилизациялык жок болуу сыяктуу караңгы келечек менен коштолууда. Европа туш болгон эң олуттуу көйгөйлөр: саясий эркиндикти жана суверенитетти алсыраткан Европа Биримдигинин жана башка трансулуттук органдардын ишмердүүлүгү, континенттин абалын өзгөртүп, чыр-чатактарды жараткан миграциялык саясат, сөз эркиндигине цензура коюу жана саясий оппозицияны кысымга алуу, төрөлүүнүн кескин азайышы, ошондой эле улуттук өзгөчөлүктөрдү жана өзүнө болгон ишенимди жоготуу ж.б..

Эгерде азыркы тенденциялар улана берсе, жыйырма жыл же андан аз убакыттын ичинде континентти таануу мүмкүн болбой калат. Мындай шартта кээ бир Европа өлкөлөрүнүн күчтүү экономикага жана армияга ээ болуусу таптакыр белгисиз”».

Бүгүн Трамп оңчул партияларды колдоого аракет кылууда. Муну АКШнын вице-президенти да ачык билдирип, оңчул партияларды колдоо тууралуу айткан. Улуттук коопсуздук стратегиясында мындай деп айтылат: «Биз Европада, англосаксон мейкиндигинде жана демократиялык дүйнөнүн калган бөлүгүндө, айрыкча союздаштарыбыз арасында элиталар негизги эркиндиктерге коюп жаткан демократияга каршы чектөөлөргө каршы турабыз».

АКШ Европанын өз коопсуздугун өзү камсыз кылышын жана чыгымдарды, жүктөрдү көбүрөөк көтөрүшүн каалайт. Бул болсо европалык мамлекеттерге таасир этип, экономикалык өсүштү төмөндөтөт. АКШ Европанын аракеттерин негизинен ички коопсуздукка багыттоону көздөйт. 2026-жылдагы АКШнын коргонуу стратегиясында мындай деп айтылат: «Акырында, биз европалык союздаштарыбызга алардын күч-аракети менен ресурстарын Европага багыттаганы туура болорун ачык билдиребиз. Мунун себеби жөнөкөй: Европа – биздин жамааттык коргонуубуз үчүн эң чоң салым кошо ала турган жана кошууга тийиш болгон жер».

10- Союздаштар менен жүктү көбүрөөк бөлүштүрүү.

Жана алардан коргонуу чыгымдарынын адилет үлүшүн көтөрүүнү талап кылуу.

2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясынын документинде «Жүктү бөлүштүрүү жана чыгымдарды өткөрүп берүү» деген бөлүмдө НАТО мамлекеттерине ички дүң продукциясынын 5%ын коргонууга бөлүү милдеттендирилген. Бул жүк АКШга эмес, союздаштарга жүктөлүшүн билдирет, анткени АКШ өзүн алсырап калды деп эсептейт жана экономикалык кризистер шартында мындай жүктөрдү көтөрө албайт. Ошондой эле бул союздаштарын акыркы жоокерине чейин согуштурууну көздөйт.

11- Россия экзистенциалдык (вужудий) коркунуч эмес.

Документ Россия мындан ары АКШ үчүн вужудий коркунуч эмес экенин, болгону аны менен сүйлөшүү мүмкүн болгон атаандаш экенин белгилейт. Аны менен түздөн-түз кагылышуудан качып, сүйлөшүүлөр аркылуу кармоо жакшыраак деп эсептелет.

12- Индия-Тынч океаны аймагында Кытайды ооздуктоо.

Түз кагылышуу аркылуу эмес, күч аркылуу, башкача айтканда күчкө негизделген сүйлөшүү позициясы аркылуу токтотуу.

АКШ Кытайды ооздуктоого аракет кылат, бирок түздөн-түз согуш жолу менен эмес, өзүнүн күчүн көрсөтүү жана союздаштарын күчтөндүрүү, көбүрөөк жоопкерчилик алууга түртүү аркылуу аракет кылат. Башкача айтканда, кагылышууда алдыңкы ролду Түштүк Корея, Япония, Австралия жана аймактагы АКШ түзгөн башка альянстар сыяктуу союздаштар ойнойт. Бул бир нече аймакта бир убакта болушу мүмкүн болгон согуштарга даярдык катары каралат.

2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясында мындай делет: «Президент Трамп Япония менен Түштүк Корея көбүрөөк жоопкерчилик алышы керек деген талапты койгондуктан, биз бул эки өлкөнү коргонуу чыгымдарын көбөйтүүгө үндөшүбүз керек. Ошондой эле каршылаштарды токтотуу жана “биринчи аралдар чынжырын” коргоо үчүн зарыл болгон мүмкүнчүлүктөргө, анын ичинде жаңы мүмкүнчүлүктөргө көңүл буруу талап кылынат. Биз Тынч океанынын батышындагы аскердик катышуубузду да күчөтөбүз, ошол эле учурда Тайвань менен Австралияны буга чейин кылып келгендей, коргонуу чыгымдарын көбөйтүүгө үндөйбүз».

Бул АКШга Кытай өзүнүн «Бир алкак — бир жол» долбоору аркылуу түзгөн таасирин бутага алууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле жеңилдетилген экономикалык жардамдар (кредиттер), ар түрдүү инвестициялар, жер сатып алуулар жана дүйнө өлкөлөрү менен түзүлгөн соода өнөктөштүктөрү аркылуу кеңейген таасирин

алсыратууга багытталган. Мунун максаты бул долбоорлорду үзгүлтүккө учуратуу, алардын өнүгүшүнө тоскоолдук кылуу жана Түштүк жарым шарда, Африкада, Жакынкы Чыгышта, Арктикада же Индия-Тынч океаны аймагында, айтор кайсы жерде болбосун Кытайдын таасирин чектөө.

АКШ ошондой эле Кытайдын Тайванды басып алышына же Тайвань кысыгын көзөмөлдөп алуусуна жол бербөөгө аракет кылат. Мындан тышкары, ал Кытайдын финансылык сектордо, долларда жана энергия рыногунда америкалык үстөмдүктү алсыратуусун да алдын алууга умтулат.

13- Эл аралык мекемелер менен уюмдардын таасирин алсыратуу.

АКШ америкалык кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн мурун бул мекемелерге таянып, өз үстөмдүгүн жүргүзсө, бүгүн дүйнөлүк аренада ага каршы күчтөрдүн өсүшү менен бул мекемелерге болгон мамилесин өзгөрттү. Ал бул уюмдарга болгон милдеттенмесин өз кызыкчылыктарына жараша аныктайт: эгерде бул мекемелер анын кызыкчылыктарына каршы келсе, андан чыгып кетет же аларга каршы катуу чабуул жүргүзөт. Бул эл аралык укукка карата да колдонулууда.

2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясында эл аралык мекемелерге байлануунун терс таасири тууралуу мындай деп айтылат: «Америкалык саясат эл аралык мекемелердин тармагына байланган, алардын айрымдары Америкага карата каршы маанайда, көпчүлүгү мамлекеттердин эгемендигин жоюуга умтулган трансчегаралык тенденциялар менен жетектелет».

Бул АКШга мамлекеттердин жардамга болгон муктаждыгынан пайдаланып, келишимдерди түзүү, көзөмөл жүргүзүү жана үстөмдүк орнотуу, ошондой эле сейрек кездешүүчү минералдарды көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет. 2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясында мындай деп айтылат: «АКШ Африка менен болгон мамилени жардамга негизделген мамиледен соода жана инвестицияга негизделген мамилеге өткөрүшү керек. Бул үчүн базарларын америкалык товарлар жана кызматтар үчүн ачууга милдет алган ишенимдүү жана жөндөмдүү мамлекеттер менен өнөктөштүк артыкчылыкка ээ болушу керек. Энергетика тармагы жана маанилүү минералдарды өнүктүрүү Африкада АКШ үчүн дароо инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү түзөт жана жогорку киреше алып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондой эле өзөктүк энергия, суютулган мунай газы жана суютулган табигый газ тармактарындагы америкалык технологияларды өнүктүрүү америкалык компанияларга киреше алып келип, бизге негизги минералдар жана башка ресурстар үчүн атаандашууда жардам берет».

14- Тынчтык аркылуу кайра тизилүү (اصطفاف).

«Тынчтык аркылуу гүлдөп-өнүгүү» чыр-чатактарды жана согуштарды токтотуп, АКШга ошол аймактардагы байлыктарды көзөмөлдөөгө, жаңы базарларды ачууга, жаңы мүмкүнчүлүктөргө жана жаңы таасирге жетүүгө шарт түзөт.

«Президент жетектеген тынчтык келишимдерине умтулуу ал тургай биздин түздөн-түз негизги кызыкчылыктарыбыз үчүн маанилүү эмес аймактарда жана өлкөлөрдө да туруктуулукту жогорулатууда, АКШнын дүйнөлүк таасирин бекемдөөдө, мамлекеттерди жана аймактарды биздин кызыкчылыктарга ылайык кайра тизүүдө жана жаңы базарларды ачууда натыйжалуу каражат болуп эсептелет».

(АКШнын 2025-жылдагы Улуттук коопсуздук стратегиясы)

Жыйынтык.

2025-жылдагы АКШнын Улуттук коопсуздук стратегиясына жана 2026-жылдагы коргонуу стратегиясына көз жүгүрткөн адам АКШнын алдында турган ички жана тышкы кыйынчылыктар сыяктуу чакырыктар чоң экенин көрөт. АКШ төмөндөөнү башынан өткөрүп жатат жана анын үстөмдүгүнө коркунуч жаралууда. Бул коркунуч — булагы Ислам дүйнөсүнөн чыккан идеология. Исламий идеология бүгүн дүйнөдө АКШга жана анын дүйнөдөгү кызыкчылыктарына каршы турган жалгыз идеология болуп эсептелет.

АКШ Кытай менен болгон күрөштү технологиялык жана өнөр жайлык, ошондой эле экономикалык жана аскерий жактан өсүп жаткан чакырык катары карайт. Ал эми Ислам менен болгон күрөштө ал утулуп жатат, анткени Ислам тартуучу күчкө ээ. Мусулмандар менен болгон күрөш АКШны экономикалык, баалуулук жана эл аралык аброй жагынан алсыратты.

Мындан тышкары, Батыш цивилизациясынын бузулушу жана өз кызыкчылыктарын адамдардын эсебинен ишке ашырууну каалаган ач көз капиталисттердин аракеттери да кошулат. Алар алып барган согуштар өздөрүнө чоң зыян алып келип, финансылык кризистерге себеп болду. Натыйжада АКШнын карызы дээрлик 40 триллион долларга жетти.

Ошондуктан АКШ өз экономикасындагы агып жаткан канды токтотуу үчүн өнөр жай базасын колдоо аркылуу экономиканы жандандырууга, компаниялар менен заводдорду кайра Америка аймагына кайтарууга аракет кылууда. Бирок бул жогорку эмгек акыга, айрыкча квалификациялуу адистердин маянасына байланыштуу тоскоолдуктарга туш болууда. Калган чаралары да олуттуу кыйынчылыктардан куру эмес: финансылык рынокторду чыңдоо, доллардын резервдик жана ишенимдүү валюта катары үстөмдүгүн

сактоо, аны менен баалоо жүргүзүү жана каржылык операцияларды аткаруу, атаандаштар менен соода тартыштыгын кыскартуу, жеткирүү чынжырларын жана сейрек минералдарды көзөмөлдөө, энергия рыногунда үстөмдүк кылуу, ички соода менен өндүрүштү жандандыруу үчүн протекционизмди колдонуу, эркин соода жана экономикалык глобалдашуу принциптерин четке кагуу, мунун баары оңой иш эмес жана дароо ишке аша турган нерсе эмес.

Ошондуктан ал өз максаттарына жетүү үчүн аскердик күчтү жана аны колдонуу коркунучун пайдаланып, «күч аркылуу тынчтыкты таңуулоо» принцибине таянат. Ошондой эле “жумшак күч” ишке ашпай калгандан кийин экономикалык мажбурлоону курал катары колдонот. Ал оңго-солго сокку уруп, душман менен досту, каршылаш менен союздашты айырмалабайт. Анын негизги максаты өзүнүн кызыкчылыктарын камсыз кылуу, дүйнөлүк лидерлигин жана үстөмдүгүн сактоо жана кандай гана мамлекет болбосун андан озуп кетишине жол бербөө.

Эгер бул анын кызыкчылыктарына каршы келсе, ал эл аралык укуктун эрежелерине, мамлекеттер ортосундагы калыптанган мамилелерге жана Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин өзү калыптандырган мамлекеттердин суверенитети принциптерине көңүл бурбайт.

Ал эски колонизаторлуктун жана мурунку империялардын үстөмдүгүнүн формасын кайра жандандырууда. Эл аралык мекемелерди жана уюмдарды четке кагып, алтымыштан ашык уюмдан чыгып кеткен, анткени алар анын кызыкчылыктарына тоскоол болот деп эсептейт. Ошондой эле ал Бириккен Улуттар Уюмунун таасирин алсыратууга жана анын ордуна өз кызыкчылыктарын ишке ашырган альянстарды түзүүгө аракет кылууда. Мындан тышкары, мамлекеттик мекемелердеги өзгөрүүлөр, ички саясий атаандаштарды бутага алуу жана караларга жана мигранттарга каршы расизмди козутуу аркылуу ички бөлүнүүнү күчөтүп, тереңдетүүдө.

Ошондой эле, башка жагынан алганда, социалдык жактан бузуку көз караштарды карманган демократтар менен либералдардын үстөмдүгү бузуку көрүнүштөрдүн жайылышын, адеп-ахлаксыздыкты, үй-бүлөнүн алсырашын жана төрөттүн азайышын күчөттү. Алар бул ооруларды дарылоого жөндөмдүү сакофатка ээ эмес.

Трамптын мындай ички өзгөрүүлөрдү жүргүзүүсү, ошондой эле тышкы саясаттагы текебердик жана «ковбой» стилиндеги жүрүм-туруму Американын көйгөйлөрүн чечпейт жана аны оор кулоодон сактап кала албайт. Тескерисинче, Америка өз колу менен өз пайдубалын бузуп, ички кризистерин тереңдетүүдө, ошондой эле

мындай акмак жана күч колдонгон саясаттын айынан сөзсүз пайда боло турган тышкы кризистерди да өзүнө чакырууда. Бул аракеттер душмандар менен атаандаштарды көбөйтүп, бардык мамлекеттерди — күчтүүсүн да, алсызын да — америкалык үстөмдүктөн бошонуу жолдорун издөөгө түртөт.

Бул Америкага тышкы жактан чоң чарчоону алып келип, ички жактан ичинен жеп жок кылуучу илдетке айлантат. Натыйжада ал аскердик күчүнүн туу чокусунда турган учурда да кулайт. Тарыхта мындай мисалдар аз эмес. Болгону аны кулатып жибере турган күч керек, андан соң аны бөлүп-жарган бычактар көбөйөт. Бул «Бизден күчтүүрөөк ким бар?» деп текеберленген залимдерге карата Аллахтын мыйзамы.

АКШ бул стратегиясында Исламдын бийликке келишин токтотууну негизги максат катары коюп, Халифатты тикелөөгө аракет кылгандарга каршы күрөш жүргүзүүдө. Бирок Аллахтын иши сөзсүз жүзөгө чыгат, Анын убадасы чын жана акыйкат. Америка Халифат үчүн иш алып баргандардан ага зыян алып келе турган нерсени көрөт, алар анын айла-амалын кайтарып, дүйнөдөгү лидерлигин жана үстөмдүгүн жок кылышат. Бул алардын өздөрү да корккон пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифат!

وَأَوۡرَثۡنَا ٱلۡقَوۡمَ ٱلَّذِينَ كَانُواْ يُسۡتَضۡعَفُونَ مَشَٰرِقَ ٱلۡأَرۡضِ وَمَغَٰرِبَهَا ٱلَّتِي بَٰرَكۡنَا فِيهَاۖ وَتَمَّتۡ كَلِمَتُ
رَبِّكَ ٱلۡحُسۡنَىٰ عَلَىٰ بَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ بِمَا صَبَرُواْۖ وَدَمَّرۡنَا مَا كَانَ يَصۡنَعُ فِرۡعَوۡنُ وَقَوۡمُهُۥ وَمَا كَانُواْ
يَعۡرِشُونَ ١٣٧

«*(Египет жана Сириядагы)* ***жердин Өзүбүз берекелүү кылган чыгыш жана батыштарына бечара коомду*** *(бани Исраилди)* ***мураскор кылып койдук. Сабыр кылгандыктары себептүү бани Исраилге Роббиңдин*** *(«Бул жердеги бей-бечараларга ниъматтар тартуу кылууну жана аларды адамдарга жетекчи кылып коюуну каалайбыз» деген)* ***көркөм сөздөрү толук*** *(ишке ашты)*. ***Фиравн жана анын коому куруп алган имараттарды жана бийик кылып көтөргөн ак сарайларды болсо кыйраттык»*** (Аъраф: 137). ❑

# ТОГУТКА СЫЙЫНГАНДАР

**Устаз Айша аз-Заътари – Мубарак Палестина жери**

Курани Каримде «тогут» сөзү бир нече аяттарда эске алынып, ал Аллахка ыйман келтирүүгө жана Ага ибадат кылууга карама-каршы коюлган. Мунун максаты адамдар бул дүйнөдөгү жашоосунда эки жолдун биринде экенин анык көрсөтүү. Башкача айтканда, же акыйкат жол – бул Аллахтын хидаяты же батыл жол – бул Аллахтан алыс болгондордун адашуусу. Аларды Куран «тогут» деп атаган. Бул карама-каршылыктын мисалдары төмөнкү аяттарда келген:

Аллах Тааланын сөзү:

﴿وَلَقَدۡ بَعَثۡنَا فِي كُلِّ أُمَّةٖ رَّسُولًا أَنِ ٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَٱجۡتَنِبُواْ ٱلطَّٰغُوتَۖ فَمِنۡهُم مَّنۡ هَدَى ٱللَّهُ وَمِنۡهُم مَّنۡ حَقَّتۡ عَلَيۡهِ ٱلضَّلَٰلَةُۚ فَسِيرُواْ فِي ٱلۡأَرۡضِ فَٱنظُرُواْ كَيۡفَ كَانَ عَٰقِبَةُ ٱلۡمُكَذِّبِينَ﴾

***«Акыйкатта, Биз ар бир үммөткө: «Аллахка сыйынгыла жана тогуттан ыраак болгула»,*** *(деген вахий менен)* ***бир пайгамбар жибергенбиз. Ошондо алар*** *(ошол үммөттөр)* ***арасында Аллах Туура Жолго салгандар да, ошондой эле,*** *(маңдайына жолдон)* ***азуу түшкөн кимселер да болгон. Демек, Жер жүзүндө саякат кылып,*** *(өз пайгамбарларын)* ***жалганчы деген кимселердин акыбеттери кандай болгонун көргүлө».*** (Нахл: 36).

Чындыгында, Аллах ар бир үммөткө элчи жиберип, аларга Аллахка ибадат кылууну жана тогуттан алыс болууну буюрган. Ошондой эле аларга туура жолго түшкөндөрдүн жана адашкандардын акыбети кандай болорун түшүндүргөн. Натыйжада адамдар экиге бөлүнгөн: Аллахка ибадат кылган ыймандуу, туура жолдогу адамдар же тогутту ээрчиген адашкан адамдар.

Аллах Таала айтат:

﴿لَآ إِكۡرَاهَ فِي ٱلدِّينِۖ قَد تَّبَيَّنَ ٱلرُّشۡدُ مِنَ ٱلۡغَيِّۚ فَمَن يَكۡفُرۡ بِٱلطَّٰغُوتِ وَيُؤۡمِنۢ بِٱللَّهِ فَقَدِ ٱسۡتَمۡسَكَ بِٱلۡعُرۡوَةِ ٱلۡوُثۡقَىٰ لَا ٱنفِصَامَ لَهَاۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ﴾

***"Бул динде зордоо*** *(Ислам динине зордоп киргизүү)* ***жок. Анткени, Туура жол адашуудан ажырап болду. Демек, ар кандай тогутка кафир болуп, Жалгыз Аллахка ыйман келтирген адам гана эч ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот. Аллах Угуучу, Билүүчү!"*** (Бакара: 256).

Бул аят жолдун ачык экенин баяндайт: туура жол да айкын, адашуу да айкын. «Бекем тутканы кармануу», башкача айтканда туура жолдо бекем туруу ыйман жана Ислам жолунда жүрүү дегенди билдирет. Бул болсо туура жолдо болуу т.а. Аллахка ыйман келтирүү о.э. адашуудан т.а. тогутту ээрчүүдөн алыс болуу аркылуу ишке ашат, ошондо адамдар туура жол табышып, аны менен жүрүшөт.

Аллах Таала айтат:

﴿وَٱلَّذِينَ ٱجۡتَنَبُواْ ٱلطَّٰغُوتَ أَن يَعۡبُدُوهَا وَأَنَابُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ لَهُمُ ٱلۡبُشۡرَىٰۚ فَبَشِّرۡ عِبَادِ﴾

***«Тогуттан – ага сыйынуудан ыраак болгон жана Аллахка*** *(Жалгыз Аллахка сыйынууга)* ***кайткандар үчүн*** *(бейиш)* ***куш кабары болсун!»*** (Зумар: 17).

Тогуттан алыс болуу – Аллахка ибадат кылууга жана Ага кайрылууга карама-каршы коюлат.

Бул аяттар Аллахка ыйман келтирүү жана Анын туура жолунда жүрүү менен тогутту жана анын адашууларын ээрчүүнүн ортосундагы айырманы көрсөтөт. Анткени бул экөө адам бул дүйнө жашоосунда сөзсүз бирин тандай турган эки жол болуп эсептелет: акыйкат же батыл, туура жол же адашуу, Аллах жолунда жашоо же тогут жолунда жашоо. Бул болсо Аллах адамга ушул эки жолду таанып-билүү үчүн илим жана таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле алардын арасынан тандоо себептерин даярдап бергенден кийин болот.

«Тогут» тилдик жактан “того” (чектен ашуу) деген сөздөн келип чыккан, башкача айтканда “өз чегинен ашып, зулумдукта чектен өтүп кеткен” деген сөздөн алынган. Айрым муфассирлер анын маанисинде ихтилаф кылышкан: кээ бирлери тогут бул шайтан дешкен, кээ бирлери сыйкырчы дешкен, айрымдары көзү ачык дешкен. Ал эми кээ бирлери бул маанилердин баарын камтыган деп айтышкан. Мисалы, ат-Табари тафсиринде мындай дейт: «Менин оюмча туурасы – тогут деген Аллахка каршы чыккан ар бир зулум ээси, Аллахтын ордуна ага ибадат кылынган нерсе. Бул сыйынуу же коркутуу менен мажбурлоо аркылуу, же ага ыктыярдуу баш ийүү аркылуу болушу мүмкүн. Ал сыйынган нерсе адам болобу, шайтан болобу, бут болобу, айкел болобу же кандай гана нерсе болбосун, айырмасы жок». Ибн Касир болсо: «Тогут – шайтан Аллахтын ордуна ибадат кылууга чакырган ар кандай нерсе» деген. Ал эми Багавий: “Аллахтын ордуна ибадат кылынган ар кандай нерсе – тогут. Ошондой эле, “адамга зулумдук кылган ар кандай нерсе – тогут” деп да айтылган”, - деген. Демек, бул тафсирлер Аллахтын ордуна ибадат кылынган бардык нерселер тогут экенин көрсөтөт.

Ошондой эле тогут түшүнүгүнө кирген башка маанилерди көрсөткөн аяттар да бар. Ал жөн гана ибадат кылуу жана кудайларды кабыл алуу менен чектелбестен, ээрчүү, андан келип чыккан баш ийүү, моюн сунуу, ага кайрылып өкүм сурап чечим чыгаруу жана ага жакындык (достук) көрсөтүү сыяктуу маанилерди да камтыйт. Мунун мисалдары:

Аллах Таала айтат:

﴿ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ يُخۡرِجُهُم مِّنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِۖ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ أَوۡلِيَآؤُهُمُ ٱلطَّٰغُوتُ
يُخۡرِجُونَهُم مِّنَ ٱلنُّورِ إِلَى ٱلظُّلُمَٰتِۗ أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ﴾

***“Аллах – ыймандуулардын досу. Ал аларды караңгы-туңгуюктан жарык-нурга чыгарат. Кафирлердин достору болсо тогуттар. Алар кафирлерди жарык-нурдан караңгы-туңгуюкка түшүрүшөт. Дал ошолор тозок ээлери жана ал жерде түбөлүккө калышат”.*** (Бакара: 257).

Бул аят адам менен анын ишенген фикратынын ортосундагы баш ийүүнү көрсөтөт: ким бир нерсени ээрчип, анын жолуна түшсө, ал (жол) адамды бир абалдан башка абалга өткөрөт. Аллахка ыйман келтирүү жолу аны ээрчигендерди куфр жана адашуу караңгылыгынан хидаят нуруна чыгарат. Ал эми тогут өзүнө ээрчигендерди адаштырып, аларды хидаят нурунан бактысыздык жана адашуу караңгылыктарына салат. Демек, бул аят тогут түшүнүгүндө камтылган баш ийүү жана ээрчүү маанилерин көрсөтөт. Ошондой эле мында ыйман жана ээрчүү натыйжасында ишке ашкан достук (мувалаа) мааниси да бар. Аллах – ыймандуулардын Валийи, ал эми тогут – Аллахка куфр кылгандардын валийи.

Аллах Таала дагы айтат:

﴿أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزۡعُمُونَ أَنَّهُمۡ ءَامَنُواْ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلِكَ يُرِيدُونَ أَن
يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦۖ وَيُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمۡ ضَلَٰلَۢا بَعِيدٗا﴾

***“****(Эй Мухаммад)*** **өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге** *(Куранга)* **жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген, деп эсептеген** *(айрым)* **адамдардын тогутка өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган. Анткени, шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт”.*** (Ниса: 60).

Аллах түшүргөн шариаттан башка нерсеге өкүм сурап кайрылуу тогутка кайрылуу болуп эсептелет. Анткени мусулмандарга Аллахтын шариатына кайрылуу буюрулган жана андан башкасына кайрылуу тыюу салынган. Кимде-ким Аллахтын шариатынан башка кайсы бир тарапка өкүм сурап кайрылса, ал тогуттан болуп саналат.

Аллах Таала дагы айтат:

﴿ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِۖ وَٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُقَٰتِلُونَ فِي سَبِيلِ ٱلطَّٰغُوتِ فَقَٰتِلُوٓاْ أَوۡلِيَآءَ
ٱلشَّيۡطَٰنِۖ إِنَّ كَيۡدَ ٱلشَّيۡطَٰنِ كَانَ ضَعِيفًا﴾

***“Ыйман ээлери Аллах жолунда согуш кылышат. Кафир адамдар болсо тогут жолунда согуш кылышат. Демек, шайтандын досторуна каршы согуш кылгыла! Албетте шайтандын айласы күчсүз болуучу”.*** (Ниса: 76).

Бул аят эки топ адамдарды баяндайт, ыймандуулар – Аллахтын достору, алар Анын жолунда согушат, ал эми кафирлер – шайтандын

достору, алар тогут жолунда согушат. Бул болсо «валаа» (достук) жана ээрчүү мааниси тогут түшүнүгүндө да бар экенин көрсөтөт.

Демек, Аллахтан башкага ибадат кылынган, ээрчилген, өкүм сурап кайрылган жана дос катары кабыл алынган ар кандай нерсе тогут болуп саналат. Анткени бул Аллах белгилеген чектен ашууну билдирет. Ибн Каййим (рахимахуллах) тогут тууралуу мындай деген: "Тогут – бул пенде өз чегинен ашып өткөн бардык нерсе, мейли ал сыйынылган нерсе болсун, же ээрчилген адам болсун, же баш ийилген киши болсун, айырмасы жок". Куран аяттары дал ушуну түшүндүрөт. Демек, маселе бир гана сыйынуу менен чектелбестен, жогоруда айтылган башка учурларды да өзүнө камтыйт.

Мусулман адам так билиши зарыл нерсе – тогут түшүнүгү Аллахтан башкага ибадат кылынган, ээрчилген жана өкүм сурап кайрылуу эки тараптуу колдонулат:

Биринчиси: адамдар сыйынган же өкүм сурап кайрылган жана дос туткан нерсенин өзү. Башкача айтканда, ал өзү тогут болуп эсептелет. Демек, адамдар кайрылып, жашоо системасын андан чыгарып, мыйзам чыгаруунун булагы кылган, Аллах ага бийлик бербеген ар кандай нерсенин өзү тогут болуп саналат. Мисал катары, мусулман өлкөлөрүндө колдонулуп жаткан адам чыгарган мыйзамдар, мыйзам чыгаруу жыйындары, эл аралык мыйзамдар, анын уюмдары жана мекемелери, алардан чыккан чечимдер жана келишимдер, ошондой эле адамдар мыйзам чыгаруу жана өкүм берүү үчүн кайрылган башка тараптар, булардын баары тогуттун өзү болуп саналат.

Тогуттун катарына адамдар асмандан вахий түшүрүлбөгөн диндерди кабыл алганы да кирет. Ошондой эле бурмаланган самавий диндер да кирет. Мындан тышкары, адамдар тарых бою Аллахтан башкага сыйынган бардык нерселер: айкелдер, от, дарак, адамдар жана башка кудай катары кабыл алынган нерселердин баары тогут болуп эсептелет. Демек, адамдар Аллахтан башканы кудайлаштырып сыйынган ар кандай нерсе жана булагы вахий болбогон ар кандай дин тогуттун өзү болуп саналат.

Ошондой эле адамдар өз жашоосу тууралуу кабыл алган ишенимдер, пикирлер жана түшүнүктөр да – эгер алардын булагы вахий болбосо же Исламга каршы келсе – тогут болуп эсептелет. Анткени адамдын жашоосу ошолорго негизделип жүрөт жана тартипке салынат. Аллах адамга Өз буйруктарын жана мыйзамдарын жашоосунда кармануууну буюрган, адам бул дүйнөдө Жаратуучусу менен байланышы жок калтырылган эмес. Тескерисинче, ал өз ишеними жана жашоосу тууралуу түшүнүктөрүндө Аллахка баш ийүү менен чектелген. Ал тургай анын каалоосу да Үммөттүн Пайгамбары

ﷺ алып келген шариятка ылайык болушу керек. Абдуллах ибн Амр (разияллаху анху) риваят кылат, Пайгамбар ﷺайтты:

«لا يُؤمِنُ أحدُكُم حتى يكونَ هواهُ تَبَعًا لما جئتُ به»

**«Силердин эч кимиңер – каалоосу мен алып келген нерсеге** (шариятка) **ылайык болмоюнча – толук ыйман келтирген болбойт».** (Байхаки риваят кылган).

Мусулмандар узак убакыттан бери куфр, батыл жана адашуу пикирлеринин чабуулуна кабылып, ал пикирлер алардын арасында жайылып, жашоолорунда үстөмдүк кылып келди. Айрыкча секуляризм, демократия, пайдапарастык (утилитаризм), индивидуализм, «максат каражатты актайт» деген эрежелер, эркиндиктер жана башка ушул сыяктуу капитализм пикирлери таасир этип келди. Чындыгында, капитализм мабда катары ушул доордун тогуту болуп калды. Ал дүйнөнү адаштырып, караңгылыктар үстүнө караңгылыктарга батырып салды.

Батыл ишенимдер жана пикирлер өздөрү тогут болуп эсептелет. Анткени бул пикирлерди жана түшүнүктөрдү көтөрүп жүргөн адамдар ошолор себептүү тогутка айланышат, аларды дал ошол нерселер жетелеп, жамандыкка түртөт. Чындыгында, адам батыл пикирге берилип кеткенде же бузуку каалоого ээ болгондо тогутка айланат. Демек, чектен ашкан адам – тогут. Анын батыл пикири да тогут болуп саналат.

Айрым муфаккирлер «жибт» менен «тогуттун» ортосунда айырма бар деп эсептешет. Анткени экөөсү бирге Аллах Тааланын ушул сөзүндө айтылган:

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ أُوتُوا۟ نَصِيبًا مِّنَ ٱلْكِتَٰبِ يُؤْمِنُونَ بِٱلْجِبْتِ وَٱلطَّٰغُوتِ وَيَقُولُونَ لِلَّذِينَ كَفَرُوا۟ هَٰٓؤُلَآءِ أَهْدَىٰ مِنَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ سَبِيلًا﴾

***“Китептен үлүшкө ээ болгон кишилердин буттарга** (жибт) **жана тогуттарга сыйынып жаткандарын, ошондой эле кафир адамдар жөнүндө: «Ошолор ыйман ээлери болгон мусулмандардан көрө туурараак жолдо» - деп жаткандарын көрбөдүңбү?”*** (Ниса: 51).

Алар «жибт» көбүнчө бузгунчу пикир жана ишенимге тиешелүү, ал эми «тогут» көбүнчө чектен ашып, зулумдук кылган адамга тиешелүү дешет. Бирок, айрым тафсирчилер айткандай, тогут жибттен көрө кеңири жана жалпы түшүнүк болгондуктан, жибт анын ичине кирет. Ошондуктан бузгунчу ишеним жана пикирди да тогут деп эсептөө туура болот.

Жыйынтык: Аллахтан башкага ибадат кылынган нерсе, адамдарга мыйзам чыгарып, жашоосуна система коюп берген, бирок булагы вахий болбогон ар кандай тарап, ошондой эле адамдардын жүрүм-

турумуна таасир эткен, Ислам акыйдасынан келип чыкпаган жана ага негизделбеген түшүнүктөр, мунун баары тогут болуп саналат.

Экинчиси: адамдарга зулумдук кылууда чектен ашкан ар кандай адам да тогут болуп эсептелет. Мисалы, Аллах түшүргөн шарият менен өкүм кылбаган, адамдарды Аллахтын туура жолунан башка нерсени ээрчүүгө жана Аллахтан төмөн болгон нерселерге сыйынууга мажбурлаган адам; же адамдарды адаштырып, алар анын ибадатында жана ишениминде ыраазычылык жана наадандык менен ээрчиген адам; ошондой эле адамдарга үстөмдүк кылып, аларга зулумдук кылган, алардын динине каршы күрөшкөн, Аллахтын шариатын колдонууга жана ага кайрылууга тоскоол болгон ар кандай бийлик ээси; жана Аллахтын белгилерин улуктоого тоскоолдук кылган ар кандай адам, алардын баары жана аларга окшогондор тогут болуп эсептелет.

Тогут бул тармакта бир гана башчылар менен чектелбейт. Тескерисинче, ал адамдарга таасири бар ар кандай адамды да камтыйт. Кызмат орду, таасири, аброю же атак-даңкы бар болуп, муну Аллахтын динине каршы күрөшүү, диндин жер жүзүндө колдонулуусуна тоскоол болуу же адамдарды бузуу, алардын динин бузуу жана адаштыруу үчүн пайдаланган ар кандай адам тогут болуп эсептелет. Бул тогуттарга жардам берген жана колдогон ар кандай адам да алардан болуп саналат. Анткени залим, тиран башчы өзүнүн зулумдугун жалгыз өзү ишке ашырбайт, тескерисинче, башкаруу системасы, аппараттар, мекемелер жана жардамчылар аркылуу ишке ашырат. Булардын баары биригип анын үстөмдүгүнүн жана зомбулугунун куралын түзөт. Демек, бул залимдерге жардам берген жана алардын колу болуп, зомбулук кылышына себеп болгон ар кандай адам алардан болуп саналат.

Белгилүү окуяда айтылгандай, Имам Ахмад ибн Ханбал (рахимахуллах) камалганда, ага түрмө сакчысы келип: «Эй, Абу Абдуллах, залимдер жана алардын жардамчылары тууралуу келген хадис туурабы?», - деп сурайт. Имам Ахмад: «Ооба», - дейт. Сакчы: «Демек, мен залимдердин жардамчысымынбы?», - деп сурайт. Имам Ахмад мындай жооп берет: «Залимдердин жардамчылары – алардын чачын кырган, кийимин жууган, тамагын даярдаган, алар менен соода кылган адамдар. Ал эми сен болсо залимдердин өзүсүң».

Демек, тогут эки тарапта ишке ашат: биринчиси, адамдар ээрчиген батыл жана бузгунчу нерсе, мисалы, Аллахтан башкага сыйынган нерсе, батыл ишеним, адам чыгарган мыйзамдар жана ушул сыяктуу нерселер. Экинчиси, адамдарга зулумдук кылып, текеберленген жана

адамдарды ушул батыл нерсеге баш ийдирген адам. Аллах бардык тогуттан алыс болууну буюруп, аны ээрчүүнү арам кылган.

Тогут жолунда жүргөн адамдар эки топко бөлүнөт: биринчиси, зулумдук кылып, үстөмдүк жүргүзгөн, батылга таяныч түзгөн жана көп адамдарды адаштырган тогут; экинчиси, ушул батыл жана тогут менен жашаган, аны өз жашоосуна жол катары кабыл алган ээрчүүчүлөр. Ошондуктан тогут – зулумдукта чектен ашкан ар кандай адам деп аныкталган.

Зулумдукта чектен чыгуу адамдын өзүнүн зулумдугу башкаларга да өтүп кетиши менен болот. Ким батылга жана адашууга ыраазы болуп, тогут жолунда жүрсө, аны ээрчиген болуп эсептелет. Ал эми ким өзүнүн зулумдугу менен башкаларга өтүп, аларды батылга чакырса – мейли ал аларды адаштыруу жана алдоо аркылуу болсун же мажбурлоо жана зордук менен болсун – ал тогут болуп эсептелет, анткени ал зулумдугунда чектен ашкан.

Бул жерде маселенин мусулмандар үчүн кооптуулугу айкын болот: канчалаган мусулмандар Аллахты жалгыз деп билип, Ага ибадат кылып, фарз жана нафил ибадаттар аркылуу Ага жакындашууга аракет кылышат, бирок дининин башка тармактарында кайдыгер мамиле кылышат. Натыйжада тогут жолунда жүрүп, анын айрым ураандарын көтөрүп калышат. Мисалы, адамдар чыгарган мыйзамдарга, эл аралык мыйзамга же эл аралык уюмдарга кайрылууну туура деп эсептейт, же мусулмандар Аллахтын шариатын колдонууга даяр эмес деп айтат, же Аллахтын шариаты адамдардын ортосунда өкүм кылууга ылайык эмес деп жоромолдойт, же Аллахтын шариатын колдонбогон жана кафирлер менен дос болгон башкаруучуну колдоп, ага Аллах ыраазы болбой турган шылтоолорду табат, же «эркиндиктерди» туура деп эсептейт, же өз амалдарына өлчөө катары халал менен харамды эмес, пайданы алат, же өз акыйдасына жана динине каршы келген улутчулдук, мекенчилдик ж.б.у.с. пикирлерди кабыл алат. Мындай абалдардын көпчүлүгүндө адам билип же билбей тогутту ээрчиген болуп калат.

Мусулман бүт жашоосу Аллахка баш ийүү жана Анын жолунда болушу керек экенин аңдап түшүнүүсү важиб. Ал Жаратуучусунун буйругун аткарып, тыюуларынан алыс болушу зарыл. Ошондой эле аны адаштырган адамдарды жана батыл пикирлерди ээрчүүдөн сак болушу керек, анткени мунун баары адашуу болуп саналат.

Адашуу – тогуттун жолу, хидаят болсо – ыйман жолу. Демек, маселенин өзөгү кимге «тогут» деген ат коюлганы же коюлбаганы эмес, тескерисинче мусулман өз жашоосунда кайсы жолдо бара

жатканы. Ал Аллахка баш ийип жатабы же батылга жана зулумдук кылгандарга баш ийип жатабы? Аллах Таала айтат:

﴿وَإِن تُطِعۡ أَكۡثَرَ مَن فِي ٱلۡأَرۡضِ يُضِلُّوكَ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ إِن يَتَّبِعُونَ إِلَّا ٱلظَّنَّ وَإِنۡ هُمۡ إِلَّا يَخۡرُصُونَ﴾

***“Эгер сен Жер жүзүндөгү адамдардын абдан көпчүлүгүнө моюн сунсаң, алар сени Аллахтын Жолунан азгырышат.*** *(Анткени)* ***алар жалаң гана ой-күмөндөрүнө ээрчишет жана жалаң гана алдашат”.*** (Анъам: 116).

Ыймандуу адам өз жашоосун Аллах жолунда жана Пайгамбарына ﷺ түшүрүлгөн шарият негизинде өткөрөт. Ал бул жолдон таюуну каалабайт жана Улуу Аллахтан өзүн түз жолго баштоону жана анда туруктуулук берүүнү сурайт. Ыймандуу адам тогуттун бардык түрүнөн алыс болот жана Аллахты ыраазы кылган позицияны карманат. Тогуттарга душмандыгын ачык билдирет, аларды жок кылууга жана Аллахтын динин орнотууга чакырат. Ошондо жер кайрадан хидаят нуруна бөлөнүп, адашуунун караңгылыгы жоголот. Аллах Таала айтат:

﴿فَذَٰلِكُمُ ٱللَّهُ رَبُّكُمُ ٱلۡحَقُّۖ فَمَاذَا بَعۡدَ ٱلۡحَقِّ إِلَّا ٱلضَّلَٰلُۖ فَأَنَّىٰ تُصۡرَفُونَ﴾

***“Демек, мына ушул Аллах, чыныгы Роббиңер. Чындыктан кийин болсо жалаң гана жолдон адашуу бар*** *(тактап айтканда, чыныгы Роббиңер болгон Аллахтан башкага сыйынат экенсиңер, албетте жолдон адашкан болосуңар)****. Анан, кайсы тарапка бурулуп кетүүдөсүңөр?!”*** (Юнус: 32). ❑

# ҮММӨТТҮН КЕЛЕ ЖАТКАН ЖАЗЫ… РЕВОЛЮЦИЯДАН ХАЛИФАЛЫККА КАРАЙ

**Устаз Жамал аль-Хумиси – Йемен вилаяты**

Бүгүнкү күндө Ислам Үммөтүнүн абалын, айрыкча арабдардын абалын, “араб жазы” революцияларынын биринчи толкуну ийгиликсиз болгондон кийин карап чыккан адам, экинчи толкун сөзсүз келерин толук түшүнөт. Жер залимдердин буттары алдында кайнап жатат, бирок бул жолу күчтүүрөөк шарттар, тереңирээк аң-сезим жана күчтүүрөөк нааразылык менен келет.

Биринчи революциялардын жарылышына алып келген факторлор али да бар, кала берсе андан да күчөдү. Ал эми революциялар басылып калгандан кийин түзүлгөн режимдер жөргөмүштүн желесинен да алсыз режимдер болуп, Батышка көз каранды болууга, саткындыкка, зулумдукка жана кысымга негизделген.

Эгер Египетке көз чаптырсак, жумушсуздук деңгээли жогорулаганын көрөбүз. Тышкы карыз Мубарак доорундагы 34.9 миллиард доллардан (ички дүң өнүмдүн 14.9%ы) Сиси доорунда 88.1 миллиард долларга (ички дүң өнүмдүн 36.8%ы) жетти. Жумушсуздук өстү, жакырчылык кеңири жайылды, түрмөлөр он миңдеген мазлумдарга толду, ошол эле учурда бир ууч бузукулар өлкөнүн байлыгын жыргап пайдаланып жатышат.

Ливияда өлкө бөлүнүп, ички кагылыштарга батып, калкы чачырап, инфраструктурасы кыйратылып, эл аралык кийлигишүүнүн жана саясий малайлыктын аянтына айланды.

Тунисте болсо, режим демократиялык чечимдерге макул болгондорго да каршы төңкөрүш жасап, өлкөнү кайра полициялык диктатура дооруна кайтарды, элге каршы чыгып, алардын азап-тозогуна көңүл бурбай жатат.

Ал эми Йемен менен Судан катуу бөлүнүп-жарылып, аймактык жана эл аралык таасирлерге дуушар болуп келет жана жакырчылык, кыйроо жана көчүрүү күчөп жатат. Кан төгүү күнү-түнү уланууда.

Революциянын согуп турган жүрөгү болгон Шамда болсо, Батыш өзүнүн куралдары – алардын башында турган “арабдардын Эрдоганы” болгон Жулани – аркылуу революциянын багытын Халифалыкты орнотуудан жана Исламды колдонууга чакыруудан буруп, жөн гана жүздөрдү алмаштырууга алып келди. Натыйжада, Батышка мурункудан да көбүрөөк көз каранды жана баш ийген агент өкмөттү түзүштү.

Бирок бул караңгылыкка карабастан, Үммөт өлгөн жок жана эч качан өлбөйт. Анда дагы эле ихластуу эркектер, ыймандуу жигиттер жана сабырдуу аялдар бар. Алар: «Бул бийлик үчүн эмес, атак-даңк үчүн эмес, бул Аллах үчүн» - деп чакырып жатышат.

Келе жаткан толкун мурункудай болбойт. Бул жолу ал жөн гана убактылуу кыймыл же өткүнчү нааразылык эмес, Үммөттү ондогон жылдар бою темир жана от менен башкарган агент залим режимдердин негиздерин солкулдаткан чыныгы силкинүү болот. Бул режимдер Халифалык кыйратылгандан кийин тактыларында калтырылып, элдердин мойнуна эл аралык келишимдер жана колонизаторлук кийлигишүүлөр аркылуу орнотулган. Алар Исламдын атын гана билишет, башкарууда болсо кысымдан башкасын билишпейт.

Бүгүн бул режимдердин баары солгундап, чындык соккулары алдында кулап жатат. Алардын чыныгы жүзү өз элдеринин жана бүтүндөй Үммөттүн алдында ачылды. Бул ачылышты дагы да айкын кылган “Аль-Акса ташкыны” операциясы болду. Ал режимдердин чыккынчылыгын толук ашкерелеп, алардын Акса мечитине жана Үммөттүн негизги маселесине болгон чыккынчылыгын көрсөттү. Бүгүн адамдарга далилдин кереги жок, анткени алар араб режимдеринин расмий чыккынчылыгын өз көздөрү менен көрүштү, өлтүрүүгө барабар болгон жымжырттыкты угушту, ал тургай айрым башчылардын Аксага жана Газага каршы ачык кутумун да көрүштү. Ошондуктан булардын чыккынчылыгынан шектенүү жүрөктүн сокурлугуна барабар болуп калды.

Бүгүн Үммөт кайнап жатат, кризистер чогулуп, зулумдук күчөп жатат, ачарчылык көбөйүүдө, эртеңки күнгө карата коркунуч адамдардын жүрөктөрүн эзип, кейитип жатат. Жакынкы тарыхый учурлар гана калды, андан соң элдердин сабыры жарылат. Бул катардагы революция эмес, мурдагыдан да күчтүүрөөк, жетилген жана аң-сезимдүү жаңы толкун болот. Анткени Үммөт өзүнүн башына түшкөн жеңилүүлөрдүн, кырсыктардын жана кризистердин себеби — Исламдын ордуна Батыштын куфр өкүмдөрүн алмаштыруу, демократия жана секуляризмди башкаруу, экономика жана коомдук түзүлүш катары кабыл алуу жана аларды күч, айлакерлик жана алдоо аркылуу мусулмандардын мойнуна таңуулоо экенин түшүндү.

Колонизаторлор Халифалык кулатылгандан кийин өз сакофатын маалымат каражаттары жана билим берүү аркылуу жайылтышты. Батышка көз каранды башчыларды жана Батыштын таасири алдында калган шейхтерди өстүрүштү. Алар тагутка жагынган фатваларды берип, Исламдын атынан Үммөттү адаштырышты. Демократияны

жаңы бут-санамга айлантып, «бузукулук анын өзүндө эмес, колдонулушунда» деп айтышты. Бул жалганчылык жана адаштыруу. Анткени демократия өз маңызында Аллахтын шариятынан башка мыйзам чыгаруу болуп, Ислам акыйдасына жана шариат өкүмдөрүнө каршы келет.

Ошондуктан олуттуу жана түп-тамырынан өзгөрүү максат менен тарыйкат так болушу аркылуу гана ишке ашат. Максат пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рашид Халифалыгын орнотуу. Ал эми тарыйкат аң-сезимдүү саясий иш алып баруу, фикрий жана саясий күрөш аркылуу Ислам башкаруусун толук орнотуу. Анткени жашоонун бардык тармактарына жайылган бузгунчулуктун негизги себеби башкаруу системасынын бузулушу экенин баары түшүндү. Ислам душмандарына Үммөттүн тагдырын башкарууга мүмкүнчүлүк берген негизги чек хижрий 1342-жылы Халифалыктын кулатылышы болду. Ошондон бери Ислам башкаруу системаларынан четтетилип, адамдардын жашоосунан алыстатылды.

Пайгамбарыбыз ﷺ бизди мындан эскертип:
«لَتُنْقَضَنَّ عُرَى الإِسْلامِ عُرْوَةً عُرْوَةً، فَكُلَّما انْتَقَضَتْ عُرْوَةٌ تَشَبَّثَ النَّاسُ بِالَّتِي تَلِيها، فَأَوَّلُهُنَّ نَقْضاً الْحُكْمُ، وَآخِرُهُنَّ الصَّلاةُ»

**«Исламдын түйүндөрү бирден-бирден чечилет. Ар бир түйүн чечилген сайын адамдар кийинкисине жабышат. Алардын эң биринчи чечилгени — башкаруу, эң акыркысы — намаз»**, - деген.

Бул түшүнүк Үммөт уландарынын акылына бекем орногондо, алардын аң-сезиминде азыркы вакыйлыгыбыздын системалары да, сакофаты да, баалуулуктары да Исламий эмес деген түшүнүк пайда болот. Тескерисинче, бул Батыштагы кафир колонизаторлор тарабынан таңууланган вакыйлык болуп, Исламга түп-тамырынан каршы келет.

Мына ушул жерде ой жүгүртүүнүн багыты өзгөрөт. Адамдар аттарды жана жүздөрдү алмаштыруу менен алданбай калышат. Алар «Исламды орнотуу» деген бир нече ураандарды көтөрүү же бузгунчу вакыйлык ичинде айрым өкүмдөрдү колдонуу сыяктуу үстүртөн өзгөрүү эмес, түп-тамырынан чыныгы өзгөрүү болушу керек экенин түшүнүшөт. Бул бузгунчулуктун тамырын жулуп, вакыйлыкты толугу менен Ислам манхажы боюнча өзгөртүү аркылуу ишке ашат.

Ушундан улам, Үммөт жүргүзүп жаткан күрөш бардык өлчөмдөрүн камтыган толук жана жалпы күрөш экендиги айкын болушу керек. Түпкү чечим Ислам негизиндеги революция менен гана ишке ашат. Ал революция шерменде жана кор башчыларды түп-тамыры менен кулатып, Үммөттү кайра адамзатка жетекчилик кылган ордуна кайтарат.

Бул жерде үмүтсүздөргө, дүрбөлөң салуучуларга жана үстүртөн караган адамдарга орун жок. Анткени алар ар кандай чыныгы ойгонууга тоскоол болушат. Үммөт азыр тарыхый толгоо абалынан өтүүдө жана ага саясий шаръий аң-сезимге ээ болгон эркектер менен аялдар керек. Алар вакыйлыкты түшүнүп, Үммөттү көрөгөчтүк жана чынчылдык менен жетектеши керек. Алар батылды кооздобойт, залимдер менен диалог кылбайт, тескерисинче чыныгы өзгөрүү жолунда бекем турушат.

Ошондуктан революцияны Батыш уруксат берген чек менен чектеген же өз долбоорун системаны оңдоого гана чектеген адамдар жетектебеши керек. Эгер келе жаткан революция чыныгы өзгөрүүгө жетишип, Үммөттү азыркы абалынан куткарсын десек, ал жөн гана нааразылыктын жарылышы эмес, аң-сезим революциясы болушу керек. Ал бириктирүүчү жана жалпы көз карашка ээ болгон эркектер тарабынан жетектелиши керек. Алар Ислам акыйдасынан балкып чыккан, толук кандуу цивилизациялык долбоорду көтөрүп, Үммөттүн вакыйлыгын жана күрөштүн табиятын так түшүнүүгө негизделишет.

Демек, бул эркектер мүмкүн болушунча кыска убакытта агентке айланган жасалма режимдерден жана караңгы залим башкаруудан пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык алкагында Аллахтын шариятын колдонууга өтүү үчүн так пландарга ээ болушу шарт. Ошондо гана биринчи революциялар толкунунда болгондой саясий боштук пайда болуп, куфр күчтөрү андан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албай калышат. «Революция – үстүрт өзгөрүү – көңүл калуу – кайра революция» деген айлампа Үммөткө иззат алып келбейт, тескерисинче анын кайгылуу вакыйлыгын бекемдейт. Эгерде ой жүгүртүү ыкмасы өзү өзгөрбөсө, абал ошол бойдон кала берет. Негизги көйгөй ихластыкка байланыштуу эмес, анткени Ислам Үммөтү ихластуу. Бирок ага таңууланган сырттан келген пикирлер анын түшүнүгүн бузуп, вакыйлыкты мыйзам чыгаруу булагы кылууга жеткирди, түпкүлүгүндө болсо негиз Ислам акыйдасы болушу керек эле.

Бүгүнкү күрөш алар айткандай чектелген улуттук-аймактык күрөш эмес. Ал Ислам Үммөтү менен колонизатор кафир Батыштын ортосундагы хазарий күрөш. Бул чындыкты түшүнбөгөн адам өзгөрүү процессин жетектөөгө жарабайт.

Кимде-ким Куран менен Сүннөткө негизделген толук долбоорду көтөрүп чыкпаса, ыймандуулардын бекемдиги менен аракет кылбаса жана Аллах бул динге жардам берерине бекем ишенимге ээ болбосо, ал динди орното албайт, жерлерди азат кыла албайт жана Үммөттү капитализмдин караңгылыгынан Ислам нуруна алып чыга албайт.

Биз болсо, Хизб ут-Тахрир ичинде, Аллахтын шариятын өкүмдар кылууга жана Халифалыкты тикелөөгө өзүбүздү арнадык. Аллах Тааладан бизди бул тагдырий күрөштө т.а. Үммөттүн аң-сезимин азат кылуу, аны кайра бириктирген Исламий өздүгүнө кайтаруу жана балдарына алардын түпкү Исламий тамырларын эскертип туруу күрөшүндө алдыңкы катарда кылуусун тилейбиз. Анткени бул өздүк узак кылымдар бою колонизаторлук, сакофий жана пикирий баскынчылык, кресттүүлүк жортуулдары, британия-француз баскынчылыгы жана катаал америкалык үстөмдүк аркылуу бурмаланган.

Аллахтан келе жаткан революциянын биринчи максаты Үммөт уландарынын аң-сезимине сиңип калган азыркы жахилий вакыйлыктын «мыйзамдуулугун» жок кылуусун сурайбыз. Бул вакыйлык Халифалык кулатылып, Даруль-Ислам кыйрап, Ааламдардын Роббисинин шариаты өчүрүлгөндөн кийин курулган. Чынында, жүз жылдан ашуун убакыт ичинде Ислам толук жашоону жөнгө салган, саясатты, экономиканы жана коомду башкарган, адамзатты нурга жетектеген динден обочолонгон теориялык динге айландырылды.

Эй, Исламдын уул-кыздары! Исламдын вазыйпасы капитализмди жамап-түзөө да, анын жийиркеничтүү жүзүн коздоо да эмес. Исламдын милдети зулумдукка ыңгайлашуу эмес, тескерисинче аны түп-тамырынан жок кылуу. Исламдын милдети адамдарды капитализмдин караңгылыгынан Исламдын нуруна, капитализмдин зулумдугунан жана кылмыштарынан Исламдын адилеттүүлүгүнө жана коопсуздугуна алып чыгуу. Ислам адамзатты жасалма режимдердин зулумунан шариаттын адилеттүүлүгүнө, адамдардын адамга кул болушунан жалгыз Аллахка кул болууга чыгаруу үчүн келген. Биз орнотууну каалаган Ислам бир бурчка сүрүлүп алсыз абалда калган Ислам эмес, дүйнөнү башкарып, үстөмдүк кылган Ислам.

Андыктан, бул диндин ансарлары болгула жана аны өзүнүн татыктуу ордуна кайтаруу үчүн иштегендер менен бирге болгула! Бул дин башкаларга баш ийүүчү эмес, адамзаттын жол башчысы, башкарылуучу эмес, башчы, кор абалда эмес, кадыр-барктуу болсун! Чачырап кеткен Үммөттү бириктирген, ага бийлигин кайтарган, шариятын иш жүзүнө ашырган жана Ислам рисалатын дүйнөгө жайган Халифалыктан башка кутулуу жол жок. Аллах Таала бизге убада кылган:

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ }

***«Эй, момундар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Ал да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат».*** (Мухаммад: 7).

Аллахка жардам берүү Анын динин колдоо, шариаты менен өкүм жүргүзүү жана мамлекетин тикелөө менен болот. Келе жаткан жаз – Аллахтын каалоосу менен – Халифалык жазы болоруна биз толук ишенебиз.

{وَسَيَعۡلَمُ ٱلَّذِينَ ظَلَمُوٓاْ أَيَّ مُنقَلَبٖ يَنقَلِبُونَ }

***"Заалим кимселер болсо жакында кандай акыбетке карап бара жатышкандарын билип атышат".*** (Шуара: 227).

{وَيَقُولُونَ مَتَىٰ هُوَۖ قُلۡ عَسَىٰٓ أَن يَكُونَ قَرِيبٗا }

***"Алар «Ал*** *(күн)* ***качан болот?» деп*** *(сурашат)*. ***«Балким жакында болоор», деп айткын!"*** (Исра: 51). ❑

# БРИТАНИЯ БИРИМДИКТИ КАРМАП ТУРГАН НЕГИЗДЕРДИ КАНТИП ТАЛКАЛАДЫ ЖАНА АМЕРИКА «КАН ЧЕК АРАЛАРЫ» САЯСАТЫ МЕНЕН АНЫН ЖЕМИШИН КАНТИП ЖЫЙНАДЫ

**Инженер Басил Мустафа**

1898-жылы 2-сентябрда Китченер баштаган англис колонизатор кафир аскерлери Махдий мамлекетинин борбору Омдурман шаарына кирип келген. Муну менен алар Судандын колонизатор кафирлердин таасири астына өткөнүн жарыялашкан жана бул абал бүгүнкү күнгө чейин уланып келет. Ошол күндөн бери Судан Батыш колониясынын кучагында калды. Мындай абалды туруктуу кылуу жана анын жемиштерин үзгүлтүксүз алып туруу үчүн Британия Суданды Египеттен бөлүп салууга, андан соң өзүнүн цивилизациясы жана байлыгы менен зор күчкө ээ болгон бул өлкөнү алсыратып, биримдигин бузууга багытталган саясий, пикирий жана сакофий иштерди жүргүздү.

Алар өлкөдөгү жашоону өз цивилизациясынын негизинде калыптандырып, элдин жашоосунан өлкө биримдигинин эң башкы тиреги болгон Исламды чыгаруудан башташты. Мындан 105 жыл мурун (хижрий 1342-жылы 28-ражабда, миладий 1924-жылы 3-мартта) мусулмандардын Халифалык мамлекети кулаткан дал ушул Британия мындай кадамга барбай коймок беле? Ал гана эмес, «карыган» Британия Халифалыкты кулатуудан мурун эле, 1916-жылы 16-майда союздашы Франция менен бирге «Сайкс-Пико» келишимине кол койгон. Бул келишим Үммөттүн биримдигин жок кылуу үчүн анын денесине канжар сайып, улутчулдук же мекенчилдик негизинде «мамлекет» деп аталган жасалма колонияларды пайда кылган. Бөлүнүп-жарылууну бекемдөө үчүн ар бир мамлекетке өзүнчө чек ара, желек жана улуттук майрамдар белгиленип берилген.

Британиянын колониялык саясаты Судандын биримдигин түздөн-түз бутага алган. Алар келечек муунда өздөрүнө ылайык аң-сезимди калыптандыруу үчүн атайын мекемелерди куруу менен колониялык таасирин бекемдешкен. Маселен, 1902-жылы 8-ноябрда Гордон коллежи (азыркы Хартум университети) ачылып, ал жерден колонизаторлордун сакофатын сиңирген саясий чөйрө жана жогорку кызмат адамдары даярдалып чыккан. Кийинчерээк бийлик тизгинин колго алган бул муун өлкөнү Британиянын кызыкчылыгы үчүн башкаруу менен эле чектелбестен, 1955-жылы 19-декабрда

парламентте Судандын Египеттен бөлүнгөнүн жарыялоо аркылуу өлкөнүн бүтүндүгүнө сокку урган биринчи планды ишке ашырышкан.

Бирок колонизатор кафирлер муну менен эле токтоп калбай, мамлекетти талкалоо иштерин улантышкан. Судандын түштүгүн бөлүүгө даярдоо үчүн Британия 1922-жылы «жабык аймактар» саясатын мыйзамдаштырган. Ага ылайык, Судандын түндүгүндөгү мусулмандардын түштүккө атайын уруксатсыз кирүүсүнө тыюу салынган. Ошол эле учурда түштүккө ири христиан миссионердик кыймылдарды киргизип, араб тилин колдонууга тыюу салып, билим берүү жана башкаруу тармагына англис тилин милдеттендирген. Ошентип, алар Судандын түндүгү менен түштүгүнүн ортосунда толук ажырым жаратышкан.

Муну менен эле чектелбестен, Британия өз аскерлерин Судандан чыгарууга камынып жатып, колониялык таасирин башка формада сактап калуу үчүн 1955-жылы 18-августта «Экваториалдык легион» козголоңун уюштуруп, Судандагы жарандык согуштун отун тутандырган.

Британия Судан топурагына кадам баскан күндөн тартып өлкөнүн биримдигин бузууну көздөгөн кооптуу саясатты ишке ашырып келген. Ал саясат эки негизги пункттан турат:

Биринчиси: уруучулукту коомдук түзүлүш катары козутуу. Уруунун шарияттагы өз ара таанышуу жана коомдук алака катары белгиленген чыныгы маңызын өзгөртүп, аны бийликке умтулган, а түгүл өлкөнүн бүтүндүгүн бузган саясий түзүлүшкө айлантуу максат кылынган.

Экинчиден: «хавакир» (жерге ээлик кылуу) саясаты. Бул саясат боюнча аймактагы жерлер, жайыттар жана токойлор ошол жердеги эң чоң уруунун менчиги катары бекитилип, ал жерлер уруунун аты менен (мисалы, «баланча уруунун жери» деп) аталып калган. Ошол эле учурда башка уруулардын бар экени эске алынбай, алар жокко чыгарылган. Бул, албетте, дыйкандар менен малчылардын ортосундагы жыл сайын кайталануучу кагылышууларга жана уруулар аралык тынымсыз чыр-чатактарга негизги себеп болду. Мына ушундай жол менен Судан эли өлкөнү алсыратуу жана бөлүү үчүн кызмат кылган токтобой турган кагылышууларга тартылган.

Англис колонизаторлору Суданда курган «улуттук мамлекет» Батыш кафирлеринин көзөмөлүсүз жашай албаган, алсыз жана жашоого жөндөмсүз бойдон калууда. Ошондуктан бул мамлекет Батыштын саясий көз караштарын жана «чечимдерин» сокур түрдө кабыл алып келет. «Өз тагдырын өзү чечүү» укугу деген идея менен Судан Египеттен бөлүнсө, кийинчерээк Судандын түштүгү

түндүгүнөн ажыратылды. Ал эми федерализм идеясы аркылуу Судандын башка аймактары да бөлүнүүгө даярдалып, өлкөнүн калган бөлүгүн тытып жок кылуу үчүн расалык, аймактык жана уруулук бөлүнүү чакырыктары күчөтүлдү.

Америка Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки дүйнөнү өзү каалагандай калыптандырды. Ал алты жыл бою чыгыш менен батышты талкалаган аскердик машинанын кыйратуусуна кабылбаган жалгыз жеңүүчү эле. Ошондуктан, Америка өз жеңишинин жемишин жыйноо үчүн обочолонуудан чыгып, «элдердин өз тагдырын өзү чечүү укугу» деген идеяны жайылта баштады. Муну менен ал европалык колонизаторлорду алардын колонияларынан кууп чыгып, алардын ордун ээлеп алууну көздөгөн.

Бирок европалык колонизаторлор, өзгөчө Британия, бул учур үчүн алдын ала даярдык көрүп койгон эле. Британия бийликти өзү атайын даярдаган саясий чөйрөлөргө, партияларга жана өзүнүн малайлары башкарган мамлекеттик институттарга өткөрүп бере баштады. Ушул себептен улам, Британия мурунку колонияларын Американын таасирине оңой менен алдырган жок. Бул абал Американы англис таасирин сүрүп чыгаруу үчүн «аскердик төңкөрүштөр» идеясына таянууга мажбур кылды. Бул ыкманы ал өзүнүн «арткы короосу» болгон Түштүк Америкадан алган. Ошентип, Америка Египетте 1952-жылы «Эркин офицерлер» төңкөрүшү, Суданда болсо 1969-жылы 25-майдагы Жафар Нимейринин төңкөрүшү аркылуу өз таасирин киргизди.

Ошол убактан бери Судан эл аралык тирешүүнүн майданына айланды. Нимейри англис таасирин жок кылууга жана Судан мамлекетинин үстүнөн болгон “камкордукту” Британиядан Америкага өткөрүп берүүгө аракет кылды. Ошентип, Судан британ жана америкалык колонизаторлордун ортосундагы эл аралык күрөш талаасына айланды жана бул абал бүгүнкү күнгө чейин уланууда.

Нимейри англис таасирин жок кылуу жолунда ишенимдүү кадамдарды жасап, Британия менен байланышы бар саясий чөйрөлөргө кыйратуучу соккуларды урган жана аларды өлкөнү башкаруу тизмегинен чыгарып салган. Алар «Аба» аралында материалдык күч катары топтолууга аракет кылышканда, алардын куралдуу топторунун изине түшүп, Египеттин аскердик авиациясынын жардамы менен ал күчтөрдү талкалаган. Ошондой эле, англис малайларынын Суданда бийликке кайтып келүү аракеттеринин мизин кайтарып турган. Мисалы, 1976-жылы 2-июлда Ливияда машыгуудан өтүп, борбор шаар Хартумга басып кирген «Улуттук фронт» күчтөрүнүн жана башкалардын аракеттерин ийгиликсиздикке

учураткан. Ошол эле учурда Америка Египет өкмөтүн жана институттарын Судандагы өзүнүн өкүлү катары дайындап, бул өлкөдөгү өз таасирин бекемдей берген.

Америкалыктар англистердин Суданды, дегеле бардык мусулман өлкөлөрүн бөлүп-жаруу планын мураска алышты. Бирок алар «Сайкс-Пико» келишиминин натыйжалуулугунан күмөн санашып, анын ордуна «кандуу чек аралар» идеясын сунушташты. 2006-жылы АКШнын отставкадагы генералы Ральф Питерс АКШ армиясынын «Armed Forces Journal» журналына «Кандуу чек аралар» деген аталыштагы макаласын жана Жакынкы Чыгыштын жаңы картасын жарыялаган. Анда ал мындай деген: «Америка Кошмо Штаттары баалуу мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып жиберди, анткени мурунку режим кулагандан кийин Иракты мамлекеттерге бөлүп салган жок. Ал жерде, мисалы, бардык күрттөр талап кылып жаткан Күрт мамлекетин жарыялап, Иран, Сирия жана Түркиядагы күрттөрдү ушул мамлекетке чогултуу мүмкүн болчу».

Америкалык генерал өз көз карашын мындайча түшүндүргөн: аймакты басып алган Европа мамлекеттери аны «географиялык негиздерге таянып бөлүп салышкан, ошондуктан алар сызган чек аралар убакыттын өтүшү менен туруктуу болгон жок». Ал бул жаңы карта «Жакынкы Чыгышты демографиялык — улуттук, мазхабдык жана диний негиздерге таянуу менен бөлүү аркылуу учурдагы абалды оңдойт» деп кошумчалаган. Анын айтымында, «аймактагы кан төгүүнү токтотуунун эң туура жолу — бири-бирине төп келбеген ар түрдүү тайпаларды чогуу кармабоо, тескерисинче, ар бир тайпанын өзүнчө саясий түзүмдө (мамлекетте) жашоосун камсыз кылуу» зарыл.

Бул макала Жакынкы Чыгыштын «кылычы» деп аталган, ашкере оңчул идеолог Бернард Льюистин ойлорунун чагылышы болуп саналат. Ал: «Араб жана Ислам өлкөлөрүн уруулук жана мазхабдык бөлүктөргө кайрадан бөлүп чыгуу зарыл. Алардын көңүлүнө кароонун же сезимдерине, каршылыктарына таасирленүүнүн кереги жок», - деп эсептейт. Ал сөзүн улап, бул бөлүү планы этникалык жана мазхабдык кагылышууларды тутантууга негизделгенин, андан соң бөлүнүүнү күч менен таңуулоо керектигин айтат. Анткени бир мамлекеттеги туруксуздук анын коңшуларындагы туруксуздукка сөзсүз түрдө жол ачат.

2011-жылы Судандын түштүгү бөлүнгөндөн кийин, 2012-жылы январда Умар аль-Башир мындай деп билдирген: «Суданды бөлүп-жаруунун артында өзүнүн мунай кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана өлкөнү алсыратуу үчүн Америка турган». Ошентип, Америка

түштүктү бөлүү менен Судандын биримдигине акыркы соккуну урган тарап болду.

2019-жылдын апрель айында Баширдин өкмөтү америкалыктар үчүн өз ролун ойноп бүтүп, керектен чыгып калган эле. Себеби ал Судандын түштүгүн бөлүп, Дарфурда согуш отун тутанткан болчу. Ошондой эле 2011-жылдагы Доха келишими аркылуу Дарфурга кеңири автономия берип, аны бөлүнүүгө жакындаткан жана федералдык системаны «бекем жетишкендик» катары кабыл алып, мамлекеттин бүтүндүгүнө коркунуч келтирген. Ошондуктан Америка Баширдин өкмөтүн кулатты. Ал элдин каарына калган акимдин жеке өзүн алмаштырып, бирок системаны өзүнүн түзүмү жана берилгендиги менен сактап калуу сценарийин кайталай алам деп ойлогон. Бирок Судандагы англис малайлары «күлдүн астындагы чоктой» кайра баш көтөрүп, Американын сценарийине каршы даярдык көрүп коюшкан эле. Алар Куралдуу Күчтөрдүн башкы штабы алдына миллиондогон элди чогултуп, саясий аракеттер аркылуу америкалык таасирдин «белине сокку уруу» багытын көздөй жөнөштү.

Бирок Американын малайлары «бороон» алдында баш ийип, Конституциялык декларацияны аргасыздан кабыл алышты жана көп өтпөй, 2021-жылы 25-октябрда ага каршы төңкөрүш жасашты. Ошентсе да, Американын адамдары өлкөнү башкарууда алсыздык кылышты, ал эми англистердин «арканы» болгон «Алкактык келишим» Судандагы америкалык таасирге каршы күрөшүп баштады.

Бул жагдай Американы Суданда согуш отун тутантууга түрттү. Бул согуштун максаты англис малайларын элге жек көрсөтүп, аларды өлкөнү башкаруу тең салмагынан чыгаруу жана «кандуу чек аралар» саясатын ишке ашыруу эле. Ошентип, алар Дарфурду бөлүп алып, Судандын калган аймактарынын бүтүндүгүнө сокку урууну көздөшүүдө.

Ушул максатта Америка Суданда «Ливия сценарийин» орнотууга кадам шилтеп жатат. Бул Дарфурду бөлүп салууну көздөгөн Америкалык тынчтык институтунун (USIP) планын ишке ашыруу болуп саналат. Аталган институт 2024-жылдын апрель айында Найробиде согушка каршы саясий жана жарандык күчтөрдүн катышуусунда семинар өткөргөн. Анда институт: «Суданда эки өкмөттүн болушу салгылашуунун күчүн басаңдатууга жардам берет жана сүйлөшүүлөр столуна жол ачат», - деген жыйынтыкка келген. («Аш-Шарк Аль-Аусат», 04.08.2025). Ошондуктан Америка согушуп жаткан эки тарапты бул сунушту иш жүзүндө ишке ашырууга түртүүдө.

Эй, Судан калкы!

Судандын түштүгүн бөлүп салган Америка эми Дарфурду кесип алып, өлкөңөрдүн калган бөлүгүн тытып жок кылуу үчүн кайтып келди. Эгер силер бул маселеге түштүк Судан маселесине мамиле кылгандай кайдыгер мамиле кылсаңар, анда Американын Суданды беш мамлекетке бөлүү планы (чек аралары силердин жана балдарыңардын каны менен сызыла турган план) сөзсүз ишке ашат. Бул болсо бул дүйнөдө да, акыретте да ачык-айкын зыянга учуроо.

Жыйынтыктап айтканда:

Биздин жерлерибиз Америка менен Британиянын ортосундагы эл аралык таасир талашуу майданына айланганы жана биздин элибиздин каны жана намысы менен соода кылынып жатканы өтө өкүнүчтүү. Кафирликке таянган душмандар эч качан жана эч бир жерде мусулмандарга жакшылык каалашпайт. Аллах Субханаху ва Таала айткан:

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لَا تَتَّخِذُوا۟ بِطَانَةً مِّن دُونِكُمْ لَا يَأْلُونَكُمْ خَبَالًا وَدُّوا۟ مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتِ ٱلْبَغْضَآءُ مِنْ أَفْوَٰهِهِمْ وَمَا تُخْفِى صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ ۚ قَدْ بَيَّنَّا لَكُمُ ٱلْـَٔايَـٰتِ ۖ إِن كُنتُمْ تَعْقِلُونَ }

***“Эй, момундар, өзүңөрдөн башкаларды дос тутпагыла! Алар силерге зыян жеткирүүдө күчтөрүн аяшпайт жана жаман абалга түшүшүңөрдү арзуу кылышат. Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо андан да чоңураак. Эгер акыл жүргүзүп көрсөңөр, силерге белгилерди ачык-айкын кылып бердик”.*** (Аали Имран: 118).

Колонизатор кафирлер үчүн мусулмандардын өлтүрүлүшү же алардын намысынын тепселениши эч нерсеге арзыбайт. Халифалык кулатылып, Ислам негизиндеги жашоо токтогондон кийин биз ушундай абалга кептелдик. Халифалыкты тикелөөнү башкы максат кылмайынча, бул жолдо жаныбызды аябай, күнү-түнү аракет кылып, күч-кубат ээлерин бул ишке бүткүл күчү менен жана тезинен нусрат берүүгө чакырмайынча, биз эч качан бутубузга тура албайбыз. ❑

## РАМАЗАН – ЫЙМАН КЕЛТИРГЕН, ХИДАЯТ ЖОЛУНА ТҮШКӨН, СОЛИХ АМАЛ КЫЛГАН ЖАНА ТАКВА АДАМГА КАРШЫ КҮБӨ БОЛБОЙТ

**Устаз: Ибрахим Салама**

Бисмиллахи, алхамдулиллах, вассалату вассаламу ала сайидина Мухаммадин ва ъала алихи ва сахбихи ва ман ваалах.

Көптөгөн жылдардан бери Рамазан келип-кетип жатат, бирок Үммөттүн башына оор сыноолор, балээлер, кыйынчылыктар жана фитналар үйүлүп калды. Үммөт Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка нерсе менен башкарылуу чоң күнөө жана зулумдук экендигине карабастан, ага көнүп калды. Ошондой эле залимдерге таянып, кафирлердин кулу жана малайы болгон эң жаман адамдарга моюн сунуп калды! Үммөттүн бул абалы төмөнкү асыл хадисте айтылгандын далили болду:

«...وَلَكِنَّكُمْ غُثَاءٌ كَغُثَاءِ السَّيْلِ، يُجْعَلُ الْوَهَنُ فِي قُلُوبِكُمْ، وَيُنْزَعُ الرُّعْبُ مِنْ قُلُوبِ عَدُوِّكُمْ؛
لِحُبِّكُمُ الدُّنْيَا وَكَرَاهِيَتِكُمُ الْمَوْتَ»

**«...Бирок силер селдин бетиндеги көбүк сыяктуу болосуңар. Силердин жүрөгүңөргө «вахн»** (алсыздык) **салынат, ал эми душманыңардын жүрөгүндөгү силерден коркуу суурулуп алынат. Бул силердин дүйнөнү сүйүп, өлүмдү жек көргөнүңөрдөн улам болот».**

Биз: “Рамазан бизде кандай орунда? Биз Рамазандын кайсы жагындабыз?” - деп өзүбүздөн сурабайбызбы? Бул ай — жакшылык, береке жана кечирим айы. Аллах Таала Ыйык Куранда мындай дейт:

﴿وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِي عَنِّي فَإِنِّي قَرِيبٌۖ أُجِيبُ دَعۡوَةَ ٱلدَّاعِ إِذَا دَعَانِۖ فَلۡيَسۡتَجِيبُواْ لِي وَلۡيُؤۡمِنُواْ بِي
لَعَلَّهُمۡ يَرۡشُدُونَ﴾

***“****(Эй Мухаммад)****, пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, Мен аларга жакынмын. Мага дуба кылган убактарында дуба кылгандардын дубасын кабыл аламын. Демек, Акыйкат Жолго жүрүүлөрү үчүн алар да Менин*** *(чакырыгыма)* ***жооп кылышсын жана Мага ыйман келтиришсин!”*** (Бакара: 186).

Аллах Таала Өзүнүн фазилети жана берешендиги менен бизге жакын экенин кабарлап жатат. Ал биздин дубабызды угат жана жооп берет:

فَإِنِّي قَرِيبٌۖ أُجِيبُ دَعۡوَةَ ٱلدَّاعِ إِذَا دَعَانِۖ

***“Мен аларга жакынмын. Мага дуба кылган убактарында дуба кылгандардын дубасын кабыл аламын”.***

Бул аят – үмүткө, бейпилдикке жана мээримге толгон Курандагы эң улуу аяттардын бири. Ал момундун жүрөгүндө Аллахка болгон толук

ишенимди жана моюн сунууну бекемдейт. Момундардын жүрөгү Аллахтын убадасы менен тынчтык табат, алар Аллах жана Анын Элчисине ﷺ гана моюн сунушат жана Аллахтан башкага сыйынышпайт.

Аллах Таала Өз пенделерин туура жолго багыттап, Өзүнө моюн сунууга, чакырыгына жооп берүүгө, Өзүнө ыйман келтирүүгө жана Анын шарияты, белгилеген манхажы менен жашоого буюрат:

﴿فَلۡيَسۡتَجِيبُواْ لِي وَلۡيُؤۡمِنُواْ بِي لَعَلَّهُمۡ يَرۡشُدُونَ﴾

***“Демек, Акыйкат Жолго жүрүүлөрү үчүн алар да Менин** (чакырыгыма) **жооп кылышсын жана Мага ыйман келтиришсин!”***

Бардык иш Аллахтын колунда, Анын өкүмүн эч ким өзгөртө албайт. Аллахтын чакырыгына жооп берүү туура жолдо болуу дегенди билдирет. Ыйман келтирүү жана Аллахтын жолу, шарияты менен жашоо – бир гана Аллахтын мыйзамы менен өкүм жүргүзүү жана Ага гана кайрылуу дегенди билдирет. Туура жолдогулар (рашидун) – Аллахка жооп берип, Анын шариятын бекем кармангандар, Анын буйруктарын аткарып, тыюуларынан кайткандар. Алар Аллах Өзүнүн момун пенделери жана бүткүл адамзат үчүн тандаган, буюрган жана үндөгөн динин, шариятын жана манхажын тирилтишет. Ислам – ачык-айкын акыйкат дини. Ал – түз жол, адилеттүүлүк жана чексиз жакшылык. Ал эми андан башкасынын баары — куфр, адашуу, акмактык, зулумдук, бузукулук жана күнөө.

Хузайфа бин Йаман (розияллоху анху) Аллахтын Элчисинин ﷺ мындай дегенин кабарлайт:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لَتَأْمُرُنَّ بِالْمَعْرُوفِ، وَلَتَنْهَوُنَّ عَنِ الْمُنْكَرِ، أَوْ لَيُوشِكَنَّ اللهُ أَنْ يَبْعَثَ عَلَيْكُمْ عَذَابًا مِنْهُ، ثُمَّ تَدْعُونَهُ فَلَا يُسْتَجَابُ لَكُمْ».

**«Жаным Анын колунда болгон Затка ант ичем! Силер албетте жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарасыңар. Андай кылбасаңар, Аллах силерге Өз тарабынан бир азап жиберет, андан кийин силер Ага дуба кыласыңар, бирок силерге жооп берилбейт».**

Мусулмандар Аллахтын чакырыгына жооп бербей жаткандыгы алардын биримдигинин кетишинен, бөлүнүп-жарылышынан жана Аллах түшүргөн өкүмдөрдөн башка нерселер менен өкүм жүргүзүп, Аллахтын арам кылган нерселерин адал кылып алышканынан келип чыгууда. Мусулмандарда ыймандын чындыгы тууралуу түшүнүктөрү бурмаланып, каталарга жол берилди. Алар Исламды башкаруудан жана адамдардын жашоосун тартипке салуудан четтетүүгө көнүп, залимдерге таянышты. Адилеттүүлүк менен өкүмдүн негизи катары Аллахтын шариятын таштап, адамдардын ойлоп тапкан сөздөрүн, түшүнүктөрүн жана пикирлерин алышты. Натыйжада, мусулман өлкөлөрүндө зордук-зомбулукка негизделген башкаруу күчөп, иш

башына (жетекчиликке) эң жаман адамдар келди, алар кафирлерди ээрчип, дос тутуп алышты.

Аллах Таала айтат:

﴿فَلَا تَخۡشَوُاْ ٱلنَّاسَ وَٱخۡشَوۡنِ وَلَا تَشۡتَرُواْ بِـَٔايَٰتِي ثَمَنٗا قَلِيلٗاۚ وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***"Демек, адамдардан коркпогула, Менден корккула жана Менин аяттарымды арзан нерселерге алмаштырбагыла! Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлер".*** (Маида: 44).

Аллахтын шарияты чыныгы адилеттүүлүк, ал адамдар арасында кафирлерге, залимдерге жана күнөөкөрлөргө орун калтырбайт. Ошондуктан залимдер, күнөөкөрлөр, кафирлер жана мунафыктар Исламга жана мусулмандарга каршы ар кандай жолдор менен күрөшүп жатышат. Бирок Аллах Таала мусулмандарга буюруп, эскертүүдө:

فَلَا تَخۡشَوُاْ ٱلنَّاسَ وَٱخۡشَوۡنِ

***"Демек, адамдардан коркпогула, Менден корккула!"***

Кандай гана абал болбосун адамдардан коркпогула, алардан сестенбегиле. Силерге Аллахтын шарияты жана манхажы менен өкүм жүргүзүүгө эч нерсе тоскоол болбошу керек.

Жана билип койгула:

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***"Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлер".***

Аллах Таала айтты:

﴿أَفَحُكۡمَ ٱلۡجَٰهِلِيَّةِ يَبۡغُونَۚ وَمَنۡ أَحۡسَنُ مِنَ ٱللَّهِ حُكۡمٗا لِّقَوۡمٖ يُوقِنُونَ﴾

***"Динсиздик үстөмдүк кылуусун каалашабы?! Ыйманы толо болгон коом үчүн Аллахтан да чырайлуураак, адилирээк өкүм кылган ким бар?!"*** (Маида: 50).

Бул Аллах түшүргөн өкүм менен жашабаган ар бир мусулманды айыптаган суроо:

وَمَنۡ أَحۡسَنُ مِنَ ٱللَّهِ حُكۡمٗا لِّقَوۡمٖ يُوقِنُونَ

***"Ыйманы толо болгон коом үчүн Аллахтан да чырайлуураак, адилирээк өкүм кылган ким бар?!"***

Ким өзүнүн чыгарган мыйзамын же өкүмүн Аллахтын шариятынан жана жолунан артык деп айтууга батына алат?!

Аллах Таала айтты:

﴿إِنَّآ أَرۡسَلۡنَٰكَ بِٱلۡحَقِّ بَشِيرٗا وَنَذِيرٗاۖ وَلَا تُسۡـَٔلُ عَنۡ أَصۡحَٰبِ ٱلۡجَحِيمِ ١١٩ وَلَن تَرۡضَىٰ عَنكَ ٱلۡيَهُودُ وَلَا ٱلنَّصَٰرَىٰ حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمۡۗ قُلۡ إِنَّ هُدَى ٱللَّهِ هُوَ ٱلۡهُدَىٰۗ وَلَئِنِ ٱتَّبَعۡتَ أَهۡوَآءَهُم بَعۡدَ ٱلَّذِي جَآءَكَ مِنَ ٱلۡعِلۡمِ مَا لَكَ مِنَ ٱللَّهِ مِن وَلِيّٖ وَلَا نَصِيرٍ﴾

***"Албетте, Биз сени акыйкат дин менен*** *(момундарды)* ***кубандыруучу,*** *(кафирлерди)* ***эскертүүчү кылып жөнөттүк.***

***Бузукулар үчүн сен жоопкер эмессиң. Яхудий жана насранийлер, сен алардын динине ээрчимейинче эч качан сага ыраазы болушпайт. Айткын: "Аллахтын Жолу гана акыйкат жол!". Ант болсун, эгер сага келген чыныгы билимден соң алардын көңүлдөрү каалаган нерсеге ээрчисең, Аллахтан сага дос да, жардамчы да болбойт".*** (Бакара: 119-120).

Бул аяттын мааниси: өзүңөргө түшүрүлгөн шариятты ээрчигиле, анткени ал Роббиңер тарабынан келген акыйкат. Яхудийлер менен христиандарды ээрчибегиле. Алар силердин душманыңар, алар силер менен согушууну жана силерге каршы кутум уюштурууну токтотушпайт. Алар силер качан гана алар сымал кафир болуп, алардын жолуна түшмөйүнчө силерден ыраазы болушпайт.

حَتَّىٰ تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمۡۗ

***"..сен алардын динине ээрчимейинче..."***

Демек, биз менен алардын ортосундагы күрөш — бул акыйда жана дин согушу. Бул «мекенчилдик», «улутчулдук» же «көз карандысыздык» деген сыяктуу жалган ураандар астындагы согушу эмес. Палестинадагы согуш буга эң жакшы далил. Ал эми мекенчилдик, чектелген аймактык кызыкчылык, улутчулдук, революция жана көз карандысыздык деп жар салгандар, бүгүн кордук жана моюн сунуу астында яхудийлер менен америкалыктарга кызмат кылып жатышат.

Мына ушундай учурда мусулмандар кандай амал кылышы керек?!

«قُلۡ إِنَّ هُدَى ٱللَّهِ هُوَ ٱلۡهُدَىٰۗ»

***"Айткын: "Аллахтын Жолу гана акыйкат жол!"*** - деген аят башка ар кандай жол туура эмес экенин билдирген так жана кескин өкүм. Аллахтын гана жолу чыныгы хидаят, андан башкасы түз жол эмес. Ошондуктан башка жолдорду ээрчүүгө, алар менен мамиле кылууга же аларга чакырууга болбойт. Ким кааласа ыйман келтирсин, ким кааласа кафир болсун, бирок:

وَلَئِنِ ٱتَّبَعۡتَ أَهۡوَآءَهُم بَعۡدَ ٱلَّذِي جَآءَكَ مِنَ ٱلۡعِلۡمِ مَا لَكَ مِنَ ٱللَّهِ مِن وَلِيّٖ

***"Ант болсун, эгер сага келген чыныгы билимден соң алардын көңүлдөрү каалаган нерсеге ээрчисең, Аллахтан сага дос да, жардамчы да болбойт".***

Демек, биз Аллахка берген убадабызга жана келишимибизге бекем турабызбы? Рамазан айы биздин Аллахка моюн сунганыбызга, Анын буйруктарын аткарып, тыюуларынан кайтканыбызга күбө болобу? Биз Аллахтын Китебине, Анын аманатына бекембизби? Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ чын жүрөктөн жооп берип, пайгамбарларына жана китептерине чыныгы ыйман менен ишендикпи?

Аллах Таала айтты:

﴿وَٱلَّذِينَ يُمَسِّكُونَ بِٱلۡكِتَٰبِ وَأَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ إِنَّا لَا نُضِيعُ أَجۡرَ ٱلۡمُصۡلِحِينَ﴾

*«(Алардын арасында)* ***Китепти бекем кармагандар жана намазды толук аткаргандар да бар, албетте, Биз өздөрүн оңдоочу кишилердин соол-сыйлыктарын текке кетирбейбиз».*** (Аъраф: 170).

Аллахтын Китебин бекем кармануу Анын өкүмдөрүнө амал кылуу, буйруктарына жана тыюуларына моюн сунуу жана Пайгамбарыбыздын ﷺ жолун ээрчүү дегенди билдирет. Бул толук баш ийүү, чын ыхлас менен ибадат кылуу жана адамдардын жашоосун, коомдук иштерин Аллахтын Китеби жана Пайгамбардын ﷺ сүннөтү менен башкаруу.

«Рамазан ээлеринин» сыпаттарынын бири – алар Роббисинен түшкөн нерсе Акыйкат экенин билип, аны ээрчишет:

﴿۞أَفَمَن يَعۡلَمُ أَنَّمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ مِن رَّبِّكَ ٱلۡحَقُّ كَمَنۡ هُوَ أَعۡمَىٰٓۚ إِنَّمَا يَتَذَكَّرُ أُوْلُواْ ٱلۡأَلۡبَٰبِ ١٩
ٱلَّذِينَ يُوفُونَ بِعَهۡدِ ٱللَّهِ وَلَا يَنقُضُونَ ٱلۡمِيثَٰقَ ٢٠ وَٱلَّذِينَ يَصِلُونَ مَآ أَمَرَ ٱللَّهُ بِهِۦٓ أَن يُوصَلَ وَيَخۡشَوۡنَ
رَبَّهُمۡ وَيَخَافُونَ سُوٓءَ ٱلۡحِسَابِ ٢١ وَٱلَّذِينَ صَبَرُواْ ٱبۡتِغَآءَ وَجۡهِ رَبِّهِمۡ وَأَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَأَنفَقُواْ مِمَّا
رَزَقۡنَٰهُمۡ سِرّٗا وَعَلَانِيَةٗ وَيَدۡرَءُونَ بِٱلۡحَسَنَةِ ٱلسَّيِّئَةَ أُوْلَٰٓئِكَ لَهُمۡ عُقۡبَى ٱلدَّارِ ٢٢﴾

*«(Эй, Мухаммад)*, ***акыры сага Роббиң тарабынан түшүрүлгөн нерсе таасын чындык экенин билген, ыйман келтирген киши*** *(көңүл көзү)* ***көр адамга окшойбу?*** *(Бул аяттардан)* ***жалаң Аллахка берген убада шерттерин аткарган жана мийсак-убадаларын бузбаган акыл ээлери гана эскертме алышат. Алар Аллах байланышууга буюрган нерселерди*** *(тактап айтканда, тууган-уруктар менен карым-катнашты)* ***байланыштырат. Жаратkандан коркушат жана оор эсеп-кысапка дуушар болушунан коркуп*** *(ар дайым жакшы амалдарды кылууга ынтызар)*. ***Жаратkандын Жүзүн*** *(ыраазылыгын)* ***эңсеп*** *(машакаттарга)* ***сабыр-канаат кылып намаздарын толук аткарган жана Биз ырыскы кылып берген нерселерден жашыруун жана ашкере кайыр-садага кылган, ошондой эле жамандыкты жакшылык менен кайтарган заттар, дал ошолор үчүн Акырет мекени бар».*** (Раъд: 19-22).

Демек, кимде-ким акыйкатты билип, ага ыйман келтирсе жана ыйманына жараша жакшы амалдарды кылса, андан соң хидаят жолуна түшүп, Аллахтын Китеби жана Пайгамбардын ﷺ сүннөтү менен өкүм жүргүзүү аркылуу ишенимди адамдардын жашоосунда акыйданы бекемдесе, Аллахтын сөзүн эң жогору, ал эми кафирлердин сөзүн эң төмөн кылса, мына ошол адам ийгиликке (фалахка) жетүүчүлөрдөн болот.

Куфр болсо – адашуу, жахилдик жана көздүн да, жүрөктүн да сокурлугу. Кафирлер Аллахка ишенишпейт, Пайгамбарды ﷺ ээрчишпейт жана Аллахтын Китеби менен өкүм кылышпайт:

«إِنَّمَا يَتَذَكَّرُ أُوْلُواْ ٱلۡأَلۡبَٰبِ»

***«…акыл ээлери гана эскертме алышат».***

Булар эскертүү берилгенде эсине келгендер жана Аллахтын аяттарын укканда жүрөктөрү титирегендер. Алардын жүрөктөрү жана акылдары Аллахка моюн сунуунун, Анын шариятын жана жолун кармануунун милдеттүүлүгүн аңдап билишет. Ошондуктан алар Пайгамбарга ﷺ түшүрүлгөн шарият менен өкүм жүргүзүшөт жана:

يُوفُونَ بِعَهۡدِ ٱللَّهِ وَلَا يَنقُضُونَ ٱلۡمِيثَٰقَ

*«(Бул аяттардан)* ***жалаң Аллахка берген убада шерттерин аткарган...»***

Аллахтын келишими – Ага жана Анын Элчисине ﷺ ыйман келтирүү, Анын Китеби жана Пайгамбардын ﷺ сүннөтүнө амал кылуу. Бул бардык келишимдердин негизи. Момун адам бул келишимди бузбайт жана андан башка жолго өтпөйт. Андан кийин гана мусулмандар менен башкалардын ортосундагы Аллахтын шариятына ылайык түзүлгөн келишимдерди аткаруу келет жана шарияттан тышкары түзүлгөн келишимдердин эч кандай мааниси жок.

«وَٱلَّذِينَ يَصِلُونَ مَآ أَمَرَ ٱللَّهُ بِهِۦٓ أَن يُوصَلَ وَيَخۡشَوۡنَ رَبَّهُمۡ وَيَخَافُونَ سُوٓءَ ٱلۡحِسَابِ»

***«Алар Аллах байланышууга буюрган нерселерди*** *(тактап айтканда, тууган-уруктар менен карым-катнашты)* ***байланыштырат. Жараткандан коркушат жана оор эсеп-кысапка дуушар болушунан коркуп*** *(ар дайым жакшы амалдарды кылууга ынтызар)****».***

Бул Аллахтын азабынан коркуп, мээриминен үмүт кылып, Анын буйругуна толук, калыс жана чын ыхлас менен моюн сунуу. Алардын жүрөктөрүн таквалык толтурат жана алар сурак күнү келе электе эле өздөрүн мухасаба кылышат.

وَٱلَّذِينَ صَبَرُواْ ٱبۡتِغَآءَ وَجۡهِ رَبِّهِمۡ

***«Жараткандын Жүзүн*** *(ыраазылыгын)* ***эңсеп*** *(машакаттарга)* ***сабыр-канаат кылып…»***

Алар Аллахтын ыраазылыгын көздөп, Ага моюн сунуп, Анын сооп-сыйлыгын үмүт кылып сабыр кылышат. Мындай сабырдуулугу, ыраазылыгы жана Аллахтын бергенине каниет кылгандыгы үчүн аларга эң жакшы сыйлыктар бар.

وَأَقَامُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَأَنفَقُواْ مِمَّا رَزَقۡنَٰهُمۡ سِرّٗا وَعَلَانِيَةٗ وَيَدۡرَءُونَ بِٱلۡحَسَنَةِ ٱلسَّيِّئَةَ أُوْلَٰٓئِكَ لَهُمۡ عُقۡبَى ٱلدَّارِ

***«…намаздарын толук аткарган жана Биз ырыскы кылып берген нерселерден жашыруун жана ашкере кайыр-садага кылган, ошондой эле жамандыкты жакшылык менен кайтарган заттар, дал ошолор үчүн Акырет мекени бар».***

Мына ушундай адамдар үчүн Рамазан алардын Аллахка моюн сунганына күбөлүк берет жана алар Аллахка кылган дубаларына жооп үмүт кылган адамдар.

Аллах Таала айтты:

﴿وَٱلَّذِينَ يَنقُضُونَ عَهۡدَ ٱللَّهِ مِنۢ بَعۡدِ مِيثَٰقِهِۦ وَيَقۡطَعُونَ مَآ أَمَرَ ٱللَّهُ بِهِۦٓ أَن يُوصَلَ وَيُفۡسِدُونَ فِي ٱلۡأَرۡضِ أُوْلَٰٓئِكَ لَهُمُ ٱللَّعۡنَةُ وَلَهُمۡ سُوٓءُ ٱلدَّارِ ٢٥﴾

***«Аллага берген убада-шерттерин бекемдегенден кийин бузган, Аллах байланышууга буюрган нерселерди үзгөн жана жер жүзүндө бузукчулук кылып жүргөн адамдар да бар. Алар үчүн** (Аллахтын) **каргышы болот жана алар үчүн эң жаман жай-тозок бар».*** (Раъд: 25).

Рамазан айы мына ушуларга жана аларга окшогогондорго каршы, алардын Аллахка каршы чыкканына, ыйманды бузганына, Аллахтын шариятынан башка нерсе менен өкүм кылганына, кафирлерди ээрчигенине, Аллахтын жолунан тосконуна жана жер бетинде кафирлердин мыйзамдары, системалары жана өздөрү ойлоп тапкан тагут өкүмдөрү менен бузгунчулук кылганына күбөлүк берет.

أُوْلَٰٓئِكَ لَهُمُ ٱللَّعۡنَةُ وَلَهُمۡ سُوٓءُ ٱلدَّارِ

***«…Алар үчүн** (Аллахтын) **каргышы болот жана алар үчүн эң жаман жай-тозок бар».***

Аллах Таала айтты:

﴿فَفِرُّوٓاْ إِلَى ٱللَّهِۖ إِنِّي لَكُم مِّنۡهُ نَذِيرٞ مُّبِينٞ ٥٠ وَلَا تَجۡعَلُواْ مَعَ ٱللَّهِ إِلَٰهًا ءَاخَرَۖ إِنِّي لَكُم مِّنۡهُ نَذِيرٞ مُّبِينٞ ٥١﴾

***«Эми, Аллахка** (ыйман келтирүү үчүн) **шашылгыла! Албетте мен силер үчүн Ал Зат**(тын азабы)**нан ачык эскертүүчүмүн. Жана силер Аллах менен бирге дагы башка кандайдыр кудай бар дебегиле! Албетте мен силер үчүн Ал Зат**(тын азабы)**нан ачык эскертүүчүмүн».*** (Зарият: 50-51).

Аллахка шашылгыла, анткени Ал:

ذُو ٱلۡقُوَّةِ ٱلۡمَتِينُ

***«…күч-кубат Ээси жана Кудуреттүү».***

Ар бир иште жана ар бир абалда Ага гана таянгыла, Ага гана умтулгула жана тобокел кылгыла. Аллахка эч нерсени шерик кылбагыла, анткени Аллах шериктердин эң Беймуктажы.

Абу Хурайра (розияллоху анху) риваят кылган кудсий хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ Роббисинен минтип кабарлайт:

«أَنَا أَغْنَى الشُّرَكَاءِ عَنِ الشِّرْكِ، مَنْ عَمِلَ عَمَلًا أَشْرَكَ فِيهِ مَعِي غَيْرِي، تَرَكْتُهُ وَشِرْكَهُ».

**«Мен шериктердин эң Беймуктажымын (агна аш-шурака). Ким бир иш кылып Мага башканы шерик кылса, Мен аны да, анын ширкин да таштап коём».** (Муслим риваят кылган).

وَلَا تَجۡعَلُواْ مَعَ ٱللَّهِ إِلَٰهًا ءَاخَرَۖ إِنِّي لَكُم مِّنۡهُ نَذِيرٞ مُّبِينٞ

***«Жана силер Аллах менен бирге дагы башка кандайдыр кудай бар дебегиле! Албетте мен силер үчүн Ал Зат****(тын азабы)****нан ачык эскертүүчүмүн».*** (Зарият: 51).

Бул Аллахка гана калыс моюн сунууга жана Аны жалгыз деп билүүгө (тавхидге) болгон буйрук. Андан башка кудай жок, Ал Тирүү жана Түбөлүк. Бул кайталанган эскертүүлөрдүн баары Аллахтын калыс пенделери үчүн кечирим, мээрим жана ыраазычылык.

Аллах Таала айтты:

﴿وَمَا خَلَقْتُ ٱلْجِنَّ وَٱلْإِنسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ ٥٦ مَآ أُرِيدُ مِنْهُم مِّن رِّزْقٍ وَمَآ أُرِيدُ أَن يُطْعِمُونِ ٥٧ إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلرَّزَّاقُ ذُو ٱلْقُوَّةِ ٱلْمَتِينُ ٥٨﴾

***«Мен жин жана инсанды жалгыз Өзүмө сыйынсын үчүн гана жараттым. Мен алардан эч бир ырыскы тилебейм жана алар Мени тамактандырууларын да тилебейм. Анткени Аллахтын Өзү гана*** *(бардык калайык – калкка)* ***ырыскы берүүчү, күч-кубат Ээси жана Кудуреттүү».*** (Зарият: 56-58).

Жиндердин жана адамдардын жаралышынын негизги максаты бир гана Аллах Таалага ибадат кылуу:

وَمَا خَلَقْتُ ٱلْجِنَّ وَٱلْإِنسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ

***«Мен жин жана инсанды жалгыз Өзүмө сыйынсын үчүн гана жараттым».*** (Зарият: 56).

Алардын бул дүйнөдөгү милдети жалгыз Аллахка эч кимди шерик кылбай ибадат кылуу. Бул абсолюттук ибадатта пенде өз Кожоюну жана Мавласы буюргандан башка эч бир ишти же аракетти кылбайт. Пенде Роббиси буйругандай моюн сунат жана ибадат кылат, ал эми Роббисине ибадат кылынат, Роббиси буйрук берет жана Ага моюн сунулат. Ошондо гана жашоо түздөлөт жана Аллах Өз Элчисине ﷺ түшүргөн нерсе менен багытталат.

Ошентип, жүрөктө кулчулук түшүнүгү орнойт жана адамдардын жашоосу Аллахка болгон кулчулук менен оңолот. Эч бир адам Аллахтын буйругу жана тыюусунан тышкары эч кандай иш кылбайт, анын дене мүчөлөрү, туйгулары, ой-жүгүртүүсү же элестетүүсү Аллахка каршы келген эч бир аракетке же аракетсиздикке барбайт. Адамдардын жашоосу алардын Жаратканга болгон кулчулугу менен гана иретке келет: кул ибадат кылат, Роббиге ибадат кылынат, Анын буйругу аткарылып, тыюуларынан кайтылат, Анын шарияты жана манхажы бекем кармалат.

Ибадаттын мааниси бүгүнкү күндө көптөгөн мусулмандардын аң-сезиминде калыптанып калган «ибадат бул бир гана диний ибадаттар же жөрөлгөлөр» деген түшүнүктөн алда канча кенен жана ар тараптуу. Тескерисинче, ибадат жашоонун бардык тармактарын камтыйт, анын ичинде саясат, башкаруу, экономика, коомдук мамилелер,

адилеттүүлүк, Аллах жолундагы жихад жана жер бетиндеги Халифалыкты орнотуп, аны гүлдөтүү бар. Демек, бүтүндөй жашоо Аллахтын буйрук-кайтаруулары менен багытталган учурда гана Аллахка болгон ибадат болуп саналат.

Ибадат – бул Аллахтын алдында өзүн толугу менен Ага тапшыруу, Анын буйруктарын аткаруу, Ага гана умтулуу, Ага тобокел кылуу жана Анын шарияты менен манхажын бекем кармануу аркылуу болгон толук моюн сунуу. Инсан өз жашоосун Аллахтын кулу катары жашап, Анын буйругун аткарып, тыюуларынан кайткан кезде, өз жүрөгүндө бейпилдикти жана ыраазычылыкты табат. Бул Аллахтын жалгыздыгын моюнга алуу, Анын шариятын жашоодо колдонуу жана Ага кайрылуу аркылуу ишке ашыруу, ошондой эле Аллахтын сөзүн эң жогору, ал эми кафирлердин сөзүн эң төмөн кылуу дегенди билдирет.

Бул нерсе Аллахка кулчулук кылуу жашоонун башкы максаты жана адам баласынын бул дүйнөдөгү негизги милдети экенин түшүнүүдө айкын көрүнөт. Аллахтын динин тирилтүү, Анын шариятынын үстөмдүгүн орнотуу, аны жайылтуу жана Кыяматка чейин аны коргоо момун адамдын милдети болуп саналат. Мунун баары Аллахтын Элчисин ﷺ эң мыкты үлгү катары тутунуу, анын ар бир сөзүнө жана амалына ээрчүү, анын сүннөтүн жана жолун бекем кармануу аркылуу гана ишке ашат.

Аллахтын Элчиси ﷺ - Аллахка кулчулук кылуунун эң айкын жана эң таза үлгүсү. Биз жашоонун бардык тармактарында жана иштеринде Аллахка моюн сунуу, Анын Элчисин ээрчүү, ыраазычылык жана баш ийүү менен бул үлгүнү карманышыбыз керек. Мусулман — өзүнүн Жаратуучусунун жана Кожоюнунун кулу, аны бул милдеттен эч нерсе алаксытпашы керек. Ал өзүн Аллахка арнап, Анын буйруктарын аткаруу, тыюуларынан кайтуу жана Аллахтын динин, шариятын тургузуу менен алек болууга тийиш. Мына ушул нерсе анын бул дүйнөдөгү негизги милдети. Ошондо гана ал адашпайт жана бактысыз болбойт:

﴿فَمَنِ ٱتَّبَعَ هُدَايَ فَلَا يَضِلُّ وَلَا يَشۡقَىٰ﴾

***«Анан, силерге Мен тараптан хидаят келгенде, ким Менин хидаятыма ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт».*** (Тоха: 123).

Ал эми ырыскы маселесине келсек, Аллах Өзү кепилдигине алган: ырыскыны ишенгенге да, ишенбегенге да берет. Ошондуктан эч кимибиз Аллахка күнөө кылуу жолу менен ырыскы издебешибиз керек. Ошондой эле, кимдир бирөө «ырыскы залим башкаруучунун колунда, ал каалаunion мени куру калтырат» же «адилеттүү башкаруучунун колунда, ал мага берет» деп ойлобосун. Баарыбыз

Аллахтын кулдарыбыз: ырыскыбыз да, өмүрүбүзгө берилген мөөнөт (ажал) да бир гана Анын колунда.

Аллах Таала эч кимден Аны тамактандырууну же ырыскы берүүнү сурабайт:

﴿مَآ أُرِيدُ مِنۡهُم مِّن رِّزۡقٖ وَمَآ أُرِيدُ أَن يُطۡعِمُونِ﴾

***«Мен алардан эч бир ырыскы тилебейм жана алар Мени тамактандырууларын да тилебейм».*** (Зарият: 57).

Аллах Өз пенделерине муктаждарга жана колунда жокторго кайрымдуулук кылууну (инфак) буйруганда, бир гана алардын нафсисин тазартууну, ичи тардык менен сараңдыктан арылтууну максат кылган. Бул аркылуу алардын жүрөгү тынчтанып, ички дүйнөсү менен сезимдеринде ушул чындык бекем орношу керек:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلرَّزَّاقُ ذُو ٱلۡقُوَّةِ ٱلۡمَتِينُ﴾

***«Анткени Аллахтын Өзү гана*** *(бардык калайык – калкка)* ***ырыскы берүүчү, күч-кубат Ээси жана Кудуреттүү».*** (Зарият: 58).

Ошондо алардын нафсиси сараңдык кылбайт жана кедейликтен коркуп, кайрымдуулук кылуудан баш тартпайт.

Жабир бин Абдуллах (розияллоху анху) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси ﷺ мындай деген:

«أَيُّهَا النَّاسُ، اتَّقُوا اللهَ وَأَجْمِلُوا فِي الطَّلَبِ، فَإِنَّ نَفْسًا لَنْ تَمُوتَ حَتَّى تَسْتَوْفِيَ رِزْقَهَا، وَإِنْ أَبْطَأَ عَنْهَا، فَاتَّقُوا اللهَ وَأَجْمِلُوا فِي الطَّلَبِ، خُذُوا مَا حَلَّ وَدَعُوا مَا حَرُمَ».

**«Эй, адамдар! Аллахтан корккула жана ырыскыны жакшы жол менен издегиле. Анткени бир дагы жан өз ырыскысы кечигип жатса да, аны толук алмайынча өлбөйт. Ошондуктан Аллахтан корккула жана ырыскыны жакшы жол менен издегиле, адал болгонун алгыла, арам болгонун таштагыла».**

Бул ырыскы издөөдө Аллахтын шариятын бекем кармангыла, Аллах силерге адал кылганды алып, арам кылгандан алыс болгула дегенди билдирет. Аллахка күнөө кылуу менен ырыскыңарды шаштырбагыла, анткени силерге тагдыр кылынгандан ашык эч нерсе ала албайсыңар. Аллах берген ырыскыдан жарым курма болсо да, кайрымдуулук кылгыла.

Ошондой эле, мунун мааниси, бүткүл күч-аракетиңерди жана ишиңерди бир гана ырыскы жыйноого жумшабагыла. Анткени ал Аллах тарабынан кепилденген. Аны издөөдө аша чаппагыла жана күнөө жол менен издебегиле. Андан көрө, бүткүл аракетиңерди Аллахка кулчулук кылууга, Ага калыс моюн сунуп, динин тикелөөгө жумшагыла. Адамдардын жашоосун, коомдук иштерин башкарууда жана тартипке салууда Аллахтын Китеби жана Пайгамбардын ﷺ сүннөтү менен адилеттүүлүктү, жакшылыкты жана туура жолду орнотуп, шарияттын үстөмдүгүнө жетишүүгө умтулгула.

رَبَّنَا اغْفِرْ لَنَا ذُنُوبَنَا وَإِسْرَافَنَا فِي أَمْرِنَا وَثَبِّتْ أَقْدَامَنَا وَانْصُرْنَا عَلَى الْقَوْمِ الْكَافِرِينَ.

***«Роббибиз күнөөлөрүбүздү жана иштерибиздеги каталарыбызды кечиргин, кадамдарыбызды*** *(майданда)* ***бекем кыл жана Өзүң бизди бул кафир коом үстүнөн жеңишке ээ кыл!».*** (Али Имран: 147).

Оо, Роббибиз! Бизди, ата-энебизди, бизде акысы болгондорду жана бардык момундарды сурак күнү кечиргин. Оо, Аллахым! Биздин жаныбызды, ата-энебизди тозок отунан азат кыл жана бизди Рамазан айында тозоктон азат болгондордон кыл! Оо, Аллахым! Пайгамбарыбызга, анын үй-бүлөсүнө жана бардык сахабаларына салам, салават жана береке болсун. Ааламдардын Роббиси Аллахка бардык мактоолор болсун.

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу*** *(тактап айтканда, Аны Өзү каалаган иштерди кылуудан эч ким кайтара албайт),* ***бирок адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт».*** (Юсуф: 21). ❑

# АЙДЫН ЖАҢЫРЫШЫН АНЫКТООДОГУ ИХТИЛАФ

**Устаз Саир Салама, Абу Малик**

**Изилдөөнүн биринчи бөлүмү: Сахих пайгамбарлык нусустар**

Бул бөлүмдө айдын бүтүшү жана кийинки айдын башталышы, айдын күндөрүнүн саны жана эсептөөгө таянбоо тууралуу сахих хадистер топтолду.

**Биринчи хадис:**

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ»

**«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө».**

Негизги риваят (Сахих ал-Бухари):

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ، وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلَاثِينَ يَوْمًا».

**«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла».** (Бухари, №1909; Муслим, №1081; Абу Дауд, №2320; Тирмизи, №684; Насаи, №2097; Ибн Маажа, №1654).

Башка риваяттар:

«فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَاقْدُرُوا لَهُ»

**«Эгер, асман булуттуу болсо, анын өлчөмүн толуктагыла».** (Муслимдин риваяты).

«فَإِنْ أُغْمِيَ عَلَيْكُمْ فَاقْدُرُوا لَهُ ثَلَاثِينَ يَوْمًا».

**«Эгер, асман булуттуу болсо, аны отуз күн деп белгилегиле».** (Абу Дауддун риваяты).

«فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا الْعِدَّةَ ثَلَاثِينَ».

**«Эгер, асман булуттуу болсо, санын отуз кылып толуктагыла».** (Насаинин риваяты).

Маанилүү түшүндүрмө:

«Факдуру лаху» деген сөз боюнча эки негизги чечмелөө бар:

1. Санды отузга толуктоо: бул көпчүлүк (жумхур) аалымдар тарабынан кабыл алынган эң туура жана ишенимдүү пикир.

2. Астрономиялык эсептөө: кээ бир Ханафий жана Захирий аалымдары айткан, бирок көпчүлүк тарабынан четке кагылган пикир.

Ушуга ылайык, сахих риваяттардагы «факдуру лаху» сөзүнүн маанисин башка ачык риваяттардагы فأكملوا العدة/ عدة شعبان ثلاثين – «санын толуктагыла»/ «шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла» деген сөздөр чечмелеп турат. Демек, айдын башталышын аныктоодо астрономиялык эсептөөнү (хисабды) өз алдынча шаръий жол катары колдонуу туура эмес. Бул Пайгамбарыбыздын амалий түрдөгү

тафсирине жана илим ээлеринин басымдуу көпчүлүгүнүн көз карашына карама-каршы келет.

**Экинчи хадис:** хилалды (жаңырган айды) башка себептерге (белгилерге) эмес, көрүүгө амал кылуу,.

«لا تَصُومُوا حَتَّى تَرَوْهُ، وَلَا تُفْطِرُوا حَتَّى تَرَوْهُ»

**«Аны көрмөйүнчө орозо кармабагыла, аны көрмөйүнчө ооз ачпагыла».** (Бухари (1906), Муслим (1080)).

**Үчүнчү хадис:** ай 29 же 30 күн болот. Негизги риваят Сахих Бухари:

«إِنَّا أُمَّةٌ أُمِّيَّةٌ، لَا نَكْتُبُ وَلَا نَحْسُبُ، الشَّهْرُ هَكَذَا وَهَكَذَا وَهَكَذَا – يَعْنِي: ثَلَاثِينَ – ثُمَّ قَالَ: وَهَكَذَا وَهَكَذَا وَهَكَذَا – يَعْنِي: تِسْعًا وَعِشْرِينَ»

**«Биз сабатсыз үммөтпүз, жазбайбыз жана эсептебейбиз. Ай мындай, мындай, мындай деди, башкача айтканда отуз күн. Анан дагы: мындай, мындай, мындай деди, башкача айтканда жыйырма тогуз күн».** (Бухари (1913), Муслим (1080), Абу Дауд (2319), Насаи (2110), Тирмизи (685)).

Башка риваяттар:

«إِنَّ الشَّهْرَ تِسْعٌ وَعِشْرُونَ، فَلَا تَصُومُوا حَتَّى تَرَوْهُ، وَلَا تُفْطِرُوا حَتَّى تَرَوْهُ»

**«Чындыгында, ай жыйырма тогуз күн, аны көрмөйүнчө орозо кармабагыла, аны көрмөйүнчө ооз ачпагыла».** (Муслим).

«فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَاقْدُرُوا لَهُ»

**«Эгер, асман булуттуу болсо, анын санагын белгилегиле».** (Тирмизи).

**Төртүнчү хадис:** орозо – адамдар орозо кармаган күнү.

«الصَّوْمُ يَوْمَ يَصُومُ النَّاسُ، وَالْفِطْرُ يَوْمَ يُفْطِرُ النَّاسُ، وَالْأَضْحَى يَوْمَ يُضَحِّي النَّاسُ»

**«Орозо – адамдар орозо кармаган күнү, ооз ачуу – адамдар ооз ачкан күнү, курман айт – адамдар курмандык чалган күнү». (**Тирмизи (697) «хасан гариб» деп сыпаттаган, Абу Дауд (2324), Даракутни (2/162), Ибн Хузайма (1916), Ибн Хиббан (871)).

Башка риваяттар:

«وَالْفِطْرُ يَوْمَ يُفْطِرُ الْإِمَامُ»

**«Ооз ачуу – имам ооз ачкан күн**(дө)**».** (Даракутни).

«الصَّوْمُ يَوْمَ تَصُومُونَ، وَالْفِطْرُ يَوْمَ تُفْطِرُونَ، وَالْأَضْحَى يَوْمَ تُضَحُّونَ»

**«Орозо – силер орозо кармаган күн, ооз ачуу – силер ооз ачкан күн, курман айт – силер курмандык чалган күн».** (Ибн Хузайма).

**Бешинчи хадис:** Рамазанды бир же эки күн мурун орозо кармап эрте баштабагыла. Негизги риваят: Сахих Бухари:

«لَا تَقَدَّمُوا رَمَضَانَ بِصَوْمِ يَوْمٍ وَلَا يَوْمَيْنِ، إِلَّا رَجُلٌ كَانَ يَصُومُ صَوْمًا فَلْيَصُمْهُ»

**«Рамазандан бир же эки күн мурун орозо кармабагыла, бирок ким адатта орозо кармап жүргөн болсо, ал кармай берсин».** (Бухари (1914), Муслим (1082), Абу Дауд (2335), Насаи (2188)).

Башка риваяттар:

«إِلَّا أَنْ يَكُونَ صَوْمًا يَصُومُهُ أَحَدُكُمْ فَلْيَصُمْهُ»

**«...бирок бирөөңөрдүн адатта кармап жүргөн орозосуна туура келип калса, анда аны кармай берсин».** (Муслим).

«إِلَّا أَنْ يُوَافِقَ صَوْمًا كَانَ يَصُومُهُ أَحَدُكُمْ»

**«Бирөөңөр адатта кармап жүргөн орозого туура келсе гана** (кармайт)**».** (Насаи).

**Алтынчы хадис:** хилал ооз бекитүү жана ооз ачуу үчүн (көрүлөт). Негизги рибаят: Сунан Абу Дауд:

«الْهِلَالُ هِلَالُ صِيَامٍ، وَالْهِلَالُ هِلَالُ فِطْرٍ، فَلَا تَصُومُوا حَتَّى تَرَوْهُ، وَلَا تُفْطِرُوا حَتَّى تَرَوْهُ»

**«Хилал – ооз бекитүүнүн хилалы, хилал – ооз ачуунун хилалы. Аны көрмөйүнчө орозо кармабагыла, аны көрмөйүнчө ооз ачпагыла».** (Абу Дауд (2321), Ибн Мажа (1653)).

Башка риваят:

«فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَعُدُّوا ثَلَاثِينَ يَوْمًا»

**«Эгер, асман булуттуу болсо, санакты толук отуз күн кылгыла».** (Ибн Мажа).

**Жетинчи хадис:** эгер аны (хилалды) көрсөңөр, ооз бекиткиле, эгер аны көрсөңөр, ооз ачкыла. Негизги риваят: Сахих Муслим:

«إِذَا رَأَيْتُمُوهُ فَصُومُوا، وَإِذَا رَأَيْتُمُوهُ فَأَفْطِرُوا، فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَاقْدُرُوا لَهُ ثَلَاثِينَ»

**«Аны көрсөңөр орозо кармагыла, аны көрсөңөр ооз ачкыла. Эгер асман булуттуу болсо, анда аны отуз күн кылып толуктагыла».** (Муслим (1081), Абу Дауд (2320), Тирмизи (684)).

**Сегизинчи хадис:**

«فَإِنْ شَهِدَ شَاهِدَانِ فَصُومُوا وَأَفْطِرُوا»

**«Эгер эки күбө күбөлүк берсе, анда орозо кармагыла жана ооз ачкыла».** (Насаи (2117), Абу Дауд (2340), Ибн Хиббан (876) сахих деген).

Ибн Умар хадиси:

«تَرَاءَى النَّاسُ الْهِلَالَ، فَأَخْبَرْتُ النَّبِيَّ ﷺ أَنِّي رَأَيْتُهُ، فَصَامَ وَأَمَرَ النَّاسَ بِصِيَامِهِ»

**«Адамдар хилалды күзөтүштү. Мен Пайгамбарга ﷺ аны көргөнүмдү билдирдим. Ошондо ал орозо кармады жана адамдарга орозо кармоону буйруду».** (Абу Дауд (2342), Даракутни (2/157), Ибн Хузайма (1905) сахих деген).

**Пайдалуу маалымат:** бул **Рамазан хилалын көрүүдө бир адил күбөнүн күбөлүгү жетиштүү** экенине далил болот, ал эми Шаввалды көрүүдө айрым факихтер эки күбөнү шарт кылышат.

**Тогузунчу хадис:** кабар жеткенде күн ичинде ниет кылып орозо кармоо.

Хадис:

«جَاءَ أَعْرَابِيٌّ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ فَقَالَ: إِنِّي رَأَيْتُ الْهِلَالَ، فَقَالَ: أَتَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: فَأَذِّنْ فِي النَّاسِ أَنْ يَصُومُوا»

**«Бир аърабий (чөл тургуну) Пайгамбарга ﷺкелип: «Мен хилалды көрдүм», - деди. Ал ﷺ: «Сен Аллахтан башка илах жок экенине күбөлүк бересиңби?», - деди. Ал: «Ооба», - деди. Анда ал ﷺ : «Адамдарга орозо кармоону жарыя кыл», - деди».** (Абу Дауд (2340), Тирмизи (691), Насаи (2115)).

Башка риваят:

«جَاءَ أَعْرَابِيٌّ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ، فَقَالَ: إِنِّي رَأَيْتُ الْهِلَالَ، فَقَالَ: أَتَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: أَتَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: يَا بِلَالُ، أَذِّنْ فِي النَّاسِ أَنْ يَصُومُوا غَدًا»

***«Бир аърабий Пайгамбарга ﷺ келип: «Мен хилалды көрдүм», - деди. Ал ﷺ: «Сен Аллахтан башка илах жок экенине күбөлүк бересиңби?», - деди. Ал: «Ооба», - деди. Ал ﷺ: «Мухаммад Аллахтын Элчиси экенине күбөлүк бересиңби?», - деди. Ал: «Ооба», - деди. Ошондо ал ﷺ: «Эй Билал, адамдарга эртең орозо кармоону жарыя кыл», - деди».*** (Абу Дауд (2340), Тирмизи (691), Насаи (2116), Ибн Хузайма (1907), Ибн Хиббан (870), Даркутни (2/161)).

**Пайдалуу маалымат:** бул хадисте, эгер Рамазан киргени таң аткандан кийин аныкталса, ошол күндөн баштап орозо кармоого далил бар. Муну Малики мазхабы, Ханбали мазхабы жана айрым Ханафи аалымдары уруксат кылышкан. Айрым факихтер башка далилдерге таянып, эгер адам Рамазан башталганын билбесе, күн ичинде ниет кылып орозо кармоого болот дешкен. Алардын ичинен Маликилер таңдан кийин ай киргени аныкталса, күн ичинде ниет кылып Рамазан орозосу туура болот дешкен. Ахмад ибн Ханбал бир риваятта: кабар жетсе жана адам жебеген болсо, күн ичинде орозо кармоого уруксат берген. Шафии мазхабында алсызыраак пикирде: билбестик себеп болсо, Рамазанда күн ичинде ниет кылууга уруксат берилген.

**Онунчу хадис:** Абу Хурайрадан (разияллаху анху) риваят кылынат:

«أَنَّ رَجُلًا جَاءَ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ فَأَخْبَرَهُ أَنَّهُ رَأَى الْهِلَالَ، فَأَمَرَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ النَّاسَ بِالْإِفْطَارِ، فَأَفْطَرُوا، ثُمَّ خَرَجَ فَصَلَّى بِهِمُ الْمَغْرِبَ»

**«Бир киши Пайгамбарга ﷺ келип, хилалды көргөнүн билдирди. Ошондо Аллахтын Элчиси ﷺ адамдарга ооз ачууну буйруду, алар ооз ачышты. Анан ал ﷺ чыгып, алар менен бирге шам намазын окуду».** (Насаи (2106), Дарукутни).

Бул хадис ушул нерселерге далалат кылат: кабар күндүзү (шамдан мурун) келген; Шавваль хилалы аныкталган; Пайгамбар ﷺ адамдарга ошол күнү орозо кармап жатышса да ооз ачууну буйруган; күбө ошол жердин өзүнөн болушу шарт эмес; кабар таңга чейин жетиши да шарт эмес, тескерисинче, кабар күндүзү келсе да, өкүм дароо өзгөрөт. Бул көз караш, эгер айды туура көрүү далилденсе, көрүүнү

кармангандардын пикирине дал келет. Ошондой эле шариат айдын киришин эсепке же тар географиялык чектерге байлабай, туура көрүүгө байлаганын көрсөтөт, болгону кабар мусулмандарга жетип, ага амал кылуу ылайыктуу убакта болуусу шарт.

Асма бинт Абу Бакрдан (разияллаху анхума) риваят:

«أَفْطَرْنَا عَلَى عَهْدِ النَّبِيِّ ﷺ يَوْمَ غَيْمٍ، ثُمَّ طَلَعَتِ الشَّمْسُ»

**«Биз Пайгамбардын ﷺ доорунда булуттуу күнү ооз ачтык, анан күн чыкты». (**Бухари (1959)).

Бул хадис түздөн-түз хилалды көрүү кабарына амал кылууга далалат кылбайт, бирок эсептөөнүн жаңылыштыгы аныкталганда, ошол күндөгү орозо өкүмүн жеңил өзгөртүү мүмкүн экенин көрсөтөт. Ошондой эле, өкүм кээде бир гана таңдагы маалыматка эмес, кийин маалым болгон нерсеге негизделиши мүмкүн экенине ишара бар.

**Изилдөөнүн экинчи бөлүмү: хилалды аныктоодо матлаълардын (айдын көрүнүүсү же көрүү жерлери) бирдиги жана айырмачылыгы.**

Хилалды көрүү жана камарий айлардын башталышын аныктоо маселеси шарият илимдери менен астрономиялык илимдердин айкалышкан маселелеринин бири болуп саналат. Анда шаръий насстар заманбап илимий маалыматтар менен аралашат. Ошондуктан, айрыкча мусулман өлкөлөрүнүн географиялык жайгашуусу ар башка болуп, көрүү шарттары айырмалангандыктан, матлаъларды бириктирүү мүмкүнчүлүгү тууралуу суроолор көтөрүлгөн.

**Изилдөөгө тиешелүү терминдер жана алардын жөнөкөй түшүндүрмөсү:**

Төмөндө изилдөөчүлөргө, илим талабаларына жана хилал фыкхына кызыккандарга ылайыктуу жөнөкөй аныктамалар жана түшүндүрмөлөр келтирилет:

1. Иктиран (Conjunction):

Аныктама: бул – ай, күн жана жер бир түз сызыкта (бир окто) толук дал келген учур, күн батканга чейин ай жер менен күндүн ортосунда болуп, анын жарык бөлүгүн такыр көрө албайбыз.

(Эскертүү: эгер жер, күн жана ай бир сызыкта турса, күн тутулуу болот, бул иктирандын өзгөчө абалы).

Жөнөкөй түшүндүрмө: элестетип көр, күн, ай жана жер бир түз сызыкта турат… ушул учурда хилал «туулат», бирок али көрүнбөйт, анткени ал толук күн тарапта жайгашкан. Бул айдын астрономиялык төрөлүү учуру, ал секундга чейин так эсептелет жана кээде «борбордук иктиран» деп аталат.

2. Ихлал (Visibility / Appearance):

Аныктама: бул – иктирандан кийин ай асманда күндөн бир аз алыстаганда, аны көз же телескоп менен көрүүгө мүмкүн болгон учур. Башкача айтканда, бул – иктирандан кийин айдын күндөн алысташы.

Жөнөкөй түшүндүрмө: иктиран – айдын «жаңыруусу», ал эми «ихлал» – айдын көрүнө башташы. Бул көрүнүү иктирандан кийин бир нече саат кечигиши мүмкүн. Айдын бир бөлүгү жарык болуп, күндүн күчтүү нурунан бир аз алыстаганда биз аны көрө баштайбыз.

3. Иститала (Elongation):

Аныктама: бул – жерден караганда күн менен айдын ортосундагы бурч.

Жөнөкөй түшүндүрмө: ай асманда күндөн канчалык алыстаса, алардын ортосундагы бурч ошончолук чоңоёт жана аны көрүү жеңилдейт. Эгер бурч өтө кичине (5 градустан аз) болсо, хилалды көрүү кыйын болот. Адатта хилалды көз менен көрүү үчүн бул бурч 8 градустан жогору болушу керек.

4. Айдын горизонттон бийиктиги (Altitude):

Аныктама: күн баткан учурда ай горизонттон канча градус жогору турганын билдирет.

Жөнөкөй түшүндүрмө: эгер ай күн баткандан кийин асманда жогору турса, аны көрүү жеңилирээк болот. Эгер күндөн мурун батса же горизонтко өтө жакын болсо, анда аны көрүү мүмкүн эмес. Адатта күн батканда ай кеминде 5 градус горизонттон жогору болушу керек.

5. Ай менен күндүн батуудагы айырмасы (Lag Time):

Аныктама: ай күндөн кийин канча убакыттан кийин батарын билдирет.

Жөнөкөй түшүндүрмө: эгер ай күндөн кийин жетиштүү убакыт кеч батса, ал бир аз убакыт асманда калып, аны көрүү мүмкүн болот. Хилалды көз менен көрүү үчүн бул айырма 45 мүнөт же андан көп болгону жакшы.

6. Жарыктын салыштырмалуу үлүшү (Illuminated Fraction):

Аныктама: көрүү учурунда айдын бетиндеги жарык болгон бөлүгүнүн пайызы.

Жөнөкөй түшүндүрмө: хилал – айдын алгачкы жарык бөлүгү. Эгер бул үлүш 1%дан аз болсо, аны көрүү кыйын. Адатта көрүнүү 1–2% жарыктан башталат.

7. Данжон бурчу (Danjon Limit):

Аныктама: хилалды көздүн өзү менен көрүүгө мүмкүн болгон эң кичине иститала бурчу.

Жөнөкөй түшүндүрмө: мурун 7 градустан аз болсо, көз хилалды көрө албайт деп эсептелген. Бирок айрым заманбап изилдөөлөрдө

жакшы шарттарда 4.5 градус да жетиштүү болушу мүмкүн деп айтылат.

8. Матлаълардын айырмачылыгы:

Аныктама: бул – жер жүзүндөгү өлкөлөр же аймактар арасында хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүнүн орду жана убактысы боюнча айырмачылык.

Жөнөкөй түшүндүрмө: жердин айланышы жана өлкөлөрдүн жайгашуусу ар башка болгондуктан, бир эле түндө айрым аймактарда хилал көрүнөт, ал эми башка аймактарда көрүнбөйт.

9. Айдын күн батканга чейин же андан кийин «туулушу»:

Аныктама: маанилүү шарттардын бири – ай (башкача айтканда иктиран) белгилүү бир өлкөдө күн батканга чейин болушу керек.

Жөнөкөй түшүндүрмө: эгер ай күн баткандан кийин гана «туулса», анда аны ошол түнү көрүү мүмкүн эмес. Ал эми күн батканга чейин «туулса» жана башка шарттар аткарылса, аны көрүү мүмкүн болот.

Астрономиялык матлаълар деген эмне:

Матлаълардын астрономиялык аныктамасы: «матлаълар» деген термин – хилал жаңы «туулгандан» (иктирандан) кийин биринчи жолу көрүнө турган жерлерди билдирет. Матлаълар – бул күн баткандан кийин хилалды көрүүгө мүмкүн болгон аймактар жана бул аймактар бир нече астрономиялык факторлорго жараша айырмаланат:

Биринчиси: айдын горизонтко карата жайгашуусу; күн баткан учурда айдын горизонттон бийиктиги аны көрүү мүмкүнчүлүгүнө таасир этет.

Экинчи: иститала бурчу – күн менен айдын ортосундагы бурчтук аралык; бул бурч чоң болгон сайын хилалды көрүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт.

Үчүнчү: атмосфералык шарттар – абанын тазалыгы жана анда чаң-түтүн сыяктуу бөлүкчөлөрдүн жоктугу көрүү мүмкүнчүлүгүн жакшыртууда маанилүү роль ойнойт.

Хилалды көрүүдөгү айырмачылык: астрономиялык матлаълар так эмнени билдирет?

Заманбап астрономиялык карталар хилалды көрүү мүмкүнчүлүгү аймактарга жараша айырмаланарын көрсөтөт. Бул аймактар төмөнкүдөй бөлүнөт:

Биринчи: хилалды көрүү мүмкүн болбогон аймактар, ал жерлерде ай күндөн мурун батат же ага өтө жакын болот.

Экинчи: хилалды телескоп менен гана көрүүгө мүмкүн болгон аймактар. Бул ай жарыгынын начарлыгынан же горизонтко өтө жакын болгонуна байланыштуу.

Үчүнчү: хилалды көздүн өзү менен көрүүгө мүмкүн болгон аймактар. Бул жерлерде ылайыктуу аба ырайы шарттары болгондо жана ай горизонттон жетиштүү бийик турганда гана көрүнөт.

Колдонмо мисал: хижрий 1446-жылдагы Шаввал хилалы: астрономиялык маалыматтарга ылайык, хижрий 1446-жылдагы Шаввал айынын борбордук иктираны 2025-жылдын 29-марты, ишемби күнү болгон. Ошол күнү күн баткандан кийин хилалды көрүү көпчүлүк араб жана Ислам өлкөлөрүндө мүмкүн болгон эмес, анткени ал күнгө жана горизонтко өтө жакын болгон. Бирок дүйнөнүн айрым батыш аймактарында аны көрүү мүмкүн болгон, бул болсо Ислам өлкөлөрүндө Шаввал айынын башталышы боюнча ихтилафка алып келген.

Астрономиялык эсептөөлөр аркылуу матлаъларды аныктаган он бир мектеп бар. Башкача айтканда, астрономдор он бир пикирге бөлүнөт, алардын ар бири өзүнүн эсептөө ыкмасына ээ. Ар бир мектеп өзүнө тиешелүү факторлорду эске алат, ал факторлор башка мектептер эске алган факторлордон айырмаланат. Натыйжада дүйнөнүн ар кайсы аймактарында хилалды көрүү мүмкүнчүлүгү же мүмкүн эместиги боюнча алардын жыйынтыктары да айырмаланат. Бул айырмачылыктар абдан чоң!

Мен силерге так илимий-фикхий тилде кеңири баяндама сунуштайм. Анда катъий (так) эсептөөлөр менен зонний (ыктымалдуу) эсептөөлөрдүн айырмасы түшүндүрүлөт, ошондой эле көрүү мүмкүнчүлүгүн баалоодо матлаълардын айырмалануу себептери көрсөтүлөт, мисалдар менен жана ар бир фактордун болжолдуу маанилери менен берилет.

Матлаълар айдын горизонтко карата жайгашуусуна жана анын күнгө карата бурчтук абалына жараша айырмаланат.

Астрономияда «матлаълардын биригүү сызыгы» деген түшүнүк бар. Ал жер шарын эки бөлүккө бөлөт:

Бул сызыктын батыш тарабында хилалды көрүү мүмкүн. Чыгыш тарабында болсо, аны көрүү мүмкүн эмес.

Бирок бул сызык айдын айланышына жараша ай сайын өзгөрүп турат. Ошондуктан ага таянуу туруктуу эмес, өзгөрмөлүү болуп саналат.

Ошого жараша, иктиран жана ихлал процесстери жер менен айдын кыймылына байланыштуу экендиги байкалат. Жердин чыгыш бөлүктөрүндө иктиран же ихлал (же экөө тең) кечигиши мүмкүн, анткени бул айдын жаңыруу убактысына, анын күн менен бир сызыкка келүү убактысына (иктиранга), андан соң күндөн ажырашына (ихлалга) байланыштуу.

Экинчиден: хилалды көрүүдөгү астрономиялык айырмачылыктардын түрлөрү

Ай чындыгында «туулган» болушу мүмкүн, бирок:

— белгилүү бир өлкөдө күн баткан учурда али көрүнбөй калышы мүмкүн.

— ихлал иктирандан кийин болсо да, ай айрым жерлерде горизонттун астында болушу мүмкүн.

— же иститала бурчу (күн менен айдын ортосундагы бурчтук аралык) кичине болуп, аны көрүү мүмкүн болбойт.

— же ай бар болсо да, анын жарыгы таралып кетип же аба булгангандыктан көрүнбөй калышы мүмкүн.

— кээде белгилүү бир өлкө үчүн иктиран же ихлал күн баткандан кийин болуп калышы мүмкүн.

— же ихлал болгону менен ай айрым өлкөлөрдө күндөн мурун батып кетиши мүмкүн.

— же ихлалдан кийин ай күнгө же горизонтко өтө жакын болуп, аны көрүү айрым өлкөлөрдө мүмкүн болбой калат.

— жана башка ушуга окшогон себептерден улам айдын башындагы хилалды көрүү айрым өлкөлөрдө бир күн же андан да көп кечигиши мүмкүн.

Ошондуктан, заманбап хилалды көрүү карталары адатта төрт, кээде беш аймакка бөлүнөт:

| **Көрүү мүмкүнчүлүгүнүн түрү** | **Картадагы түсү** |
|---|---|
| Көрүү мүмкүн эмес | боз |
| Телескоп менен гана көрүүгө болот | кызыл |
| Телескоп менен жана аба ачык болгондо гана көрүүгө болот | кызгылт сары |
| Көздүн өзү менен көрүүгө болот | жашыл |
| Өтө жакшы жана ишенимдүү көрүлөт | көк |







Бул аймактар карталарда бир түстүн астында топтолуп көрсөтүлгөн.

Мисал: moonsighting сайтынан алынган карта. Анын оң тарабындагысы – ишемби, 29-март 2025-жыл; ал эми сол тарабындагысы – жекшемби, 30-март 2025-жыл. Жашыл аймактарда хилалды көздүн өзү менен оңой көрүүгө болот.

Заманбап хилалды көрүү карталары дүйнөнүн ар кайсы аймактарында хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү үчүн түстөргө бөлүнөт. Бул түстөр «матлаъларды» билдирет, башкача айтканда, хилалды көрүү мүмкүнчүлүгү бирдей болгон аймактарды көрсөтөт. Бул саясий чек араларга карабастан, географиялык жактан алыста жайгашкан өлкөлөр бир эле матлаъга кириши мүмкүн дегенди билдирет. Натыйжада, аларда хилалды көрүү мүмкүнчүлүгү боюнча шайкештик пайда болот.

Астрономиялык мектептердин матлаъларды аныктоодогу айырмачылыктары:

Астрономиялык мектептер хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүн аныктоодо ар башка критерийлерди колдонушат, бул болсо карталардагы аймактарды бөлүштүрүүдө айырмачылыктарга алып келет:

Яллоп мектеби (Yallop): айдын горизонттон бийиктиги, иститала бурчу жана күн менен айдын батуу айырмасы сыяктуу критерийлерге таянат. Бул критерийлер аркылуу хилалды көз же телескоп менен көрүү мүмкүнчүлүгү аныкталат.

Одех мектеби (Odeh): окшош критерийлерди колдонот, бирок чыныгы байкоо маалыматтарына көбүрөөк көңүл бурат жана критерийлерди талаа байкоолоруна жараша жаңыртып турат.

Саймон мектеби (SAAO): иститала бурчуна жана айдын бийиктигине басым жасайт, ошондой эле атмосферанын таасирин да эске алат.

Бул астрономиялык мектептер арасында матлаъларды аныктоодо айырмачылык жаратып, ар кайсы өлкөлөрдө камарий айлардын башталышын аныктоого таасир этет.

Жыйынтык: матлаълар мамлекеттердин саясий чек араларына байланыштуу эмес, тескерисинче хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүнө таасир эткен астрономиялык жана географиялык шарттарга байланыштуу. Ошондуктан, географиялык жактан алыста жайгашкан өлкөлөр бир эле матлаъга кириши мүмкүн. Бул болсо астрономиялык критерийлерге жана шаръий көрүүгө негизделип, камарий айлардын башталышын аныктоодо координация жана биримдикти талап кылат.

Мисал катары карап көр, 2022-жылдын 1-майына туура келген, хижрий 1443-жылдагы Шаввал айынын башталышына тиешелүү эки картаны салыштыр. Алардан ушуларды көрөсүң: биринчи картада Түндүк Африканын дээрлик толук аймагы хилалды көрүү үчүн телескопко муктаж, ал эми экинчи картада ошол эле аймактарда хилалды көз менен көрүү мүмкүн деп бааланган. Ошондой эле жер шарынын чыгыш бөлүгүнөн Индиянын ортосуна чейин созулган

аймактарда хилалды көрүү мүмкүнчүлүгү боюнча баалоолор өз ара айырмаланган.

Катъий жана зонний эсептөөлөрдүн айырмасы: хилалды көрүүдө колдонулган негизги астрономиялык факторлор

| Түрү | Бул эмне? | Шаръий жактан ага таянуунун деңгээли | Ал катъийби? |
|---|---|---|---|
| Катъий эсептөөлөр | Айдын жаңырышын (иктиранды) эсептөө | Көрүүнү жокко чыгаруу үчүн гана таянууга болот (эгер ай туулбаса, хилалды көрүү мүмкүн эмес) | ✓ Ооба (абдан так, секундга чейин) |
| Зоний эсептөөлөр | Ай жаңыргандан» кийин хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүн эсептөө | Шаръий жактан негиз катары алынбайт, болгону жардамчы катары гана (анткени көп факторлорго көз каранды) | ✗ Жок (көп өзгөрмө факторлорго таянат) |

«Көрүү мүмкүнчүлүгү» эмнени билдирет? Эмне үчүн ал зоний (так эмес)?

«Көрүү мүмкүнчүлүгү» хилалдын бар экенин гана билдирбейт, аны көз же телескоп менен көрүүгө болор-болбосун да билдирет. Бул болсо ондогон так факторлорго көз каранды, алардын айрымдарын математикалык жактан так аныктоо мүмкүн эмес.

Негизги факторлор:

Хилалдын жашы (иктирандан кийинки убакыт):

«Хилалдын жашы» жалгыз өзү көрүүнүн катъий критерийи болуп эсептелбейт. Анткени көрүү мүмкүнчүлүгү бир нече геометриялык

жана байкоочу факторлорго байланыштуу: иститала бурчу, хилалдын бийиктиги, күн менен айдын батуу убактысынын айырмасы, абанын тазалыгы жана байкоочунун тажрыйбасы ж.б. Ошондуктан илимий мекемелер билдиргендей, хилалды жашына гана таянып алдын ала айтуу так эмес. Айдын алгачкы күндөрүндө ал горизонтко жакын болуп, күчтүү шапакта көрүнөт, ошондуктан иктиран болгонуна карабастан аны көрүү мүмкүн болбой калат.

Ошондуктан илимий жактан эң күчтүү пикир – «жашты» кошумча көрсөткүч катары гана алуу, ал эми «катъий мүмкүн эместик» адистер аныктаган учурларда болот. Мисалы, ай горизонттун астында болсо, же күндөн мурун батса, же ошол жерде иктиран күн баткандан кийин болсо.

Илимий астрономиялык изилдөөлөрдө белгилүү болгон көрсөткүчтөр (бул сандар багыт берүүчү гана, анык чек эмес):

— Көз менен көрүлгөн эң кичине хилал жашы: 15 саат.

— Телескоп менен көрүлгөн: 12 саат.

— CCD сүрөткө тартуу менен катталган: 7.5 саат.

Бирок бул көрсөткүчтөр өз алдынча жетиштүү эмес.

Иститала бурчу (Angle of Elongation) – негизги фактор:

Бул – күн менен айдын ортосундагы бурчтук аралык.

Адатта:

— ≥ 8° көз менен көрүү үчүн.

— ≥ 5° телескоп менен көрүү үчүн.

Аъйрым мектептер Данжон чегин (Danjon Limit) колдонушат: мурун ал 7° деп бааланган, бирок айрым заманбап изилдөөлөр аны 4.5° чейин төмөндөтүшкөн.

Айдын күн баткан учурда горизонттон бийиктиги (негизги фактор):

Эгер ай күндөн мурун батса, хилалды көрүү мүмкүн эмес.

Кабыл алынган маанилер:

— ≥ 5° көз менен көрүү үчүн.

— ≥ 2° телескоп менен көрүү үчүн.

Күн менен айдын батуу айырмасы (Lag Time) – негизги фактор:

Бул – күн баткандан кийин ай канча убакыттан соң батарын билдирет.

Адатта көрүү мүмкүн:

— ≥ 45 мүнөт (жылаңач көз менен).

— ≥ 20 мүнөт (телескоп менен).

Айдын бетинин жарыктыгы (Illuminated Fraction):

Хилал көрүлгөн эң төмөнкү жарык үлүшү – 0.5%.

Бирок ыңгайлуу көрүү адатта 1.0–1.5%дан башталат.

Үчүнчү: хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүн аныктоочу астрономиялык мектептер.

Дүйнөдө кеминде 11 астрономиялык мектеп же критерий бар, алардын эң белгилүүлөрү:

Хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүн аныктаган астрономиялык мектептер

| Мектеп | Эмнесине таянат | Негизги өзгөчөлүктөрү |
|---|---|---|
| Ilyas (Малайзия) | Иститала + бийиктик + убакыт айырмасы | Так, бирок идеалдуу аба шарттарын талап кылат |
| SAAO (Түштүк Африка) | Айдын вертикалдык бурчу (бийиктиги) | Негизинен бийиктикке гана басым жасайт |
| Yallop Criterion (Улуу Британия) | Чыныгы байкоолорго негизделген статистикалык моделдер | Миңдеген байкоолорду талдап, көрүү аймактарын аныктайт |
| Odeh (ICOP) | Астрономиялык жана тажрыйбалык факторлордун айкалышы | Көбүрөөк реалдуу маалыматтарды колдонуп, так түстүү карталарды түзөт |
| Quraish Shihab (Индонезия) | Айдын бийиктиги + жашы | Ай кеминде 8 саат болушун шарт кылат |
| Islamic Crescents' Observation Project (ICOP) | Маалыматтардын айкалышы + күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү | Матлаъларды ай сайын жаңыртып турат |

Ар бир мектеп айрым факторлорду эске албайт же кээ бирлерин башкаларынан артык коёт. Ушундан улам айырмачылыктар өтө чоң болуп, кээде жер шарынын үчтөн бир бөлүгүнө чейин жетиши мүмкүн!

Төртүнчү: көрүүгө таасир эткен астрономиялык эмес факторлор:

Жердин рельефи: тоодон карагандагы көрүнүш өрөөн же түздүктөн карагандан айырмаланат, карталар болсо муну көп учурда эске албайт.

Атмосферанын абалы: чаң, нымдуулук, булгануу, горизонттук көрүнүш, мунун баары көздүн же телескоптун көрүү мүмкүнчүлүгүнө катуу таасир этет.

Байкоочунун көзүнүн курчтугу жана тажрыйбасы: тажрыйбалуу байкоочу хилалды башкаларга караганда эртерээк көрөт.

Ай бетиндеги жарыктын айырмачылыгы: айдын бардык бөлүктөрү жарыкты бирдей кайтарбайт.

Айдын ылдамдыгы жана орбитасы: ай туруктуу ылдамдыкта кыймылдабайт, анткени анын орбитасы эллипс түрүндө, бул болсо көрүү убактысын өзгөртөт.

Бешинчи: турмуштан мисал – бир эле түндө эки мектептин айырмачылыгы.

Чыныгы мисалды карайлы: хижрий 1444-жыл, Рамазан айынын 29-түнү:

Yallop картасы: Индонезиядан Батыш Индияга чейин телескоп менен көрүү мүмкүн дейт.

ICOP картасы: ошол эле аймакты толук көрүүгө мүмкүн эмес деп эсептейт.

Айырма миңдеген километрге жеткен жана ар бир мектептин өзүнүн илимий ыкмасы бар!

Алтынчы: эмне үчүн көрүү тууралуу катъий өкүм чыгарууга болбойт?

Анткени, керектүү маалыматтар өтө татаал жана көп тармактуу. Бул дүйнөлүк деңгээлде аба ырайын, көрүүнү, көздүн өзгөчөлүгүн, жайгашууну жана рельефти так жана ошол замат чогулта турган системаны талап кылат.

Байкоочунун жер бетиндеги так жайгашуусу да маанилүү. Мисалы, эсептөөлөр көбүнчө жердин рельефин эске албай, байкоочу жердин борборунда же экватордо турат деп эсептешет. Ошондой эле эсептөөлөр ай менен күндүн борборлоруна негизделет. Бул болсо жыйынтыктардын зонний болушуна алып келет. Бүгүнкү күндө мындай бардык маалыматтарды бир убакта так чогулта турган «астрономиялык мүмкүнчүлүктөргө ээ» компьютер жок. Эгер астрономдор ушул факторлордун баарын эске алса, эсептөөлөр өтө татаалдашып, күчтүү алгоритмдерди жана кубаттуу компьютерлерди талап кылмак. Мындан тышкары, матлаъларды катъий аныктоо үчүн өтө чоң көлөмдөгү маалыматтарды чогултуу маселеси дагы бар.

Ошондуктан, хилалды көрүүнүн (сырткы көрүнүшүнүн) астрономиялык эсептөөлөрү өтө зоннпий мүнөзгө ээ, ал эми айдын «туулушун» (иктиранды) эсептөө катъий жана так болуп саналат.

Талаштын так чеги:

Маселени чечкен методологиялык айырма мындай: «айдын туулушун жана батуу убакыттарын эсептөө» көбүрөөк катъий болуп, мүмкүн эмес күбөлүктөрдү жокко чыгарууда колдонулат (анткени бул бар-жокко тиешелүү нерселерди карайт). Ал эми «көрүү мүмкүнчүлүгүн эсептөө» ар түрдүү критерийлерге жана өзгөрмө шарттарга көз каранды болгондуктан, жалпы жонунан зонний бойдон калат. Ошондуктан аны айдын башталышын өз алдынча далилдөө жолу катары колдонууга болбойт.

Демек, негиз – көрүү болуп калат, ал эми астрономиянын ролу төмөнкүлөр менен чектелет:

(1) хилалды карай турган убакытты жана жерди аныктоо,

(2) мүмкүн эмес көрүү доомattарын четке кагуу,

(3) көрүүсүз эле айдын жаңыруусун жасабоо.

Чыныгы астрономиялык карталарды байкоо үчүн шилтемелер:

ICOP – Islamic Crescents Observation Project

Moonsighting.com

HM Nautical Almanac Office (Улуу Британия) – айдын туулушу, иктиран, күн жана айдын батуу убакыттары боюнча так астрономиялык маалыматтарды берет:

https://astro.ukho.gov.uk

Time and Date – Moon Visibility Maps – дүйнө жүзү боюнча хилалды көз менен же телескоп менен көрүү мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн 4 интерактивдүү карта (ар бир шаардын жергиликтүү убактысы менен):

https://www.timeanddate.com/moon/visibility.html

**Шаръий позиция:**

Факихтер хижрий айлардын башталышын аныктоодо Пайгамбардын ﷺ хадисине таянышат:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا العِدَّةَ ثَلَاثِينَ يَوْمًا»

**«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла».** (Бухари, Муслим).

Бул хадис хилалды көз менен көрүү зарылдыгын, ал эми көрүү мүмкүн болбой калса, айды отуз күнгө толуктоого негиз болорун түшүндүрөт.

Маселени тактоодо эң күчтүү негиздердин бири беделдүү жамааттык чечимдердин жыйынтыгы болуп саналат. Башкача айтканда, негиз – көрүү болуп саналат. Эгер бир өлкөдө хилалдын

көрүлгөнү далилденсе, анда мусулмандар аны кабыл алышы керек, муну матлаълардын айырмачылыгына байлоо талап кылынбайт. Ошол эле учурда эсептөөлөрдү жана обсерваторияларды жардамчы каражат катары колдонууга болот, бирок аларды өз алдынча далил катары эмес, хилалды күзөтүүдө жардам берген жана башаламандыкты алдын алган каражат катары гана колдонуу мүмкүн.

**Тил жана насстын өзөгү:**

«Орозо кармагыла… ооз ачкыла…» деген жалпы кайрылуу (умумий хитоб) аймактарга эмес, үммөткө багытталган. Хадистеги «аны көрүп» (لرؤيته) деген сөз жалпы айтылган, ал белгилүү бир өлкө элинин көрүүсү менен чектелген эмес. Аны белгилүү бир аймакка гана тиешелүү кылып чектеген шаръий далил жок, демек ал жалпы бойдон калат.

Айдын убактысын күн убактысына салыштыруу:

Намаз, имсак (тыйылуу) жана ооз ачуу күндүн кыймылына байланыштуу, ошондуктан алар аймакка жараша сөзсүз айырмаланат. Ал эми айдын башталышы хилалга (жана күн баткандан кийинки көрүүгө) байланыштуу. Ошондуктан «бир күндүн ичинде убакыт айырмасы бар» дегенди «айдын башталышы да өлкөлөргө жараша бөлүнөт» дегенге далил кылуу туура эмес.

Курайбдын хадисин: «ар бир өлкөнүн өзүнүн көрүүсү бар» далил кылуу талаштуу маселе. Бул хадис ар кандай түшүндүрүлөт: алардын бири – Ибн Аббас (разияллаху анху) «صوموا…» хадисине таянып ижтихад кылган, же болбосо Шамдан келген кабар ага ошол учурда жетпей, айдын аягында гана жеткен. Ошондой эле шафиъийлер да өз ара бир пикирде эмес: ан-Навави өзүнүн шархында айрым шафиъий аалымдарда көрүүнүн жалпы болушу т.а. жер жүзүндөгү бардык адамдарга тиешелүү деген пикир бар экенин айткан, бирок «алардын сахих пикири» буга каршы экенин билдирген.

«لا طاعة في معصية، وإنما الطاعة في المعروف»

**«Күнөө иште баш ийүү жок, баш ийүү жакшылыкта гана».**

Эгер кайсы бир өлкөдө адамдарга шаръий насстарга каршы нерсе (мисалы, айды эсеп менен гана бекитүү же мүмкүн эмес күбөлүктү кабыл алуу) таңууланса, анда мындай нерсеге «баш ийүү» важиб эмес, анткени ал шаръий жактан таанылган эмес.

Матлаъларды этибарга алуу маселесиндеги фикхий ихтилаф:

Аалымдар Ислам өлкөлөрүндө матлаъларды бириктирүү маселесинде экиге бөлүнүшкөн:

Биринчи пикир: ар бир өлкөнүн өз алдынча көрүүсү бар деп эсептейт. Бул пикир Курайб хадисине таянат, анда Ибн Аббас

разияллаху анху Мадина элин Шам элинин көрүүсүнө милдеттендирген эмес.

Экинчи пикир: матлаъларды бириктирүүнү жактайт. Алар Пайгамбардын ﷺ хадисинин умумий маанисине таянышат:

«صوموا لرؤيته...»

**«Айды көрүп орозону баштагыла...».**

Бул хитоб бүткүл үммөткө багытталган деп эсептешет.

Шарияттын негиздерине жана максаттарына кылдат караганда, шаръий өкүмдөр адамга кыйын болгон же так аныктоого оор нерселерге байланбаганы көрүнөт. Ал тургай астрономия адистеринин өздөрү да бул маселелерди толук тактык менен аныктай алышпайт, алардын жыйынтыктары күчтүү айырмачылыкка ээ жана көбүнчө күмөнгө жакын зонний баалоолордон турат. Шарияттын насстары жана чоң эрежелери Аллах Таала адамдарды мүмкүн болбогон нерсеге милдеттендирбестигин, айрыкча орозо сыяктуу улуу фарздарды анык эмес жана татаал, адистердин өздөрү так биле албаган нерселерге байлабастыгын ачык көрсөтөт.

Эреже: «Белгисиз же адамдын күчү жетпеген нерсе менен милдеттендирүү шариятта жокко чыгарылган»:

Аллах Таала айтты:

{لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفۡسًا إِلَّا وُسۡعَهَا }

***«Аллах эч бир жанды мүмкүнчүлүгүнөн ашык жүк менен милдеттендирбейт».*** (Бакара: 286).

Ошондой эле айтты:

{وَمَا جَعَلَ عَلَيۡكُمۡ فِي ٱلدِّينِ مِنۡ حَرَجٖۚ }

Пайгамбар ﷺ айтты:

«إِذَا أَمَرْتُكُمْ بِأَمْرٍ فَأْتُوا مِنْهُ مَا اسْتَطَعْتُمْ»

**«Силерге бир ишти буйрусам, анын күчүңөр жеткенин аткаргыла».** (Бухари, Муслим).

Ушундан улам, намаз жана орозо сыяктуу чоң ибадаттар татаал астрономиялык эсептөөлөргө эмес, жалпы адамдар түшүнө ала турган ачык белгилерге негизделген. Анткени адистердин өздөрү да бул эсептөөлөрдө бир пикирде эмес, ал эми мындай илимий майда-бараттарды ар бир мукаллаф билиши же анын тактыгына канааттануусу мүмкүн эмес.

Бул эрежени матлаълар маселесине колдонуу:

Орозо кармоо же ооз ачуу милдетин астрономиялык матлаъларды аныктоого байлоо Үммөткө чоң кыйынчылык алып келет. Анткени:

— Астрономдордун өздөрү матлаъларды аныктоодо ихтилаф кылышат, ар кандай эсептөө мектептерине таянышат (жогоруда айтылгандай 11ден ашык мектеп бар).

— Жөнөкөй мусулмандар гана эмес, көпчүлүк аалымдар жана факихтер да өздөрү кайсы матлаъга кирерин так же күчтүү божомол (голабатуз зонн) менен билишпейт, көбүнчө бул күмөн менен гана белгилүү.

— Көпчүлүк адамдар ар бир өлкөнүн өзүнчө матлаъсы бар деп ойлошот жана аны саясий чек аралар менен байланыштырышат, ошондой эле аны мамлекет башчысына байланыштырышат. Бул болсо өтө чоң жаңылыштык, анткени хилалдын «туулушу» саясий чек араларга баш ийбейт.

Заманбап «саясий чек араларды» шаръий негиз кылып, көрүү тууралуу насcты чектөөгө болбойт. Негиз – шаръий түрдө көрүүнүн далилдениши жана кабардын жетиши. Ал эми кайсы бир органдын жарыясына ээрчүү «абсолюттук баш ийүүгө кирбейт» (طاعة مطلقة), ал бекем негиз менен чектелет:

«لا طاعة في معصية، إنما الطاعة في المعروف»

**«Күнөө иште баш ийүү жок, баш ийүү жакшылыкта гана».**

Эгер жарыя шаръий насстарга каршы негизге курулса (мисалы, эсепке гана таянуу же мүмкүн эмес күбөлүктү кабыл алуу), анда ибадатты ага байлоо шаръий жактан жаиз эмес.

Матлаълар саясий же географиялык чек аралар менен аныкталбайт. Алар ай сайын өзгөрүп турган астрономиялык аймактар болуп, аларды так аныктоо жаңыланып турган карталарды жана атайын адистик билимди талап кылат.

Эгер адамдарга: «Силер хилал көрүлгөн өлкө менен бир “астрономиялык матлаъга” кирериңер анык болмоюнча орозо кармабагыла» деп айтылса, бул өкүмдү белгисиз же түшүнүү кыйын болгон айрым гана адистер билген нерсеге байлап коюу болуп калат.

Бул шарияттын ибадат белгилерин ачык жана түшүнүктүү кылуу максатына каршы келет жана башаламандыкка, туруксуздукка алып келет. Балким, Үммөт орозо кармоо же ооз ачуу күнү боюнча талашып-тартышып кетет, бирок бул талаш көрүүдөн эмес, матлаъларды классификациялоодогу ихтилафтан келип чыгат!

Дээрлик ар бир Рамазанда же айтта Үммөт ушул пикирден улам талашууга жана бөлүнүүгө туш болот. Бул пикирдин шаръий негизи жок экенин бир аздан кийин далил менен көрсөтөбүз.

Ошондуктан шарият ачык жана амалий өкүмдөрдү койгон:

— Хилалды эсеп менен эмес, көз менен көрүү.

— Адилеттүү адамдын хилалды көргөнү тууралуу күбөлүгүн кабыл алуу.

— Орозону толук астрономиялык билимдерге байлабоо.

— Так аныктоого мүмкүн болбогон, сейрек адистер гана билген матлаъларды негиз кылбоо.

Имам Ибн Таймийя айтты:

«الشارع علّق الحكم على الرؤية، ولم يعلقه بالقدرة على الحساب، لأنها ليست في طاقة العامة، ولا يعرفها إلا قلة من الناس».

«Шарият өкүмдү эсептөөгө эмес, көрүүгө байлады. Анткени эсептөөнү жалпы эл түшүнө албайт жана аны аз гана адамдар билет». (Мажмуъ аль-фатауа, 25/132).

Белгилей кетүү керек, биз аз гана адамдар билген эсептөөлөр (айдын туулушуна байланышкан) менен өтө зонний болгон эсептөөлөрдүн (хилалды көрүү мүмкүнчүлүгүн эсептөө) ортосундагы айырманы көрсөттүк. Бул айырма Ибн Таймийянын доорунда да, мурунку улуу факихтердин доорунда да белгилүү болгон эмес.

Ал-Азхардагы Ислам изилдөөлөр жыйынынын хижрий 1386-жылдын, жумада аль-ахира айындагы (1966-жылдын октябры) үчүнчү сессиясында өткөрүлгөн мусулман аалымдарынын конференциясында мындай делген: “Эгер аймактар хилалды көрүү түнүндө анын бир бөлүгүндө болсо да орток пикирде болсо, алардын алыстыгына карабастан матлаъларды айырмачылыгы этибарга алынбайт. Ал эми бул түндүн бир бөлүгүн да орток болбогон аймактарда матлаъларды айырмачылыгы этибарга алынат”.

Жыйынтык:

Шарияттын Даанышман мыйзам коюучусу белгисиз же ар дайым өзгөрүп турган астрономиялык матлаъларды орозо кармоо же ооз ачуу үчүн шарт кылган эмес. Тескерисинче, ал көз менен көрүүнү негиз кылып койгон жана адил бир күбөнүн же эки күбөнүн далилин чечүүчү кылган. Бул жеңилдикти, адилеттикти камсыз кылуу жана кыйынчылык менен башаламандыкты жоюу үчүн ташриъ кылынган.

Ошондуктан, Үммөттүн орозо кармоосун же ооз ачуусун – айрым адистерге тартиптүү көрүнгөнү менен, адамдар билбеген жана колунан келбеген матлаъларды так аныктоого байлаган – ар кандай пикир шарияттын эрежелерине каршы келет.

Ибн Аббас разияллаху анхунун хадиси жөнүндө эмне дейбиз?

Фикхте матлаълар тууралуу түшүнүк кайдан пайда болду? Белгилүү болгондой, бул маселе айрым аалымдардын сахаба Ибн Аббастын разияллаху анхунун сөзүн түшүндүрүүсүнө байланыштуу пайда болгон. Бул тууралуу Курайб риваят кылган хадис бар, ал сахабанын бул маселедеги түшүнүгүн бизге жеткирген:

«عَنْ كُرَيْبٍ قَالَ: بَعَثَتْنِي أُمُّ الفَضْلِ إِلَى مُعَاوِيَةَ بِالشَّامِ، قَالَ: فَقَدِمْتُ الشَّامَ، فَقَضَيْتُ حَاجَتَهَا، وَاسْتُهِلَّ عَلَيَّ رَمَضَانُ وَأَنَا بِالشَّامِ، فَرَأَيْتُ الهِلَالَ لَيْلَةَ الجُمُعَةِ، ثُمَّ قَدِمْتُ المَدِينَةَ فِي آخِرِ الشَّهْرِ، فَسَأَلَنِي عَبْدُ اللَّهِ بْنُ عَبَّاسٍ، ثُمَّ ذَكَرَ الهِلَالَ، فَقَالَ: مَتَى رَأَيْتُمُ الهِلَالَ؟ فَقُلْتُ: رَأَيْنَاهُ لَيْلَةَ الجُمُعَةِ،

فَقَالَ: أَنْتَ رَأَيْتَهُ؟ فَقُلْتُ: نَعَمْ، وَرَآهُ النَّاسُ، وَصَامُوا، وَصَامَ مُعَاوِيَةُ، فَقَالَ: لَكِنَّا رَأَيْنَاهُ لَيْلَةَ السَّبْتِ، فَلَا نَزَالُ نَصُومُ حَتَّى نُكْمِلَ الثَّلَاثِينَ أَوْ نَرَاهُ، فَقُلْتُ: أَوَلَا تَكْتَفِي بِرُؤْيَةِ مُعَاوِيَةَ وَصِيَامِهِ؟ فَقَالَ: لَا، هَكَذَا أَمَرَنَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ»

**Курайб айтат: Уммул-Фазл мени Муавияга Шамга жиберди. Мен Шамга бардым, анын ишин бүтүрдүм. Рамазан ошол жерде башталды, мен жума түнү хилалды көрдүм. Анан айдын аягында Мадинага келдим. Абдуллах ибн Аббас менден хилал тууралуу: «Силер хилалды качан көрдүңөр?» - деп сурады. Мен: «Биз аны жума түнү көрдүк», - дедим. Ал: «Сен өзүң көрдүңбү?», - деди. Мен: «Ооба, эл да көрдү, орозо кармашты, Муавия да орозо кармады», - дедим. Ал айтты: «Биз аны ишемби түнү көрдүк, ошондуктан отуз күндү толуктаганга чейин же өзүбүз көргөнгө чейин орозо кармайбыз». Мен айттым: «Муавиянын көрүүсү жана орозосу жетиштүү эмеспи?». Ал айтты: «Жок, бизге Пайгамбар ﷺ ушинтип буйруган».** (Муслим, 1087).

Бул хадис Байхакинин «ас-Сунан аль-Кубра» китебинде да ушул мааниде келген жана анда ***«мен Мадинага Рамазан айынын аягында келдим»*** деп айтылган. Ошондой эле Насаи «ас-Сунан аль-Кубра» китебинде да хадис Муслимдикине жакын сөздөр менен риваят кылынган, анда да ***«анан мен айдын аягында Мадинага келдим»*** деп айтылат.

Ибн Аббастын (разияллаху анху) бул маселени түшүнүүсүн жана ижтихадын талдоодо ушуларды айтабыз: ал үч маселени таразалоого тийиш болгон:

Биринчиден:

«صوموا لرؤيته ... فإن غم عليكم»

**«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо…».**

Мадина эли айдын башында ушул хадиске амал кылган. Демек, Ибн Аббас үчүн алардын орозосу туура жана сүннөткө ылайык болгон! Аларга башка жерде хилал көрүлгөнү тууралуу кабар ошол учурда жеткен эмес, башкача айтканда, алар көрө албай калган жума күнү эмес, ишемби айдын биринчи күнү болуп калган. Эгер кабар убагында жетсе, алар жума күнү орозо кармашмак. Бирок кабар аларга айдын акырында гана жеткен!

Демек, айдын башында алардын амалы сүннөткө ылайык болгонбу? Албетте, шексиз.

Экинчиден:

«الشهر 29 يوم أو 30 يوم»

**«Ай 29 же 30 күн болот»**

Бул хадистин так нассы. Курайб риваятында ал Ибн Аббаска «айдын акырында» келген деп айтылат. Демек, бул учурда алар Рамазандын 28-күнүндө болушкан. Суроо – Муавиянын көрүүсүнө амал кылып, бул күндү 28 эмес, 29 деп эсептейбизби? Демек, бүгүн кечинде хилалды күзөтөбүзбү?

Ибн Аббас разияллаху анху хадистин экинчи бөлүгүнө, башкача айтканда ай күндөрүнүн санына амал кылган. Ал ошол түндө хилалды карап байкоону четке каккан, анткени эч ким 28-күндүн кечинде хилалды карабайт. Эгер ал күзөтүп, хилалды көрсө, анда айды 28 күн кылып коймок! Бул бир жагынан (туура эмес).

Экинчи жагынан, хадисте ай 29 же 30 күн деп айтылган. Демек, күзөтүү 28-күндүн кечинде эмес, 29-күндүн кечинде болот. Бул дагы орозонун эң кыска мөөнөтү 28 эмес, 29 күн экенин билдирет.

Үчүнчү маселе: Муавиянын көрүүсү Мадина эли үчүн да көрүү болуп эсептелеби же жокпу?

Эгер бул кабар айдын башында жеткенде, анда ал Мадина эли үчүн милдеттүү болмок. Анткени башка хадистерде да чөлдөн келген адамдын кабарына амал кылынганы айтылат. Пайгамбар ﷺ айдын биринчи күнү бирөөнүн хилалды көргөнү тууралуу кабар алганда, адамдар орозо кармап жаткан болсо да, ошол эле күнү түштөн кийин аларга ооз ачууну буйруган.

Абу Хурайрадан (разияллаху анху):

«أَنَّ رَجُلًا جَاءَ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ فَأَخْبَرَهُ أَنَّهُ رَأَى الْهِلَالَ، فَأَمَرَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ النَّاسَ بِالْإِفْطَارِ، فَأَفْطَرُوا، ثُمَّ خَرَجَ فَصَلَّى بِهِمُ الْمَغْرِبَ»

**«Бир киши Пайгамбарга ﷺ келип, хилалды көргөнүн айтты. Ошондо Аллахтын Элчиси ﷺ адамдарга ооз ачууну буйруду, алар ооз ачышты, андан соң чыгып алар менен бирге шам намазын окуду».**

Бул жерде көңүл бур: ал адам хилалды өткөн түнү, күн баткандан кийин көргөн. Андан кийин дээрлик бир күн жол жүрүп, Мадинага келип, түштөн кийин асрда бул кабарды билдирген. Пайгамбар ﷺ ошол кабарга дароо амал кылган.

Эгер ошол адам азыркы заман сыяктуу транспорт менен ошол эле күнү Шамдан Мадинага келип жетсе, анын кабарына дагы деле амал кылынмак. Пайгамбар ﷺ андан «кайсы жерден келдиң» деп сураган эмес, ошондой эле ал алыскы аймактын өзүнчө көрүүсү бар деп эсептеген эмес.

Мындай байланыш каражаттары жок болгондуктан, Ибн Аббаска (разияллаху анху) кабар убагында жеткен эмес. Бирок ага кабар айдын акырында жеткени бул жерде маселе жаралат: ал бир жагынан хадисте келген айдын узактыгы (29 же 30 күн) менен, экинчи жагынан айдын

башында алардын туура амал кылганы (хилалды көрбөй калгандыктан жума күнү орозо кармабаганы) ортосунда тандоо жасашы керек болгон.

Ошондуктан Ибн Аббас (разияллаху анху) биринчи жана экинчи маселени үчүнчүсүнө караганда артык көргөн.

Бул артык көрүүнүн себеби Ибн Аббас (разияллаху анху) матлаълар айырмаланат деп түшүнгөндүктөн эмес. Ал жөн гана:

«هكذا أمرنا رسول الله ﷺ»

**«Бизге Пайгамбар ﷺ ушинтип буйруган»** - деп негиздеген.

Пайгамбардан ﷺ келген хадистерди толук карап чыкканда (изилдөөнүн башында келтирилгендей), аларда матлаълар такыр эске алынбаганы көрүнөт. Ибн Аббас (разияллаху анху) бир гана өзүнчө хадиске эмес, бир нече хадистерге таянып, жаңы жагдайга карата ижтихад кылган.

Демек, айдын башталышын матлаълар менен байланыштыруу шариятта негизге ээ эмес жана бул түшүнүктү киргизүү туура эмес. Анткени Ибн Аббастын (разияллаху анху) сөзүндө өз ижтихадынын себеби ачык айтылган эмес, аны кийин келген факихтер түшүндүрүп беришкен.

Ал эми бүгүнкү күндө астрономдор матлаъларды так аныктай албаганы белгилүү болгондуктан, алар эң көп дегенде жардамчы маалымат катары гана колдонулушу мүмкүн.

**Астрономиялык эсептөөлөр менен гана айдын киришин бекитүү тууралуу пикирге чечкиндүү жооп:**

«Айдын башталышын жалгыз астрономиялык эсептөөлөр менен аныктоону жокко чыгаруу» маселесинде заманбап беделдүү жамааттык чечимдерге таянуу болгон. Алардын эң башкысы Эл аралык Ислам фикх академиясынын чечими. Анда көрүүнү негиз кылуу милдет экендиги жана эсептөөлөр менен обсерваториялар жардамчы каражат катары гана колдонулары белгиленген (эсептөөнү көрүүнүн ордуна коюу эмес). Ошондой эле фикхий жактан да белгилүү болгон: тарых бою көпчүлүк аалымдар эсептөөнү хилалды далилдөөнүн өз алдынча жолу катары кабыл алышкан эмес.

Бул маселеде толук ижмаъ бар деп айтууга болбойт. Бирок шаръий насстар айдын башталышын аныктоону ибадаттык жол т.а. көрүү же айды толуктоо менен байланыштырып койгонун далилдей алабыз. «Астрономиялык илимди» өз алдынча далил жолуна айлантуу насстын ачык маанисине каршы келет. Ошондой эле тарыхта көпчүлүк аалымдардын амалы да ушуну четке кагууга негизделген, бирок аз сандагы эски жана заманбап каршы пикирлер бар экенин да моюнга алабыз.

Бул жерде эң күчтүү далилдердин бири Ибн Рушддун «Бидаят аль-Мужтахид» китебиндеги сөзү. Ал маани жагынан мындай дейт: аалымдар Рамазанды аныктоодо негиз көрүү экенине, хадиске таянып, бир пикирде болушкан. Бул сөз талаштын негизин тактоодо көп колдонулат, анткени ал шаръий негизди түз көрсөтөт (көрүү же айды толуктоо).

Заманбап эң пайдалуу институттук негиз Эл аралык Ислам фикх академиясынын (1986) чечими. Анда мындай деп айтылат:

(1) Эгер бир өлкөдө хилалдын көрүлгөнү далилденсе, анда аны кабыл алуу милдет, матлаълардын айырмасы эсепке алынбайт.

(2) Көрүүнү негиз кылуу керек, ал эми астрономиялык эсептөөлөр жана обсерваториялар хадистерди жана илимий чындыктарды эске алуу үчүн жардамчы катары колдонулат.

Бул чечим эки маанилүү нерсени бекемдейт:

«Матлаълардын айырмачылыгын» – көрүүгө амал кылууга тоскоол кылган нерсе катары – жокко чыгарат.

«Эсептөөнү жалгыз негиз кылууну» көрүүнүн ордуна альтернатива катары четке кагат.

Насстарга таянган далилдерди «эсепти көрүүнүн ордуна коюу» үчүн колдонууга жооп:

Эсепти жактагандардын эң кеңири жайылган далили – فاقدروا له сөзүн «айдын манзилдерин эсептегиле» деп түшүндүрүшкөнү. Бул пикирге илимий, хадистик жана фикхий жактан жооп берилет: сахих риваяттарда бул сөз «айды отуз күнгө толуктагыла» деп түшүндүрүлгөн (Бухари, Муслим). Бул түшүндүрмө мүмкүн болгон башка мааанилерди жокко чыгарат. Айрым аалымдар аны эсепке жоругандар болгонун айтышкан, бирок бул жамааттын негизги (муътабар) пикири эмес.

Айрым заманбап мекемелер (мисалы, Мисирдин Дар аль-Ифта уюму) көтөрүп чыккан пикир «эсеп катъий, ал эми көрүү жаңылыш болушу мүмкүн, ошондуктан айдын башталышын эсеп менен аныктоого болот» деген пикири эки тараптуу жоопту талап кылат:

Биринчи: усулий жооп:

Шарият антип белгилебесе, эсептин так болушу аны «шаръий себеп» же «өз алдынча шаръий жол» кылбайт. Шарият айдын башталышын далилдөөнүн жолу катары көрүүнү же айды толуктоону белгилеген, ал эми жөн гана иктиранды билүүнү орозо үчүн себеп кылган эмес.

Экинчи: манхажий жооп:

Бул багыттын ичинде да мурас болуп калган фикхий түшүнүк бар: «катъий эсеп» далилдөөдө эмес, жокко чыгарууда колдонулат.

Башкача айтканда, мүмкүн эмес күбөлүктү четке кагуу үчүн колдонулат, бирок көрүүсүз эле ай башталды деп бекитүү үчүн колдонулбайт. Муну Дар аль-Ифта өзү да келтирген: ал-Кальюби ал-Аббадийден риваят кылып, эгер катъий эсеп мүмкүн эместигин көрсөтсө, күбөлүк четке кагылат деп айткан.

Демек, бул негиз биздин далилге күбөлүк берет:

«Астрономиялык катъий эсеп мүмкүн эмес көрүү дооматтарын жокко чыгаруу үчүн колдонулат, бирок көрүүсүз айды башталды деп бекитүү үчүн колдунулбайт».

Чечүүчү жыйынтык (изилдөөнүн корутундусу):

Айдын башталышын өз алдынча астрономиялык эсеп менен аныктоо – шаръий далилдөө жолун (көрүүнү) эсепке алмаштыруу болуп саналат. Бул насстардын ачык маанисине жана муътабар (беделдүү) жамааттык чечимдерге каршы келет. Ал эми эсепти хилалды күзөтүү убактысын тактоо же мүмкүн эмес күбөлүктү четке кагуу үчүн колдонуу адистик жардам жана кыйыр далил чегинде колдонуу болуп эсептелет, бирок эсепти көрүүнүн ордуна өз алдынча жол кылуу болбойт.

Манхажий негизги айырма:

— «Катъий мүмкүн эместик»: геометриялык же физикалык шарттарга байланыштуу белгилүү бир убакытта жана жерде хилалдын көрүнүшү таптакыр мүмкүн эмес. Мындай учурда «чыныгы көрүү» мүмкүнчүлүгү болбойт.

— «Алсыз мүмкүнчүлүк» же «ыктымалсыздык»: байкоо шарттары хилалды көрүүнү өтө кыйын кылат, бирок бардык шарттарда толук мүмкүн эместикке жетпейт.

«Катъий мүмкүн эместикте» биз таянган эң күчтүү критерийлер:

— Ай күн баткан учурда горизонттун астында болсо (башынан эле көрүнбөйт).

— Ай күндөн мурун батса (lag time терс болсо), башкача айтканда күн баткандан кийин хилалды көрө турган убакыт такыр жок. «Убакыт айырмасы» б.а. күн менен айдын батуу убактысынын айырмасы көрүү мүмкүнчүлүгүндө чечүүчү фактор катары астрономиялык адабияттарда белгилүү.

— Ай күнгө өтө жакын болуп, өтө кичине иститала бурчунда болсо, натыйжада көрүнгөн хилал форма албаган же көрүүгө мүмкүн эмес болот. Бул жерде «Данжон чеги» түшүнүгү этияттык менен колдонулат: ал болжол менен иститала бурчунун эң төмөнкү чегин көрсөтөт, андан төмөн болгондо хилал көрүнүүчү формага келбейт.

Окурманга астрономиядагы «катъий» менен «зоннийдин» айырмасын түшүндүрүү үчүн: Мухаммад Ш. Одех өз изилдөөсүндө

хилалды көрүү критерийлери көп (12ден ашык) экенин белгилейт. Алар ар кандай маалыматтарга таянат (көрүү огу, хилалдын калыңдыгы, иститала ж.б.), ошондой эле жыйынтыктар аба ырайына, байкоочунун тажрыйбасына жана башка шарттарга жараша өзгөрөт. Бул болсо биздин негизги пикирди бекемдейт: «көрүүнү алдын ала эсептөөчү эсептөөлөр» толук катъий эмес, ал эми айрым геометриялык эсептөөлөр (жайгашуу, бийиктик, батуу убакыттары) катъий болушу мүмкүн.

АКШнын Деңиз обсерваториясы (United States Naval Observatory) да мындай деп ырастайт: «айдын туулушу» (New Moon) убактысын так аныктоого болот. Бирок хилалды «жашына» гана таянып алдын ала айтуу ишенимдүү эмес. Анткени ай жаңы чыккан алгачкы эки күндө горизонтко жакын болуп, күн баткандан кийин көп өтпөй батып кетет жана күчтүү шапакта көрүнөт. Бул болсо көрүүнү кыйындатып, шарттарга жараша өзгөрмөлүү кылат.

Ушул жерде татаал суроо туулат:

Магрибдеги адамдар хилалды көргөндө, алардын көрүүсү Индонезиядагы адамдар үчүн эгер алардын күнү кабар жеткенге чейин эле бүтүп калган болсо милдеттүү болобу?

Эгер Рамазан хилалы Мароккодо (магрибде) күн баткандан кийин шаръий түрдө далилденсе, анда бул далилдөө ошол жактагы кийинки шаръий күндү (таңынан күн батышына чейинки аралыкты) кабар жеткендер үчүн Рамазандын биринчи күнү кылат.

Бирок Индонезия убакыт жагынан Марокkодон бир нече саат алдыда турат. Ошондуктан көп учурда Мароккодо хилалдын далилденген учуру Индонезияда түндүн акыркы бөлүгүнө же түн ортосунан кийинки убакка туура келет. Башкача айтканда, бул жерде «күн-түн» чындыгы календардагы күн аталышына (дүйшөмбү/шейшемби) карап өзгөрбөйт. Бир эле учурда Мароккодо «түн» болсо, Индонезияда да «түн» болушу мүмкүн, аталышы гана башка. Анткени шариятта негиз – календардын аттары эмес, чыныгы түн жана күн.

Ошондуктан амалий негиз мындай:

Маселе – «күн аталышы бирдейби?» эмес,

Маселе – «Индонезия элине хилалдын далилденгени алардын таңынан мурун жеттиби?». Эгер кабар таңга чейин жетсе, анда алар ниет кылып, өздөрүнүн шаръий күнү башталган таңдан тартып орозо кармай алышат, бул учурда эч кандай маселе жок.

Ал эми кабар таңдан кийин жетсе, же күн өтүп, күн батканга чейин жетсе, анда шариятта Рамазандан болгон ошол күн (биз табанний кылган «хилал бир» көз карашына ылайык) алар үчүн өтүп кеткен

болот. Бирок күн – кабар жетпегендиктен – үзүр менен өтүп кеткен. Бул учурда казасын кармап берүү өкүм кылынат. Анткени бул күн Рамазан экени далилденген, бирок шаръий үзүр себептүү өз убагында аткарылбай калган.

Бул маанини орозо күндөрүнүн санынын маселесин караганда дагы даана түшүнөбүз:

Эгер Индонезия эли кабар жеткенден кийинки биринчи таңдан баштап орозо кармай баштап, бирок өтүп кеткен күндү каза кылбаса, анда төмөнкүдөй маселе чыгышы мүмкүн: эгер Шаввал хилалы Индонезия менен түндүн бир бөлүгүндө орток болгон башка жерде далилденсе жана кабар аларга милдеттүү түрдө жетсе, анда алардан Шаввалга өтүү талап кылынат. Бирок бул учурда алардын орозо кармаган күндөрүнүн саны 29га жетпей, 28 күн менен аякташы мүмкүн. Бул болсо шариятта мүмкүн эмес, анткени камарий ай 29 же 30 күн гана болот.

Бул жердеги маселенин себеби «күн аттарынын айырмасы» же «календар чек аралары» эмес. Маселе чыгыштагы аймактардын убактысы алдыда экендигинде. Батышта хилал далилденгенге жараша Рамазандын биринчи күнү деп эсептелген шаръий күн (таңдан күн батканга чейин) чыгышта кабар жеткенге чейин эле толук өтүп кетиши мүмкүн. Эгер бул күн каза менен толукталбаса, анан кийин Шаввалдын башталышы ишенимдүү далил менен белгиленсе (алар менен түндүн бир бөлүгүндө орток болгон аймактан), анда күндөрдүн саны бузулат.

Ошондуктан биз айтабыз: бул маселени чечүүнүн жолу «хилал бир» жана көз менен көрүү негизин кармануу менен бирге, өтүп кеткен күндү үзүр себептүү каза кылуу керек. Бул календардагы «жекшемби-дүйшөмбү» деген аттарга байланыштуу эмес, же эл аралык календар талап кылган үчүн эмес. Бул чыныгы шаръий орозо күнү (таңдан күн батканга чейин) кабар жеткенге чейин өтүп кеткендиктен, аны кийин толуктоо зарыл экендигине байланыштуу. Анткени шарият бир коом үчүн, эгер Шаввалдын башталышы ишенимдүү далил менен аныкталса, Рамазандын узактыгы 29 күндөн аз болуп калуусуна жол бербейт.

Кошумча тактоо үчүн жөнөкөй мисал:

Эгер хилал Марокконун Марракеш шаарында далилденсе... (бул адатта күн баткандан кийин болот). Ошол эле учурда Индонезия убакыт жагынан алдыда болгондуктан, көбүнчө түндүн акыркы бөлүгүндө же таңга жакын абалда болот (ал тургай Мароккодо далилденүү кечиксе, Индонезияда таң кирип калган болушу мүмкүн). Анда, маселе «дүйшөмбүбү же шейшембиби» эмес, негизги суроо

мындай болот: Индонезия элине кабар алардын таңына чейин жеттиби же кийинби?

Биринчи абал: кабар таңга чейин жетти.

Эгер Мароккодо хилал далилденген учурда Индонезияда дагы түн болуп, кабар аларга таңга чейин жетсе, анда алар ниет кылып, таңдан баштап күн батканга чейин орозо кармашы керек. Бул учурда орозонун башталышында да, күндөрдүн санында да эч кандай маселе жок.

Экинчи абал: кабар таңдан кийин жетти.

Эгер кабар таң киргенден кийин гана жетсе, башкача айтканда, алардын шаръий күнү башталып кеткен болсо, анда бул күн алар үчүн Рамазан экени белгилүү болбой башталган. Көпчүлүк факихтердин *(ханафийлерден башка)* пикири боюнча фарз орозо үчүн ниет түндө жасалышы керек болгондуктан, бул күндү башынан эле Рамазан орозосу деп эсептеп ооз бекитүү дурус болбойт.

Мындай учурда алар бул күндү амалий жактан Рамазан башталбаган күн катары эсепке алышат: эгер жеп-ичип коюшкан болсо, ооз бекитүү талап кылынбайт, бирок Рамазанды урматтап калган убакытта орозо кармоо (имсак кылуу) жакшы жана Рамазандан кийин бул күндүн казасын тутушат.

Анткени биздин негизге т.а. «хилал бир» деген пикирге ылайык бул күн чындыгында Рамазандан болгон, бирок далил таңга чейин жетпегендиктен, аны өз убагында аткаруу мүмкүн болбой калган.

Үчүнчү абал: кабар Индонезияда күн баткандан кийин гана жетет (мисалы, хилал Канадада далилденип, кабар Индонезияга алардын күнү бүтүп, жаңы түн башталгандан кийин жетсе).

Бул эң татаал көрүнүш: Индонезияда күн толугу менен өтүп кеткен болот, ал эми кабар кийин гана жетет. Бул учурда ачык айтабыз: шаръий орозо күнү (таңдан күн батканга чейинки аралык) толугу менен өтүп кеткен, демек аны «өз убагында кармоо» жөнүндө сөз болбойт. Анын өкүмү ошол күндү Рамазандан кийин каза кылуу. Анткени бул күн чындыгында Рамазандан болгон, бирок шаръий үзүр менен кабар жетпегендиктен өтүп кеткен.

Бул тартиптин пайдасы күндөрдүн санында да көрүнөт:

Эгер (экинчи же үчүнчү абалда) өтүп кеткен күн каза кылынбаса, кийин Шаввал хилалы Индонезия менен түндүн бир бөлүгүндө орток болгон башка өлкөдө (мисалы, Иранда) далилденсе жана кабар жетсе, анда алар Шаввалга өтүүгө милдеттүү болушат. Мындай учурда алардын орозосу 29га жетпей, 28 күн менен аякташы мүмкүн деген шек чыгат.

(Иран менен Индонезиянын убакыт айырмасы болжол менен 3.5–5.5 саат, ал эми түндүн узактыгы 10–14 саат болгондуктан, алардын түндөрү чоң бөлүгүндө дал келет.)

Эгер Марокко же Иран сыяктуу өлкөлөрдө Рамазан 29 күн болсо жана бул тууралуу далил Индонезияга жетсе, анда алар Шаввалга өтүшөт. Ошондо «28 күн болуп калды» деген маселе жаралат.

Бул маселени чечүүнүн жолу (хилал бир деген пикирди кармангандар үчүн):

Өтүп кеткен күндү шаръий Рамазан күнү катары эсептеп, аны каза кылуу. Бул календардагы күндүн аттарына же убакыт сызыктарына байланыштуу эмес, бул чыныгы шаръий орозо күнү өтүп кеткендиктен аны толуктоо зарылдыгына байланыштуу.

Ал эми маселени Ибн Аббас (разияллаху анху) түшүнүгүнө негиздегендер башка өлкөнүн көрүүсү ага жеткен жана амал кылууга мүмкүн болгон чөйрөдө гана милдеттүү деп эсептешет. Алар башында каза кылууну милдет кылбашы мүмкүн. Эгер Шаввал киргени 29 күн толо электе аларга милдеттүү түрдө далилденбесе, анда алар жоопкерчиликтен бош деп эсептешет. Бирок эгер Шаввал чындап далилденсе жана бул 29 күн толо электе жетсе, анда күндөрдүн саны жетишсиз болуп калат. Муну жоюунун жалгыз жолу каза кылуу (же негизги эрежени өзгөртүү) болуп калат. Мына ушул жерде эки ыкманын айырмасы чыгат.

Бул жерде негизги нерсе: «хилал бир» деген фатва күндөрдүн аттарына же календардык чектерге эмес, чыныгы түн-күндүн айлануусуна, таңдын киришине жана далилдин жетишине негизделет.

Түндүн бир бөлүгүндө орток болуу этибарга алынабы? Же күндүн аттары (дүйшөмбү, шейшемби) негиз болобу? Эл аралык дата белгилөөнүн ролу кандай?

Айрымдар мындай суроо коюшат: эл аралык дата белгилөө (мисалы, Аляска менен чыгыш Россиянын ортосунда) шарттуу сызык болгондуктан, жакын жайгашкан эки аралда биринде «дүйшөмбү», экинчисинде «шейшемби» болушу мүмкүн. Анда кайсы шаръий негиз менен ушул шарттуу сызыкты түн-күндүн башталышын аныктоочу кылып алабыз? Эгер адамдар бул сызыкты Гринвичке жылдырса, күндүн аттары өзгөрөт, анда өкүмдөр да өзгөрүп кетеби?

Бул суроого жооп берүү үчүн «астрономиялык чындык» менен «календардык шарттуулукту» айырмалоо керек:

Түн менен күн – бул жердин өз огунда айланышынан келип чыккан табият акыйкаты. Ар бир жерде алардын башталышы жана аягы күндүн чыгышы жана батышы (шариятта – таң жана күн батыш) менен аныкталат. Ал эми «дүйшөмбү, шейшемби» сыяктуу күн аттары,

убакыт алкактары жана эл аралык дата сызыгы – бул адамдар түзгөн уюштуруу системалары. Алар түн-күндү жаратпайт жана анын чындыгын өзгөртпөйт.

Мисал катары Беринг кысыгындагы Диомид аралдары: бири «кечээ», бири «эртең» деп аталат, бирок күндүн чыгышы-батышы өзгөрбөйт. Күндүн аталышы гана өзгөрөт. Эгер дата сызыгы башка жакка жылдырылса да, таңдын кириши же күндүн батышы өзгөрбөйт. Демек, шаръий өкүмдөрдү «күн аттарына» байлоо алсыз негиз болуп саналат. Анткени бул аттар инсаний шарттуулукка байланыштуу. Ал эми шарият ибадаттарды туруктуу табият белгилерине байлаган:

Орозо таңдан күн батканга чейин, намаз убакыттары да ошондой. Ошондуктан негиз календардык аттар эмес, чыныгы түн жана күн. Ошого жараша «бир өлкөнүн көрүүсү башкасына милдеттүүбү?» деген маселе мындай эки так суроо менен каралат:

(1) Башка өлкөнүн абалы хилал далилденген учурда кандай болгон: ал чыныгы түндө (күн баткандан таңга чейин) беле же чыныгы күндүз беле? Бул анын дата сызыгы менен эмес, өзүнүн горизонтунун (уфугу) негизинде аныкталат.

(2) Аларга шаръий жактан кабыл алынган далил (көрүү кабары) өздөрүнүн шаръий күнүнө өкүмдү колдонууга мүмкүн болгон убакта жеттиби?

Ошондуктан «түндүн бир бөлүгүндө орток болуу» деген критерий, эгер ал чыныгы түндөрдүн дал келүүсүн (башкача айтканда, эки өлкөдө тең күн баткандан таңга чейинки убакыттын кайсы бир бөлүгү бир учурда болушун) билдирсе, анда бул түшүнүктүү жана реалдуулукка ылайык критерий болуп саналат. Анткени ал дата сызыгына же күн аттарына көз каранды эмес, тескерисинче жер жүзүндөгү чыныгы түнгө байланыштуу. Муну астрономиялык эсептөөнү айды «далилдөөчү» катары колдонбостон, күн батуу жана таң убакыттары аркылуу текшерсе болот.

Ал эми «24 саат өттү» дегенди өз алдынча критерий кылуу шариятта негиз эмес. Шарият «24 саат орозо кармагыла» деп айткан эмес, тескерисинче: «таңдан түнгө чейин» деп айткан. Бирок колдонууда бир жагдай бар, эгер күндүз ичинде ишенимдүү далил келип, бул күн Рамазан эмес же Шаввал экени белгилүү болсо, анда ошол замат өкүм колдонулат.

Бул Пайгамбардын ﷺ хадисинде да келген: хилалды көрүүнүн кабары күндүзү жеткенде, адамдарга ошол эле күнү (кеч киришин күтпөстөн) ооз ачууну буйруган.

Бул жердеги маани «календардагы күн өзгөрдү» же «24 саат толду» дегенде эмес, тескерисинче, эгер далил бул күн орозо кармоого

тийиштүү эмес экенин көрсөтсө, анда ошол замат өздөрүнүн жергиликтүү шаръий күнү боюнча орозону токтотуу керек.

Мындан улам, мурун каралган «Индонезия маселеси» дата сызыгы (эл аралык календар сызыгы) менен байланыштуу эмес экени айкын болот. Биз айткан маселе, мисалы, Индонезияда түнү да, күнү да өтүп кеткенден кийин Мароккодо хилал далилденсе, бул аларга милдеттүүбү деген суроо календардагы «башка күндө» болушуна эмес, төмөнкү нерселерге негизделет:

Хилал качан далилденди, кабар аларга качан жетти, таңга чейин жеттиби же кийинби жана кийин Шаввал хилалы түндүн бир бөлүгүндө орток болгон башка аймакта далилденсе, алардын орозосу 28 күн болуп калбоосу кантип чечилет?

Ушундай учурда (хилал бир деген пикирди кармангандар үчүн) күндөрдүн саны кем болуп калуу коркунучун жабуу үчүн каза кылуу тандалышы мүмкүн. Бул «календар мажбур кылды» дегенден эмес, тескерисинче, эгер Шаввал далилденип, аларга жетсе, анда орозо 28 күндө токтоп калышы мүмкүн. Ошондуктан биринчи өткөрүп жиберилген күндү каза кылуу санды толуктоо үчүн этият чара. Ошол эле учурда Ибн Аббас (разияллаху анхума) түшүнүгүнө ылайык, кабар жетип, ага амал кылууга мүмкүнчүлүк болмоюнча милдет жок деген пикир да бар.

Бул каршылыкты чечкен жыйынтык:

Эл аралык дата сызыгы кайсы жерде болбосун өзүнчө шаръий критерий боло албайт. Анткени ал түн менен күндү жаратпайт, ал болгону адамдар түзгөн календардык тартип. Туруктуу жана чаташтырбаган шаръий жана илимий критерийлер төмөнкүлөр:

- Ар бир өлкөнүн өз горизонтундагы чыныгы түн жана күн.
- Хилал тууралуу далилдин (көрүүнүн) далилдениши.
- Бул кабардын жетиши.
- Өкүмдү жергиликтүү шаръий күнгө (таңдан күн батканга чейин) колдонуу.

Ошентип, бири-бирине жакын, бирок ар башка күн деп аталган эки аралдын мисалындагы карама-каршылык да чечилет: экөө тең бир эле күндүн чыгышын жана батышын көрөт, бирок адамдар бирине «дүйшөмбү», экинчисине «шейшемби» деген ат койгон. Бул аттар шаръий өкүмдөрдү өзгөртпөйт. Өзгөрүү күн аттарынын айырмасына эмес, горизонттун айырмасы, кабардын жетиши жана ага амал кылуу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу.

Маселе: казынын айдын башталышы же акыры боюнча күбөлөрдүн көрсөтмөсүн текшериши.

Биринчиден: эгер сен казы болуп, бир адам хилалды көрдүм деп күбөлүк берсе, анын күбөлүгүн кабыл алуудан мурун төмөнкү так суроолорду беришиң керек. Бул суроолор анын чындап көргөнүн же элес/жаңылыштык болгонун аныктоо үчүн берилет:

Көрүүгө байланыштуу шаръий жана техникалык суроолор (хилалды көрүү күбөлүгүн текшерүүнүн казылык үлгүсү фикхий жана астрономиялык жактарды камтыйт):

| Суроо | Туура жооп (кабыл алынат) | Туура эмес жооп (четке кагылат) |
|---|---|---|
| 1. Хилалды кайсы күнү көрдүң? | Айдын 29-күнүнүн кечинде (хижрий ай) | 29-күнгө чейин же туура эмес убакта (мисалы, түш маалында) |
| 2. Так кайсы убакта көрдүң? | Күн баткандан кийин дароо, кыска убакыт ичинде (5–45 мүнөт) | Күн батканга чейин же узак убакыт өткөндөн кийин |
| 3. Кайсы тарапта көрдүң? | Батыш же батыш-түштүк | Чыгыш же түндүк (бул тараптарда батып жатканда хилал көрүнбөйт |
| 4. Канча убакыт көрүндү? | Кеминде 10 мүнөт (таза абада) | 5 мүнөттөн аз (мүмкүн эмес) |
| 5. Так көрдүңбү? Же шектенип жатасыңбы? | Так, жарым ай формасында, аз-аздан жоголуп кетти | «балким», «ошондой деп ойлойм», чекит же жылдыз сыяктуу, тез эле жоголуп кетти |
| 6. Жалгыз көрдүңбү же башкалар мененби? | Башка бирөө менен, же жалгыз, бирок шенимдүү түрдө | Жалгыз, бүдөмүк, шек менен, так айтпастан жооп берет |
| 7. Хилалдын формасы кандай эле? | Учтары күн тарапка багытталган | Тескери багытта (башка нерсе болушу мүмкүн) |

| | | |
|---|---|---|
| 8. Аба ырайы кандай эле? | Ачык асман же жеңил булут | Калың булут, чаң же көрүү мүмкүн эмес шарт |
| 9. Хилалдын формасын сүрөттөп бер | Жука жарык сызык, төмөн карай ийилген | Тегерек, өтө чоң же так формасыз |
| 10. Телескоп же каражат колдондуңбу? | Жок, же колдонсом да так көрдүм | Колдондум, бирок так аныктай алган жокмун же көрүү анык болгон жок |
| 11. Хилалды көрүүдө тажрыйбаң барбы? | Ооба, мурун көргөм жана бул маселени жакшы билем | Жок, биринчи жолу көрүп жатам, же формасын так айта албайм, же башка жылдыздардан айырмалай албайм |
| 12. Хилал асманда аз-аздан көтөрүлдүбү кыймылдадыбы же туруктуу болдубу? | Горизонтко жакын туруп, акырын жылып батты | Тез жылып кетти, же заматта жоголуп кайра пайда болуп калды, же мен караганда дароо жоголуп кетти (муну бары көрүүдө ката кетиргенине же жылдызды көрүп алганына далалат кылат) |

Негизги эскертүүлөр (анык болуу үчүн):

— Эгер күбө хилалды чыгыш тарапта көрдүм десе, анын күбөлүгү дароо четке кагылат.

— Эгер ал хилал түз сызык же тегерек болгон десе, бул хилалдын белгиси эмес.

— Эгер хилал күндүн багытына каршы ийилген болсо (башкача айтканда «жаа» формасы туура эмес тарапта көрүнсө), анда бул көбүнчө жылдыз же планета болот, хилал эмес.

Алтын эреже:

Астрономиялык катъий маалыматтарга каршы келген ар бир күбөлүк (мисалы, ай «туулбай» туруп көрдүм десе, же күн батканга чейин, же ай таптакыр көрүнбөй турган жерде көрдүм десе) шариятта жараксыз деп эсептелет.

Бул айды эсеп менен далилдөө эмес, бул күбөлүктөргө байланыштуу өкүмдү колдонуу болуп саналат. Анткени сотто күбөлүк катъий фактыларга же сезим аркылуу анык нерсеге каршы келсе кабыл алынбайт. Эгер казы күбөлүктүн жалган экенин билсе, аны четке кагат жана ага негизделип өкүм чыгарбайт. Анткени мындай күбөлүк мүмкүн эмес же жалган нерсеге байланышкан болот.

Факих аалымдар да айткан: күбөлүк чындыкка каршы экенин билсе, казы аны четке кагууга милдеттүү. Шаръий өкүмдү мүмкүн эмес нерсеге негизделген күбөлүккө байлоого болбойт.

Экинчиден: хилалды телескоп менен да көрүү мүмкүн болбой турган катъий астрономиялык факторлор:

Эгер ушул факторлордун бири болсо, күбөлүк шаръий жактан да, аклий жактан да четке кагылат. Анткени мындай учурда көрүү илимий жактан мүмкүн эмес болуп саналат жана бул бардык астрономиялык байкоо борборлорунун бирдиктүү жыйынтыгы.

Бул жерде максат «көрүүнү негиз катары калтыруу» менен бирге, чындыкка каршы келген күбөлүктү четке кагууну бекемдөө. Бул үчүн фикхий жана соттук тексттерге таяндык: казы сезимге каршы же катъий далилдер менен жалгандыгы белгилүү болгон күбөлүктү кабыл албайт. Мындай пикирлер улуу аалымдардан (мисалы, Ибн Абдуль-Барр, Ибн Араби) жана шафиъий мазхабынан да келген. Эгер катъий эсеп көрүүнүн мүмкүн эместигин көрсөтсө, күбөлүк четке кагылат.

Ал эми илимий негиз катары астрономиялык байкоо адабияттарына таяндык:

— АКШнын Деңиз обсерваториясынын материалдары.

— Royal Museums Greenwich маалыматтары.

— Мухаммад Ш. Одех жана Б. Д. Яллоп сыяктуу изилдөөлөр.

Бул изилдөөлөр «убакыттын айырмасы (Lag)», «иститала» жана «Данжон чеги» сыяктуу терминдерди түшүндүрүп, критерийлердин көптүгүн жана алардын айырмачылыгын көрсөтөт. Ошол эле учурда биз жөн гана «кыйын» же «ыктымал» болгон абалдарга эмес, «катъий мүмкүн эместикке» жеткен факторлорго гана көңүл бурдук.

Катъий астрономиялык мүмкүн эместик болгондо хилалды көрдүм деген күбөлүктү четке кагуунун фикхий негизи:

Бул жердеги негизги принцип: күбөлүктү четке кагуу «көрүүдөн эсепке өтүү» эмес. Бул фикхтеги сот жана күбөлүк берүү (шахадат) деген өзүнчө темага тиешелүү. Бул жерде күбөлүктүн шарттары

аткарылып, күбөлүк берилген нерсе акылга жана сезимге (хисс) ылайык мүмкүн болсо кабыл алынат. Ал эми ал нерсенин жалгандыгы же мүмкүн эместиги далилденсе, күбөлүк четке кагылат.

Бул айырма фикхий жактан так айтылган: көпчүлүк аалымдардын көз карашында четке кагылган «айды эсеп менен далилдөө» менен «болбогон нерсени айтып жаткан күбөлүктү четке кагуу» эки башка нерсе. Экинчиси айды эсеп менен далилдөөгө өтүү эмес, түздөн-түз күбөлүк өкүмдөрүнө тиешелүү.

Фикхий негиз боло турган насстардан:

Бул маселеде мындай эреже айтылган: казы күбөлүктү кабыл алышы үчүн ал сезимге жана катъий чындыкка каршы келбеши керек. Эгер казы күбөлөр айткан нерсенин тескерисин билсе, алардын күбөлүгүн четке кагат жана ал боюнча өкүм чыгарбайт.

Бул тууралуу Ибн Араби айткан: «Эгер күбөлүк берилген нерсенин жалган экени далилденсе, күбөлүк кабыл алынбайт».

Ибн Абдуль-Барр болсо мындай дейт: казы күбөлүк чындыкка каршы экенин билсе, өз билимин колдонуп аны четке кагат жана ага таянып өкүм чыгарбайт, бул боюнча ижмаъ бар экенин айткан.

Бул фикхий-соттук негиз биздин сөздү бекемдейт: «Астрономиялык катъий маалыматтарга каршы келген ар бир күбөлүк шариятта жараксыз».

Бул маселеге шафиъий мазхабындагы айрым мутахир *(5-х. кылымдан кийинки)* аалымдардын сөздөрү да кирет. «Хашия аль-Кальюби» китебинде Ибн Касым аль-Аббади мындай дейт: «Эгер «катъий эсеп» хилалды көрүү мүмкүн эместигин көрсөтсө, анда адил адамдар көрдүк деген күндө да алардын күбөлүгү кабыл алынбайт жана четке кагылат».

Бул сөздүн мааниси абдан маанилүү. Ал маселени түздөн-түз күбөлүк жана мүмкүнчүлүк маселеси менен байланыштырган, эсепти айды далилдөөнүн өз алдынча жолу кылган эмес.

Ошондой эле «сезимге каршы келген күбөлүктү четке кагуу» эрежеси айрым илимий/басма булактарда да айтылат. Анда бул маани маликий мазхабындагы факих Абу аль-Валид аль-Бажиге нисбат кылынып, казы сезимге каршы келген күбөлүктү четке кагары айтылат. Ибн Абдуль-Барр болсо муну «ижмаъ» деп келтирген. Бул текст түздөн-түз классикалык булактан эмес, басма аркылуу жетсе да, изилдөө ичинде кошумча далил (карина) катары колдонууга жарайт.

Эгер кимдир бирөө «адил адамдын күбөлүгү эч качан четке кагылбайт» десе, анда жооп мындай: адилеттүүлүк – зарыл шарт, бирок жалгыз шарт эмес. Анткени адил адам да жаңылышы мүмкүн, жылдызды, булутту же жарыкты хилал деп жаңылыш көрүшү мүмкүн.

Ошондуктан факихтер күбөлүк кабыл алынышы үчүн күбөлүк берилген нерсенин мүмкүн болушу жана ага каршы катъий далил болбошу шарт деп айткан.

Фикхий мисал:

Эгер бир күбө «мен баланча адамды ушул шаарда көрдүм» десе, бирок сен анын ал жерде жок экенин же өлгөнүн так билсең, анда бул күбөлүк адил адамдан болсо да четке кагылат. Хилал маселесинде да ушундай.

Башка жагынан, «астрономиялык мектептердин карталары зонний» деп туруп, ошол эле мектептердин чектүү (threshold) маанилерин катъий далил кылып колдонуу туура эмес. Бул үчүн манхажий так айырмалоо керек б.а. астрономиялык маалыматтын түрлөрүн жана алардын катъий же зонний деңгээлин айырмалоо зарыл.

Чечүүчү айырмалоо: астрономиялык маалыматтар эки түргө бөлүнөт:

а) Геометриялык/реалдуу (катъий) маалыматтар (бул көрүүнү божомолдоо эмес, реалдуулукту сүрөттөө):

Булар «мектептер» же «көрүү карталары» эмес, белгилүү бир убакытта жана жерде күн менен айдын абалын аныктоо:

— Ай горизонттун үстүндөбү же астындабы?

— Күндөн мурун батабы же кийинби?

— Күн баткандан кийин канча убакыт турду?

Мындай маалыматтар өтө жогорку тактык менен эсептелет, анткени бул асман телолорунун орду жана чыгыш/батыш убакыттарына тиешелүү маселелер. Бул «адам көрөт же көрбөйт» деген божомол эмес, вакыйлыкты техникалык аныктоо.

Заманбап астрономиялык эсептөөлөрдүн тактыгы абдан жогору. Мисалы, JPL (NASAнын Jet Propulsion Laboratory) чыгарган DE430/DE431 отчетунда айдын орбитасы «азыркы доордо метрден да жогору эмес тактыкта белгилүү» деп айтылат (present-day lunar orbit known to submeter accuracy).

Бул нерселерди факихтер «катъий эсеп» деп атоосу туура болот, эгер анын мааниси «болушу мүмкүн эмес» дегенди билдирсе (башкача айтканда, ошол жерде күн баткандан кийин ай асманда таптакыр жок болсо).

б) Болжолдуу/байкоого байланыштуу зонний маалыматтар (адамдар көрөбү же жокпу?):

Ал эми «бул жерде мүмкүн», «бул жерде мүмкүн эмес» деген карталар көбүнчө геометриялык сүрөттөө менен чектелбестен, адамдын көрүү мүмкүнчүлүгүн баалоого өтөт. Бул болсо статистикалык моделдерге жана мурунку байкоолорго негизделет (аба

тазалыгы, жарыктын чагылуусу, байкоочунун тажрыйбасы ж.б.). Ошол эле илимий мекеме (USNO) да ачык айтат: хилалдын качан көрүнөрүн так алдын ала айтуу мүмкүн эмес, анткени бул көптөгөн факторлорго көз каранды жана туруктуу үлгү катары аныкталбайт.

Демек:

— Карталар «адам көрөбү» деген жагынан зонний болуп саналат: айрым аймактарда көз менен көрүү оңой, айрымдарында телескоп менен гана мүмкүн ж.б.

— Бирок айрым эсептөөлөр «геометриялык/реалдуу абал» жагынан катъий: ай горизонттун үстүндөбү же астындабы, күндөн мурун батабы же кийинби ж.б.

Биринчиден: «Мүмкүн эместиктин катъий далилдери» катъий жана алар менен күбөлүк четке кагылат, жана алар «мектептердин сандары» эмес, тескерисинче реалдуу шарттар:

1- Ай көрсөтүлгөн байкоо убактысында (ошол жерде күн баткандан кийин) горизонттун астында болсо.
2- Ай күндөн мурун батса же күн баткандан кийин калбаса (lag ≤ 0), анда таптакыр «күн баткандан кийинки убакыт» болбойт, анда кечки хилалды көрүү мүмкүн эмес. (Бул геометриялык жактан ачык-айкын: USNO да айтат: кечки хилал күн баткандан кийин төмөндөп, көп өтпөй батат; эгер ал такыр калбаса, көрүү мүмкүнчүлүгү да жок болот).
3- «Хилал туулбай калган» деген сөздүн тагыраак альтернативасы:

«Иктиранды» жалгыз катъий белги кылбай (анткени аны аныктоодо геоцентрдик/топоцентрдик айырмачылыктар бар), катъий нерсе катары геометриялык жыйынтыкты алабыз: ай күндөн мурун баттыбы же көрүү мүмкүн болгон учурда горизонттун астындабы? Башкача айтканда, «хилал али туулган жок» дегенден көрө, «ай таптакыр көрүүгө ылайыктуу абалда болгон эмес» деп айтуу тагыраак. Анткени «иктиран» астрономияда ар кандай ыкма менен аныкталып, айырмачылык болушу мүмкүн, ошондуктан аны жалгыз катъий белги кылбайбыз.

Ал эми эч ким талашпаган катъий нерсе – түз геометриялык жыйынтык:

Ай күн баткандан кийин горизонттун үстүндө болдубу, аны көрүүгө убакыт бар беле? Эгер ай горизонттун астында болсо же күндөн мурун батса, анда күн баткандан кийин хилалды көрүүгө таптакыр убакыт жок. Мындай учурда күбөлүк сөзсүз четке кагылат.

Бул сыяктуу катъий шарттар бар болсо, күбөлүк «сезимге каршы» деп эсептелет (фикхтеги сот өкүмү боюнча), башкача айтканда, күбөлүк берилген нерсе сезимге ылайык мүмкүн эмес.

Бул түшүнүк жогоруда келтирилген фикхий сөзгө толук дал келет: аль-Кальюби Ибн Касым аль-Аббадийден риваят кылып айткан: «Эгер катъий эсеп хилалды көрүү мүмкүн эместигин көрсөтсө, адил адамдар көрдүк деген күндө да алардын сөзү кабыл алынбайт жана күбөлүгү четке кагылат».

Бул жерден алынуучу маани: «катъий эсеп» дегенде жөн гана кыйынчылыкты эмес, көрүүнүн таптакыр мүмкүн эместигин көрсөткөн эсеп айтылат.

Экинчиден: «көрүү чектери» (иститала, жашы, бийиктиги, жарыгы ж.б.) – негизинен зонний мүнөздө (алар жалгыз өздөрү катъий далил катары колдонулбайт). Бул чектер «катъий далил» эмес, «карина» катары колдонулат. Анткени «ай горизонттун үстүндө бар» дегенден «аны адам көрө алабы?» дегенге өтүү сүрөттөөдөн байкоо өкүмүнө өтүү болуп эсептелет, ал болсо илимий жактан так эмес экени белгилүү.

Эмне үчүн буларды катъий деп айтууга болбойт? Эки мисал:

— Жашы (айдын жашы): USNO маалыматы боюнча, көз менен өтө эрте көрүүлөр (болжол менен 15.5 саатта) катталган, ал эми телескоп менен андан да эрте (болжол менен 12.1 саатта) көрүлгөн учурлар бар. Бул «8 саат» сыяктуу чекти жалпы катъий чек катары колдонуу болбой турганын көрсөтөт. Ал болгону «адатта мүмкүн эмес» деген белги, «өзү мүмкүн эмес» деген эмес.

— Данжон чеги / иститала: адабияттарда болжолдуу чек ~7° деп айтылат (айрым жаңы изилдөөлөрдө 4.5°), мындан төмөн болсо хилал көрүнбөйт деп эсептелет. Бирок бул дагы так жана өзгөрбөс чек эмес, талкууланган жана болжолдуу гана. Ошентсе да, ал күчтүү карина болуп саналат.

Үчүнчүдөн: «дүйнөлүк зонний карталар» менен «казынын конкреттүү иште адиске кайрылуусу» ортосундагы айырма – биринчиси толук зонний, экинчиси толук катъий дегенде эмес. Айырма төмөнкүдө:

Дүйнөлүк көрүү карталары адатта эки бөлүктөн турат:

— Биринчиси: геометриялык эсеп (көбүнчө катъий).

— Экинчиси: көрүү мүмкүнчүлүгүн баалоо (ыктымал, моделге негизделген).

Ал эми казы менен күбө болгон конкреттүү иште адистердин жообу эки өзүнчө деңгээлде берилүүгө тийиш:

Катъий деңгээл:

«Бул шаарда күн баткандан кийин ай горизонттун үстүндө болдубу? Ал баткандан кийин калдыбы?»

Эгер жооп: жок болсо, күбөлүк берилген нерсенин мүмкүн эместигин көрсөтөт, демек күбөлүк четке кагылат.

Зонний деңгээл:

«Эгер ай горизонттун үстүндө болсо, мындай иститала/бийиктик/жарык шартында адатта көрүнмөкпү?».

Бул жалгыз өзү күбөлүктү жокко чыгарбайт, бирок соттук карина болот. Ал көбүрөөк текшерүүнү, бир нече күбөнү талап кылууну, күбөлөрдүн сөздөрүн салыштырууну жана күбөнүн сүрөттөмөлөрүн (кайсы тарапта, качан, канча убакыт көрүндү ж.б.) тактоону талап кылат.

Мындай тактоо менен «карталар зонний» деген сөз туура болуп калат. Ал эми күбөлүктү четке кагуу айды эсеп менен аныктоого өтүү эмес, «башка түрдөгү катъийге», башкача айтканда реалдуулукту сүрөттөгөн катъий маалыматка негизделет дегенди билдирет. Демек, катъий астрономиялык мүмкүн эместик болгондо хилалды көрдүм деген күбөлүктү четке кагуунун фикхий негизделиши мындай:

Күбөлүктү четке кагуу «көрүүнүн ордуна эсепке таянуу» эмес, бул фикхтеги өзүнчө сот жана далилдер бөлүмүн колдонуу. Бул жерде күбөлүк сезимге жана акылга ылайык мүмкүн болсо кабыл алынат, ал эми казы өз билими же адистердин маалыматы аркылуу күбөлүк берилген нерсе мүмкүн эмес экенин билсе, аны четке кагат.

Бул жерде астрономиялык маалыматтын эки түрүн айырмалоо зарыл:

Биринчиден: геометриялык/реалдуу маалыматтар белгилүү бир убакытта жана жерде чыныгы абалды сүрөттөйт: мисалы, ай горизонттун үстүндөбү же астындабы, көрүү мүмкүн болгон убакытпы же жокпу; күн баткандан кийин калабы же күндөн мурун батабы. Бул маалыматтар «көрүүнү божомолдоо» эмес, «реалдуулукту сүрөттөө» болуп саналат. Мына ушуларды факихтер «катъий эсеп» деп атаганга туура келет.

Экинчиден: байкоо/ыктымал маалыматтар адамдар хилалды көрө алабы же жокпу дегенге байланыштуу (жашы, иститала, бийиктиги, жарыктын күчү ж.б.). Бул маалыматтар өзүнчө катъий даражага жетпейт, анткени көрүү мүмкүнчүлүгү көп факторлорго көз каранды жана дайыма так аныкталбайт.

Демек, эгер казы адистерге кайрылса, анда күбөлүктү четке кагуунун критерийи – катъий реалдуу мүмкүн эместик болушу керек (мисалы: ошол шаарда күн баткандан кийин ай горизонттун астында болсо же күндөн мурун батса, ошол себептен көрүүгө убакыт

болбосо). Ал эми көрүү кыйынчылыгына байланышкан чектер кошумча белгилер гана: алар күбөнүн сөзүнө шек келтирип, көбүрөөк текшерүүнү талап кылат, бирок жалгыз өздөрү катъий далил болбойт.

Бул маанини шафиъий мазхабындагы ачык фикхий сөздөр да бекемдейт: аль-Кальюби Ибн Касым аль-Аббадийден риваят кылып айткан: “Эгер «катъий эсеп» хилалды көрүү мүмкүн эместигин көрсөтсө, анда күбөлүк четке кагылат”.

Фактор / критерий: күн баткандан кийин айдын горизонттун үстүндө болушунун зарылдыгы (Topocentric).

Казыдагы (казылык) даражасы: катъий.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат – реалдуу мүмкүн эместик):

Эгер ай болжолдонгон байкоо убактысында (ошол жерде күн баткандан кийин) горизонттун астында болсо (бийиктик $< 0°$), анда күбөлүк четке кагылат.

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): (жок).

Кыска колдонмо эскертүү: бул эң күчтүү катъий далил, анткени ал «көрүү мүмкүнчүлүгүнүн өзүн» жокко чыгарат (асманда ай таптакыр жок).

Фактор / критерий: айдын күн баткандан кийин асманда канча убакыт калышы (Lag time).

Казыдагы даражасы: катъий / күчтүү карина.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат – реалдуу мүмкүн эместик): $Lag \leq 0$ (ай күндөн мурун же аны менен бир убакта батса).

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): Lag өтө кичине болсо (мисалы, 10–15 мүнөттөн аз) күчтүү карина болуп эсептелет.

Кыска колдонмо эскертүү: бул жерде негизги катъий нерсе – «күн баткандан кийин көрүү үчүн убакыттын болбошу». Ал эми убакыттын аз болушу карина гана болуп эсептелет, анткени өзгөчө шарттарда кыска убакытта да көрүлүшү мүмкүн.

—

Фактор / критерий: болжолдонгон байкоо убактысын күн батуу убактысы менен салыштыруу.

Казыдагы даражасы: катъий.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат – реалдуу мүмкүн эместик): эгер «кечки хилалды көрдүм» деп айтылса, бирок ал убакта ай ага чейин эле батканы аныкталса.

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): эгер өтө кеч убакта (мисалы, күн баткандан 1–2 саат өткөндөн кийин) көрдүм десе, ал учурда ай өтө төмөн болуп калат, бул күчтүү карина.

Кыска колдонмо эскертүү: бул убакытты саатына, мүнөтүнө жана күбөнүн жайгашкан жерине жараша так текшерилет.

—

Фактор / критерий: бурчтук алыстык (иститала). (Elongation / ARCL).

Казыдагы даражасы: күчтүү карина.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат): (жалгыз өзү катъий кылынбайт, өз алдынча колдонбоо жакшы).

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): өтө кичине иститала (болжол менен 7° же андан аз) – көз менен көрүү өтө кыйын, бул күчтүү карина.

Кыска колдонмо эскертүү: USNO белгилейт: хилалды көрүүнү так алдын ала айтуу мүмкүн эмес, бирок иститала негизги фактор болуп саналат жана чоң болгондо көрүү ыктымалдыгы жогорулайт

—

Фактор / критерий: (жогорку бөлүк – иститала боюнча эскертүү)

Казыдагы даражасы: катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): ишенимдүү мааниси болжол менен ~10° айланасында

Кыска колдонмо эскертүү: ишенимдүү чектер болжол менен 10° деп алынат. «Одех» өзүнүн маалымат базасына таянып Данжон чегин ~6.4° деп чыгарат (бул эксперименталдык орточо мааниси, фикхий катъий чек эмес).

—

Фактор / критерий: айдын горизонттон бийиктиги (күн баткан учурда/байкоо маалында).

Казыдагы даражасы: күчтүү карина

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): өтө төмөн бийиктик (мисалы < 2°) → күчтүү карина (себеби: жарыктын чачырашы, сынуусу жана атмосфералык сиңирүү).

Кыска колдонмо эскертүү: бул жалгыз өзү катъий далил эмес, анткени атмосфералык шарттар өзгөрөт, бирок практикалык жактан өтө күчтүү белги болуп эсептелет.

—

Фактор / критерий: күн менен айдын бийиктигинин айырмасы. (ARCV / Arc of Vision).

Казыдагы даражасы: күчтүү карина.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): ARCV өтө кичине болсо → күчтүү карина

(бул учурда жарык күчөп, хилалды айырмалоо кыйын болот).

Кыска колдонмо эскертүү: бул фактор көрүү моделдеринде колдонулат (мисалы: Яллоп, Одех), бирок баары бир толук катъий эмес, ыктымалдык (баалоо) деңгээлинде калат.

—

Фактор / критерий: айдын жашы (ай туулган учурдан бери өткөн убакыт). (Age).

Казыдагы даражасы: күчтүү карина, бирок катъий эмес. (жалгыз өзү менен күбөлүк четке кагылбайт, бирок текшерүүдө колдонулат)

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз):

15.5 сааттан аз (көз менен көрүү) → күчтүү карина

12.1 сааттан аз (телескоп менен) → өтө күчтүү карина

Кыска колдонмо эскертүү: USNO маалыматы боюнча, 15.5 саатта көз менен көрүү катталган, бирок бул «өзгөчө учур». Телескоп менен 12.1 саатта да көрүлгөн, бул да сейрек учур.

—

Фактор / критерий: айдын жарыктуулугу / туурасы. (Illumination / Width).

Казыдагы даражасы: көмөкчү / күчтүү карина.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): өтө алсыз жарык же өтө ичке хилал → карина (жарыктуулук начар).

Кыска колдонмо эскертүү: бул фактор иститалага жана аба шарттарына көз каранды, ошондуктан катъий эмес, карина катары гана колдонулат.

—

Фактор / критерий: көрүү мүмкүнчүлүгүн божомолдогон карталар/моделдер. (мисалы: Яллоп, Одех ж.б.).

Казыдагы даражасы: карина (жалгыз өзү менен күбөлүк четке кагылбайт, бирок текшерүүдө колдонулат)

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): эгер модель «көрүү мүмкүн эмес» деп көрсөтсө → күчтүү карина (бирок автоматтык түрдө күбөлүктү четке кагууга жетишсиз).

Кыска колдонмо эскертүү: NASA NTRS бул моделдерди «болжолдуу жана эксперименталдык» деп мүнөздөйт. «Яллоп» сыяктуу моделдер эң жакшы деп эсептелгени менен, алар дагы толук катъий эмес.

—

Фактор / критерий: күбөнүн хилалдын багыты жана жайгашуусу боюнча сүрөттөөсү.

Казыдагы даражасы: күчтүү карина.

Катъий критерий (күбөлүктү четке кагат):

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): эгер сүрөттөмө астрономиялык реалдуулукка каршы келсе

(мисалы, ай болушу мүмкүн эмес тарапта деп айтса) → бул жаңылыштыкка күчтүү белги.

Кыска колдонмо эскертүү: мисалы: кечки хилал батыш тарапта, күн баткандан кийин көрүнөт. Эгер күбө башка тарапты айтса, бул каталарды көрсөтөт (багыт же бийиктик боюнча) жана ишенимдүүлүктү азайтат.

—

Фактор / критерий: күбөлөрдүн дал келиши / бир нече күбөнүн болушу (убакыт жана жер боюнча).

Казыдагы даражасы: күчтүү карина.

Катъий критерий:

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): бир аймакта бир нече күбөнүн болушу күбөлүктү бекемдейт, ал эми шарттар жакшы болуп туруп күбөлөрдүн жок болушу күмөн жаратат.

Кыска колдонмо эскертүү: бул жалгыз өзү катъий далил эмес, анткени адамдар жаңылышы мүмкүн. Бирок бул күбөлүктүн ишенимдүүлүгүн баалоодо маанилүү белги.

—

Фактор / критерий: аба ырайы (тунуктук, чаң, жарык булгануу ж.б.).

Казыдагы даражасы: көмөкчү карина.

Катъий критерий:

—

Көмөкчү критерий (жалгыз өзү жетишсиз): начар аба шарттары менен «эрте көрдүм» деген доо → бул каршы карина (шектүү).

Кыска колдонмо эскертүү: USNO белгилейт: хилалды көрүү аба шарттарына жана байкоочунун тажрыйбасына катуу көз каранды.

Бул жердеги катъий далилдер «көрүүнүн ордуна эсепке таянуу» эмес, тескерисинче, көрүүнүн өзү мүмкүн болгон ордун жокко чыгаруу (ай күн баткандан кийин горизонттун үстүндө жок же такыр кармалбайт деген сыяктуу).

Ал эми чектүү сандык көрсөткүчтөр (жашы, иститала, бийиктик ж.б.) текшерүү үчүн колдонулган кошумча белгилер болот. Анткени адамдын көрүү мүмкүнчүлүгүн так жана сөзсүз алдын ала айтууга болбойт.

Аллах Таала жакшыраак билүүчү.

Ааламдардын Раббиси Аллахка мактоолор болсун. ❑

## Иран негизги муктаждыктарды камсыз кыла албагандыктан, нааразылык акциялары күч алды

Студенттер Тегеран жана Исфахан шаарларындагы бир нече университеттерде экономикалык абалдын начарлашына каршы нааразылык акцияларын өткөрүштү. Ирандын «Илна» жумушчулар агенттиги өз кабарчысына таянып билдиргендей, «бул нааразылыктар Тегеранда Бехешти, Хаджа Насир, Шариф, Амир Кабир, Илим жана маданият университетинде, Илим жана технология университетинде, ошондой эле Исфахан технология университетинде уюштурулду». Нааразылыктардын жүрүшүнө комментарий берип, Иран президенти Масуд Пезешкиян «элдин жашоо-турмушу менин күнүмдүк башкы маселем» деп баса белгиледи. Ал: «Бизде акча-кредит жана банк системасын реформалоо жана элдин сатып алуу жөндөмүн сактоо боюнча негизги чаралар күн тартибинде турат», - деди. Ал «Х» платформасындагы билдирүүсүндө: «Ички иштер министрине нааразылыкка чыккандардын өкүлдөрү менен диалог жүргүзүүнү, алардын мыйзамдуу талаптарын угуп чыгууну тапшырдым, ошондо өкмөт бардык күчү менен көйгөйлөрдү чечүүгө жана жоопкерчиликтүү түрдө жооп берүүгө мүмкүнчүлүк алат», - деп жазды. Бул өзүнөн-өзү башталган кыймыл Тегерандагы эң ири уюлдук телефон базарында башталып, андан кийин кеңейип, кийинки күнү күч алды. Улуттук валютанын дагы бир жолу арзандашына нааразы болгон соодагерлер дүкөндөрүн жаап, борбордогу көптөгөн соода жайлары жайгашкан аймакта нааразылык акцияларын уюштурушту. Расмий маалымат каражаттары билдиргендей, Тегеранда жана өлкөнүн башка аймактарында мектептер, банктар жана мамлекеттик мекемелер сууктан жана энергияны үнөмдөө максатында жабылды деп айтылды, бирок бул нааразылыктар менен байланыштырылган жок. Мындай жабуулар Альборз жана Кум (түндүк), Хамадан жана Лурестан (батыш), Түндүк Хорасан (түндүк-чыгыш) жана Йезд (борбор) провинцияларын да камтыды.

## Ирак жана Америка күчтөрү 18-декабрда Сирия аймагында биргелешкен аба операциясын жүргүзүп, «Ислам мамлекети» уюмуна кошулган деп шектелген адамдарды кармады

Бул операция уюмдун калдыктарын куугунтуктоо жана анын Сирия–Ирак чек арасы аркылуу кыймыл-аракетин алдын алуу алкагында өткөрүлдү. Саудиянын «Аль-Арабия» каналы ирактык коопсуздук булагына таянып билдиргендей, операция Сирия өкмөтү менен координацияда жүргүзүлүп, «Ислам мамлекети» уюмунун үч

жетекчисин издөөгө багытталган, алардын экөөсү Ирак жарандыгына ээ. Булакка ылайык, америкалык күчтөр Ирак күчтөрү менен бирге аба операциясын ишке ашырып, Хасака шаарынан болжол менен 60 чакырым түштүктө жайгашкан эки кичине айылдын батыш бөлүгүнө, Ирак–Сирия чек арасына жакын аймакка түшүшкөн. Операциянын жыйынтыгында издөөдө жүргөн эки адам кармалып, үчүнчү адам операция учурунда үйүндө болбогон.

«Анаб Баладиˮ басылмасынын Рас-аль-Айндагы кабарчысы операция Дамаск менен координацияда өткөнүн, бирок Сирия Ички иштер министрлигинин күчтөрү ага катышпаганын билдирди. Кабарчынын айтымында, күчтөр уюмдун мүчөлөрүнөн тышкары бир жарандык адамды да кармап, кийинчерээк аны бошотушкан.

Ушул эле абалда Ирактын Коопсуздук маалымат бөлүмү «Ирак маалымат агенттиги» (INA) аркылуу тараткан билдирүүсүндө Сирия аймагында жүргүзүлгөн операциянын жүрүшүндө «Ирак сот органдары издеген эки маанилүү жай бутага алынганын» ырастады. Билдирүүдө операция «Куралдуу күчтөрдүн жогорку колбашчысынын көрсөтмөсү жана көзөмөлү алдында» өткөрүлгөнү, операцияны Ирактын Ички иштер министрлигине караштуу Чалгындоо жана федералдык тергөө агенттигинин аба аркылуу жеткирилген күчтөрү ишке ашырганы, ошондой эле Сирия коопсуздук күчтөрү менен координацияда жана эл аралык коалициянын техникалык колдоосу менен жүргүзүлгөнү айтылды.

Ушул эле багытта Иордания армиясы королдуктун аба күчтөрүнүн Сириядагы «Ислам мамлекети» уюмунун позицияларына жасалган америкалык соккуларга катышканын ырастады. Бул өткөн жылдын декабрында үч америкалык аскердин өлүмүнө алып келген чабуулга жооп катары жасалган. Армиянын билдирүүсүндө: «падышалыктын аба күчтөрү кечинде сапаттуу аба операцияларды жүргүзүп, Сирия аймагындагы бир нече жерлерде ДАИШ террордук уюмуна тиешелүү бир катар объекттерди бутага алды. Бул терроризмге каршы жүргүзүлүп жаткан аймактык жана эл аралык үзгүлтүксүз аракеттердин алкагында ишке ашырылды», - деп айтылган.

О.э. билдирүүдө: «Бул операциялар эл аралык коалициянын алкагында өнөктөштөр менен координацияда жүргүзүлдү, ага Сирия мамлекети да катышты. Бул террордук топтордун мүмкүнчүлүктөрүн нейтралдаштыруу, алардын кайрадан уюшушуна жол бербөө же аталган аймактарды коңшу мамлекеттердин коопсуздугуна жана аймактык

коопсуздукка коркунуч жаратуу үчүн колдонушуна тоскоолдук кылуу максатында жасалды», - деп кошумчаланган.

Билдирүүнүн акырында: «(Иорданиянын) катышуусу королдуктун терроризм жана экстремизмге каршы күрөшүү саясатынын алкагында, өзүнүн улуттук коопсуздугун коргоо жана аймактагы коопсуздук менен туруктуулукту сактоого салым кошуу максатында ишке ашырылууда», - деп жыйынтыкталган.

**Британия менен Франция да Шам жерин жана асманын кордоп жатышат. Бул өлкөгө жана элге чектен чыгып бийлик жүргүзүп жаткан Жуланийдин башкаруусу астында болуп жатат**

Британия аба күчтөрү Франция менен биргелешкен операциянын алкагында ишемби, 3-январь күнү Хомс шаарынын чыгыш тарабындагы Тадмур аймагында «Ислам мамлекети» уюмуна каршы «ийгиликтүү» деп сыпатталган соккуларды ишке ашырды. Британиянын Коргоо министрлигинин маалыматына ылайык, «Тайфун FGR» учактары, «Вояжер» үлгүсүндөгү күйүүчү май куюучу учактын колдоосу менен, француз учактарына кошулуп, жер алдындагы объектке биргелешкен аба соккусун жасашкан. Министрлик билдиргендей, британ учактары объектке алып баруучу бир нече туннелдерди бутага алуу үчүн «Пэйввей» багытталуучу бомбаларын колдонгон. Ошондой эле алгачкы көрсөткүчтөр бута ийгиликтүү жок кылынганын көрсөтүп жатканын айтып, кеңири баалоо дагы улантылып жатканын кошумчалады.

Британия Коргоо министрлиги бул соккудан жарандык адамдар үчүн эч кандай коркунуч болбогонун билдирип, бардык учактар аман-эсен кайтып келгенин белгиледи. Министрлик так чалгындоо маалыматтары тоолордун ичинде, Тадмурдун түндүгүнөн бир нече чакырым алыстыкта жайгашкан жер астындагы объект бар экенин аныктаганын билдирди. Анда «Ислам мамлекети» уюму курал-жарак жана жардыруучу заттарды сактоо үчүн колдонуп келген.

Бул соккулар боюнча Сирия өкмөтү отчет жарыяланганга чейин комментарий берген жок. Британиянын коргоо министри Жон Хили бул операция «Улуу Британиянын лидерлигин жана союздаштары менен бирге туруп, Жакынкы Чыгышта "Ислам мамлекети" уюмунун жана анын кооптуу, залим идеологиясынын кайра жанданышына жол бербөө боюнча чечкиндүүлүгүн көрсөтөт», - деп билдирди.

Ал мындай деп кошумчалады: «Бул операция биздин жашоо образыбызга коркунуч жараткан кооптуу террористтерди жок кылууга багытталган жана Британиянын куралдуу күчтөрү жыл бою кийлигишүүгө даяр экенин, өлкө ичиндеги коопсуздукту жана тышкы

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ

күчүн сактоо үчүн аракеттенерин көрсөтөт». Хили операцияга катышкан бардык британ куралдуу күчтөрүнүн кызматкерлерине «кесипкөйлүгү жана кайраттуулугу» үчүн ыраазычылык билдирип, алардын Рождество жана Жаңы жыл майрамдары учурунда жайгаштырылган миңдеген британ аскерлеринин катарында болгонун белгиледи.

**Ал-Ваъй**: эгерде ихластуулар өз иштерин оңдоп, Жуланийдин кыянатчылыктарын токтотпосо, Шам жери чет элдик душмандардын ар кандай каалоочусу үчүн майданга айланып калат. Бул Жуланий жана анын кожоюндары түзүп берген жаңы вакыйлыктан кутулуу үчүн б.а. кафирлердин жана мусулман агент башчыларынын, ошондой эле алардын тыңчыларынын өлкөдөгү таасирин бекемдөөсүн жоюу үчүн кошумча күчтүү аракеттерди талап кылат. Бул таасир аскерий басып алуу, сакофий, маалыматтык же экономикалык чабуул болобу, айырмасы жок.

Айрым адамдардын зулумга каршы күрөшкөн мужахиддер жана революционерлер абалынан чыгып, согушуп жаткан кафирге жардамчы болуп, аны менен бир катарда туруп өздөрүнүн мусулман бир туугандарына каршы согушу – эң жаман шерменделик.

## Пакистан режиминдеги айрым малайлар Америкага кызмат кылууну улантып, Ислам Үммөтүнө каршы согуштарды кайра баштоону каалап жатышат

Пакистан армиясынын өкүлү Ахмад Шариф Чаудри билдиргендей, 2025-жылы Афганистан бүтүндөй аймак боюнча терроризмдин негизги базасына айланган. Ал террордук аракеттердин күчөшүндөгү Афганистандын ролуна карата Исламабаддын позициясы эл аралык деңгээлде колдоого алына баштаганын баса белгиледи. Армия өкүлү маалымат жыйынында Пакистан үчүн 2025-жылы негизги этибар коопсуздук маселелерине, айрыкча терроризмге каршы күрөшкө каратылганын айтты.

Чаудри Афганистанда азыркы абалды «өкмөт» деп атоого болбой турганын белгилеп, бул түзүм өзүн «убактылуу өкмөт» деп атап жатканын билдирди. Ошондой эле ал Афганистан азыркы абалында «географиялык түшүнүк» гана экенин айтып, өлкө калкынын курамына токтолду. Анын айтымында, пуштундар калктын 42% түзөт, ал эми калган бөлүгүн тажиктер, өзбектер, түркмөндөр, хазарлар жана башка улуттар түзөт.

Пакистан армиясынын өкүлү терроризмге каршы согуш «бүтүндөй Пакистан элинин согушу» экенин белгилеп, 2025-жылы өлкө

тарыхындагы «терроризмге каршы эң кеңири жана натыйжалуу чаралар» ишке ашырылганын айтты.

Ошондой эле Ахмад Шариф Чаудри АКШ менен «Талибан» кыймылынын ортосундагы Доха келишимине токтолуп, келишимде Афганистан аймагы террордук максаттарда колдонулбашы керектиги так жазылганын белгиледи. Бирок ал учурда Афганистандын ичинде террордук топтор жана тыюу салынган уюмдар активдүү иштеп жатканын айтып, «бул өлкө аймактагы террордук операциялардын борборуна айланды» деп кошумчалады.

## Илон Маск интернет аркылуу жасалма сүрөттөрдү түзүүнү жеңилдеткен программа жарыялады, ал жылаңач денелерди чыныгы адамдардын жүздөрүнө кошууга мүмкүндүк берет

Малайзия Илон Маск тарабынан иштелип чыккан Grok жасалма интеллект моделин колдонууну бөгөттөдү. Бул чат-бот адамдардын макулдугусуз аларга карата ачык мүнөздөгү сүрөттөрдү түзө алышы боюнча дүйнөлүк талкуу жараткандан кийин болду. Малайзиянын Байланыш жана мультимедиа комиссиясы (MCMC) билдиргендей, алар Grok’ко убактылуу тыюу салышкан. Бул үчүн алар chatbot’тун иштеп чыгуучусу болгон xAI компаниясынан жана X социалдык платформасынан мыйзам талаптарына ылайык иштешине кепилдик берүүнү талап кылышкан.

**Ал-Ваъй:** байинаттарга байланыштуу өкүмдөр — бул шарият тарабынан далил катары кабыл алынган ыкмалар аркылуу аныкталган өкүмдөр. Алар каржылык, кылмыштык же башка иштерде далил келтирүүнүн жолдору болуп саналат. Бул темада Хизб ут-Тахрир «Ахкам аль-байинат» аттуу китеп жазган. Анда фото сүрөттөр жана видео жазуулар «жасалма интеллект» доору пайда боло электе эле, шариятта далил катары эсептелбей турганы түшүндүрүлгөн.

## Америка Шамдагы жаңы башчылар буйруктарга каршы чыкпайт деп эсептеп, түз эфир учурунда «Голан» аймагын яхудий түзүмүнө белек кылгандай болду

АКШнын президенти Дональд Трамп өзүнүн тышкы саясаттагы эң таасирдүү чечимдеринин бири тууралуу айтып жатып, (израилдин) Голан дөңсөөлөрүнө болгон бийлигин таануу чечимин эске салды. Бул чечим ондогон жылдарга созулган натыйжасыз дипломатиядан кийин кабыл алынган. Трамптын айтымында, бул кадамды андан эч ким, а түгүл эң жакын колдоочулары да сураган эмес, бирок ал коопсуздук түшүндүрмөлөрүн жана тарыхый маалыматтарды уккандан кийин бат

эле чечим кабыл алган. Ал мурунку АКШнын (израилдеги) элчиси Дэвид Фридмандан Голан маселесин беш мүнөттө түшүндүрүп берүүнү суранганын, ал эки мүнөттүн ичинде эле (израил) үчүн Голан коргонуу жагынан канчалык маанилүү экенин түшүнгөнүн айтты. Айрыкча, радар системалары өнүккөнгө чейин бийик аймактарды көзөмөлдөө коопсуздук үчүн чечүүчү роль ойногонун белгиледи. Ал мындай деп кошумчалады: «Мен жетиштүү деңгээлде түшүндүм жана чечимге кол койдум. Алар бул маселе үстүндө жетимиш жыл иштешкен, бирок эч ким эч нерсе кылган эмес. Мен кылдым, биз аны тез эле аткардык».

**Америка Батыштын кол баласы болгон яхудий түзүмүнөн буйрук алган алсыз башкаруу аппаратын каалайт жана аны «кыйшык кресло» менен сыйлайт. Чындыгында алар алсыз болбосо да, Үммөткө яхудийлерден алсызыраак көрүнүшүн каалайт**

Сирия, (израиль) жана АКШ 2026-жылдын 6-январында АКШнын Мамлекеттик департаменти жарыялаган биргелешкен билдирүүдө (израиль) менен Сирия Парижде АКШнын ортомчулугу менен өткөн сүйлөшүүлөрдө коопсуздук, чалгындоо жана соода маселелерин координациялоо үчүн байланыш тобун түзүүгө макулдашканын билдирди. Бирок сириялык расмий өкүл “Reuters” агенттигине «2024-жылдын аягында Башар Асад кулатылгандан кийин басып алынган аймактардан (израиль) толук чыгып кетүүсү боюнча так жана милдеттүү график болмоюнча, эч кандай стратегиялык маселелерге өтүү мүмкүн эмес» экенин айткан.

АКШнын Мамлекеттик департаментинин биргелешкен билдирүүсүндө Сириянын жаңы өкмөтү менен (израил) АКШнын көзөмөлү алдында чалгындоо маалыматтарын бөлүшүү жана аймактагы аскерий чыңалууну оолдуктоо максатында биргелешкен топ түзөрү белгиленген.

Сириянын тышкы иштер министри Асад аш-Шайбани Парижде өткөн сүйлөшүүлөргө катышкан. Бул сүйлөшүүлөр (израил) Сирияга бир нече жолу сокку урганына карабастан өткөн. (Израил) да АКШнын көзөмөлү астында Парижде Сирия менен коопсуздук боюнча сүйлөшүүлөр өткөнүн ырастап, мунун максаты аймактык туруктуулукту чыңдоо жана экономикалык кызматташтык экенин билдирген.

Аты-жөнүн ачыктабоо шарты менен “Reuters” агенттигине сүйлөгөн расмий өкүлдүн айтымында, Парижде АКШнын ортомчулугу менен өткөн акыркы сүйлөшүүлөр АКШнын демилгеси менен Сирияга каршы

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ

бардык (израилдик) аскерий аракеттерди «дароо тоңдуруу» сунушу менен аяктаган.

Сириялык өкүл “Израилди” сүйлөшүүлөрдө «техникалык убакыт созууга» баруудa деп айыптап, алдыга жылуу үчүн ал «баскынчылык ой жүгүртүүсүнөн» баш тартууга тийиш экенин айтты. Сирия (израилдин) Асад кулатылганга чейин турган позицияларына кайтуусун көздөп, өзүнүн эгемендүүлүгүн кепилдеген жана ички иштерине кийлигишүүгө жол бербеген коопсуздук алкагын каалайт.

Париждеги сүйлөшүүлөрдөн кийинки биргелешкен билдирүүдө Сирия менен (израил) «эки өлкө үчүн туруктуу коопсуздук жана туруктуулукту камсыз кылган чараларды көрүүгө» милдеттенгени айтылган. Билдирүүдө: «Тараптар АКШнын көзөмөлү алдында чалгындоо маалыматтарын алмашуу, аскерий чыңалууну оздуктоо, дипломатиялык аракеттер жана соода мүмкүнчүлүктөрү боюнча ыкчам жана туруктуу координацияны жеңилдетүү үчүн биргелешкен интеграция механизмин жана  байланыш бөлүгүн түзүүнү чечишти», - деп белгиленген.

Ошондой эле: «Бул механизм ар кандай пикир келишпестиктерди ыкчам чечүү жана түшүнбөстүктөрдү алдын алуу үчүн платформа болот», - деп кошумчаланган. АКШнын демилгеси менен өткөн бул жолугушуу (израил) менен Сириянын ортосунда акыркы айлардагы биринчи жолугушуу болуп саналат, анткени алардын ортосунда дипломатиялык мамилелер жок.

(Израиль) премьер-министри Биньямин Нетаньяхунун кеңсеси билдиргендей, «диалог президент Трамптын Жакынкы Чыгышта тынчтыкты алдыга жылдыруу боюнча көз карашынын алкагында өткөн». Анда (израил) сүйлөшүүлөрдө «өз жарандарынын коопсуздугун камсыз кылуу жана чек аралар боюнча коркунучтардан сактануунун маанилүүлүгүн» баса белгилегени айтылган. Билдирүүдө (израил) «аймактык туруктуулукту жана коопсуздукту чыңдоого, ошондой эле эки өлкөнүн кызыкчылыгы үчүн экономикалык кызматташтыкты илгерилетүүгө» берилгендиги кошумчаланган. Ошондой эле тараптар «орток максаттарды илгерилетүү жана Сириядагы друз азчылыгынын коопсуздугун коргоо үчүн диалогду улантууга» макулдашканы айтылган. (Израил) буга чейин Сирияга кийлигишүүсүнүн себептеринин бири катары друздарды зордук-зомбулуктан коргоп жатканын айткан.

**Ал-Ваъй:** Сириянын жаңы башчыларына Шам жеринде да, анын сыртында да ролдор жана буйруктар бөлүштүрүлдү. Алар куфр

системаларын ишке ашырышууда жана мурун элестете албаган нерселерди аткарып жатышат. Башкача айтканда, Хафиз менен Башар да ойлобогон деңгээлде кызмат көрсөтүүгө жетишти. Алар «друз түзүмү», «алавий түзүмү», «сунний түзүмү», «яхудий түзүмү» сыяктуу мазхабдык түзүмдөрдүн «көз карандысыздыгын» сактоо, ошондой эле башка ыплас ролдорду аткаруу менен бирге Ислам мамлекетин орнотууга жана Исламий жашоону кайра жандандырууга умтулган ихластуу кыймылдарга каршы күрөшүп жатышат. Мындан тышкары, эл аралык системага кошулууну каалабагандарга каршы чыгып, Хафиз менен Башардын Батыштан алынган секулярдык конституциясын бекемдеп жатышат.

## Араб башчылары жана Батыштагы айрым өлкөлөр яхудий түзүмү Батыш жээкте жаңы жерлерди басып алып, мусулмандарды кууп чыгарып жатканын көрүп туруп, курулай айыптоо жана нааразычылык билдирүү менен чектелишүүдө

Батыштын 14 өлкөсү (израилдин) коопсуздук министрлер кабинети Батыш жээкте 19 жаңы конуш курууну жактырган чечимин айыптап, Тель-Авивден бул чечимден баш тартууну жана конуштарды кеңейтүүнү токтотууну талап кылышты. Британия, Франция, Германия, Бельгия, Канада жана Испания сыяктуу өлкөлөрдүн биргелешкен билдирүүсүндө: «Биз (израилди) Батыш жээкте конуштарды куруу чечиминен баш тартууга жана конуштарды кеңейтүүнү токтотууга чакырабыз», - деп айтылган.

Батыш өлкөлөрү өз билдирүүсүндө бул (израилдик) чечимдер бир тараптуу экенин эскертип, алар «Батыш жээктеги конуш саясатын кеңейтүүнүн жалпы алкагына кирет жана эл аралык укукту бузуу болуп саналат, мындан тышкары туруксуздукту да күчөтөт» деп белгилешти.

Өз кезегинде (израилдин) тышкы иштер министри Гидеон Саар бул билдирүүнү четке кагып, X платформасындагы билдирүүсүндө бул чечим (израилдин) коопсуздук коркунучтарына жооп кайтарууга багытталганын айтты. Ал билдирүүгө кол койгон өлкөлөрдү сынга алып: «Чет өлкөлүк өкмөттөр яхудийлердин өз жеринде жашоо укугуна чектөө кое албайт, мындай чакырыктар моралдык жактан уят жана яхудийлерге карата дискриминация болуп саналат», - деп кошумчалады.

Буга чейин (израилдин) коопсуздук боюнча кичи кабинети жекшемби күнү 19 конуш куруу планына макулдук берген. Бул кадам Палестина аймактарындагы чыңалууну күчөтүшү мүмкүн.

## Аскердик мүмкүнчүлүктөрдү «жаңылоо жана кеңейтүү» чет элдик баскынчыларга таянган учурда, ал «элес» бойдон калат. Ал мусулмандардын акыл-эсин чыгармачылыкка шыктандыруу менен гана «чындыкка» айланат

Нигерия Италиянын «Леонардо» авиация жана коргонуу өнөр жай компаниясынан 24 даана «M-346FA» үлгүсүндөгү истребитель сатып алуу боюнча келишим түзүлгөнүн жарыялады. Келишимдин баасы болжол менен 1,2 миллиард евро болуп, ага узак мөөнөттүү тейлөө жана колдоо келишимдери да кирет. Бул келишим Нигериянын аба күчтөрүн жаңылоо жана операциялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү планынын алкагында түзүлгөн. Алгачкы жеткирүүлөр 2025-жылдын башында үч учак менен башталып, бардык флот 2026-жылдын ортосуна чейин толук жеткирилери күтүлүүдө. Буга чейин өкмөт ушул эле үлгүдөгү 6 сокку уруучу учакты кошумча ок-дарылары менен сатып алуу үчүн 618 миллион доллар карыз алуу планына да макулдук берген. Бул истребителдерден тышкары, Абужа тик учактарды жана колдоо системаларын сатып алуу аркылуу аба күчтөрүн кайра түзүп, коопсуздуктагы өсүп жаткан коркунучтарга жооп берүүгө аракет кылууда.

## Ибн Салман баштаган «Чечүүчү бороон» операциясынан он жыл өткөндөн кийин бул «бороон» Йеменде Британия агенттеринин ролун чектөө үчүн болгондугу айкын болду

Сауд Арабиясы Бириккен Араб Эмираттарынан өз аскерлерин Йеменден 24 саат ичинде чыгарып кетүүнү кайрадан талап кылып, өз коопсуздугуна коркунуч жаралса, керектүү чараларды көрүүдөн качпай турганын билдирди. Бул тууралуу Саудиянын министрлер кабинети Йемендеги соңку окуяларга байланыштуу билдирүү таратты. Саудия маалымат агенттиги билдиргендей, акыркы чыңалуу «мыйзамдуу бийликти колдоо коалициясында» негизделген принциптерге каршы келет. Билдирүүдө: «БАЭ Йемендин башка тараптарды колдоону токтотуу жөнүндөгү өтүнүчүбүзгө жооп берет деп үмүттөнөбүз», - деп айтылган. Ошондой эле кеңеш БАЭден Түштүк өткөөл кеңешине көрсөтүлүп жаткан колдоону токтотууну талап кылды.

Министрлер кабинети акыркы чыңалуу БАЭ тарабынан мурун берилген убадаларга туура келбешин белгилеп: «БАЭ Йеменден аскерлерди 24 саат ичинде чыгарып кетүү өтүнүчүнө жооп беререрине үмүттөнөбүз», - деп кошумчалады. Ошондой эле Сауд Арабиясы

Йемендин коопсуздугуна, туруктуулугуна жана эгемендүүлүгүнө берилгендигин, Президенттик лидерлик кеңешинин төрагасын колдой турганын белгиледи жана өз коопсуздугуна коркунуч жаралган учурда зарыл чараларды көрүүдөн качпай турганын кайталады. Буга чейин Йемендин Президенттик лидерлик кеңешинин төрагасы Рашад аль-Алими БАЭнин бардык күчтөрүн 24 саат ичинде Йемен аймагынан чыгарып кетүүнү талап кылган.

**Ал-Ваъй:** Хизб ут-Тахрир партиясынын Йемен вилаятындагы маалымат бөлүмү 1447-х. 14-ражаб (2026-ж. 3-январь) күнү басма сөз баянатын жарыялап, ушуларды айткан:

«Түштүк Йеменде Эр-Рияддын өзүнүн инструменттери бар. Алар шейх Амр ибн Хабриш жетекчилик кылган Хадрамаут уруулар альянсынын күчтөрү. Ошондой эле, Саудия 2023-жылы түзүп, өз камкордугуна алган “Ватан калканы” күчтөрү да бар жана аларды өз таасирин бекемдөө үчүн колдонууда. Бул күчтөр Британияга таянган Алимий өкмөтүнүн курамында, бирок Саудия аларга катуу басым жасоодо. Анткени ал араб коалициясын жетектейт, Алимийди жана анын кеңешин кабыл алып турат жана анын өкмөтүнө караштуу Аден банкынын депозиттерин көзөмөлдөө аркылуу олуттуу экономикалык басым көрсөтөт.

Түштүк Йеменден экспорттолуп келген мунай кирешелерин Саудия улуттук банкы аркылуу өткөрүүгө мажбур кылып, Алимий өкмөтүн Эр-Риядга көз каранды абалга салды. Алар Британияга таянгандыктан, анын ыкмасы менен Эр-Риядга ыңгайлашып, ага тузактарды коюшат. Эгер туңгуюкка кептелсе, Британия БАЭ аркылуу өткөөл кеңешке Саудия менен анын артында турган Америкага ыңгайсыздык жарата турган аракеттерге “жашыл жарык” жагат.

Ал эми каршы тарапта Британиянын тарбиясындагы Абу-Даби Түштүк өткөөл кеңешине, ошондой эле Баб-эль-Мандебди өз кызыкчылыгы үчүн коргоп жаткан Батыш жээктеги Тарик Салих жана анын күчтөрүнө ээ. Эр-Рияд өткөөл кеңешке жана анын аймактык колдоочусу Абу-Дабиге катуу жана катаал мамиле жасады. Натыйжада, Эр-Риядга таянган Амр ибн Хабриш жетектеген Хадрамаут уруулары альянсынын күчтөрү өткөөл кеңешке берилген Хадрамаут элиталык күчтөрү менен кагылышты. Ошондой эле “аль-Абр” районунун Хашм аль-Айн аймагында өткөөл кеңештин күчтөрүнө дрон аркылуу сокку урду.

Абал андан ары да күчөп, 2025-жылдын 30-декабрында Мукалла портунда бронетехника жана курал-жарак жүктөрү бутага алынды. Эр-

Рияд Британияга таянган Рашад аль-Алимийге (ал да мурунку президент Абд Раббу Мансур Хади сыяктуу Эр-Риядга көз каранды абалда) 2025-жылдын 30-декабрында чечим таңуулап, коалиция күчтөрүнүн алкагындагы Абу-Даби менен биргелешкен коргонуу келишимин жокко чыгарууну жана анын күчтөрүн Йеменден 24 саат ичинде чыгарып кетүүнү буйруду».

Кана эми Саудия жана анын коргоо министри яхудий түзүмүнө каршы да ушундай чечкиндүү болсо! Яхудийлер эки жылдан бери жана азыркыга чейин алардын көз алдында кулагына угузуп, өздөрүнө жакын аралыкта Газа Хашимди кыйратып жатат. Алар болсо учактарын Газаны коргоо үчүн яхудий түзүмүнө каршы жиберишкен жок! Аллах Таала айткан:

{ مُّحَمَّدٌ رَّسُولُ ٱللَّهِۚ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ أَشِدَّآءُ عَلَى ٱلۡكُفَّارِ رُحَمَآءُ بَيۡنَهُمۡۖ }

***“Мухаммад Аллахтын пайгамбары. Аны менен бирге болгон*** *(момундар)* ***кафирлерге каардуу, өз араларында*** *(момундар менен)* ***болсо ырайымдуу боорукерлер”.*** (Фатх: 29).

Демек, Эр-Рияд бул кампаниясынын баарын чын эле Йеменди сүйгөндүктөн кылып жатабы? Же Аллах эч кандай далил түшүрбөгөн «мыйзамдуулукка» жардам берүү үчүнбү? Жооп мында: Эр-Рияд бардык мүмкүнчүлүктөрү менен жасап жаткан иштеринин баары Вашингтонго кызмат кылуу үчүн гана. Максаты Хадрамауттун мунайына көзөмөл орнотуу жана Араб деңизине чыгуу мүмкүнчүлүгүн алуу, андан соң экөөсүнүн мунайын пландалып жаткан куур аркылуу Индия жана Тынч океандарына, Баб аль-Мандеб менен Ормуз кысыгынын «ызы-чуусунан» алыс өткөрүү.

Америкага көз каранды Саудия Йемендин түштүгүндө Британиянын агенттерин, айрыкча 2017-жылы пайда болгон өткөөл кеңешти куугунтуктоодо. Бул кеңеш Америка 2006-жылы түзүүгө көмөктөшкөн, башында Хасан Баъум турган «түштүк кыймылын» сүрүп чыгарган. Саудиянын аймагында сегиз мүчөдөн турган президенттик кеңеш түзүлүп, анын мүчөлөрү Эр-Рияддын көзөмөлүндө кармалууда. Ал 2015–2022-жылдардагы согуш учурунда Британиянын агенти Али Салихке таандык болгон Республикалык гвардия күчтөрүн талкалаган. Ошол эле учурда Сананы хуситтердин колунда калтырды жана өзү жетектеген коалициянын максаттарына ылайык аларды чыгарып салуунун ордуна, БУУнун курал ташыган учактарынын Сана аэропортуна күн сайын учуусуна көз жумду.

Салман бин Абдулазиз жана анын уулу Мухаммад жетектеген Саудия ачык түрдө Исламдан баш тартты. Алар Харам аймактарында

бузукулукка жол ачкан «Vision 2030»га чакырып, яхудий түзүмүнө жакын жайгашкан Неом шаарын куруп жатышат, бул мусулмандардын көңүлүн жана акылын Меккеден буруу үчүн кылынып жатат. Америкалыктар Мухаммад бин Салманды «бул доордун Мустафа Кемалы» деп аташкан».❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## АЛЛА – ЫЙМАНДУУЛАРДЫН ДОСУ. АЛ АЛАРДЫ КАРАҢГЫ-ТУҢГУЮКТАН ЖАРЫК-НУРГА ЧЫГАРАТ

**Устаз Ибрахим Салама**

{ ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ يُخۡرِجُهُم مِّنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِۖ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ أَوۡلِيَآؤُهُمُ ٱلطَّٰغُوتُ يُخۡرِجُونَهُم مِّنَ ٱلنُّورِ إِلَى ٱلظُّلُمَٰتِۗ أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ }

***“Алла – ыймандуулардын досу. Ал аларды караңгы-туңгуюктан жарык-нурга чыгарат. Каапырлардын достору болсо шайтандар. Алар каапырларды жарык-нурдан караңгы-туңгуюкка түшүрүшөт. Дал ошолор тозок ээлери жана ал жерде түбөлүккө калышат”.*** (Бакара: 257).

Бисмиллахи, алхамдулиллах, Пайгамбарыбыз Мухаммадга ﷺ, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана аны ээрчигендерге салам жана салават болсун.

Аллах Таала айтты:

{ لَآ إِكۡرَاهَ فِي ٱلدِّينِۖ قَد تَّبَيَّنَ ٱلرُّشۡدُ مِنَ ٱلۡغَيِّۚ فَمَن يَكۡفُرۡ بِٱلطَّٰغُوتِ وَيُؤۡمِنۢ بِٱللَّهِ فَقَدِ ٱسۡتَمۡسَكَ بِٱلۡعُرۡوَةِ ٱلۡوُثۡقَىٰ لَا ٱنفِصَامَ لَهَاۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ يُخۡرِجُهُم مِّنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِۖ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ أَوۡلِيَآؤُهُمُ ٱلطَّٰغُوتُ يُخۡرِجُونَهُم مِّنَ ٱلنُّورِ إِلَى ٱلظُّلُمَٰتِۗ أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ }

***“Бул динде зордоо (Ислам динине зордоп киргизүү) жок. Анткени, Туура жол адашуудан ажырап болду. Демек, ар кандай тогутка каапыр болуп, Жалгыз Аллага ыйман келтирген адам гана эч ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот. Алла Угуучу, Билүүчү! Алла – ыймандуулардын досу. Ал аларды караңгы-туңгуюктан жарык-нурга чыгарат. Каапырлардын достору болсо шайтандар. Алар каапырларды жарык-нурдан караңгы-туңгуюкка түшүрүшөт. Дал ошолор тозок ээлери жана ал жерде түбөлүккө калышат”.*** (Бакара: 256-257).

«Динде зордоо жок» – эч бир адам Исламга кирүүгө эч качан мажбур кылынбайт. Адамдар Раббисине ыйман келтирип, Ага баш ийип амал кылып, Анын динин тургузуп жана Пайгамбарына ﷺтүшүрүлгөн шарият менен өкүм кылышы үчүн, Ислам бардык адамдарга сунушталат. Даават ачык-айкын жеткирилгенден кийин, каалаган киши ыйман келтирип, каалаган киши каапыр болот. Чындыгында Аллах ааламдардан беймуктаж!

{ وَقُلِ ٱلۡحَقُّ مِن رَّبِّكُمۡۖ فَمَن شَآءَ فَلۡيُؤۡمِن وَمَن شَآءَ فَلۡيَكۡفُرۡۚ }

***«Айткын: «(Бул Куран) Раббиңер тарабынан (келген) Чындык. Демек, каалаган киши ыйман келтирсин, каалаган киши каапыр болсун».*** (Кахф: 29).

Мааниси: Раббиңе айкын түрдө, далил менен, күч жана чечкиндүүлүк менен даават кыл, андан кийин ким кааласа ыйман келтирсин, ким кааласа каапыр болсун». Акыйкат эч кимге жагынбайт, кошомат кылбайт жана ким болбосун, аты-жөнү, теги кандай болбосун ага ийилбейт. Аллахка, Анын Элчисине ﷺ жана момундарга берилгендиги болбогон, Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ баш ийүүгө өзүн арнабаган, мусулмандарга жардам бербеген, аймакчылыкка, улутчулдукка, мекенчилдикке, бөлүнүүгө, секуляризмге жана башка ушу сыяктууларга чакырган адамдын өзүнө да, башкаларга да жакшылык жок, ал адамда Исламдан эч нерсе калган эмес. Жана ким өз каалоосун Пайгамбар ﷺалып келген нерсеге баш ийдирбесе, анын жүрөгүндө ыйман жок! Мындайлардын баары орозо тутуп, намаз окуп, өздөрүн мусулманбыз дешсе да, тозокто тизе бүгүүчүлөрдөн болот.

«فَادْعُوا بِدَعْوَى اللهِ الَّذِي سَمَّاكُمُ الْمُسْلِمِينَ الْمُؤْمِنِينَ عِبَادَ اللهِ».

***«Силерди мусулмандар, момундар, Аллахтын кулдары деп атаган Аллахтын чакырыгы менен чакыргыла».***

قَد تَّبَيَّنَ ٱلرُّشْدُ مِنَ ٱلْغَيِّ

“Туура жол адашуудан ажырап болду”. Туура жол – бул хидаят, Исламга ыйман келтирүү, ага амал кылуу, Аллахтын шарияты жана манхажы менен өкүм кылуу жана ага кайрылуу. Акылдын тууралыгы адамды түз, кыйшайбаган жолго жетелейт, ал эми туура жол Исламга жеткирет. Адашуу – бул куфр, тануу, тогут, баш ийбөө жана Аллах түшүргөндөн башка нерсе менен өкүм кылуу. Ар бир жан өз кылганы үчүн жоопкер, ал өз тандоосу жана иштеринин жоопкерчилигин көтөрөт. Ислам өзүнүн кол астында жашаган адамды аны кабыл алууга мажбур кылбайт. Ал үммөттү калыптандырат жана адамдардын жашоосун тартипке салган, аларды башкарган мамлекетти тикелейт. Шарият алардын жашоосунун бардык тармактарын адилеттик жана ынсап менен камтыйт. Мамлекет ар бир жаранына шаръий укуктарынан пайдаланууга, турмуштук муктаждыктарын камсыз кылууга жана жеке камкордукка ээ болуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Исламдын күчү анын мамлекетинин, коомунун жана үммөтүнүн күчү менен болот. Алар Исламга бекем карманып, Аллахтын шарияты жана манхажын Ислам мамлекетинин бийлиги астында жашаган бардык адамдарга карата адилеттик, ынсап, тууралык жана ихсан менен колдонууга милдеттенишет.

فَمَن يَكْفُرْ بِٱلطَّٰغُوتِ وَيُؤْمِنۢ بِٱللَّهِ فَقَدِ ٱسْتَمْسَكَ بِٱلْعُرْوَةِ ٱلْوُثْقَىٰ لَا ٱنفِصَامَ لَهَاۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ ٢٥٦

***“Демек, ар кандай тогутка каапыр болуп, Жалгыз Аллага ыйман келтирген адам гана эч ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот. Алла Угуучу, Билүүчү!”*** (Бакара: 256).

Тогут – бул тугян сөзүнөн чыккан форма, ал акыйкатка зулум кылган, аны өзүнө ыйгарып алган, чегинен ашкан, Аллахтын динине баш ийбеген, Аллахка ыйман келтирбеген жана Аллахтын шарияты жана манхажы менен өкүм кылбаган нерсе. Демек, тогут – Аллах жана Анын Элчиси ﷺ буйрубаган бардык нерсе.

Момун тогутту четке кагат жана Аллахка, Анын Элчисине ﷺ ыйман келтирет. Ошондой эле, момун адам Аллахтын динин тургузуп, Анын шарияты жана манхажы менен өкүм кылып, Аллахтын Өз Элчисине ﷺ түшүргөн буйругуна амал кылат:.

فَقَدِ ٱسْتَمْسَكَ بِٱلْعُرْوَةِ ٱلْوُثْقَىٰ لَا ٱنفِصَامَ لَهَاۗ

***“Жалгыз Аллага ыйман келтирген адам гана эч ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот”.***

Бул мусулмандын эң бекем, үзүлбөс тутканы кармаганын билдирген мисал. Ал Аллахтын динине бекем карманып, жашоонун бардык тармактарында Анын шарияты жана манхажын кармануу аркылуу, ишениминде туруктуу, жүрөгү ыйманында бейпилдик тапкан, мүчөлөрү жана сезимдери Аллахтын дини жана шарияты менен амал кылган абалда болот.

Ал эми каапырлар жана мунафыктар тогутту ээрчишет, ага ыйман келтиришет жана анын «шарияты» менен өкүм кылышат, башкача айтканда адамдар ойлоп тапкан мыйзамдар менен өмүр сүрүшөт. Алар Аллах арам кылганды адал кылып, адал кылганды арам кылышат жана Аллах түшүргөн шарияттан башка мыйзамдар менен өкүм кылышат.

ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ يُخْرِجُهُم مِّنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِۖ

***«Алла – ыймандуулардын досу. Ал аларды караңгы-туңгуюктан жарык-нурга чыгарат».***

Аллах момундарды Өзүнүн камкордугу жана ырайымы менен коргойт, Ал момундардын Колдоочусу. Ал жардам берүүчү, азиз кылуучу жана аларды душмандары үстүнөн үстөм кылуучу Зат. Ал Сактоочу жана Жардамчы, аларды ар кандай жамандык жана зыяндан сактайт. Ал Иштерин жүргүзүп, жеңилдетип, туура жолго жетелеген Ишенимдүү Камкорчу.

يُخْرِجُهُمْ مِنَ الظُّلُمَاتِ إِلَى النُّورِ

Аларды куфрдун, наадачылыктын, күмөндүн, шектин, алсыздыктын караңгылыктарынан жана адамдарды өз тогуттарына, алардын мыйзамдарына баш ийүүдөн чыгарып, жарыкка – Исламга, ыйманга, бекем ишенимге, жүрөктүн тынчтыгына жана жан дүйнөнүн бейпилдигине жетелейт. Бул Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ баш

ийүү, ошондой эле Аллахтын шарияты жана манхажынын өкүмүнө ыраазы болуп, аны толук кабыл алуу менен болот.

وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ أَوۡلِيَآؤُهُمُ ٱلطَّٰغُوتُ

Ал эми каапырлар, мунафыктар жана Аллахтын шарияты менен өкүм кылбагандардын колдоочулары тогут болот. Алар аны ээрчишет, ага кулчулук кылышат жана адамдар чыгарган мыйзамдар менен өкүм кылышат. Тогут аларды ыймандан куфрга, Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ баш ийбөөгө чыгарат. Куфр бул каалоонун, нааданчылыктын жана Аллахтын ырайымынан алыстоонун караңгылыктары.

أُوْلَٰٓئِكَ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِۖ هُمۡ فِيهَا خَٰلِدُونَ

***"Дал ошолор тозок ээлери жана ал жерде түбөлүккө калышат".***

Аллах Таала айтты:

{ أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزۡعُمُونَ أَنَّهُمۡ ءَامَنُواْ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلِكَ يُرِيدُونَ أَن يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦۖ وَيُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمۡ ضَلَٰلَۢا بَعِيدًا }

***«(Эй Мухаммад) өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге (Куранга) жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген, деп эсептей турган (айрым) адамдардын тогутка өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган. Анткени, шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт».*** (Ниса: 60).

Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылуу ыймандын шарты, анын жемиши жана талабы. Аллах тогутка кайрылууну каалагандардын ыйманы жок экенине күбө болот:

يُرِيدُونَ أَن يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦ

***"...тогутка өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган".***

Алар ыймандан куфрга качышат. Бул алардын абалына күмөн жана шек туудурган таң калыштуу көрүнүш:

ٱلَّذِينَ يَزۡعُمُونَ أَنَّهُمۡ ءَامَنُواْ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلِكَ

***"...өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге (Куранга) жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген, деп эсептей турган (айрым) адамдар..."***, анан тогутка – адамдардын адамдарга өкүм кылышына кайрылышат.

Алар муну жахилдиктен эмес:

وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦ

***"Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган"***, балким атайын жана билип туруп жасашат. Ошентип, Аллахтын жолунан тосушат, аны кыйшык кылууну каалашат жана шайтанды ээрчишет:

وَيُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمۡ ضَلَٰلَۢا بَعِيدًا

***“Анткени, шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт”,*** ал адамдарды кайра кайтууга жана тообо кылууга үмүт жок болгон алыс адашууга жетелейт.

Бул бүгүнкү күндө мусулман өлкөлөрүндөгү башкаруучулардын абалы. Алар:

أَن يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦ

***“...тогутка өкүм сурап барууну...”***

Ошондуктан каапырлар Ислам үммөтүнө үстөмдүк кылып, анын ыйык нерселерин тебелеп-тепсешет. Үммөт элүүдөн ашык майда мамлекеттерге бөлүнүп кеткен. Америкалыктар жана яхудийлер мусулмандарды өлтүрүү жана айрыкча Палестинада ачка калтыруу үчүн аларды колдонушууда. Бул башкаруучулар болсо каапырларга моюн сунуудан жана кордуктан башка нерсени кылбай жатышат.

Ислам үммөтү да аларга унчукпай, баш ийип, каршы чыкпай жатканы үчүн, чоң күнөөгө батууда. Алар ажалдын белгиленген экенин билбегендей, залим башкаруучуларга каршы күрөш ажалды тездетпейт, ал эми күрөштөн баш тартуу аны кечиктирбейт экенин билбегендей жүрүшөт. Ошондой эле ырыскы Аллахтын колунда экенин, аны залим адам кемите албасын жана салих адам көбөйтө албасын билбегендей абалда өмүр сүрүшүүдө.

Аллах Таала айтты:

{ٱلۡيَوۡمَ يَئِسَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِن دِينِكُمۡ فَلَا تَخۡشَوۡهُمۡ وَٱخۡشَوۡنِۚ ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ فَمَنِ ٱضۡطُرَّ فِي مَخۡمَصَةٍ غَيۡرَ مُتَجَانِفٖ لِّإِثۡمٖ فَإِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٞ}

***«Бүгүн эми каапыр кимселердин силерди диниңерден (чыгаруудан) үмүттөрү үзүлдү. Демек, алардан коркпогула, Менден корккула! Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, нематымды-жакшылыгымды кемчиликсиз, толук кылып бердим жана силер үчүн Исламды (гана) дин кылып тандадым. Анан, кимде-ким ачарчылыкта, күнөө тарапка ообогон абалында (аталган арам кылынган нерселерди жешке) мажбур болсо (Алла кечирет). Анткени Алла кечиримдүү, мээримдүү».*** (Маида: 3).

ٱلۡيَوۡمَ يَئِسَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِن دِينِكُمۡ

Эгер силер анын өкүмдөрүн карманып, фарздарын аткарып, Аллах жолунда жихад кылып, ыйман жана Ислам бир туугандыгын сактап, Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ ихлас кылып, Аллахка толук тобокел кылып, жалгыз Ага гана багыт алсаңар, бүгүн жана ар бир күнү каапырлар силердин диниңерди жок кылуудан же өзгөртүүдөн үмүт үзүшөт. Ошондо каапырлар силерге каршы кире турган эч бир жол таба алышпайт жана силерге үстөм боло алышпайт. Душманыңарды коркутуу үчүн, аларга каршы согушкула жана колуңардан келген күчтү даярдагыла. Аллах Исламды толук, түз, кемчиликсиз дин кылды. Анда

ашыкча нерсе да, кемчилик да, өзгөртүү да, «өнүктүрүү» да жок. Ал силер үчүн Исламды акыйда, шарият, ибадат жана толук жашоо тартиби катары тандап берди. Бул дин жашоону тартипке салат, аны башкарат жана үстөмдүк кылат. Ким аны кабыл албаса, аны менен өкүм кылбаса жана ага кайрылбаса, ал Ислам дининен чыккан болот.

ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗا

Аллах Таала диниңерди толук кылды жана силерди мусулман кылуу менен нематын толуктады. Демек, Исламды сактагыла жана ага бекем кармангыла, ошондо Аллахтын нематы силерге туруктуу болот.

Ислам – Аллахтын дини, Ал аны Пайгамбарыбыз Мухаммадга ﷺ түшүргөн жана силер үчүн ал динден ыраазы болгон. Ал силерге ошону менен жеңиш берди жана силерди түс, улут, эл же тил бөлбөгөн башка адамдардан өзгөчө үммөт кылды. Силер Аллахтын кулдарысыңар жана бири-бириңерге бир туугансыңар. Ошондуктан диниңерди сактагыла, ал силердин жашооңорду акыйда, шарият, ибадат, жүрүм-турум, ахлак, баалуулуктар, мамилелер, башкаруу, саясат, экономика, байлыкты бөлүштүрүү жана адамдар ортосунда адилеттик орнотуу аркылуу тартипке салат.

Жашоодогу ар бир кыймыл-аракет Аллахтын шариятына баш ийүү менен жөнгө салынат. Ал эми Аллах үчүн болбогон, Ага баш ийүү максат кылынбаган, Пайгамбарыбыздын ﷺ жолу, сүннөтү жана манхажы менен болбогон ар бир иш эч нерсеге татыбайт, анда жакшылык жок.

ٱلۡيَوۡمَ يَئِسَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِن دِينِكُمۡ فَلَا تَخۡشَوۡهُمۡ وَٱخۡشَوۡنِۚ

***«Бүгүн эми каапыр кимселердин силерди диниңерден (чыгаруудан) үмүттөрү үзүлдү. Демек, алардан коркпогула, Менден корккула!».***

Бул улуу аяттар коштошуу ажылыгында Арафат күнүндө түшүрүлгөн. Дин толукталып, Ислам үммөтү өз акыйдасын аңдап, ага бекем кармап, коомун куруп, мамлекетин тикелеген. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ коштошуу ажылыгында үммөт менен коштошуп жатып, динин кармануу жана аны колдонууга буйруп, мындай деди:

«فَإِنِّي قَدْ تَرَكْتُ فِيكُمْ مَا إِنِ اعْتَصَمْتُمْ بِهِ فَلَنْ تَضِلُّوا أَبَدًا أَمْرًا بَيِّنًا: كِتَابَ اللهِ وَسُنَّةَ نَبِيِّهِ».

**«Чындыгында, мен силерге бир ачык-айкын нерсени калтырдым, эгер ага бекем кармансаңар, эч качан адашпайсыңар: Аллахтын Китеби жана Анын Пайгамбарынын сүннөтү».**

Башкача айтканда, Аллах силерге динди толук кылып берди жана аны силер үчүн тандап ыраазы болду. Демек, ага бекем кармангыла, аны тургузгула, Аллахка баш ийгиле жана Анын шариятын колдонууда жакшылык кылгыла, Аллахка жана Анын Элчисине ﷺ ихлас менен моюн сунгула, ошондо Аллах силерди душманыңар үстүнөн жеңишке жеткирет. Аллах Исламды сактады жана бүгүнкү күндө

мусулмандардын алсыздыгына, бөлүнүп-жарылышына жана мамлекетинин жоктугуна карабастан, каапырлар аны бурмалап, өзгөртүп же изин өчүрө алышпайт. Ошондуктан каапырлардан, мунафыктардан жана аларды ээрчиген залим башкаруучулардан коркпогула, аларга каршы өзгөртүү киргизгиле:

فَلَا تَخۡشَوۡهُمۡ وَٱخۡشَوۡنِۚ

Аллах аларды жок кылуучу. Аларга баш ийбегиле жана аларга моюн сунбагыла. Жүрөгүңөрдү Аллахтан коркуу жана такыбалык менен толтургула, ал силер үчүн каапырларга жана аларды ээрчигендерге каршы күрөшүүгө түрткү берет.

{وَلَا تَرۡكَنُوٓاْ إِلَى ٱلَّذِينَ ظَلَمُواْ فَتَمَسَّكُمُ ٱلنَّارُ وَمَا لَكُم مِّن دُونِ ٱللَّهِ مِنۡ أَوۡلِيَآءَ ثُمَّ لَا تُنصَرُونَ}

***«Зулумдук жолун туткан адамдарга берилип кетпегиле (ээрчибегиле). Антпесе силерге тозок оту жетет. Силер үчүн Алладан өзгө бир да дос жок. Кийин (тагыраак айтканда заалимдерди ээрчип кетсеңер) силерге жардам берилбейт»***. (Худ: 113).

Диниңерге бекем кармангыла жана аны тургузгула. Аллахка баш ийип, Анын Элчисин ﷺ ээрчип, жер жүзүндө Аллахтын өкүмүн орнотководо Ал силерге жардам берет. Каапырлардан жана алардын күчүнөн коркпогула.

وَلَا يَحۡسَبَنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ سَبَقُوٓاْۚ إِنَّهُمۡ لَا يُعۡجِزُونَ

***«Каапыр болгон кимселер эч качан (жазадан) качып кутулдук, деп ойлошпосун. Алар эч качан Алланы алсыз кыла алышпайт. (Албетте, алар Алладан кылмыштарына жараша жаза алышат)»***. (Анфал: 59).

{وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٖ وَمِن رِّبَاطِ ٱلۡخَيۡلِ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ وَءَاخَرِينَ مِن دُونِهِمۡ لَا تَعۡلَمُونَهُمُ ٱللَّهُ يَعۡلَمُهُمۡۚ وَمَا تُنفِقُواْ مِن شَيۡءٖ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ يُوَفَّ إِلَيۡكُمۡ وَأَنتُمۡ لَا تُظۡلَمُونَ}

***«(Эй момундар), алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч топтоп) жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары, силер билбей турган, бирок Алла биле турган башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар. Алла жолунда эмнени сарп кылсаңар, силерге зулумдук кылынбастан толук кылып кайтарылат».*** (Анфал: 60)

Аллахтын ыраазычылыгы негизги максат, Ага мактоо жана даңк болсун.

{ رَبَّنَا ٱغۡفِرۡ لَنَا ذُنُوبَنَا وَإِسۡرَافَنَا فِيٓ أَمۡرِنَا وَثَبِّتۡ أَقۡدَامَنَا وَٱنصُرۡنَا عَلَى ٱلۡقَوۡمِ ٱلۡكَٰفِرِينَ }

***«Раббибиз күнөөлөрүбүздү жана иштерибиздеги каталарыбызды кечиргин, кадамдарыбызды (майданда) бекем кыл жана Өзүң бизди бул каапыр коом үстүнөн жеңишке ээ кыл!».*** (Али Имран: 147).

Раббибиз, бизди, ата-энелерибизди, бизде акысы барларды жана момундарды эсеп күнү кечир. Оо Аллахым, Пайгамбарыбыз Мухаммадга ﷺ, анын үй-бүлөсүнө жана бардык сахабаларына салават, салам жана береке жаадыр. Бардык мактоолор ааламдардын Раббиси болгон Аллахка таандык.

وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ

***“Алла Өз ишинде үстөмдүк кылуучу (тактап айтканда, Аны Өзү каалаган ишти кылуудан эч ким кайтара албайт) бирок адамдардын көпчүлүгү (муну) билишпейт”.*** (Юсуф: 21). ❑

# АКЫЙКАТТЫ АЙТУУДАГЫ КАЙРАТТУУЛУК

**Устаза Айша аз-Заътари**

Акыйкатты ачык айтып чыгуу жана аны айтууда кайраттуулук көрсөтүү Аллах Таала тарабынан важиб кылынган иш. Момун адам бул улуу фазилетке жетүүгө умтулат. Ал Аллахтын буйругуна жооп берип, Анын ыраазылыгына жетүү жана жогорку даражаларды алуу үчүн аракет кылат. Бул мусулмандардын жамаатына, айрыкча башкаруу жана саясат иштеринде ар дайым керек болгон сыфат. Анткени мусулмандардын ишин көзөмөлдөгөн, аларды Аллах түшүргөн өкүмдөр менен башкарган жетекчинин алдында акыйкатты айтуу, ал жаңылганда, ката кетиргенде же зулум кылганда аны мухасаба кылуу башкаруунун тууралыгын сактап калуучу, колдонууда кетчү кыянаттардан же андан да чоң бузулуулардан коргоочу коопсуздук кепилдиги болуп саналат.

Акыйкатты айтууга үндөгөн, коркоктукту айыптаган жана коркуу адамдардан эмес, Аллахтан гана болушу керектиги тууралуу көптөгөн шаръий далилдер келген. Акыйкатты айтуунун важибдигин жана анын артыкчылыгын көрсөткөн Куран аяттарынан:

Аллах Таала айтат:

{ ۞ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ كُونُوا۟ قَوَّٰمِينَ بِٱلْقِسْطِ شُهَدَآءَ لِلَّهِ وَلَوْ عَلَىٰٓ أَنفُسِكُمْ}

***«Эй, момундар, адилет менен туруп, ошондой эле өзүңөргө каршы болсо да, Аллах үчүн туура күбөлүк берүүчү болгула!»*** (Ниса: 135).

Аллах Таала дагы айтат:

{ وَلَا تَلْبِسُوا۟ ٱلْحَقَّ بِٱلْبَـٰطِلِ وَتَكْتُمُوا۟ ٱلْحَقَّ وَأَنتُمْ تَعْلَمُونَ}

***«Акыйкатты жалганга алмаштырбагыла жана билип туруп акыйкатты жашырбагыла!»*** (Бакара: 42).

Бул аятта акыйкатты жашырууга тыюу салынган жана адамдар туура жол табышы жана акыйкатты ээрчиши үчүн аны ачык көрсөтүүнүн важибдиги баяндалган.

Аллах Таала дагы айтат:

{ ٱلَّذِينَ يُبَلِّغُونَ رِسَـٰلَـٰتِ ٱللَّهِ وَيَخْشَوْنَهُۥ وَلَا يَخْشَوْنَ أَحَدًا إِلَّا ٱللَّهَ ۗ وَكَفَىٰ بِٱللَّهِ حَسِيبًا }

***«Алар Аллахтын амир-буйруктарын жеткиргендер, Ал Заттан корккондор жана Аллахтан өзгө бирөөдөн коркпогондор. Аллахтын Өзү жетээрлик эсеп кылуучу».*** (Ахзаб: 39).

Бул жерде Аллах Таала Өзүнүн рисалаттарын адамдарга жеткирген, аманатка кыянат кылбаган, Андан гана коркуп, Андан башка эч кимден коркпогон адамдарды мактоодо. Ошондуктан эч кимдин зулумдугу же күчү аларды Аллахтын рисалттарын жеткирүүдөн токтото албайт.

Акыйкатты айтуунун важибдиги жөнүндө Пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүндө келген кабарлардан:

Абу Саид аль-Худрий разияллаху анху риваят кылат, Расулуллах ﷺ айтты:

«لا يمنعنَّ رجلًا هيبةُ الناسِ أن يقولَ بحقٍّ إذا رآه أو شهِدَه، فإنّه لا يقرِّبُ من أجلٍ ولا يباعدُ من رزقٍ»

**«(Эгер кимдир бирөө зулумду) көрсө же ага күбө болсо, адамдардын сүрү же алардан коркуу эч кимди акыйкатты айтуудан тыйбасын. Анткени бул (акыйкатты айтуу) ажалды жакындатпайт да, ырыскыны да алыстатпайт».** (Тирмизи жана Ибн Мажа риваят кылган).

Абу Зарр аль-Гифарий разияллаху анху айтат: Пайгамбарыбыз ﷺ мага бир нече жакшылыктарды осуят кылды:

«أوصاني بألَّا أنظُرَ إلى مَن هو فوقي، وأن أنظُرَ إلى مَن هو دوني، وأوصاني بحبِّ المساكينِ والدنوِّ منهم، وأوصاني أن أصلَ رحمي وإن أدبرتْ، وأوصاني ألَّا أخافَ في الله لومةَ لائمٍ، وأوصاني أن أقولَ الحقَّ وإن كان مرًّا، وأوصاني أن أُكثرَ من قول: لا حولَ ولا قوّةَ إلّا بالله، فإنَّها كنزٌ من كنوزِ الجنّة»

**«Ал мага өзүмдөн жогору болгондорго эмес, төмөн болгондорго карашымды, кедейлерди сүйүп, аларга жакын болууну, туугандык байланышты – алар үзсө да – улантууну, Аллах жолунда эч кимдин айыбынан коркпоону, акыйкатты – ачуу болсо да – айтууну жана «لا حول ولا قوة إلا بالله» сөзүн көп айтууну осуят кылды, анткени ал Жаннат казыналарынан».** (Ахмад, Табарани жана Байхаки риваят кылган).

Ошондой эле Аммар ибн Ясир разияллаху анху Пайгамбарыбыздын ﷺ дубасын риваят кылган:

«اللهمَّ بعلمِكَ الغيبَ وقدرتِكَ على الخلقِ، أَحْيِني ما علِمتَ الحياةَ خيرًا لي، وتوفَّني إذا علِمتَ الوفاةَ خيرًا لي، اللهمَّ إنّي أسألُكَ خشيتَكَ في الغيبِ والشهادةِ، وأسألُكَ كلمةَ الحقِّ في الرضا والغضب...»

**«Оо, Аллахым! Сенин гайыпты билгениңе жана жаратууга болгон кудуретиңе (ант ичем), эгер жашоо мен үчүн жакшы болот деп билсең, мени жашат, ал эми өлүм жакшы болот деп билсең, менин жанымды ал. Оо, Аллахым! Сенден жашыруун жана ачык абалда Сенден коркууну сураймын жана ыраазычылыкта да, ачууланганда да акыйкат сөздү айтууну сураймын…».** (Насаи риваят кылган).

Сахабалар жана салих салафтардын өз имамдары жана башчылары зулум кылганда аларга акыйкатты тайманбай айтуудагы мисалдардан:

Табараний риваят кылган окуя. Ал айтат: «Муавия бир жума күнү хутба окуп: «Мал биздин мал, фай (олжо) биздин фай, каалаганыбызга беребиз, каалаганыбыздан тыябыз», - деди. Эч ким жооп бербеди. Экинчи жумада да ушуну кайталады, дагы эч ким жооп бербеди. Үчүнчү жумада да ушуну айтканда, мечиттеги бир киши туруп: «Жок! Мал биздин мал, фай биздин фай. Ким биз менен анын ортосуна тоскоол болсо, ал үчүн кылычтарыбыз менен соттошобуз», - деди. Намаздан кийин Муавия аны чакыртып, жанына отургузду, анан элди киргизип: «Эй адамдар! Биринчи жумада айттым, эч ким жооп бербеди, экинчисинде да жооп берилбеди, үчүнчүсүндө бул адам мени “тирилтти” жана Аллах аны тирилтсин. Мен Пайгамбардын ﷺ мындай дегенин укканмын:

«سيأتي قومٌ يتكلمون فلا يُرَدُّ عليهم، يتقاحمون في النار تَقاحُمَ القردة»

**“Бир коом келет, алар сүйлөшөт, бирок аларга каршы эч ким сүйлөбөйт, алар маймылдардай болуп тозокко ыргытылат”.** Аллах мени алардын катарына кошуп коёт деп корктум. Бул адам мага каршы айтып, мени тирилтти. Аллах аны тирилтсин. Аллах мени алардын катарына кошпойт деп үмүт кылам», - деди.

Ал-Хайсамий айтат: «Табараний бул окуяны «аль-Кабир» жана «аль-Аусатта», ошондой эле Абу Яъла риваят кылган жана риваятчылары ишенимдүү.

Башка бир риваятта: Муавия ибн Абу Суфян айтат: Пайгамбардын ﷺ мындай дегенин укканмын:

«يكون أمراءُ يقولون فلا يُردُّ عليهم، يتهافتون في النار يتبعُ بعضُهم بعضًا»

**«Башчылар болот, алар сүйлөшөт, бирок аларга каршы эч ким сүйлөбөйт. Алар бири-бирин ээрчип тозокко түшүшөт».**

Бул асыл хадисте башчынын зулумуна унчукпай коюудан жана анын жазасынан коркуудан эскертүү бар. Анткени Аллах Азза ва Жалланын азабы андан да чоң, андан да катуу жана андан коркууга көбүрөөк татыктуу.

Имам аль-Бухари «ат-Тарих аль-Кабир» китебинде айткан:

«أنَّ عمر قال يومًا في مجلسٍ وحوله بعضُ المهاجرين والأنصار: أرأيتم لو ترخّصتُ في بعضِ الأمر، ما كنتم فاعلين؟ فسكتوا. فعاد مرتين أو ثلاثًا. قال بشير بن سعد: لو فعلت قومناك تقويمَ القدح. قال عمر: أنتم إذن أنتم»

«Умар бир күнү айланасында мухажирлер жана ансарлар турган жыйында: «Эгер мен айрым иштерде жеңилдикке (четтөөгө) барсам, эмне кылат элеңер?», – деп сурады. Алар унчукпай калышты. Ал муну эки-үч жолу кайталады. Ошондо Башир ибн Саъд: «Эгер ошондой кылсаң, биз сени жебени түздөгөндөй түздөйбүз», - деди. Умар: «Демек, ошол силерсиңер (мыкты коомсуңар)», - деди.

Имам Ибн аль-Мубарак «аз-Зухд» китебинде мындай деген:

«أخبرنا سفيانُ بن عيينة عن موسى بن أبي عيسى قال: أتى عمرُ بن الخطاب ـ رضي الله عنه ـ مشربةَ ابن حارثة، فوجد محمدَ بن مسلمة، فقال عمر: كيف تراني يا محمد؟ فقال: أراك والله كما أحب، وكما يحب من يحب لك الخير؛ أراك قويًّا على جمع المال، عفيفًا عنه، عادلًا في قسمه، ولو ملتَ عدلناك كما يُعدَّل السهمُ في الثقاف. فقال عمر: هاه. فقال: ولو ملتَ عدلناك كما يُعدَّل السهمُ في الثقاف. فقال: الحمد لله الذي جعلني في قومٍ إذا ملتُ عدلوني»

«Суфян ибн Уяйна Муса ибн Аби Иса аркылуу риваят кылат: Умар ибн аль-Хаттаб разияллаху анху Ибн Харисанын жайына барып, ал жерде Мухаммад ибн Масламаны жолуктурду. Умар: «Мени кандай (адам деп) көрөсүң, эй Мухаммад?», – деди. Ал: «Аллахка ант, мен сени өзүм жакшы көргөндөй жана сага жакшылык каалагандар жакшы көргөндөй көрөм: мал жыйноодо күчтүү, бирок андан тазасың (өзүңө албайсың), бөлүштүрүүдө адилеттүүсүң. Эгер кыйшайсаң, биз сени жебени түздөгөндөй түздөйбүз», - деди. Умар: «Кандай?», - деди. Ал сөзүн кайталады. Ошондо Умар: «Кыйшайсам мени түздөп койгон коомдун ичинде кылган Аллахка мактоолор болсун», - деди.

Убада ибн ас-Самиттен разияллаху анху риваят кылынат:

Убада ибн ас-Самит разияллаху анху Муавия менен Рум жерине жортуулга чыкканда, адамдар алтындын сыныктарын

динарларга, күмүштүн сыныктарын дирхамдарга алмаштырып жатканын көрүп: «Эй адамдар! Силер риба жеп жатасыңар. Мен Расулуллахтын ﷺ:

لا تبتاعوا الذهبَ بالذهب، إلّا مثلًا بمثل، لا زيادةَ بينهما ولا نَظِرة.

“**Алтынды алтынга теңме-тең болбосо сатпагыла, алардын ортосунда ашыкча да, мөөнөт да болбосун**” дегенин уктум», - деди.

Муавия: «Эй, Абу Валид, мен мында рибаны көрбөй жатам, болгону мөөнөт болгондо гана *(риба болот)*», - деди. Убада: «Мен сага Расулуллахтан ﷺ айтып жатсам, сен мага өз оюңду айтып жатасыңбы?! Эгер Аллах мени чыгарса, сенин башкарууң астындагы жерде жашабайм», - деди.

Ал кийин Мединага кайтып барды, Умар ибн аль-Хаттаб андан: «Эмне себептен келдиң?», - деп сурады. Ал окуяны айтып берди. Умар: «Эй Абу Валид, кайра өз жериңе кайт. Сен жана сендейлер жок болгон жерди Аллах кыйратсын», - деди. Анан Муавияга кат жазып: «Сенде анын үстүнөн бийлигиң жок. Адамдарды анын (Убаданын) айтканына амал кылдыр, анткени туурасы ошол», - деди. (Ибн Мажа риваят кылган).

Салих салафтардын акыйкатты айтуудагы тайманбастыгынан болгон мисалдардын бири – бул Имам ан-Навави. Ал акыйкатты айтуудагы кайраттуулугу менен белгилүү болгон. Анын шакирттеринин бири тарых китептеринде мындай деп риваят кылат:

Имам ан-Навави падышаларга жана залимдерге түз каршы чыгып, Аллах жолунда эч кимдин айыбынан коркчу эмес. Эгер түздөн-түз бетме-бет айтууга мүмкүнчүлүк болбой калса, кат жазып жеткирчү. Ал жазган каттардын бири элге адилет мамиле кылуу жана мыйзамсыз салыктарды алып салуу жөнүндө болгон. Бирок султандан жооп четке кагуу, сөгүү жана коркутуу менен келген. Ошондо ал кайра жооп жазган.

Ал катында мындай деген:

﴿وَإِذۡ أَخَذَ ٱللَّهُ مِيثَٰقَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ لَتُبَيِّنُنَّهُۥ لِلنَّاسِ وَلَا تَكۡتُمُونَهُۥ﴾

***«Эстегин, Аллах Китеп берилген кишилерден: «Албетте, ал Китепти адамдарга ачык баян кыласыңар жана жашырбайсыңар!» деп убада-шерт алган эле».*** (Али Имран: 187). Ошондуктан бизге өкүмдөрдү ачык баяндоо милдет болуп, унчукпай туруу арам кылынды».

Ал дагы кыскача мындай деген: «Байтул-малда акча, мүлк, жер же сатылуучу башка нерселер бар турганда, элден бир нерсе алуу адал эмес. Бул маселе боюнча султандын өлкөсүндөгү мусулман аалымдары бир пикирде. Ал эми байтул-мал, Аллахка шүгүр, толук».

Ал султандын коркутуусуна жооп берип мындай деген: «Ал эми элди биздин насыйкатыбыз себептүү коркутуу жана бир топту коркутуу – бул султандын адилеттигинен жана сабырдуулугунан күтүлө турган нерсе эмес! Султандын карамагында жашаган алсыз мусулмандардын алар билбеген, айрым насыйкатчы мусулмандар тарабынан жазылган катка кандай тиешеси бар? Эгер ал катта султан айыпталып жатса, эмнеге карапайым калк жоопкерчиликке тартылат?!

Ал эми мени коркутуу, андан чоңу болсо да, мага зыян бербейт. Бул мени султанга насаат айтуудан тоспойт. Анткени мен муну өзүмө да, башкаларга да милдет деп ишенем. Милдеттен келип чыккан нерсе Аллах Тааланын алдында жакшылык жана кошумча сооп болуп саналат.

Аллах Таала айтат:

﴿ يَٰقَوۡمِ إِنَّمَا هَٰذِهِ ٱلۡحَيَوٰةُ ٱلدُّنۡيَا مَتَٰعٞ وَإِنَّ ٱلۡأٓخِرَةَ هِيَ دَارُ ٱلۡقَرَارِ ٣٩ ﴾

***«Эй коомум, бул дүйнө тирүүлүгү болгону (арзыбаган) буюм. Акыйкатта, Акырет гана (түбөлүк) турак жай болгон мекен».*** (Гафир: 39).

Аллах Таала дагы айтат:

﴿ وَأُفَوِّضُ أَمۡرِيٓ إِلَى ٱللَّهِۚ إِنَّ ٱللَّهَ بَصِيرُۢ بِٱلۡعِبَادِ ﴾

***«Мен өз ишимди Аллахка тапшырамын. Анткени Аллах пенделерин көрүп туруучу».*** (Гафир: 44).

Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ бизге кандай абалда болбойлу акыйкатты айтууну жана Аллах жолунда эч кимдин айыбынан коркпоону буюрган.

Момун адам акыйкатты ачык айткандыгы жана башчынын зулумуна каршы чыккандыгы үчүн кыйынчылыкка жана куугунтукка туш болушу мүмкүн. Тарых бою даааватчылар жана мусулман аалымдары акыйкатты карманып, тайманбай айткандыгы үчүн азаптарды көрүшкөн. Алардын катарында Имам Ахмад ибн Ханбал, Ибн Таймия, Изз ибн Абдус-Салам, Абу Ханифа ан-Нуъман, Малик ибн Анас жана башкалар бар.

Салих салафтардын башынан өткөн азаптардан болгон мисалдардын бири – Малик рахимахуллах тууралуу окуя. Бул Имам аз-Захабинин «Сияр аълам ан-нубала» китебинде келген:

«Исхак аль-Фарви жана башкалар айтат: Малик сабалган, ага зулумдук кылынган жана ал эсин жоготкон абалда көтөрүлүп алынып кеткен. Имам Малик өзү айткан: «Мен Саид ибн аль-Мусаййиб, Мухаммад ибн аль-Мункадир жана Рабиа сабалган нерсе үчүн сабалдым. Бул иште (динде) азап көрбөгөн адамда жакшылык жок».

Лайс ибн Саад айткан: «Ар бир камчы сокку менен Аллах аны Жаннатта бир даражага көтөрөт деп үмүт кылам».

Мусъаб ибн Абдуллах айткан: Асмаий айтты: «Аны Жаъфар сабаган, андан кийин мен экөөнүн ортосунда жүрүп аны бошоттум».

Мухаммад ибн Жарир айткан: Малик камчы менен сабалган. Анын себеби тууралуу ар түрдүү пикирлер айтылган. Аббас ибн Валид мага мындай деди: Абу Жаъфар Маликке ليس على مستكره طلاق “Мажбурланган (кысым алдында калган) адамдын талагы түшпөйт” хадисин айтууга тыюу салган. Анан бирөөнү жиберип, андан суроону уюштурган. Ал элдин алдында бул хадисти айтып бергенде, аны камчы менен сабаган.

Бул сахабалар разияллаху анхум жана салих салафтардын турмушунан алынган мисалдар, алардын акыйкатты айтуудагы кайраттуулугун жана өз позицияларында – ал үчүн азап көрүшсө да – бекем турганын көрсөтөт. Бул мусулмандардын башчысы бар болгон учурдагы абал. Анда бүгүнкү абалда акыйкатты айтып, аны ачык жарыялоого болгон зарылдык кандай болду экен?!

Чынында, бүгүн Үммөт акыйкатты ачык айтууга өтө муктаж. Айрыкча Ислам мамлекетинин кыйратылышынан, мусулмандардын биримдиги жоголушунан жана алардын үстүнө жаман башчылардын үстөмдүк кылышынан тартып ондогон жылдар өттү. Алар Үммөттүн арасына коркуу жана үрөй салууну жайылтышты, акыйкатты айтууга тоскоол болгон унчукпас тосмолорду түзүштү. Натыйжада адамдар жалпысы менен коопсуздукту ар кандай каршылыктан, Аллахтын душмандарына каршы туруудан жана алардын пландарына каршы чыгуудан жогору коюп калышты. Коопсуздук эң чоң олжо болуп калды, ал

эми Үммөт иштерине аралашуу жана акыйкатты ачык айтуу жеңил ойлуулук, тентектик жана наадандык катары көрсөтүлдү!

Бирок Аллахтын хикматынан улам, жакшылык Үммөттө дагы эле бар. Залымдардын түрмөлөрү акыйкатты айтканы, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарганы үчүн камалган аалымдар жана дааватчыларга толгон.

Ооба, бүгүн Үммөткө аянтка чыгып, кайраттуулук жана чечкиндүүлүк менен жакшылыкка буюруп, жамандыктан тыйган, Аллахтан башка эч кимден коркпогон жана эч кимдин айыбынан коркпогон адамдар керек. Алар адамдарды өз динин көтөрүп чыгууга үндөп, аны кайрадан жер жүзүндө орнотууга жетелеши керек. Аллах момундардын жетиштүү Колдоочусу, Коргоочусу жана Жардамчысы. Ал кандай жакшы Кожоюн жана кандай жакшы Насыр (Жардамчы)!. ❑

# УЛУУ САХАБА ЖАРИР ИБН АБДУЛЛАХ АЛ-БАЖАЛИ (РАЗИЯЛЛАХУ АНХУ)

**Устаз Риян Иса – Ирак вилаяты**

Жарир ибн Абдуллах ал-Бажали улуу сахабалардан, өз элинин башчыларынан болгон. Ал сырткы сулуулук, сөздүн көркөмдүгүн жана мүнөздүн жумшактыгын бириктиргендиктен, улуу сахабалардын мактоосуна татыган. Анын белгилүү артыкчылыктарынын бири — Пайгамбар ﷺ аны качан көрсө, жүзүнө жылмайып карап, ага акыйкат үстүндө бекем туруу жана хидаят тилеп дуба кылган.

Аты: Жарир ибн Абдуллах ибн Жабир ибн Малик ал-Бажали ал-Ахмасий.

Лакабы: Абу Абдуллах, кээ бир риваяттарда Абу Амр.

Балдары (белгилүүлөрү): Мунзир, Убайдуллах, Ибрахим жана Башир.

Уруусу: Бажила. Санжырачылар анын насабы (теги) Йеменден же Низардан деген ар түрдүү пикирде болушкан.

Ал Мадинага хижраттын 10-жылы Рамазан айында мусулман болуп келген, аны менен кошо өз элинен бир топ адамдар да келген (кээ бир риваяттарда тогузунчу жыл деп айтылат).

Анын Исламды кабыл алышы жана Пайгамбарга ﷺ келиши:

Жарир разияллаху анху Мадинага өз элинин бир топ адамдары менен келген. Риваяттарда айтылгандай, Пайгамбар ﷺ анын келиши алдында сахабаларына Йеменден бир урматтуу адам келе турганын кабарлаган. Айрым риваяттарда анын жүзүндө «периштенин белгиси» бар экени да айтылган. Ал киргенде, Аллахтын Элчиси ﷺ аны урматтап тосуп алып, диндин негиздерине жана амалий милдеттерине байъат алган. Жарир мындай деген: «Мен Аллахтын Элчисине ﷺ намазды толук аткарууга, зекет берүүгө жана ар бир мусулманга насыйкат кылууга байъат бердим».

Анын Аллахтын Элчиси ﷺ менен болгон артыкчылыктары:

Анын артыкчылыктары тууралуу эң көрүнүктүү кабарлардын бир Жарир өзү риваят кылган кабар: Пайгамбар ﷺ ал Исламды кабыл алгандан тартып «аны эч качан тоскон эмес» жана «аны көргөн сайын жүзүнө жылмайган». Ал алсыздыгы себебинен ат үстүндө бекем тура албагандыгын айтып даттанганда, Пайгамбар ﷺ анын көкүрөгүнө колун коюп дуба кылган:

«اللهمَّ ثبِّتْهُ، واجعَلْهُ هادياً مَهْدِيّاً».

«Оо, Аллах, аны бекем кыл жана аны туура жолду көрсөтүүчү, туура жолдо жүрүүчү кыл». Бул берекелүү дуба болгон жана анын өмүр баяны муну тастыктаган. Ушундан улам Умар ибн аль-Хаттаб разияллаху анху аны сулуулугуна жана келбетине байланыштуу «бул Үммөттүн Юсуфу» деп атаган.

Пайгамбарлык доордогу вазыйпалары:

Пайгамбар ﷺ ага өзүнө жана элине болгон ишенимин көрсөткөн вазыйпаларды жүктөгөн. Алардын бири «Зу-ль-Халаса» деп аталган жайды бузуу үчүн жиберилиши болгон. Бул жай жахилият доорунда улукталган, «Йемен Каабасы» деп аталган бир имарат болгон. Пайгамбар ﷺ ага: «Сен мени Зу-ль-Халасадан эс алдырбайсыңбы *(кутулуу маанисинде)*?», - деген. Ошондо ал Ахмас уруусунун атчан жоокерлери менен барып, аны бузушкан. Ошондой эле ал айрым даават жана жихад иштери үчүн Йеменге жиберилгени да риваят кылынган.

Пайгамбар ﷺ көз жумгандан кийин: жихад, башкаруу жана фитналар себептүү обочолонуу.

Аллахтын Элчиси ﷺ көз жумганда Жарир Йеменде айрым иштерди аткарган. Андан кийин ошол аймактарда Исламдын негиздерин бекемдөөгө катышкан. Ирак жана Персияны фатх кылуу жортуулдары башталганда, ал жана анын эли жакшы кызмат көрсөтүшкөн. Акыры Куфа шаарына келип, ал жерде үй курган. Усман разияллаху анху Халифалыгынын акыркы жылдарында фитналар чыкканда Жарир согушка катышуудан баш тартып, Евфрат дарыясынын боюндагы Каркисия шаарына көчүп барып, ошол жерде каза болгонго чейин жашаган.

Анын жихаддагы эрдиктеринен үзүндүлөр:

Кадисия күнү Саад ибн Аби Ваккастын оң канатында турган, бул болсо жетекчиликтин ага жана анын элине болгон ишенимин көрсөтөт. Буайб салгылашында да ошол улуу күндөргө катышкан мусулман жетекчилеринин катарында айтылган. Хижраттын 23-жылы Хамазанга жөнөтүлүп, анын эли менен согушкан жана шаарды коргоп жаткан учурда көзүнө жебе тийген. Андан кийин Хамазан Нахаванддагыдай келишим аркылуу алынган.

Хадис риваят кылуусу жана таасири:

Жарир разияллаху анху сүннөттү риваят кылган сахабалардан болгон. Анын мүнөзүнүн бекемдигин көрсөткөн белгилерден – «ар бир мусулманга насыйкат кылуу» тууралуу белгилүү хадис, ал мусулмандын ахлагын жана мамилелерин камтыган негиз болуп саналат. Ошондой эле хадис жана сира китептери анын кичипейилдиги жана жакшы адеби тууралуу кабарларды сактап калган. Ошентип, анда сахабалык урмат, чырайлуу ахлак жана чынчыл насыйкат чогулган. ❑

# ЭПШТЕЙН, ИРАН ЖАНА СОККУНУН УБАКТЫСЫ

**М. Бахир Салих – Палестина**

Ички кризис менен стратегиялык чечимдин кесилишин кантип түшүнүүгө болот? Бул учурду кесипкөйлүк менен талдоо «Американы толугу менен (израиль) башкарат» деген сыяктуу үстүрт көз караштı кабыл албайт. Ошол эле учурда, Вашингтондун ичиндеги баскынчы түзүмдү колдогон басым жана таасир этүүчү куралдардын ролун четке кагууга да болбойт. Тагыраагы, АКШ башында турган кызыкчылыктардын иерархиясы бар деп айтканыбыз туура. Бул иерархиянын ичинде белгилүү бир варианттар Американын кызыкчылыктарына кызмат кылган учурда, аларды алдыңкы планга чыгарган басым тармактары, альянстар, органдар жана чалгындоо-саясий тармактары иштейт. Дал ушул алкакта, Эпштейн файлдарындагы кризис менен Иранга каршы кол салуунун убактысы ортосундагы байланышты түшүнсө болот. Бул жалгыз түшүндүрмө эмес, бирок өтө сезимтал чечим кабыл алынган учурдагы саясий басым фактору жана процессти тездетүүчү курал катары кызмат кылат.

Биринчиден, Американын ички абалына токтолсок, Эпштейн файлдары жөн гана архивдик материал же «эски чуулгандуу окуя» бойдон калган жок. Reuters агенттигинин отчеттору көрсөткөндөй, миллиондогон документтердин этап-этабы менен ачыкка чыгышы бул маселени Трамп үчүн туруктуу саясий көйгөйгө айлантты. Бул бийликтин элита менен болгон байланышына жана «жазасыз калуу» түшүнүгүнө тиешелүү коомдук ишеним маселесине айланды. Ошондой эле, Reuters/Ipsos жүргүзгөн сурамжылоо көрсөткөндөй, америкалыктардын басымдуу бөлүгү бул файлдарды «күчтүүлөр көп учурда жоопко тартылбайт» дегендин далили катары көрүшөт. Бул жагдай саясий жана экономикалык лидерлерге болгон ишенимге доо кетирди. Демек, биз жөн гана абройго коркунуч келтирген иш эмес, тескерисинче, саясий легитимдүүлүктүн өзүнүн чөйрөсүнө басым жасаган маселе алдында турганыбызды билдирет.

Ушул эле контекстте саясий чыңалуу дагы күчөдү. Белгилүү демократ депутат Юстиция министрлигин Эпштейн иши алкагында Трампка карата коюлган айыптоого байланышкан ФБРдин сурактарын жашырып жатат деп айыптады. Ошол эле учурда Reuters укук коргоо органдары бул иш боюнча Трампка кылмыш ишин козгобогонун, министрликтин өзү айрым материалдар жаңылыш жашырылып калган-калбаганын кайра карап жатканын билдирген. Бул жагдай өтө маанилүү, анткени соттук айыптоо жок болсо да маселени жогорку деңгээлдеги саясий сезимталдыкка

чыгарат жана “жабуу”, кош стандарттуулук тууралуу айыптоолорго жол ачат. Мындай абал медиа жана партиялык кармаштын курчушу үчүн эң идеалдуу шарт болуп саналат. Бирок Иранга жасалган сокку “жөн гана” Эпштейн маселесинен алаксытуу үчүн жасалдыбы? Бул жерде талдоону кылдат жүргүзүү керек. Саясат таануудагы “тышкы чөйрөгө алаксытуу” (Diversionary Theory) жана “желек айланасында биригүү” (Rally round the flag) теориялары тууралуу адабияттар лидерлер тышкы кризистерди ички саясий мейкиндикти кайра түзүү же атаандаштарынын кысымга алуу үчүн колдонушу мүмкүн экенин айтат. Бирок, бул адабияттар мындай көрүнүш ар дайым эле боло бербей турганын жана буга карата далилдер ар кыл экенин эскертет. Кээ бир изилдөөлөр бул ыкманын коомдук талкууларда айтылгандай кеңири жайылганынан күмөн санашат. Башкача айтканда, бул гипотеза саясий илимде бар жана эске алынат, бирок аны ар бир согуш же сокку үчүн автоматтык түрдө “далилденген өкүмгө” айландырууга болбойт.

Кесипкөйлүк өңүттөн алганда, биз төмөнкүлөрдү ишенимдүү айта алабыз: Эпштейн файлдары өлкө ичинде чыныгы басымды жаратты, ал эми мындай кысым ар кандай администрацияны медиа жана саясий күн тартибин башкарууда өтө сезимтал болууга мажбурлайт. Бирок, Reuters агенттигинин билдирүүлөрүнө таянсак, Иранга сокку уруу чечими өзүнүн стратегиялык жана чалгындоо логикасына да негизделген. Трампка берилген маалыматтарда бул операция «тобокелдиги жогору, бирок пайдасы чоң» деп мүнөздөлгөн. Анда Американын кызыкчылыктарына кызмат кыла турган геосаясий өзгөрүү үчүн сейрек мүмкүнчүлүк тууралуу сөз болуп, аймактагы Американын аскердик базаларына болгон коркунучтар, Ирандын мүмкүн болгон жообу жана региондогу күчтөрдүн тең салмактуулугун өзгөртүү варианттары бааланган.

Демек, биз бир жактуу түшүндүрмөгө эмес, ички саясий жүйө менен стратегиялык максаттын өз ара айкалышуусуна күбө болуп жатабыз. Ал тургай, Reuters жарыялаган айрым маалыматтар «жөн гана алаксытуу» версиясын жокко чыгарат. Анткени маалыматтык чагылдыруу көрсөткөндөй, Трамп соккуга чейин бир нече күн мурун эле «Өлкөнүн абалы жөнүндө» (State of the Union) кайрылуусунда коомдук пикирди Иранга сокку уруу ыктымалдыгына даярдай баштаган. Ал учурда Жакынкы Чыгыштагы АКШнын аскердик күчтөрүнүн топтолушу саясий мейкиндиктеги башкы тема болуп турган. Башкача айтканда, эскалация тандоосу медиалык кризистен улам эле кокустан пайда боло калган жок; ал алдын ала даярдалган аскердик түзүмгө жана саясий багытка негизделип, стол үстүндө турган вариант болчу. Андан соң ыңгайлуу ыкчам учур келгенде ишке ашырылды. Бул жагдай Эпштейн маселесинин саясий убакытка жана ички пропагандага тийгизген таасирин четке

какпайт, бирок ал окуя соккунун бирден-бир себеби же толук түшүндүрмөсү деген жүйөнү алсыратат.

Бул жерде маанилүү бир чекитке келебиз. Америка (израиль) менен ар бир маселе боюнча эң жогорку чечим ээси катары мамиле кылбайт. Мамиле көбүрөөк тең эмес стратегиялык шериктештикке окшош: Америка Кошмо Штаттары өзүнүн жалпы кызыкчылыктарына жараша “оюндун чегин” аныктаган ири күч, ал эми (израиль) ошол кызыкчылыктар менен кесилишкен маселелерде олуттуу, саясий, чалгындоо жана институционалдык таасир жүргүзөт.

CSIS жана CFR сыяктуу стратегиялык борборлордун баяндамалары да муну “эки тарапка тең кызмат кылган стратегиялык шериктештик” катары сүрөттөйт жана Вашингтон менен Тель-Авивдин көз караштарында айрым учурларда айырмачылык жана чыңалуу болорун белгилейт. Башкача айтканда, бул АКШнын сионисттик түзүмгө механикалык түрдө баш иет дегенди билдирбейт.

Практикалык мисалдар да муну көрсөтөт: Reuters маалымдагандай, Байден администрациясы Рафах операциясына байланыштуу тынчсызданууларадан улам баскынчы түзүмгө айрым ок-дарыларды жөнөтүүнү токтоткон. Ошондой эле айрым учурларда америкалык органдар (израиль) менен чалгындоо маалыматтар менен бөлүшүүсүн убактылуу чектеп же токтотуп, кийин белгилүү кепилдиктер алынгандан кийин кайра жандандырганы да катталган.

Бул Вашингтон өзүнүн кызыкчылыктары же укуктук/стратегиялык эсептөөлөр талап кылганда эң жакын союздаштарына да басым жасап, чектөө киргизип, шарт коё аларын көрсөтөт. Ошондуктан так формулировка мындай: “(израил) Америкага толук багыт берет” эмес, тескерисинче (израил) америкалык чечим кабыл алуу процесстерине таасир этүүчү натыйжалуу куралдарга ээ, бирок ал көбүнчө АКШнын өз кызыкчылыгына шайкеш келген варианттарды алдыга койгондо ийгиликке жетет.

Ушундан улам Иран мисалын түшүнүүгө болот. Иранга сокку уруу, айрыкча эгер ал Вашингтондо бийлик түзүмүн алсыратуу же америкалык көзөмөлгө көбүрөөк ылайыктуу өтүү чөйрөсүн куруу мүмкүнчүлүгү катары көрсөтүлсө, натыйжада Ирандагы альтернативдүү режим көз каранды кызматчыга айланып, өз алдынча саясат жүргүзгөн мамлекет болбой калса — бул бир гана (израиль) үчүн эмес, АКШнын өзүнүн кызыкчылыгы катары да сунушталышы мүмкүн. Reuters чындап эле Трампка берилген баяндамаларда АКШнын кызыкчылыктарына кызмат кыла турган геосаясий пайда тууралуу түшүнүк камтылганын билдирген. Ошондой эле соккунун убактысы Иран ичиндеги маанилүү жетекчилердин жолугушуусу тууралуу чалгын маалыматка байланышканын белгилеген. Бул болсо аткаруу дал ошол учурда «чалгын

терезеси» менен «саясий чечимдин» кесилишининин натыйжасы экенин көрсөтөт.

Бул жерде Эпштейн файлдарынын таасирине токтолсок, эң негиздүү кесипкөй жүйө төмөнкүдөй: бул файлдар чечимди нөлдөн баштап жараткан жок, тескерисинче, Ак үйгө стол үстүндө турган конфронтациялык вариантты ишке ашырууга кошумча түрткү берди. Же болбосо, Эпштейндин маселеси администрациянын имиджине жана коомдук ишенимге сокку уруп жаткан учурда, күн тартибин тышкы коопсуздук маселесине бурууга шарт түздү.

Бул мүнөздөмө Reuters агенттигинин маалыматтарына да төп келет. Анда сокку Трамптын өзүнүн колдоочуларынын (MAGA) арасында ажырым жаратканы жана бул кадам шайлоо алдындагы "утуштуу карта" эмес экени айтылат. Демек, бул чечим ички саясий тобокелдиктерди да камтыган. Бул бизге "алаксытуу логикасы" (ал бар болгон күндө да), эгерде конфликт созулуп кетсе же чыгымы көбөйсө, демилгечинин өзүнө каршы иштеп калышы мүмкүн экенин эскертет.

Жыйынтык: Эгерде биз күчтүү жана кесипкөй аргумент кургубуз келсе, анда Эпштейндин чуулгандуу иштери менен Иранга сокку уруунун ортосундагы түз байланышты ачык далилдерсиз апыртпашыбыз керек. Бирок, Эпштейн кризиси чыныгы саясий жана медиалык кысым жаратканын, ал эми мындай басым чечимдин убактысына жана күн тартибин башкарууга таасир этерин айтуу толук негиздүү. Өзгөчө бул жагдай Вашингтон өз кызыкчылыгы үчүн пайдалуу деп эсептеген чалгындоо мүмкүнчүлүгү жана стратегиялык тандоо менен дал келген учурда маанилүү.

Бул алкакта (израиль) Вашингтондун "жогорку командачысы" катары эмес, стратегиялык өнөктөш катары өтө таасирлүү роль ойнойт. Ал (израиль) өзүнүн кызыкчылыктары Американын бийлик институттары көздөгөн кызыкчылыктар менен шайкеш келген учурда, саясий импульсту керектүү нукка багыттоого жана чечимди тездетүүгө жөндөмдүү субъект болуп саналат. ❑

## ТЫҢЧЫЛЫКТЫН МАСШТАБЫ АГЕНТТЕРДИН САНЫ МЕНЕН ЭМЕС, АЛАРДЫН ТААСИР ЭТҮҮ ТЕРЕҢДИГИ МЕНЕН ӨЛЧӨНӨТ

(Израилдик) чалгындоо тарабынан Иранга жана анын союздаштарына болгон кирип келүү жөнүндө сөз мындан ары саясий талаштагы жөн гана пропагандалык айыптоо болбой калды, тескерисинче, ал жетүүнүн тактыгы, соккулардын убактысы жана бутага алынган объекттердин мүнөзү аркылуу операциялардын жыйынтыктарынан окулуп жатат. Бир мамлекет кайра-кайра биринчи катардагы лидерлерди, эң коопсуз жана жашыруун деп эсептелген жерлерде да жок кыла алганда, бүгүнкү суроо пайда болот. «Анын масштабы канча жана ал кайсы чекке чейин жетет?» деген суроо маанилүү болуп калды.

Ушул кырдаалда мурдагы Иран президенти Махмуд Ахмадинежадга таандык билдирүүлөр кеңири таралууда. Анда ал Иран «Моссаддын» кирип келүүсүнө каршы күрөшүүчү бөлүм түзгөнүн, бирок кийин анын башчысы «Моссаддын» агенти болуп чыкканы аныкталганын айткан (анын баяны боюнча) жана ошол эле түзүмдүн ичинде башка элементтер да болгонун белгилеген. Бул баяндоону таң калтырган моюнга алуу катары карасак да, ички күрөштүн белгиси катары карасак да, жөн гана «тыңчылар бар» дегенден да кооптуу нерсени ачып берет, башкача айтканда тыңчылыкка каршы куралдардын өздөрү да тыңчылыкка дуушар болушу мүмкүн деген ыктымалды көрсөтөт.

Ливанда болгон окуялар бул маанини дагы да бекемдеди. Эл аралык маалыматтарга ылайык, Хасан Насраллانын өлтүрүлүшү Иранга жакын күчтөрдүн эң жогорку аскердик катмарына сокку урган бир катар операциялардын ичинде ишке ашкан. Кыска убакыт ичинде жогорку даражалуу аскер жетекчилеринин тогузунун сегизи жок кылынганы, ошондой эле (израиль) жетекчилердин жыйыны тууралуу «реалдуу убакыттагы маалыматка» ээ болгону айтылган. Мындай деңгээлдеги сокку жөн гана күчтүн үстөмдүгү эмес; бул негизинен маалыматтык үстөмдүк, башкача айтканда, тыңчылык кылуу, көзөмөлдөө жана узак мөөнөттүү чалгындоо курулушундагы ийгилик.

Андан кийин Яхья Синвар менен болгон ачык салыштыруу келип чыгат. Ал баскынчы түзүмдүн негизги бутасы болгонуна карабастан, бир жылдан ашык убакытка созулган катуу куугунтукка карабастан, аны өлтүргөн аскердик топ алгач Синвар бетме-бет келгенин билген эмес. Муну сионисттик түзүмдүн өзүнүн маалыматтары Reuters агенттигине кабарлаган. Анын өлүмү башка лидерлердин өлтүрүлүшү сыяктуу алдын ала пландалган же чалгындоо маалыматына негизделген соккунун натыйжасы болгон эмес. Бул жерде катуу сактык чаралары менен

корголгон бута менен, коопсуздук катмарлары ичинен кемирилип кеткендей көрүнгөн чөйрөлөрдүн ортосундагы айырма ачык көрүнөт.

Бүгүнкү күндө акыркы соккуларда Ирандын көрүнүктүү лидерлеринин өлүмү, атүгүл согуштун алгачкы соккуларында Жогорку лидердин өзүнүн каза болгону тууралуу тез арада тараган кабарлар менен бирге, биз сионисттик түзүмдүн бул кагылышууларда жетишкендиктерин жөн гана "аскердик артыкчылык" катары түшүнбөшүбүз керек. Бул маалыматты арзыбаган баага саткан алсыз адамдарга таянган терең чалгындоо тыңчылыгынын жемиши. Алар душманга курал менен ачуу мүмкүн болбогон эшиктерди ачып беришти. Жөөт түзүмүнүн аймактагы текебердиги дал ушундан келип чыгууда, анткени алар маанилүү жетекчилерге жана купуя чөйрөлөргө баруучу жол согуш талаасына караганда кыскараак болуп калганын көрүп турушат. Бирок бул көрүнүш маселенин экинчи тарабын көрмөйүнчө толук болбойт. Иран режими узак убакыт бою өз саясаты менен үммөттү Американын пландарына моюн сундурууга салым кошуп, Сирия, Ирак, Йемен, Ливан жана башка жерлердеги элдерге бөлүнүп-жарылуу менен алсыроонун ачуу даамын таттырып келген. Мына эми бүгүн ал өзү ошол эле кеседен ууртап жатат. Саясаттын жана тарыхтын мыйзамдары анын өз колу менен жасаган иштерин өзүнө кайтарып жаткандай. Үммөттү алсыраткан жана душманга кенен жол ачып берген жолдордун кесепетин эми өзү татууда. Душман бир гана куралдын күчү менен эмес, фронттун чек араларынан мурун ички жаракалар аркылуу жайылууда. ❑